
КАДЫР АБАКИРОВ
БАБАЛАРДЫН ЖАНЫРЫГЫ
1-КИТЕП
6+

# Кадыр Абакиров
# Бабалардын жаңырыгы

*http://www.litres.ru/pages/biblio_book/?art=63423707*
*SelfPub; 2020*

## Аннотация

Акын, жазуучу К. Абакиров бул китеби аркылуу байыркы ата-бабаларынын санжырасын кызыктуу түрдө баяндап бере алган. Анда Ырыскандан тартып, Чынгыз хан доору, Тагай бий, Төрөкочкор, Беккулу, Бүтөбай, Щоңко,Уралы, Баястан аталардын баянын кеңири түрдө жазып бере алган. Китеп ары кызыктуу, окуялуу келип, балдардын тили менен назик жазылган. Чыгарманы окуп байыркы ата-бабанын санжырасын көп жерин иликтеп билип алса болот. Автордур жомоктору, ырлары, афоризм китеби миңдеген нуска менен жарык көргөн.

# Кадыр Абакиров
# Бабалардын жаныргы

**«Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин»**
А. Токомбаев

**Китеп касиеттүү Беккулу атанын урпактарына арналат.**

*******

**«Жараткан Теңирим өзүң колдой көр!»**
Ак бата сөзү.

***

**«Касиеттүү, ыйык Бугу энемин арбагы «колдосун!»**
Ак бата сөзү.

***

«**Беккулу атамын талы колдосун!Оомийин!».**
Карылардын урпактарга берген бата сөзү.
***

Аркы атабыз Ырыскандан
Айдыңдуу кеп башталган.

Байыркынын башталмасы
Баардык элге таралган.

## ЫРЫСКАН

Мен бир жолу Ийри -Колот менен келе жаткам.

Быйыл жаан көп жаагандыктан сайдын жээгинде жашаң чөп белден буралат. Арык жээгинде ала бата козу карын, арпа чөп жыш өскөн экен. Арыктан ары ар түркүн гүлдөр жанаганын көзүм чалды. Боз үйдүн оордундай тегиз жерде бир кары адам кичинекей баласы менен отурганын байкадым.

Бул баягы келишимдүү узун бойлуу, айрыкча балдарга өтө жакын, кебетесине карылыктын элеси али келе элек Темиркан деген асыл карыя экенин баамдадым. Карыядан кыйгач кетүү мүмкүн эмес эле. Салт боюнча, кичүү адам улууларга салам берип, ден соолугун сурап, анын алдынан өтүп коюу парз экен. Учураша жанына барып сүйлөшө кеттим. Ал ата-бабасынын санжыра уламышын, жомокторун жакшы билчү эле. Салам берип аркы-беркини сүйлөшүп бүтүп:

–Чоң ата мага ата-бабанын уламышын айтып бербейсиңби,-дедим.

– Айтса айтып берейин санжырага кызыгасыңбы,-деди асыл карыя.

Анын көздөрү бүркүттүкүндөй сүрдүү болуп, сөздү куюулуштуруп маңыздуу айткандыгы адамды бир кубантып, бир сүйүнтүп, бир кайгыртат. Ал чөнтөгүндөгү чакчасын

алып, насбай атып, ары бурулуп түкүрүп, саамга ойлонуп калды да: – Балам, бул улама, жомок окуянын кандай болгонун мен да билбейм, бирок уламада ушундай деп айтылат.

«Ошол байыркы замандын заманында кыргыз ажосу журтту чыңап, башкаларга кор кылбай кыргыз элин башкарып турган экен. Андай күчтүү өлкөнү билгич өкүмдар башкарып турганы абзел эмеспи. Бирок кыргыздарды каратып, жерин, байлыгын тартып алуу үчүн чет жактагы коңшулар көз арта баштайт. Айрыкча кара кытай, калмактар, аттын кулагы менен тең ойногон уйгурлар жана башка майда барат элдер. Аларды кыргыз түздүктөрү, шаркырап аккан сайлары, көгүлтүр көлдөрү, берекелүү жерлери суктанта тартып жатпайбы. Ата-бабадан калган жерлерибизди ээлеп, биздин журтту башка жактарга сүрүп, же такыр тукум курут кылгысы келишет. Касиеттү өкүмдар ажо алардын кара санатай оюун даана билип, жоокерлерин топтоп, чыңдап, тартипке келтирип, баардык кезде элди шайма-шай даярдыкта кармап турду. Ажо аябай узак жашка барган эле тагдырыбы, бир күнү эли менен кош айтышып кете берди. Касиеттүү адам кайтыш болгонун угуп чет элдик басып алуучулар карышкырдай кутура баштады. Алар ажонун кош айтышып кеткенинен пайдаланып басып алууну каалап жатты. Эл-эл, журт-журт эмеспи жоокер куралып душман менен салгылашууга өттү. Жунгарлык калмактар тез эле кыргыз элин басып алууга аракет кылып жатты. Кармаш катуу болуп кан төгүлдү. Айбалталар кыңгырап, кылыч белде шыңгырап турду. Баа-

тырлар өлүп бара жатып, күн нурун аянычтуу карап: « Пендем бизге кылаарың ушул беле? Кош бол жарыкчылык! Кош бол өмүр!»– деп тиги дүйнөгө узап кетип жатышты. Өлөт десе өөрчүгөн, түгөнөт десе түтөгөн душмандардын кошуундары үстү-үстүнө келип жатышты. Учкан жебеден күн көрүнбөй калып, ат үстүндө кармаштан эрлердин денеси талып, адам өлүгү боо, ат өлүгү тоо болду. Каргалар каркылдап, кузгундар куркулдап, бөрүлөр кыр ашып, түлкүлөр жыт алып турду. Алардын коркунучтуу добушун угуп, адамдар саруулап үрөйлөрү учуп жатты. Жырткыч жорулар адамдардын этин жеп, тойгонунан асманга жогору көтөрүлүп уча албай калды. Ай талаада эр өлүп, ат кишенеп, армандуу добуш айланага эшилет. Эркин жел ары-бери «Өлүм-өлүм» деп жортуп жүрөт. Баарынан армандуусу, ошол кармашта айбалта менен чабышып, жоо менен алышып жүрүп, кыргыз ажосунун баатыр уулу окко учуп шейит кетти. Жунгарлар кумурскадай жайнаган эл эмеспи, биринин артынан бири келип, согуш көпкө созулду. Башка элдер жунгардык калмактарга туруштук бергени үчүн кыргыз элинин эрдигине суктанат. Акыры кыжылдаган жунгарлар « Бул элди жеңе албайт экенбиз» деп согушту токтотушту. Бул эң жаман айла-амал эле. Кыргыздар «Баш аягыбызды жыйалы»– деп тынчып калышты. Анан душман тарап кайра күчтөнүп, кыргыздарды аябай талкалайт. Ошондо биздин элибиз кызыл кыргын, кара сүргүнгө кабылып, аман калгандары жан айласы кылып, тукумун сактап калыш үчүн туш-тушка качып, тоо-токой-

дун арасын мекендейт. Каза болгондорду карга-кузгундарга жем кылбай ак кепиндеп көөмп ариетин жасашат. Эки жактан ээсин жоктогон ат кишенеп, ай талаада каңгыган ит армандуу улуду. Атасын жоктоп бала ыйлап, уулун жоктоп эне муңканды. Карыялардын көзүнөн аккан жашы ак сакалын аралай куюулуп турду.

Жомокчу карыя көп сүйлөгөндүктөн демигип кетти окшойт бир паска эки жакты карап далайга эс алып, анан алтын кебин ары улап кирди.

– Кайсы жерге келдим эле балам, эсиңе жара чыккырдыкы десе, ошентип жанагы жунгар калмактары биздин элди туш-тушка бөлүп азап көрсөтө баштабадыбы. Бирок жунгарларга бир нерсе болдубу, биздин элдин биримдигинен айбыгып жаттыбы, өз аймагына кетип калышты.

Акыры алар тынчып, кыргыз жергесине кичине пейпилдик орноду. Жер-жердеги, кокту-колот, карагай чердеги, тоонун үңкүрүндө жашаган адамдар чогулуп мурунку турагына келе башташты. Жунгарлар « Кыргыздарды баш көтөрө алгыс кылып кырдык»– дешти. Ошентип чачылган эл жыйылып, тербиген эл биригип, кайра тиричилигин өтөөгө киришти. Бирок аларга баш көз, камчы сап, тээк боло турган адам керек эмеспи. Башчы ажосунун баласы чоң казатта эрдик көрсөтүп шейит кеткен. Сакалы белине жеткен карыя:

– Айланайын калың эл кыжылдаган жунгарлар чапты эле деп апаат тукум курут болуп кетпейли, чачылганды жыйнайлы, үзүлгөндү удайлы!– деп карыя элди ынтымакка чакыр-

ды. – Айтканы туура,– деп улуу журт карынын кебине капка салды, макул болду. Ошентип эл биримдикке келип, баш көз боло турган Ажону шайлаш керек болгуп турду. Элдин башы катып, « Кимди ажо кылабыз, ажонун баласы да майданда мерт болду. Жок дегенде дагы бир уулу болгондо эмне? Кайсы уул ушул кыйналган журтту баштап кете алат. Ошондо жүздөн ашкан сакалы белине жеткен бир карыя пикирин айтып турду:

– Ажодон тукум калган жок анын баласынан артык көргөн бир кыраан ак шумкары бар эле. Ошону белги кылып учуруп көрөлү, алгыр кимге барып консо, ошол ажо болсун,– дешти.

Кээ бири айтты:

– Бир эси жок пендеге конуп анысы журтту башкара албай, мазебизди албайбы?

– Байкагыла! ажо журттун башкаруучусу элдин тагдырын акылы жок бирөөгө карматып жиберип, кайра өзүбүз кор болуп калбайлы!

–Аялынын тилин алган бир катынпоз болсо, биздин түбүбүзгө жетип кууратпасын.

– Айланайын журт азып-тозуп кетпейли,– деп санаага батып чарчаган эл эмне кылаарын билбей апдаарып турушту.

Дагы бир жеерде сакалчан карыя, чепкенин топчулап, ак сакалын жай акырын сылап жатып айтты:

– Кагылайын калк мурунку ажобуз акылман, баатыр, сөз билги туйгун эле анын учурунда элибиз өсүп-өндү, өркүндөдү. Мен бул кушту учуралы деген карыянын оюн кубат-

тайм. Кушту учуралы кыраан өзү билеер, байыртадан эле кыргыз эли алгыр кушту, күлүк бууданды бапестеп келген кыраан кимге барып консо, ошону ажо кылып шайлап алалы. Андан кийинкисин дагы көрө жатаарбыз.

Куш элдин жол таба албай кыйналып жатканын билдиби, токтоно албай каардуу түрдө шаңшып-шаңшып жиберди. Жаштар удургуй дуулдап кыйкырып жатышты:

– Учуралы.

– Учуруп көрөлү.

– Кудайга тобо!

– Айланайын куштун пири буудайык эл журтту ыйлата көрбө! –аппак сакалчан бир карыя муңканып айтып жатты.

– Ыраматылык ажонун алгыр, акылдуу кушу журтту алдабас, – эл уу-дуу болуп басылбай удургуй толкуп турду.

– Жаратканым өзүң колдой көр кимге консо тагдырыбыз ошол кишиге байланыштуу. Элибизди ошол адам башкарат.

Акыры куштун тилин билген ажонун башкы мүнүшкөрү Ажыбек куркук кыраанды колуна кондуруп, канат куйрйгун сылап, учурууга даярданды.

Улгайган карыя:

– Жараткан кудайым, ыйык канаттуум, элдин тагдырын сага, сени кудайга тапшырдым, эл үчүн байлык бийликке алданбаган журттун камын ойлогон тайманбас эр азаматка коно көр. Оомийин!– деп бата жолдоп безилдеп жиберди. Элдин баары ага кошулуп алаканын жайып кудайдан ырайым күттү.

Мээрим төккөн жай айы эле. Ыйык күн тийип айлана жаркып, кемелине келип турган болчу. Күкүктөр үн безеп сайрап, булбул куш чарчаганча күү чалып жаткан эле. Кыраан обого көтөрүлүп, алдыга сызып канат кагып баратты. Журттун баары элейе кайкыган куш карaанды карашат. Шумкар тээ обого бийик учуп жогорулап, үстү тегерек бийик жерге барып конду. Ошол жерден тээ алда кайдагы чөлкөм алаканга салгандай даана көрүнүп турчу эле.

Калк айтты:

– Ажо бул аскага чыгып душманга дүрбү салчу.

– Кароол чоку.

– Бул жерден келаткан душман даана көрүнөт.

– Жарыктык канаттуум ээсин эстеп жатат. Тили жок куш болсо да баатырча келаткан жоону карап турат. Касиеттү кароол чоку. Теңирим жараткан. Тоодой алтынга бергис чоку. Бизге кыраандык жолун айтып жатат.

– Бул жерден келаткан душман даана көрүнөт.

– Арбакты сыйлап баш уруудa.

Куш ал жерден айлана учуп мүнүшкөрдүн колуна келип конду.

Эл мүнүшкөргө:

– Шумкарды дагы учур кимге барып коноор экен- деп, жаалашты.

Жанагы аксакал куштун башын, канат куйругун дагы бир жолу эркелете сылап кушту учурду. Бул жолу кыраан эч кимге конбой бийик карагайдын башына барып жай алды. Кай-

ран кыраан билген экен. Ошол карагайдын түбүнө ажо мезгил-мезгили менен элди чогултуп, курултай өткөрүп турчу. Эл эмне сунуш айтса, ажо ошол ойуду аткарган. Журт муну эстеп:

– Касиеттүү канаттуу элди сыйлап жатат.

Мүнүшкөр үчүнчү жолу кушту учурду. Канаттуу асманда үч ирет кайкып үн сала чыгышка карай сызды.

Журт:

– Ал келбейт.

– Кайра-кайра учура берип, бизге таарынды окшойт.

– Ал биз менен коштошуп алыс сапарга кетти.

Эл жакшылыкты үмтөтүпкуш кеткен тарапты колун серепчилеп карап турушту. Журт бул көрүнүштү жаманчылыкка жоруп жатты.

Көк асман. Куштан дарек жок. Муштумдай боз караан учуп отуруп, асманга сиңип кеткен экен. Эл кушту жоктоп, асманды карап, баарынан айрылгансып, жалдырап туруп калышты. Бир чай кайнамдай убак өттү шекилденет. Алыста-асмандан бир караан элге карай сызып келаткандай болду.

–Тетиги эмне?

– Бир караан сабалай учуп келатат.

– Көзү курч балдар карагылачы?

– Карарган ал эмне?

– Көк кажыр го.

– Тарп жору окшойт.

– Таз карабы.

– Алар чоң болот жай учат. Мунун учушу ылдам экен. Бир кыраан куш го.

– Бул чабыты алыска кеткен алгыр кыраан куш тура.

– Жарыктык зыпылдай учуп келатат.

– Ой, ажонун кыраны.

– Ал кайра келатат.

– Кудай берди.

– Айланайын жаратканым колдой көр!

– Эмне кылаар экен карап туралы.

– Бизден кетпесе экен. Теңирим бизге кубат берсин!

– Деги эли-журтубуз аман болсо экен.

Куштун учушу өтө олуттуу тыянак чечимге келгендей сыяктанат. Жаныбар болсо да, бүткүл элдин ой-санаасын билип тургандай сезилет. Эл кушту көрүп шыктана түштү. Канча кылса да мекен, эл жерин коргогон адамдан калган асыл таберик эмеспи. Асманда күүлдөгөн дабыш эшилип, жаныбар шукшурула келип ылдыйлап, анан жай каалгый абада айланып далайга туруп алды.

Журт:

– Кыраан бизди таштаган эмес экен.

– Ал таштабайт, эстүү жаныбар эмеспи.

– Акылдуу жаныбарды жаратканым колдой көр!

– Ал бизди ташташы мүмкүн эмес. Ал баарыбыздын колдоочубуз. Канаттуу жай акырын каалгып келип, Рыс деген кишинин оң ийнине жай жайгаша конуп кайраттуу шаңшып жиберди. Баары сүйүнө кубанып, кыйкырып жатышты. Эл

токтоно албай термелет. Каны кызуу жаштар дүргүп дуулдап турушту. Эми Рыс деген ким эле? Майданга жибербей эл аны катып калган. Өзү жарды үй-бүлөдөн. Андай баатырлар эл ичинде өтө аз төрөлүп, өтө аз чыгат. Ал калыс журттун тагдырын ойлогон, акылман, чечен, баатыр адам болчу. Колунда болгон байлыгын жардыларга таратып бере берген. Эл башкарууга ылайыктуу адам болуп, жаштайынан эле калайыктын камын көздөп жүргөн. Ал каза болгон ажонун биринчи кеңешчиси болуп, ажо баардык ишин анын айтканындай аткарып жүргөн.

Карыялар:

– Кагылайын журт эл тербип турганда багыбыз бар экен.

– Рыска конду туура конду.

– Ал элдин камын ойлогон баатыр жигит.

– Мындай баатырларыбыз турганда элибиз кор болбойт.

– Өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын жогору коёт.

– Эми Рысты хан көтөрүп, Рысхан атайлы.

– Жаштар дуулдап кыйкырып жатышты.

– Биздин ханыбыз Рысхан!

– Рысхан!

– Рысхан!

– Рысхан!

Рысхан деген ат тээ обого теребелге бобу ачык ай-талаага тиги аркы карагай жыш өскөн жылгага чакырык болуп таралып жатты.

Ошентип журт Рысты хан көтөрүп, Рысхан деп, атаншты.

Жараткандын буйругу экен Рыс элге хан болуп калды. Кыргыздын кырк уруусу биригип баягы баскынчы кара кытай, калмак, манжуларга тең ата болуп, аларга эркиндигин алдырбады. Рысхан жаңы алтымыштан ашкан. Ал ары акылман, ары аяр, ары чечен көрүнүктүү аскер башы эле. Кыргыз элинин биримдигин чыңап, башка элдер менен тең ата жашап турду.

Карыя улама-санжырасын эң жакшы аяктады. Бул ułаманы ал бирөөдөн укса керек ошол үчүн бизге жакшы айтып бербедиби. Мен аны толуктап туруп башкалар окусун деп кагазга түшүрүп койгом.

## ЧЫНГЫЗ ХАНДЫН УЧУРУ

Айланасы өтө бийик эмес жапыз тоолор, чычкан жөргөлөп өтө алгыс калың токой, көпчүлүгү кызыл карагай, эмен алардын арасында ар кандай бадалдар жер жемиштер. Тээ арыда улуу дайра алтын казык жылдызына карай, суусун жарга уруп, атам замандан бери агып жатат. Касиеттүү ата-бабабыз мекендеген дайранын жээгинде улуу токой соккон шамалга бой керип, сеңселе кыймылдайт. Токойдун арасы ар кандай илбеесин жан-жаныбарларга жык толгон. Бул жерге кышкысын кар калың жаап, жайкысын бир топ эле салкын тартат. Кечке чейин сайраган канаттуулардын үнү басылбай, кереметтүү кайрыктары кайра эленет. Ал эми күкүктүн, булбулдун андан башка түркүн канаттуулардын үнү бирде бул жерден, бирде тигил жерден чыгып, жашоонун өлбөс

элесин тартуулайт. Бул жердин адамдарынын бойлору узун келбеттүү, сары чачтуу, кызыл жүздүү, көздөрү көгүш эле. Ошол үчүн аларды «Кызыл жүздүүлөр» деп атап алышкан. Алар токойдун арасында бир жерден экинчи жерге малын айдап, көчүп жүрүшөт жана токойдун арасына кирип кас элден коргонушат. Жана токойго жашынып душмандарына кол салып, чабуул коюп, бат эле майкандап жок кылып, качып кетишчү экен. Курч балта, араалары менен келиштирип жыгачтан үй салып алышат,

Тээ тетиги токойлуу тоонун бери жагындагы аймак ушул жердин бийлөөчүсү Олобектин андан ары Единал, Алдиер жана башкалардыкы. Ал жердеги кыргыздар ушул мекен коргоор баатырлары менен сыймыктанышат.

Береги жайыктан бир топ атчандар чыгышты. Алар буудандарын камчылана катуу таскак менен алгалайт. Жолочулардын минген аргымактары өтө чымыр жана күлүк эле. Жаныбарлар keминде он күн жол жүрсө да арыбас-чарчас түрлөрү бар сыяктанат. Тээ ары жакта бай Олобектин төөлөрү, уйлары, койлору жайылып жатат. Төштө оттоп жаткан кара куйруктуу текелерди ак калпакчан бир бала төмөнгө карай айдап келатат. Токойдун бери жагындагы өзөндөн баш-алты бала жаны тынбай балык кармоодо. Балыктардын ооз-муруну башынын асты жагында болуп, денеси кылкандуу тартып өтө майлуу эле. Балдар аттын куйругунан, жалынан жасалган торлорду иримге салып, бир тобу таяк менен балыктарды ылдый карай айдап жатат. Ылдый кайыган балыктар тор-

го түшүп жатты. Өспүрүмдөрдүн өңүндө кубанычтын элеси чачырап, бай жээктен алар күндө ушинтип балык кармашат.

Береги топ атчандар кайрат чачкан көк асабасы желпилдеген Олобектин үйүнө жете келип, унааларынан түшүп боз үйгө киришти. Алар дагы бир тараптан атчандарды күтүп жатышты. Көп өтпөй тээ береги чоң сайдын жанындагы бурулуштан беш атчан көрүнөт. Аларды акбозчон баатыр баштап келатат.

– Ырыспек келатат. Жардамчысы Асаат, Маатай да бар экен.

Ырыспектин атчандары бат эле боз үйгө жете келип, улуулата төрдөн орун алышты. Отургандар кымыз ичип, анын артынан эт жеп, ортодо кызуу сөз жүрдү. Сөздү аягы монголдорго барып келген Дөөлөс алды:

– Мен Темүчүндүн ата конушуна барып көп жерди кыдырып келдим.

Отургандар:

– Деги Темүчүн деген ким экен ошону айтып берчи?

– Темүчүн ошол көчмөн монголдордун Тайшит уруусунан чыгыптыр.

– Ата теги энеси ким монголдордо көп уруу бар эмеспи?

– Анын энеси Оолун бизче «булут» дегенди билдирет. Атасы Есугей баатыр, чоң атасы Бартан, дагы Хабул хан.

– Мен кимдир бирөөнөн уктум эле анын жетинчи атасы кыргыз экен,– деп

– Ошондой шекилденет өңү саргыч тартып, кыргызга ок-

шоштурушат экен.

Дагы бирөө чыйылдап сүйлөп калды:

– Балким ал биздин чоң аталарыбыздын бирөөсүнүн баласы болуп жүрбөсүн.

Баардыгы кыраан каткырыкты салышып, сөз андан ары уланды.

–Тайшиттер өзүнө каршы урууларды каратып алып, баш көтөргөндөрдү талкалап жок кылышты.

– Алар татарларды, наймандарды, меркиттерди, өзүнө багындырып, бийликти Темүчүндүн колуна топтошту.

Баардыгы сүйлөбөй ойго батышат. Олебек монголдорго барып келген адамдан сурады:

– Баарын тактап чачпай баяндап берчи Темүчүн жөнүндө эмнени билесиң?

Тигил киши үнүн жай чыгарып акырын сүйлөй баштады:

– Темүчүндүн баяны арбын анын атасы Эсүгөй ал баатыр адам болгон экен. Анын атасы Бартан баатыр, Хабул хан, Тумбинай чечен, Байшинкар, Хайду, Бодончар анан Кул Малик, анан Алангоо деген аял Кул Малик менен кошулуп, Бодончар төрөлүптүр. Уламада айтылган ошол Кул Маликти кыргыз экен дешет. Аланго деген аял күйөөсү өлүп калып. Береги Кул Малик менен жүрүп, Чынгыз хандын түпкү аталары Бодончар төрөлүп жатпайбы. Дагы Темүчүн жөнүндө бир уламаны айтып берейинчи. Бир күнү монголдордун меркит уруусунан Эскиледу деген мыкты жигит Оолун деген кызга үйлөнүп аны арабага салып үйүнө бараткан экен.

Ошондо теңсиздик менен кызды Есугей тартып алып үйүнө алып келип үйлөнүп алат. Оолун акылман аял болуптур. Укканга караганда Жочу, Угедей, Чагатай, Тулуй деген балдарды төрөптүр. Темүчүн төрөлгөндө оң алаканына кан уучтап түшкөнүн көргөн кемпирлер болуптур. Алар ошондо аябай таң калышат. Бала төрөлгөн күнү ачык эле туруп күн тутулуп, жети күн катары аба ырайы ачылбай бороон согуп, кадимкидей кыш кычырап аяз түшүп турат. Түнүндө ат кишенеп, айбалта шыңгырап, кылыч кыңгырап, согушкан баатырлардын үнү угулуп, бала ыйлап, эне боздогон каңшаар сезилип турган экен. Араң дегенде сегизинчи күнү асман ачылып, калың тумандын арасынан күндүн көзү агылыптыр. Булуттар тарап, айлана жылымык тартат. Ошондо таягын такылдатып улуу бакшы айтыптыр:

– Айланайын эл журт бир балакет болбосо экен, бул тозок адам пендесине көрүнүп, жер үстүндө киши задиси кызыл кыргын, кара сүргүнгө кабалып азап тартпсын. Жер бетиндеги жазыксыз адамдарды тирүү койсо экен. Көзү ачык бакшы жаны тынбай секирип баардык жерге ушул сөзүн айтып чыгыптыр. Кыраакы бакшы туура эле айткан окшойт. Ошол бала төрөлөөрдө энеси бир кызык түш көрүптүр. Бала жөрмөлөп отуруп туу чокуга чыгат. Тоонун этегинде эл быкпырдай кайнап, журт балага ийлип таазим кылат. Тоонун башында ак кар көк муз эрип суу ташкындап кыян агып жаткан имиш. Бала сууга кылыч, найза, жаа салып агызып жатат. Суу элге жетип, алиги куралдар калың журтту өзүнөн-

өзү эле өлтүрүп кирет. Өлгөн адамдарды быкпырдай кылып суу агызып жаткан экен. Агып жаткан суу суу эмес эле, кандуу дарыяга окшошот. Азаптуу сууда адамдын баштары, буту, колу, денеси агып жаткан болот. Чыңгыз хандын энеси Оолун суу башында туруп, баласына карап:

– Темүчүн бул эмне кылганың, адамдар тынч өмүр сүрсүн!

– Жок эне мен ааламга чаң чыгарыш үчүн төрөлгөм, ошол бойдон калам. Ааламдагы элдер мага баш ийиш керек эгерде баш ийбесе суу кан болот.

– Антпе балам, адамдарга тынчтык керек, алар тынч жашасын. Алар тынч жашап жакшы өмүр өткөрүш үчүн төрөлгөн. Жараткан эгем да ошону каалайт!

– Жок мен туу чокуга жетем, мен кан агызып отуруп бийликке барам. Мен ааламды башкарып анын эгеси болом!

– Кой, уулум антпе, биз тынч жашайлы, сенин атаң, анын атасы да кийинки аталар да тынч жашап келген. Сен тоодон түшүп кел,кан акпасын!

Ушул кезде Оолун ойгонду аябай тердеп кетиптир.

Жанагы көзү ачык бакшы боло турган окуяны чын эле болжолдогон окшойт.

Темүчүн желмогуз ошентип эр жетип чоңоёт. Чоңойгондо эле ал аскер курап, баш ийбеген журтка кан агызып, тынч жаткан тайпаларды багындырып кырып келатты.

Отургандардын баардыгы катуу санаага чырмалат. Алардын бул ойлонуусунда «Эми биздин тагдырыбыз эмне бо-

лот?»– деген божомолдор бар эле. Улуу Кемжет кем (Жогорку Эне Сай) Кичи кем ( Кичи Эне Сай) дарыяларына, Миң Суу өзөнүн мекендеген туягы курч, шамал эшкен басканда арыбас, күлүк аттарын минип курч кылыч, калкандарын колуна кармаган журт, ааламды басып алууга аракет кылган Темүчүндүн жүз миңдеген жоокерлеринин келишин билгенде тымтырс болуп ойлонуп жатышты…

Дагы бир абышка кайталап сурады:

– Анын жети атасы каргыз дединңби, кайталап айтчы, түшүнбөй калдым?

– Ооба анын ата теги санжыра боюнча кыргыз дешет.Биздин ушул эле Миң Суу өзөнүн жердеген Маалик деген адам бир себеп менен туткунга түшүп, монголдорго кетет. Ал ошол жерде жашап, чыныбы, калпыбы алиги аял менен байланышат. Ургаачы улама боюнча ал кишиден үч бала төрөп алат. Баарысы тең азырка Темүчүнгө окшош чачы сары, көк көз Темүчүн ошол жети атасын тартып калса керек. Өңүнө караганда аны биздин тукум деп эсептөөгө болот,– бул сөздү укканда баарынын өңүндө кубанычтын элеси чачырай түштү.

Дагы бирөө күлүп:

– Биздин тукум болсо, эмне бизге каршы кол аттантып жатат. Эми биз менен каршы күрөшөбү.

Баары күлүп калышты.

– Кыргыз каны менен монголдун каны бириксе, көк бет болуп, бүткүл ааламды чаңызгытып бушайман кылбайбы.

– Алар жер жайнаган кара кытайларга да коркунучтуу душман болуптур.

Отургандар жоонун каардуу, сүрдүү, күчтүү, жеңилбес экенин билип ойлонуп отуруп калышты. Алар «эмне болобуз» деп өз күнүн ойлонот. Булардын келечегине кандайдыр бир шектүү жаман окуялар башын кылтыйтып турду.

Бирөө:

– Чектеш Тумат эли менен биригип, Темүчүндүн колуна каршылык кылсак эмне болот.

Демейде чечкиндүү ажо Ырыс, Алдиер, Олебектер да тунжурап отурушат.

Олебек:

– Едине келсин ал эмне айтаар экен. Ошонун пикирин угалы.

Отургандар эт жеп, кымыз ичип анан тарап кетишти.

Кыргыз билермандары кечинде жыйын курмай болуп, баардык жерге кабар таратышты.

Түн кирип эртеси таң атты. Дагы бир күн өттү. Түн кирип дагы таң атты. Эки күн өттү. Касиеттү кыргыз эли. Миң Өзөн жергеси. Токой жолу. Асманы ачык, ай жарык. Жери жер, суусу суу болуп жайкалат. Калың токой анын арасында түркүн куштар үн безеп сайрашат. Жайыттан ат кишенеп, кой маарайт. Токойдун арасындагы булактан эки бугу суу ичип, чар тарапты абайлай карап, калың черге кирип кетишти. Тээ береги жайык талаа. Ал чоң карагайдан курраштырып салынган үйдүн жанында бийик даракта көгүш желек

желбирейт. Береги мелтиреген жып-жылма улуу аска, байыркы замандан бери ичине сыр катып жаткансыйт. Асканын жанында улуу карагай ыргалып, анын канча жашка чыкканы белгисиз. Анын башына кыраан бүркүт жылда уялайт. Анын уясы ар кандай чычырганак, талдан жана башка бадалдан бекем салынып, жаныбардын жүнү менен жылууланат. Азыр бүркүт эне ууяны басып, кыраан ата ага ар кандай азыктарды ташып берип, балапанын учуруп кеткен. Эки бүркүт балапандарын аман-эсен басып чыгарсын. Бар бол туулган жеримдин кыраан бүркүттөрү! Сенин шаңшыган сүрдүү үнүң биз жашаган жерден алыска-алыска угулсун! Биз сени менен сыймыктаналы! Бар бол касиеттү Эне Сайжерим!

Ушул аймак Олебектин жери болуп, кул-кутандары менен ушул чөлкөмдү мекендейт. Анын үйүнө ажо Ырыс, анын артынан Долон бий, Единал жана башка бир топ сөөлөттү кишилер келишти. Кыргыздарды ал кезде жалпы ажо башкарчу андан кийинки кызматта иналдар турушчу.

Чогулгандар семиз койдун этин жеп, ал арада Темүчүн жөнүндө сүйлөшүп жатышты.

– Эми эмне кылабыз?

– Балким тумат, кыштым, урасут, төлөс уруулары менен бириксек Темүчүндү жеңеер белек.

– Ай ким билет баарын кыйратып келаткандан кийин Темүчүндүн жоокерлерин токтотуу кыйындыкка турат го.

– Ооба Темүчүндүн колу күчтүү аны жеңе албайбыз. Жер жайнаган кара кытайларды да коркутуп жатпайбы.

– Канкордун колу күчтүү аны багынта албайбыз.

– Ошондуктан ага белек берип, ошолор тарапка өтсөк балким элибизди кызыл кыргын, кара сүргүн өлүмдөн сактап калаар белек. Андан башка бизде кандай арга.

– Бизге кошулуп душмандарыбыз менен согуш десечи.

– Согуша албайбыз жерибиз башка, жада калса дитибиз эки бөлөк. Алар менен эмне ишибиз бар. Балким анча-мынча салык төлөөрбүз.

Баардыгы Олобектин айтканына макул болушту. Эми белекке эмне бере турганын жөнүндө ойлонуп жатышты.

– Темүчүн баскынчы, кан ичеер эмеспи ага ыраазы болгондой кымбат белек бербесек болбойт.

Ошентип кыргыздар ителгинин кыраан чыкмасынан шумкар тандашты. Ак жана кара шумкарды, кан ичеер ушул эки кыраанды көргөндө биздин элди аяп, анча жамандык кылбас деген ойдо болушту. Ушул эки шумкардын атагы алыска белгилүү эле. Канаттуу кыраандар далай бүркүткө кол сала жара тээп, ар кандай илбээсин канаттууларды айылдын үстүнө топ-тобу менен айдап келип, бирден тээп түшүрчү. Бирөөнүн өңү агыш келип, куйругунун алдындагы сыңар жүндөрү жаңы жааган ак кардай аппак болчу. Тумшугу жана тырмактары кызыл эле. Карасынын өңү каралжын тартып, көргөн жанды улам-улам каранта берчү. Саятчы Каратөлөк «Көз тиет»– деп аны эч кимге көрсөтчү эмес. Бул шумкарды Долон бий кармап саятчы Каратөлөк экөө тапка келтирген. Ар бир шумкарды эки жүз койго бааласа боло

турган эле. Бул тартуу менен бирге акбоз аттын башына окшотуп жасалган чылгый алтын бар болчу. Теңирим берип асмандан түшкөн кара таштан согулуп, токойду кыйып, көмүрчүлөр көмүр өчүрүп, уу булактан сугарып, ажыдаардын заңына үч ай таштатып, түн ичинде кындан суурса, айланасы жарык болуп жалыны өрттөй чыгып, тоону чапса таш кескен, шиберге койсо өрт кеткен кылычтарды, найзаларды буларды Ашмай, Эркашка, Көкүм табылгыс чебер усталар узанып жасаган эле.

Ошентип, монголдорго Единал, Алдиер, Олобектер көп жигиттери менен сапар тарта жөнөп калышты. Элчилер менен кошо бектин кеңешчи, көзү ачыктары кетип баратты.

Темүчүн: «Мага кимде-ким өз эрки менен баш ийсе менин тууму желбиретип, бизге кошула берсин»-деп монголдордун ыйык деп эсептелген туусун көп жерге таратып жиберген. Ошол туудан бирди кыргыз элчилери аны жанындагы меркит урууларынан алып, карагайдын жыгачына желбирете тагып алышкан. Бара жаткан кыргыз элчилерин «Башка бирөө кол салабы»– деп мыкты куралчан өрт жигиттер кайтарып келатты. Жолдо келе жаткан кыргыз кошунуна эч ким каршылык көрсөткөн жок. Темүчүндүн колу дүйнөнү багындырып келатканын баардык эл билип, туюуп турушкан. Аларга кол салуу өтө оор болуп калган. Кээ бир начар коргоноору жок элдер өздөрү эле кошула башташкан. Бара-бара жүрүп отуруп, кыргыз элчилери монголдордун жоокерлерине жолугушту. Кошуун менен кошо короо-короо койлор, уй-

лар, үйүр-үйүр жылкыларды айдап өтүп жатышты. Жаныбарлар чабуулда жүргөн монгол жоокерлеринин азык-заттары эле. Эч бир жерде баш аламан нерсе жок баардык жерде тартип менен кетип бараткандай сезилет. Монголдордун желегин көргөндө эч бир жоокер аларга каршылык кылган жок. Монгол жоокерлери аларга урмат кылып колун бооруна алып ийиле салам берип өтүп жатты. Бул «кошулалы» деген башка элди урматтаган белги болчу.

Алар жолдо чоң кошуунга кезикти. Миң башы айтты:

– Силер каякка бараттыңар эле. Сөздү тилмеч которуп турду.

Единал:

– Биз улуу хандын баласына жолугууга баратабыз. Ага кошулгубуз келет. Биз улуу хан Темүчүндү жактайбыз. Хандын жигиттери кыргыздарды ээрчитип отуруп, Жучунун чатырынын жанына келишти. Чатыр өзүнчө бөлөк жерде экен. Айланасын жоокерлер кайтарып жатканы байкалат. Бул аймакта эч бир баш аламан нерсе жоктой. Кыраакы кишиге баардыгы өтө катуу тартип менен уюушулганы билинет. Ханга кабар небак эле кеткен. Кыргыздар береги чоң карт карагайдын көлөкөсүндө эс алып, өздөрү ала келген тамакты жеп жатышты. Жучунун чатырынын үстүндө ажыдаардын сүрөтү тартылган хандын асабасы соккон желге шаңдуу желбирейт. Чатырдын айланасында бейадеп басып жүргөн жан көрүнбөйт. Бир гана айбалта кылыч кармаган сакчылар. Ары-бери жумуш менен чапкылаган чабаган атчан-

дар. Алар ханга ар кандай жаңылыктарды жана жардыктарды айтып турат. Единалдын тобун көпкө күттүрүп, акыры эки күн болот дегенде кабыл алмай болду. Кыргыздар шумкарларды колго кондуруп, ак булгундун эң кымбат терисинен жасалган ичикти, жана ар кандай белек-бечкектерди ханга тартуулаган жатат. Кыргыздар монголдордун тартибине таң калды. Акыры алар хан чатырына кирмей болушту. Жучунун алтын жээктелген көркөм чатыры. Тиги төрдө кооз отургучта магдырап бирөө отурат. Бутунда кереметтү өтүк, белинде укмуш жасалган кур. Ушул көрүнүш ыйык ханга жарашык бергенсийт. Жерде жолборс терисинин үстүндө көзү ачыктар, кеңешчилер, жардамчылар. Көзү ачыктын колунда алтын ыйык китеп турат. Жучу ыйык отургучта отуруп, жай гана ыңгырана башын көтөрдү. Анын көк көзү, калың ак аралай элек муруту, денеси булчуңдуу тарамыштуу келип, балбан күрөшкө түшүүчү жайы бар экен. Суроону хан эмес анын жанындагы жардамчылары берип жатты.

– Силер кайдан келдиңер жолочусуңар?

– Биз түндүктөн Миң Суу өзөнүнөн токой арасынан келдик.

– Анда кимсиңер?

– Кемжет өзөнүндө биздин улуу дайрабыз бар. Кыргыз уруусунанбыз.

Суроо берген киши таң кала:

– Кыргызсыңарбы?

Хан кыргыз деген сөздү укканда жандана кетип, Оле-

бектин кишилерин таң калуу менен карап калды. Кебетеси «Кыргыз» деген сөздү ал бир жерден уккандай элес берди.

Тилмеч айтты:

– Шибелерсиңерби?

Олобек жандана сүйлөдү:

– Ооба шибелербиз.

Хан бир пастан кийин:

– Ии шибелер деген элди уккам, баатыр эл турбайсыңарбы,– деп Жучу жандана түштү.

Кыргыздар хандын оозунан бул сөздү угуп шердене калышты.

Тилмеч:

– Токой адамдары.

–Токой адамдары.

–Эмнеге келдиңер эле?

– Улуу урматтуу Темүчүн ханга кошулалы деп келгенбиз. Жеңилгисардактуу Темүчүндүн осуяттарын чын дитибизден аткарабыз,– деп Единал жобурап айтты.

Котормочу бул сөздөрдү бат-бат которуп берип жатты.

– Улуу даражалуум мархабат этсеңиз алыс жерден алып келаткан белегибиз бар эле, ошону сизге берип койсок кандай болоор экен.

«Белек» деген сөздү укканда баардыгы жандана түштү.

Хан котормочу менен үч кишини ээрчитип, бир чоң чатырга келишти. Ал жерди да кайтарып турган сакчылар бар экен. Хан сакчыларга бир сөздү айтты эле Чатырдан үч киши

чыга калып, ханга жүгүрүп келишти. Жучу Олобекти жылмаюу менен карады. Олобек түшүндү окшойт белектерди ханга берип жатты. Хан ал белектерди ыраазы боло алып, береги жигиттерне табыштады. Жучу баардык белектерден акбоз атка таң калды. Жаныбардын чекесинде сүрөтчү түшүргөндөй кара сызыкча жана жалы, куйруктары кап кара аргымак эле. Ага укмуш зергерлер жасаган алтын ээр токулган Жучунун адамдары акбоз аттын чылбырын кармаганда жаныбар кыргыздарды карап «Мени кайда берип жатасыңар?»– деп зээнди кейите армандуу кишенеп жиберди. Кыргыздар атты карай албай жерди карап калышты. Андан кийин кыргыздар усталар жасаган кылыч, калкан, найза, жааларын беришти. Жучу албарс кылычты кармап абага ары-бери булгалактатып көрдү. Жарыктык кылычтан «Зың, заң» эткен кайратту үн тарапка угулуп турду. Хан кылычтын кынын колу менен кармалап таң калды. Анын өңүндө кызыккан белгилер пайда болду. Ал тилмечти карап, бир нерсени айтты. Тилмеч:

– Булар темирден жасалды беле?

– Жок касиеттүүм, ал ободон теңирим түшүргөн таштан жасалган.

Хан бул сөзүн маанисине түшүнгөн жок. Өз алдынча бир нерселерди кобурап басылды.

Котормочу:

– Бизде мындай кылычтар жок демек силер бизге курал жарак жасап берет турбайсыңарбы,– деп кубана жылмайды.

Андан кийин Хан жааны кармалап көрүп жатты. Жааны жебеси менен кыргыздын укмуш усталары жасаган эле. Аны көрүп хан таң калды. Бир жебени кармап асманга атып көрдү. Жебеден зыңылдаган үн чыгып алыска узап көздөн кайым болуп жоголду. Анын каякка кеткени да белгисиз болду. Кытайдын жибек шайысына оролгон ак боз аттын башы куюп жазалган алтынды Единал Жучуга карматты. Жучунун жанындагылар алтында көргөндө укмуш нерсени көргөнсүп көздөрү чачырап жатты. Эң аягында касиеттү булгундун терисинен жасалган ичкти Жучунун үстүнө жаап, башына кундуз тебетейди кийгизишти. Хан кадимки эле кыргыз ханына окшош болуп калды. Ичик менен тебетейди кыргыз эне уздары укмуштуудай ченегендей жазашыптыр. Жучу өз кебетесин көрүп аябай ыраазы болуп, жаадырап күлдү. Беркилер да кошо күлдү. Эми куш тапшыруу аземине келди. Жучу жанында куштун кол кабын кармаган дөөдөй болгон эки мүнүшкөр турган эле. Алар кол капты Ханга беришти. Хан кол капты кийип кушту алганга аракет кылды. Жарыктык ак куш «мени кимге берип жатасыңар»-деп аянычтуу шаңшып жиберди. Хан жакшы көрүп касиеттүү кушту башынан сылап эркелетип аны узакка таң калуу менен карап турду. Экинчи кара кушту да тапшыруу ушундай абалда болду. Кара кыраан ханга көп каршылык кылган жок. Хан аны көпкө карап жаадырай эркелетип турду. Хан куштарды мүнүшкөрлөргө берди алар кушту алып бир жакка кетишти. Баардык белектерди хан ыраазы болуу менен алды. Жучу

баардыгынан кыргыздын курал жарактарына таң калды. Кан күсөгөн монголдор кыргыз усталарын курал жаракты жасатып ал монголдун жоокерлеринин колуна тийип, далай жерге бүлүк салаары азыр эле белгилүү болуп калды.

Жучу:

– Ыраазыбыз силерге шибелер, курал жарагыңар менен бизге кошулгула, силерди биз коргойбуз, биз турганда силерге эч ким кол сала албайт.

Ханга кошомат кылып анын жанындагы кишилер айтып жатты:

– Ыраазыбыз шибелер.

– Алар биздин жоокерлер.

– Биз аларды коргойбуз.

Жучу жанындагы адамдарга буйрук берип, өзү жанагы келген чатырынына карай жөнөп кетти.

Эки жигит кыргыздарды чоң боз үйлөргө ээрчитип келип аларды алты-жетиден бөлүп, ар бир үйгө эшик ачып киргизип жатышты. Алардын минип келген аттарды монгол жигиттери бир тарапка жетелеп кетти. Кыргыздар жакшы жасалган чоң боз үйлөрдө отурушту. Олобектин жанында Нуркебай деген көзү ачык бар эле. Олобек ага кайрылды:

– Көзү ачыгым, булардын тагдырын далыга, жылдыздарга карап байкап көрчү келечеги эмне болоор экен.

– Байкап көрөйүн бегим мен дагы ошону ойлонуп жаттым эле.

Алар боз үйдөн тамак ичип эс алып жатып калышты. Та-

магы бир укмуш экен көпчүлүгү жылкынын эттери. Дасторкондо ар түркүн жер-жемиштер жайнайт. Набат, жүзүм деги койчу кыргыздар билбеген тамак аштар. Андан башка дагы айнек ийдиштерде ар түркүн суусундуктар бар эле. Аларды ичип көрүштү эле ачуу арак экенин билишти. Ошентип элчи кыргыздар монголдордун укмуш сыйын көрүп жатышты. Минип келген жылкылары бир ишеничтүү жерде экен. Өздөрү монголдордун иштери жөнүндө сүйлөшүп киришти. Монгол ханынын баласы баатыр чалыш Жучуну көзүн эми анык көрүштү. Олебектер ушул жерден элинин тагдырын ойлоп санаага чөмүлүшөт. Кыргыз жигиттерин катуу согушка салып, «майкандаар бекен» деген ойдо болуп, ошол үчүн алардын жегени желим, ичкени ирим болуп жатты. Анткени алар бүгүнкү майданга аттанып жаткан жигиттерди өз көздөрү менен көрүшпөдүбү.

Эбак жылдыздар чыгып түн кирген болчу. Бир кезде Олобек көзү ачыкка кайрылды:

– Көзү ачыгым бул элдин тагдыры эмне болот экен?

– Бул эл далай жерди каратып алат. Далай кан агат, далай жерди майкандап талкалап жүрүп отурат.

– Алардын бийлиги көпкө созулат бекен?

– Ооба бегим көпкө созулат булар эч убакта бийликти башкаларга бербейт. Себеби булардын укум-тукуму башкарып жүрүп отурат.

Олобектер бул сөздү укканда алардын өңү жаман боло түштү.

Сөздү Единал коштоп кетти:

– Ошондой болот окшойт буларды эч бир эл күрөшүп жатып жеңе албай жатат. Бул кыргын сүргүн кайсы жерге чейин бараар экен.

Баардыгы тунжурап ойлонуп калышты.

Отургандардын арасынан бирөө айтып калды:

– Андан көрө монголдордун ичкилигин ичели келгиле,-деп чыныгы куя баштады.

Баардыгы каркыттарды эки сапар жутту эле чарчаган денеси жазылып, бойлору ымыр-чымыр боло жазылып жатты. Единал жылмайып:

– Эң бир сонун нерсе ушул жакта тура, хан бизди жакшы курал бергенибиз үчүн баарыбызды күчтүү ичкилик менен сыйлап жатат- деди.

Баардыгы тең жаадырап-жайнап күлүп калышты. Алар үч күн жакшы эс алышты.

– Көзү ачыгым бул бийлөөчүлөрдүн тагдыры эмне болот.

– Көрдүм баарын көрдүм, бегим алардын тагдырын жылдыздарга салып байкадым. Ардактуум Темүчүндүкүн ?

– Сен бизге ошону айтсаң?

– Темүчүндү көргөнүм жок, бирок анын тагдырын жылдыздардын жылышына, далыга жана бир нече жолу төлгө салгам. Жана Жучунукун көрдүм. Булардын бийлиги укумдан-тукумга кетет. Бирок анын өмүрү өтө узакка барбайт. Анын өлүмү аялдан.

Олобек таң калды.

– Кандайча көзү ачыгым. Аянычтуу болгону кандай?

– Мунун өлүмү энеси менен атасынан.

– Ооба өз атасынан, ал эми өз энесинен эмес Темүчүндүн аялдары көп эмеспи. Ошолордун биреөнөн болоор.

Нуркебай олуя чыныгы көзү ачыктардын бири болчу. Анын ата –энеси бакшы жана көз, ачык эле. Алардын көзү ачыктыгы тее байыркы убактан бери атадан балага өтүп келаткан кесип болчу. Миң Сууда мындан таасирдүү киши болгон эмес. Булардын укум-тукуму мурунтан бери бийлөөчүлөрдүн кызматын кылып ошолордун ишине ар дайыма жардам берип келген. Нуркебай көзү ачык Токой жериндеги баардык көзү ачык, бакшылар менен байланышта болгон. Эне Сай жеринде Нуркебай сыяктуу чыныгы көзү ачыктар өтө зейрек. Анын айтканы ар дайыма туура болгон. Бирок ал баарына эле көзү ачыктык кылып баарынын эле тагдырын айтып бере бербейт. Ал айрым адамдарга гана көзү ачыктык кылган.

Көзү ачык Жучунун тагдырын туура эле айтты окшойт. Өмүрүнүн акырында Темүчүн Кулан деген сулуу аял менен жашап, ал эмне десе ошонун баарын аткарган. Жучу кийинки учурда Темүчүнгө такыр баш ийбей моюун толгой баштайт, мунусу Темүчүнгө жакпайт. Кулан дагы Жучуга каршы иштерди жүргүзөт. Алардын ортосунда чоң карама-каршылык пайда болот. Ушул экөө тарабынан Жучуга уу берилип жок кылынган сыяктанат. Канчалык ченемсиз бийлик болсо да ал жаратkандын буйругуна баш ийет эмеспи. Адам-

дар өмүрдүн артында өлүм бар экенин билет болду бекен.

## КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАБЫЛЫШЫ

Бул кезде Долон кыргыздын бир уруусун бийлеп жүргөн бийлердин бирөө болчу. Ал өз жакындарын бириктирип инал Олебектин айткандарынан чыкпай ошонун жолу менен жүрдү. Кыргыздардын ал кездеги бийлик башында турган адамды «Инал» дечү. Ал бийликтин хандан кийинки сереси эле. Олебектерге Монголдор көп кыршылык кылган жок. Кыргыздардын жанында тумат. кыштым, урасыт, төлөс жана башка уруулар бар эле. Булардын ичинен саны арбын ушулар болчу. Туматтарды монголдор өтө катуу эзип жиберди. Алардын эзүүсүнө туматтар чыдай албай калган сыяктуу. Ошол үчүн жигиттер курал-жарак жасап монголдрго каршы күрөшүү үчүн даярдана баштады.

Жучудан туматтарга чабаган чаап келди.

– Бизге үч миң кол берсин,-деген экен.

Туматтардын ажосу Элкен:

– Бере албайбыз биздин согушка даярдыгыбыз жок,– деген кабарды айттырды

– Анда салык төлөсүн,-деп жатат.

Элкен буга дагы көнбөдү. Анткени ал жакында эле көп салык төлөгөн эле.

Чабаган болгон жаңылыктын баарын Жучуга жеткирип барды. Хан каарланып, Баргул баатырды чакыртты. Ал кыйын ноён эле баардык салгылашта жеңилген эмес. Жеңи-

лүүнү да каалабаган. Баргул көп жерге кыргын салып, далай кошуундун канын суудай агызган. Ошондуктан Темүчүн аны жанындай көрүп, ага көп сыйлыктарды жана арбын наамдарды берген.

– Баргул сен жоокерлериң менен барып туматтарды баш көтөргүс кылып жок кылып кел, сага ал жердеги кыргыз кошууну жардам берет.

Баргул жоокерлери менен туматтарга каршы жөнөп калды. Туматтар да оңой эл эмес экен бул согушка аябай катуу даярданыптыр. Баргул кыргыздарга кайрылды:

– Силер бизге кошулуп, туматтарга каршы согушкула!

Кыргыздар буга мойнобой койду:

– Туматтар эзелтен бери биздин коңшубуз алар менен кантип согушабыз.

Муну укканда Баргул баатырдын жини келди. Монголдор көп жоготууга учурап, бул согушта Баргул баатыр окко учту. Монголдор жеңилип артына карай кетти. Көп узабай ошол кабар Темүчүнгө жетип, ал такыр ишенбей:

– Баргул өлдүбү, кантип эле ошондой болсун, чыныгы баатыр эмес беле. Андай болушу мүнкүн эмес, менин кыраан шумкарым токой адамдарынан өлүшүн мен чындык деп эсептебейм.

Темүчүн дагы ойлонду:

– Баргулга эмне болду, Баргул чын эле өлдүбү? Токой дадамдары туматтар чын эле жеңдиби? Ал мага кара тулпарын минип келбейт беле.

Темүчүн Баргулду жанындай көрчү эле, аны менен тамашалашып көңүл ачкан кезин эстеди.

Темүчүн жардамчысын чакыртып, ал бат эле кирип келди.

– Баргулдан кабар барбы?

– Жок ардактуум ал эчак эле өлгөн аны туматтар жок кылды.

– Туматтарга каршы Жучунун өзүн жибербедим беле, дагы аны жиберем. Бешиктеги баласы калганга чейин кыргын салсын. Туматтардын айланасындагы баардык эл Жучуга кошулсун. Эгер кошулбаса аларды да тып-тыйпыл жок кылып, кызыл кыргын кара сүргүн кылсын макулбу.

– Ардактуум айтканыңызды айтам.

Улуу хан тарабынан ошондой катуу буйрук берилди.

Дарбын Дакшин коп колу менен калдайып аттанып чыкты. Жучу кыргыздарга кабар берди. Бизге кошулуп бул жердеги баардык уруулар туматтарга каршы чыксын деген жарлыкты кабыл алды. Катуу салгылаш Тунук- Көлдүн жээгинде болду. Дарбин Жакшин байкоосуздан алдырып жиберди. Эми Жучу аябай жини келип, өзү кол баштап майданга катуу кирди. Туматтардын колу менен Жучунун колу бетме-бет келди. Хан туматтардын колун аябай байкоого алып, анын түштүк жагы начар корголгондугун жана имерилиш аркылуу орой келип чабуул коюуну жактырды. Ал жанындагы жоокерлерге бир нерсени айтып жатты. Чабагандар аттарын тыз коюп чаап кетти. Чабуул бетме-бет келген жак-

тан башталбай башка тараптан башталып, монголдордун жоокерлери ошол жерден жарып кирип катуу чабуулду баштап жатты. Туматтардын жоокерлери бат эле алсырап ары карай кача баштады. Душмандардын алсызданып калганын билип, хан күчтү ошол жакка топтоп, чабуулду баштап коргонуусу уюштурду. Хандын ачыгып калган жоокерлери туматтарды майкандап, кара сүргүн, кызыл кыргынды баштап кирди. Бирок туматтын жоокерлери колунан келишинче каршылык кылып, ошенткен менен алдырып жибергени белгилүү болду. Күчтүү Жучунин колу бат эле туматтарды кызыл кыргын, кара сүргүн кылып майкандап таштады. Туматтар такыр эле баш көтөрө албай калып, алардын жерине каран түн түшүп, ат өлүгү тоо, эр өлүгү боо болду. Курган туматтар мындай кырылган жок эле. Алардын ыйык желеги тепселип жерде калып, ошол эл жашаган аймакта карга, кузгун карк-курк этип учуп жүрдү.

Жучу Баргулдун кунун кууп, эми калган урууларга кол сала баштады. Каардаган Жучу Темүчүндүн буйругу боюнча кыргыздарга кол салып майкандап кирди. Алар токойлорго, ар кайсы жактарга качып жоголду. Жучу башка урууларга дагы кол салганы кетти. Ошондо Ырыскан аман калган кыргыз элин байыркы убакта жашаган «Теңир Тоого качкыла» деген осуятын айтып жатты.

Каардуу жоодон жок болуудан коркуп, кыргыздар душманга көрүнбөй кара жанын сактап калыш үчүн Теңир-Тоого карай тербип жөнөй башташты. Алар түн жүрүп, күн

жүрүп отуруп айрымдары ыйык тоого сапар тартып келишти. Бул кезде Чынгыз хандын жоокерлери бул жакка келе элек эле. Кыргыздар бул тарапты конуштап, өздөрүнүн тектеш урууларына жолугуп бир топ чыңалып алды. Бирок Чынгыз хандын баскынчы жоокерлери ушул аймакка да келеери шексиз эле. Алар жолдогу душмандарын талкалап отуруп, Теңир Тоого келаткан болчу. Ошол кезде кыргыздардын эң коркунучтуу душмандары калмактар болгон. Алар монголдордон качып Теңир Тоону ээлеп алууга аракет кылып жаткан.

Долон бий аскер өнөрүн билген мыкты уюштургуч сапаты бар эле. Душмандарга каршы ар кандай даядыкты көрүп жатты. Кыргыздар ошентип эки оттун ортосунда калды. Калмактардын жана келе жаткан монголдордун чабуулуна тушуга турган болду. Монголдор өтө ырайымсыз кан ичеер болгон алар кыргыздарды кылыч, найза курал жарак жасаттырып алар менен душмандарына каршы согушуп турган. Ошондой эле кыргыздардан жоокер курап аларды эң алдыңкы сапка тизип жоого каршы жиберген. Катуу согушта байкуш кыргыздар көп кырылып такыр бири калбай жок болгон учур да кездешкен. Ошол үчүн монголдордон такыр күдөр үзүп, аларга кыргыздардын дити агарбай калган.

## ЧЫНГЫЗ ХАНДЫН ТҮПКҮ ТЕГИ КЫРГЫЗБЫ

Жапыз тоонун түшө калышынан бери шиберлүү аймак созулуп, чөбү чыктуу келип малга тоюттуу ушул жерди Эрке Харанын боз үйү андан башка тайшит урусунун адамдары

жанаша конгон. Булардын ичинен байы эле ушул Эрке Хара. Анын көптөгөн төрт түлүк кой, эчки, уй, өгүз, жылкы жада калса, бийик тоолордо сан жеткис топоздору жайнап жайылат. Бул жердегилер Эрке Харага баш ийет. Анын бир канча кул-кутандары бар. Аймакта көптөгөн адамдар жашап, алардын арасында Борчунун үй-бүлөсү да бар. Ал сөөк-саактуу боюу узун далдагай адам. Анын ата-бабасы көптөн бери ушул жерди конуштап мергенчилик кылып келатат. Анын кой көздүү кара каштуу бир-бирине оп-окшош үч баласы бар. Борчу малга аттын кылынан чылбыр эшип жатканда ага аялы Аймарал айтты:

– Дайым эле эркек балалуу болдук. Эмки наристебиз мага кол кабыш кылгандай кыз болсо экен.

Анын айта турган жөнү бар болучу. Кайын энеси улгайып каруу күчтөн тайып калды. Ал эми Борчунун биринчи аялы мындан эки жыл мурун төрөттөн ооруп дүйнөдөн кайтып, үй-бүлөнүн түйшүгү казан-аяк иштери жалаң Аймаралдын колунда калды. Анын үстүнө үч баласын өтө жакын жүйүр төрөп аларды чоңойтуу да азап болгон.

Акырындык менен мезгил жылып жатты. Борчу түйшүктүү адам аңчылык менен шуулданып, үй-бүлөсүн багыш үчүн жер кезип, тоо-талааны аралап жүргөнү-жүргөн.Тамагын жалаң талаа-тоодон тапкан.

Бир жолу коңшу айылдагы атактуу Алтан төрө той берип жатыптыр деген каңшаар угулду. Ошондо Борчунун баласы Добун атасына айтты:

–Ата, Алтан төрө чоң той берип жатыптыр. Мен ошол жакка барып келейинби?

–Мейлиң балам, бирок этият бол меркит уруулурынын жигиттери келет деди эле, алар көрүп калса сени зыян кылбасын.

–Эцеге (ата) мен алардан коркпойм жаам бар эмеспи.

–Балам чеберде жааң менен бирөөн кырсыктатып саласың.

–Чебердейм, эцеге андай жерде жааны пайдалана билиш керек. Зыян болуп кетсе, жаман былтыркы керет уруусундагыдай чатак болот,-бала кадыр эсе чоң кишидей жооп берди.

–Анан жаа атышуу мелдешке катышам,эгерде жеңсем Алтан төрө мага чоң сыйлык береер.

Ошол күнү күн ачык болду. Өрүштө ыңкып жаткан мал. Аларды көзөмөлдөп жүргөн малчы балдар, кул-кутандар. Ар тарапка сайгактап качкан уйлар, аларды кайтарып жүргөн атчан адамдар. Өтөктө монголдордун аппак боз үйлөрү көрүнөт. Тээ берeги айлана берген урчукта шылдырап аккан кичинекей суунун жээгинде Алтан төрөнүн аппак боз үйлөрү. Конуштун айланасында байланган аттар ары-бери чапкылаган адамдар. Алар эшек, качыр, төө, өгүз минип кээ бир байлар арабачан келишти. Эл боз үйдүн жанында аппак дасторконго отуруп, чай, кымыз ичип, андан кийин эт жеп жатышат. Чоңурактары кымыздан тартылган арактан ичүүдө. Тээ дөңдө бир топ адамдар, алардын четинде төөнүн жүнүнөн жасалган чепкен кийип, карышкыр көл-

дөлөңдүн үстүндө улигерчи (жомокчу) ата бабасы жөнүндө дастан айтканы ээ бир сонун керемет. Улигерчиге чоң атасы ушул дастанды айтып берген. Бул жерге келген Добун быштысынын тизгинин түрүп коё берип, жомокчунун жанына барып, сөзүн тыңшап калды. Дастанчы баланы өтө таң калтырды, анын ак сакалы белине жетип, ак каштары калың тартып, чап жаак экен. Ал байыркы дөө-шаалар, желмогуздар, баатырлар жөнүндө укмуштуу окуялардан жомок курап айтып, колун ары бир жаңсап, бери бир жаңсап, башка бир жакка обого учуп кетчүдөй куш сыяктуу сезилет. Анын айткан баянын жөн эле татканып угасың, сөздөр өзүнөн-өзү куралып ыр сыяктуу кереметтүү туюлат. Мындай сыйкырдуу жомоктор бул дүйнөдө жоктой же жарала электей сезилет.

Ал Алтын каган жөнүндө баян айтты. Аңгемеде монгол баатырлары Тибет башчыларын жана тангуттарды кантип сүрүп чыкканын айтканы бир укмуш. Ушул кезде улигерчи кыраакы адам окшойт, бала Добунга:

– Эй,балам, сен, жомок угам деп тамак ичпей ачка калдың бар тамактанып кел!

Бала жаасын колуна кармап чуркаган тейден түзөңдөгү дасторконго келип отурган. Ага чай, кымыз берип анан койдун жана суурдун майлуу этинен чоң табакка салып берген. Ошондо энеси Аймаралга окшош ак жүздүү аял:

– Тойдуңбу жаш каган майлуу эттен дагы жей түшсөңчү,-деп тамашалап ырайлуу карап, бала уялбай эле:

– Дагы эт барбы? – канча кылса да этти көп жеген мерген-

чинин баласы эмеспи жанагы энесине окшош аял ага ичеги карын жана чоң койдун кичине мүлжүлгөн жамбаш сөөгүн алып келип берген. Добун кадыр эсе эркектерче чөнтөгүндөгү бычагын алып жамбаш сөөктүн этин калтырбай мүлжүйт. Тамак жеп жатып, керемет жомок айткан улигерчи отурган дөбөнү улам-улам карап коёт. Ал жерде эч ким жок экен. Баары жомок угуп тарап кетишиптир. Тиги түзөңдө той кызуу өтүп балбан күрөш жүрүп жатыптыр. Эки чоң семиз адам белинен өйдө жылаңач болуп күрөшүп жатат. Тойду акылман белгилер башкарып жүрүшөт. Мына тайшиттердин бир балбаны күрөшкөнү чыкты. Эки балбан бири-бирин жыга албай букадай челишип жатат. Экөө тең оңой эмес экен. Акыры кермураттын балбаны тайшиттерин балбанын көтөрүп чаап, аны эл кыйкырып сүрөп жатат. Тойдо жаа атуу мөрөйү башталып, ким узун карагайдын башында илинген чымчыкты алыстан атып алса, сый катары эки кой берилмек. Жаачылар четтен туруп жакшылап эле атып жатышты бирок, бирөө да тийгизе албады. Анан мергенчилер эки жаат болуп аткылап киришти. Ошондо Добун өзүнүн уруусу менен жаа атуу мөрөйүнө кошулуп бак башындагы алакандай чымчыкты атып алышкан. Топту башкарган узун бойлуу эжигейдей сары башчы мерген баланы ийинден таптап:

– Мына сен дагы биздин уруунун мергендеринин катарына кошулдуң,-деп куттуктаган.

Добун сүйүнүп, жаасын кайа-кайра өпкүлөп, атам сыяктуу мен да чоң мерген болуп, үйдөгүлөрдү кор кылбай ба-

гып алам деп өзүнө-өзү кайра-кайра ант берген. Ошол тойдо элге аралашып жүрүп Корултай мергендин кызы Алан-Коого жолугат. Кыздын боюу узун мойну койкоюп, бети сепкил тарта караган жанды өзүнө тартат. Добун ошол кызды тымызын сүйүп калды. Алан-Коо кыздардан бөлүнүп баланын жанына басып келет. Экөөнүн көздөрү бири-бирине чагылып сүйүү элесин берди. Бала кызга,-Жаамы алгын ,-дейт.

Кыз:

– Сага дагы жаа керек,өзүмүн жаам бер,-деген

Кыз өзүнүн ата-жотосун Добунга аңгемелеп айтып берген. Экөө аман болсок дагы жолугабыз деп ажырашты.

Ошондо эле булардын тагдырын кудай бириктиргендей болгон.

Салтанат шаанисы жай бүтүп, тойго келгендер жай-жайына тараган. Добун тойдон кийин өзүнүн кер быштысын табай албай бушайман болду. Бала жаасын кармап, токтобой ары бир чуркап, бери бир чуркап, эч бир жерде кер быштысын таба албады. Акыры айласы кеткен Добун Алтан төрөнүн жигиттерине кер быштысын жоготуп ийдим деп даттана кайрылган.

Кара тоголок жигит:

– Кеч болуп калды үйүңө бара бер кер быштыңы тапсам байлап коём,-деген.

Добун чуркап отуруп өзүнүн боз үйүнө эл орунга отурганда араң жеткен. Бул кезде,-Балабыз эмне болду,-деп атасы Борчу энеси Аймарал айыл четинде жолдун айрылышында-

гы чоң кара таштын жанында күтүп жаткан экен. Алар алыстан сербеңдеп чуркап келаткан карааңды көрүшүп:-Биздин бала экен,-деп сүйүнүшкөн.

Борчунун жини келип, аны Аймарал тыйып:

– Баланы көп жемелебечи ансыз деле айыптуу болуп келатат.

Борчу аялынын сөзүн угуп жумшарат.

– Балам, кер быштың кана?-деди бору ооруп.

– Эцеге(ата)мен аны чылбырын түрүп оттосун,-деп коё бергем, той бүткөндөн кийин карасам эле жок таппай калдым.

Айрмарал эне эки ортону жумшартып:

– Эчтеке эмес уулум эртең атаң барып таап келет. Жоголбой жүрчү быштыы беле бир жерде оттоп жүргөндүр. Уулум эл көп болдубу?

– Ооба эне, Алтандын тойуна адамдар көп келди, сакалы белине жеткен улугерчи карыя жомок айтып, балбан күрөш, жаа атыш ар түрлүү оюндар көп болду,-деп бала көргөн-билгенин кобурап жатты.

– Сен жаа атыш ойнуна катышкан жоксуңбу? Мергенчинин уулу эмесиңби?

– Катыштым, ата эки ууру, эки жаат болуп атышты, биз атып кетип жеңишке жеттик.

– Мергенчинин уулу мергенчи болот,-деп сүйүнүп айтты,-Аймарал эне баласынын ийгилигине жетине албай сыймыктанып.

Анан бала менен энеси шыбырап сүйлөшүп калышты.

– Эне мен Алтанды көрдүм ал чокчо сакал койдурган чоң адам тура.

– Ооба ал бай жана төрө эмеспи.

– Эне ошол айылда Корултай деген мерген бар экен. Анын Баргужин-Коо деген аялы, алардын Алан-Коо деген кызы бар тура.

Энеси таң кала:

– Анан ал эмне экен?

– Ал аябай сулуу экен.

Энеси жүрөгү жибип, күлүп жиберди жетине албай:

– Менин уулум тойго барып, өзүмө келин таап келген го,- деп сүйүнө айтты.

– Ошону менен тааныштым.

– Таанышканың жакшы уулум көрүнгөн тоонун ыраагы жок аны биз келин кылып алабыз.

Береги Борчу мергендин баласы бир тойдо тагдыр буйруп, Корултай мергендин кызы Алан-Коо деген сулуу кыз менен таанышып калыптыр.

Борчу аялы Догулан экөө өз турмуштарын өткөрүп жатышты. Борчу түндүктөгү токойдун арасынан ар кандай илбеесин кармап аң терилерин даярдаган мерген. Терилерди ашатып ийлеп, бүтүп жаасын асынып, жылуу кийинип аң улоого жөнөдү. Аны ээрчип Добун жөнөөчү ошондонбу ал кайсы жерде аң болот аны кандай кылып, атыш керек кыскасы ата кесибин мыкты өздөштүргөн. Баралына жеткенде эң мык-

ты мерген болчудай. Борчу ушул чөлкөмдөгү жөндөмдүү аңчылардын бири. Ал жер өңүтүн коёндун жатагына чейин билген.

Добун Корултайдын баласы менен достошуп алды. Анын максаты Алан-Коо менен сүйлөшүп жакындоо болчу. Анан закымдап мезгил өтүп, жаштар бойго жетишти. Бирок кызы төрөлгөндө эле башка бирөөнө кудалап, анча мынча мал алып койгон эле. Анын кудалаган жери Эрке Харанын таякелеринин уулу Кубулай деген бала болчу.

Алан Коо атасы менен энесине айткан:

– Мен ага турмушка чыкпайм.

Анткени ал Борчунун баласы Добунду жакшы көрүп калбадыбы. Добун узун бойлуу, шадылуу келип, ак жуумал улан эле.

Бир күнү булак жанында Алан-Коо Добун менен сүйлөшүп жатып айтты:

– Сен мени бат эле ала качып кетпейсиңби же, болбосо атам кудалаган жерге берген жатат.

Корултай кызын антташкан жерге бермек болгон. Бирок Добун Алан-Коону эл жатаарда келишкен кер жорго менен келип үйүнө ала качып кеткен.

Ал мезгилде айлана суук тартып, соккон шамалга калың чийлер бетеге башка өсүмдүктөр кыймыл жасашып желге термелишет. Булуттар батыштан чыгышка карай сапар улашкан.

Корултай кызынын кайда кеткенин билбей калды. Добун-

дан шек санабады ал жөн эле жолдош деп ойлогон.

Бирок энеси Баркужин Коо билчү. Энеси да бул баланы жакшы көрүп жактырган.

Мерген жолду карап жалгыз аттын изин кууп жүрүп отуруп, бир нерседен шектендиби же, өзүнүн иши менен бир тарапка кеткен го деп божомолдоду.

Акыры баланын атасы Борчу эки жолдошун ээрчитип Корултайдын үйүнө келип түштү.

– Ууру болуп калдык кудалар көп күнөөбүздү аздай көрүп кечиргиле- деп, башын ийип саландатып,-Алам десең баш мына,-деп айыптуу болуп турду.

Анан эле токтоно албай Корултайдын аялы аюудай болуп чамынып айтты:

– Анын кудалаган жери бар эмес беле, эми карыздан кантип кутулабыз?

– Мен аны кайдан билем, эки бала бирин-бири жактырып калыптыр.

Кыздын атасы ээ-жаа бербей каардана:

– Кызымы алып келгиле анан көрөлү,-деди.Жигиттер аттарын кара жолдо чапкылап баратат. Аларды иттер үрүп кубалашат. Куугунчулар бат эле селкини алып келишти.

Ошондо кыз көзүнө жаш алып кайгыра:

– Энеке, мен биздин үйгө келип жүргөн Добун мергенди жакшы көрүп калгам. Кыздын ата-энеси баласын ыйлаткысы келбей анын эрки менен калышты.

Ушул баян ушул бойдон калган жок.

Адегенде шарт боюнча эки куда сүйлөшүп сөз бекитишип туугандарды чакырып той беришти. Анан кийин мурунку кудалаган жердин карызынан ашыгы менен мал берип кутулушту. Жана Алан-Коо деген сулуу Добун мергенге турмушка чыгып бактылуу жашап калат. Ошентип эки жаштын тагдырын байлык эмес таза сүйүү чечти. Ал көзгө атаар мерген эле. Тоонун кайберендерин атып келип, өз жашоолорун өткөрүп жатышты. Алардын бактысы тоонун назык гүлүндөй болуп шоодур кагып, жаз желине жанданып, учкул өмүрү тоо шапатасына бой салып ыргалат. Экөөнүн бактысы чыгышта нур чачып жанаша турган кош жылдыздай болгон. Эки жаш эң туура табышып, улуу тоо-талаада назик сүйүүнүн гүлү ачылып жаткан сыяктанып көрүнгөн. Алар үйлөнгөнүнө эки жыл болот дегенде эркек балалуу болушту. Анан бир жыл өтүп дагы бир уулду болуп ого бетер сүйүнүштү. Добун мерген менен Алан-Коо сулуунун сүйүнгөнүн айтпа. Балдарыбыз аман эсен чоңойсо, деген жакшы сонун тилеги болгон. Баарынан да эки эркек уулдун Добун мергенге окшоштугун айтпайсыңарбы. Алардын өзүнө окшоштуруп, мерген аябай кубанып тагдырына ыраазы болгон.

Ата ошого жетине албай Алан-Коонун сыйын сүйөт. Тынч албаган Добун ар дайыма аңчылыкта жүрсө, ал эми аял эки баланы багып үй-тиричилиги менен алек.

Ошол жылы жаз илеби эрте байкалып, улуу Гоби чөлүнөн жылуу илеп жете келип, жер тоңу кетип, топуракка жылымык келип, күңгөйдөгү тоонун кары эртелей эрип, тентек

суунун үстүндөгү муздар шар агымдын эпкини менен ылдый карай агыла баштады. Кыштын ызгаардуу суугу эчак эле кайтып жер жылымдап,айрым суутан далдаа жерге көк чөп өнүмдөп кылтайа башбагат. Түштүктөн куштар учуп келип, канат кага күңгөй жылымык тарапта,учуп-конуп көкөлөй торгой куштун сайраганы анда-миында чыгып, айлана бир керемет сыяктанат.

Адамдардын баардыгы жаздын эрте келгенине кубанышты. Жаз келсе тиричилик жанданып,бирин-экин мал төлдөп адамдар сүт, ууз айран ичип быйылкы жылдын эрте келген напсисин татмак.

Ошол күндөрдүн биринде айылдын ары жагында Кара тоо деген зоо бар эле. Анын башын көк жалтаң аска, кар мөңгү мекендеп, тоодон бери түркүн дары чөптөр өсүп, аскасында улар кушу мекендөөчү. Куштардын түнөгүн Добун мерген билчү .Анын эти кандай дары, кандай даамдуу жана жумшак. Ал кылтак тартып улар кармап келүүнү көздөп, өрүлгөн желени алып, аңчылыкка даярдана баштады. Ошондо аялы көңүлү чөгө, бушайман боло:

– Добун ардагым, эмнегендир жүрөгүм уйгу-туйгу болуп тынч албай жатат. Ал жакка барбачы анын үстүнө күн бүркөө түндүктөн удургуп басылбай шамал согобаштады.

Бирок күйөөсү болбоду.

– Эки бала ачка болотко Кара тоонун үстүндөгү аскага улар кушу жылына мекендейт, желе тартсам эле алар түшөт, бат эле келем,-деди болбой.

Алан-Коо бир эсе балдарды, бир эсе турмушту ойлоп, «Мейли эми бат эле кел»,-деп макулдугун берген.

Добун мерген кадамын бат-бат шилтеп, Кара тоо жакка багыт алган. Аңчы кой терисинен шырылган ичикчен, топоздун терисинен тигилген тумакчан узун карааны тээ алыстап, урчукту айлана берип көрүнбөй калган…Эмнегендир тынсыздандыбы жээ үйүнүн карааны жакшы көрүнүп кеттиби, эки-үч жолу бурулуп артын карап койду.Боз үйүнүн жанында Алан-Коо эки баласы менен күйөөсүнүн узата тиктеген. Балдардын жанында Ала мойнок күчүк ойноп жаткан. Дөңдүн далдаасына киреерде мерген артын кылчактай карады дагы эле Алан-Коо эки баласы менен күйөөсүн карап турган экен. Добун мергендин жүрөгү бир нерсени сезип уйгу-туйгуланат. «Кайра үйгө кете берсемби» деди. «Бирок болбойт мынча болду үйдөн чыкпай эле койсом болмок», ал кетип баратып аялына айткан кебин эстеди.

– Ардагым, сүйүктүүм ата-бабам аңчылык кылып келген жер. Бул аймактын сырын коёндун жатагына чейин белем. Камтама болбо, бат эле келем. Андан көрө ысык тамагың болсо, даярдап кой ,-деген.

Ошол күнү кечинде басылбай согуп, шамал улам күч ала берди. Анан бирин-экин жылдыз чыгып, түн акырын көшүлүп кирип келген.

Бир күн өттү. Эртеси деле күн ачылбай айлана сургут тартып, шамал согуп турду. Сапар улап дагы бир күн өттү. Добун мерген келбеди. Алан-Коо балдары менен Кара тоо та-

рапты телмирип карап турат. Айрыкча эки баласы:

– Атам качан келет,-деп энесинин тынчын алды.

Айласы кеткен аял:

– Атаңар келет шашпагыла, ал кармалып жатса керек,-дейт.

Анан күйөөсүнүн аңчылыкка кетип келбей калганын Добундун туугандарына айтты.Адамдар ат минип чабагандап чер токойду, тоодогу аңчылык кылган жерди аңтарып-теңтерип карап чыгышты. Акыры чабагандар асканын бетине карга-кузугун айланып турганын көрүп, жогору Кайкы өткөкө чыгып барышса, Добун мерген аскадан кулап түшүп, башы ташка тийип, түбөлүк уйкуга кеткен денесин табышты. Адамдардын айтымында Добун мерген асканын башында уларга желе тартып жатканда ашуу тараптан катуу куюн башталып, кулап башы менен урчук ташка тийип, жарадар болуп, алы кетип, тура албай калган шекилденет.

Добун мерген буту-колун тартып, бүрүшүп жатып калыптыр. Анан суука чыдай албай байкушум жан берген шекилденет. Атчан келген чабагандар сөөктү аскадан түшүрүп, алдына өңөрүп үйүнө алып келатышты. Чабагандар чаап келип, суук кабарды Алан-Коого угузушту. Ак жуумал тарткан эстүү аялө өзүн жоготуп дендароо болуп, кайгыга бөлөнүп, жашын төгүп-төгүп ыйлап жатты. Аны үйгө алып кирип, бети-колун жууп айрандан чалап ичиришти. Жесир аял эсине келип-келбей:

–Жөлөгүмөн айрылдымбы, аны такыр көрбөй калдым-

бы,эми балдарды ким багат,-деди муңга батып армандана шурудай жашын тамчылата буркурап.

–Бул да болсо, тагдырдын иши кайраттан,-деп аны кармап турган аялдар сооротуп жатты.

Ошентип эки балалуу ак жуумал аял тагдырдын буйругу менен жесир кала берди.

## МААЛИК ТЕКСИЗ КУЛДУН БАЯНЫ

Ошол мезгилде кыргыздар Эне Сай өзөнүнүн жанында Миң Суу деген жерде аңчылык жана мал багуу менен жашоосун өткөрүп жатышты. Бул аймакта кыргыздардын бир канча уруусу бар эле. Кыргыздарды башка элдер шибелер, же токой адамдары деп аташкан.Токой адамдары кайраттуу тартып, суукка чыдамдуу эле. Шибелер эт жеп, малдын сүтүн ичип, айрыкча бээнин сүтүн ачытып кымыз кылып азыктанышкан. Кыргыздар Кара тоодон темир казып, эритип найза, жалаңдаган курч кылыч, темир калкан менен куралданып оңой менен жеңилбеген жоокер эл болгон. Алардын асмандан түшкөн таштан (метеориттен) жасалган кылыч, калкандары жалаңдап өтө курч болгон. Аларды кымбат баалуу буюмдарга гана алмашкан. Куралдардын жасалышын катуу сыр кылып башка элдерге такыр айтпаган.

Алардын бойлору бийик сары чачтуу, сары жүздүү жана көздөрү көк эле. Эркектери сөйкө тагынып кооздонуп алышкан. Токойу жок күнөс жерге таруу, арпа, буудай эгишчү. Байлары кыз алганда калыңды көп төлөшкөн. Шибелер

кытайдын соодагерлери менен байма-бай байланышып аларга аң терилерин берип, башка бир керектүү буюм менен алмашып алып турушкан. Шибелердин колдорунда найза, ай далыда жаадан коргонуучу калкан, башында ок тосуучу шуңшуйган тулга, сол капталында кылыч салмактуу чоң жаа, шыгырылган жебелер батырылган саадак. Ошол шибелерди Ажо башкарып турган. Анын туугандары өтө бай болуп, Миң Суу өзөнүн жана улуу дайра (Улуу кем) Эне Сайдынжээгинде жашоосун өткөрүп турушкан. Ушул журтта Уткул деген адам болуп, анын эки баласы аялы жана көптөгөн малы болгон. Уткулдун Маалик деген алп узун бойлуу, өңү сары жездей сап сары уулу бар эле. Ажонун жакын туугандары Уткулдун байлыгын көрө албай жигиттерин жиберген. Анткени каардуу Ажо менен кармашкысы келбейт. Себеби, анын колунда бийилик жана тандамал жоокерлери болгон. Ошентип Ажолуктар Уткул байдын малын уурдап ага тынчтык бербей койду. Ошондо Уткулдун уулу Маалик намыздана баштады. Ал Ажону жок кылып же анын малын уурдап, өз намызын алгысы келет. Атасы муну билип:

– Уулум кой, шайтандын куйругун баспа, бир балакетке калбайлы. Ал кекчил эч нерсеге көнбөгөн таш боор пенде Уткул туура айтты. Ажо эң эле каардуу эч кимди аябаган пенде болчу. Бул жердеги уруулардын өзүнчө закону бар. Эгер ууру кылып элге-журтка тынчтык бербей койсо, аны өлтүрүп, баш сөөгүн атасынын же бир туугандарынын мойнуна тагып коёт. Бул эң каардуу закон. Анын бети курусун

кудай бербесин. Ал бир канча жыл уурунун сөөгүн мойнуна тагып жүрүп азапка батат. Кыргызда бир канча адам ошондой болуп жүрөт. Уткул карыя ошону ойлоп санаасы санга бөлүнүп, эгер Маалик ошондой тагдырга жолугуп калса эмне болот. Ата баласына көп жолу эскертти. Бирок баласы болбой эле уурулугун уланта берди. Ошол күнү Маалик бир нерсени ойлоп турду. Ажонун миң булак өзөнүндө жыйырма үйүрлүү жылкысы болгон. Ал эмнегендир жаны жай албай тынчы кетип, ала күүгүм кезде Ала туяк атын минип келатты. Ал Ажонун жылкыларына жакындап, бир жылкычыга чалма ыргытып кармап күч менен күргүчтөтө коого карай сүйрөдү. Ошол кезде адамдын арасында жашынып жаткан үч жигит чапкан тейден барып, Мааликти колго түшүрүп алууга аракет кылды. Маалик ойлонду булар үчөө эле экен аларды жеңүүгө болот деди. Үч жылкычы Мааликти аттан сүйрөп түшүп, колу бутун таңууга аракеттенмей болду. Ууру койнундагы токмогун алып чыгып эки жылкычыны башка берип-берип калды. Катуу нерсенин уусубу жылкычылар ошол жерден аттан торок кулап түшүп жан берди. Эми бир жылкычыны оңой эле жеңмек, сааттай болуп, ары жактан дагы төрт жылкычы аттарын сороктотуп чаап келип ууруга аргамжы ыргытып мойнун муундура тарта жерге түшүрүп буту колун байлап, Ажонун үйүнө алып келип жыгач үйгө камап салышты. Баарынан ууруга эки жигиттин өлгөнү жаман болбодубу. Кыргыздар ууруларды өтө катаалдык менен жасалоочу. Ажо ойлонуп жатты муну эмне кылсак өлтүрүп

баш сөөгүн атасынын мойнуна тагып койсок кандай болот. Бирок бул ойдон баш тартты. Уткулдун туугандары кекчил бир балакет кылбасын деп кайта өзү чыгарган бүтүмүнөн баш тартты. Ошондо аны бөтөн жактан келген кербендерге энчилеп сатып ийгиси келди. Ал ушул ойду тапканына аябай сүйүндү. Ырас эле ыраака кетсе, өзүнө жакшы болмок. Өлтүргөндөн көрө жер үстүндө жашап жүрмөк. Ошонусу да чоң бакыт, соодагерлерге берип, бир душмандан кутулганы оң. Бул жерде жүрсө баары бир бизге тынчтык бербейт. Көп өтпөй Кытайдан кербен келди. Алар чай, кашык, чыны, жибек дагы толгон буюмдарды алып келишти. Кыргыздар соодагерлер менен алака түзүп буюмдарын аң терилери менен алмашып жатышты. Эртеси ак сакалдар чогулуп Маалик ууру жөнүндө сүйлөшүп жатышты.

– Муну башка элге берип жиберели антпесек уурулугун койбойт.Бизге кекенип калды жана баарыбызга тынчтык бербейт.

– Көптөн бери бизге зыян кылып келатат.

Карыялар ууруну Кытайдын соодагерлерине сатып, жиберели деп чечишти. Алар соодагерлер менен сүйлөшүп эки тарап макул болушту.

– Бул өтө карылуу күчтүү адам чебердегиле качып кетпесин.

– Качырбайбыз муну императоргго белек катары тапшырабыз.

Бирөө күлүп айтты:

– Бул кул императордун аялы менен байланыш түзүп алса, кантебиз кайра өзүбүздү өлтүрбөйбү. Мындан сап-сары кылып, көп бала тууп жүрбөсүн. Баардыгы күлүп калышты.

– Император эмне келесоо бекен бычып салат да,кайрадан күлкү аралады.

Тагдырыбы кыргыз Маалик кытай соодагерлери менен кетип баратты.Ал акыркы жолу өзү өскөн токойду, сууну, түтүн булап жаткан өзүнүн боз үйүн аянычтуу карады. «Бул жакка келеер бекем же келбей каламбы?» Анын каңырыгы түтөп баратат, кайгысы күчөп баратат. Туткун төө үстүндө кетип баратып бир ыр эсине келди:

Кагылайын туулган жерим кош болгун,

Карагай,кайың менин ыйык досторум.

Кийинки учурда өзүнүн тагдырын ушундай оор болоорун сезип,билип жүргөн.Ага аялы айткан:

– Маалике сен уурулукту токтотсоң.

– Мен уурулук кылганым жок, алар атамын малын алып бербей жатат. Ошондуктан күрөштүм.

– Күрөшкөн менен аягы кандай болду.

– Сага аз уруусунун адамдары тиш кайрап жүрөт, колго түшсөң өлтүрүп бир балакет кылышпасын.

Ага кошулуп энеси да көзүнүн жашын көлдөтүп акыл айтты:

– Балам,чебердечи кийинки учурда Ажого каршы иштерди жүргүзүп жатасың, анын аягы жаман болбосун.

– Энеке,мен кайраттуу адаммын оңой менен колго тү-

шпөйм жана ууру кылган жокмун. Ажонун адамдары атамын малын тартып алып, бизди кордоп жаман сөз айткан. Ошол үчүн күрөшүп жатам. Энесининин айтканына Маалик көнбөй койбодубу акыры ушул көрүнүшкө барып такалды. Аны кытай соодагерлери элүү чай, толгон чыны, чайнек жана шайы жибекке алмашты.

Тексиз кул төө үстүндө колу байланып, кытай соодагерлери менен кетип баратат. Туулган жери артта калып, ал эми убакыт закымдап өтүп жатат. Өз жерине болгон сүйүүсүн Маалик кичинекей жүрөгүнө салып кетип баратат. Анын артта калган өмүрү мунарыкка сиңип кеткендей болуп, ал жакта калган өмүрү белгисиз аянычтуу арманга батат. Кербен жай жылып кетип баратат. Кербен үстүндө эрксиз кул Маалик кетип баратат. Анын атасы, тууганадары, балдары, жары чыркырап ыйлап узатышты. Мааликтин туугандары кербенге кол салбасын, деп Ажонун тандамал жоокерлери жүргүнчүлөрдү узатып баратат.

Маалик арт жакты карады. Көзүнөн эки тамчы жаш кулап түшүп, жүрөгү туйлап, оюнан төмөндөгүдөй ыр жаралды:

Кош болгунуң киндик каным тамган жер,
Жакшы кал, ата бабам өскөн жер.
Жээ келеермин же,болбосо келбесмин,
Келбей калсам нечен ирет эстеермин.

Тексиз кул төө үстүндө кытай соодагерлери менен кетип баратат. Кербен узап баратат, мезгил да узап баратат. Анын мээсине бир ой келет. «Келеминби же келбейминби?» Анын

жүрөгүнөн бир кыл үзүлүп кеткендей болду. Ал кыл эмне экенин өзү да билбейт. Түбөлүк үзүлдүбү же бир азга эле элеби? Ал жип туулган жерге болгон ыйык сүйүүсү эле. Анын киндиги туулган жер менен байланышкан эмес беле. Анын бир аз алакандай өмүрү ушул токойлуу аймакта, улуу Эне Сай дарыясынын боюнда закымдап көзгө илешпей өттү. Жүрөгүндө кеткис болуп сакталган ошол байлыкты канткенде унутуп, канткенде эсинен чыгарат. Жана ата-энесин жандай көрчү эки баласы, сүйгөн жарычы. Ушуларды таштап төө үстүндө эрксиз кул болуп кетип баратпайбы. Ата-журт туулган жерин көрбөй андан бир жолу алыстап кетеби? Анын жүрөгүнөн бир аялуу нерсе туулган жерге өзү өскөн айлына калгандай болгон. Ал ыйк нерсе эмне эле? Ата Журт ажарыбы? Ошол ыйык нерсени өмүр боюу көрбөй калабы? Дагы ойлонду ушундан көрө өлүм менен көргө узатса жакшы болот беле? Ал бурулуп артын карады.Артында жайык талаалар, шыңга бойлуу бийик карагайлар. Алардын шамалда гүү-гүү эткен түгөнбөс үндөрү, куштардын сайраганы, улуу дайранын доошу, аска-зоону айланып учкан алгыр бүркүт баары-баары артта калып жатты. Баарын-баарын кайра көргүсү келди. Буларды кантип таштайт, ушинтип эле эрксиз кул болуп кете береби? Ал артын улам-улам,кылчак-кылчак карады.Тээ алыста туулган жери калып жатат. Тигинде бийик дөбөдө атчан адамдар: алар атасы-энеси, бир тууғандары, энесинин сызыла боздоп ыйлаганы, атасынын аяныччтуу тиштенип турганы көз алдынан кетпейт. Аялынын бал-

дарынын атакелеп ыйлаганычы. Ал артын улам-улам, кылчак-кылчак карайт. Кытай соодагерлери да ошону түшүнүп аны аяды. Жаштыгын аяды. Аны жырткыч жаныбарлардай байлап бараткандай сезилди. Анын айлы мунарыкка сиңип кеткендей болот. Сиңип кетти. Төө үстүндө көп нерселерди ойлоп баратат. Тээ артта жайнап турган сезими. Артта калган балалыгы. Ал кулап түшүп ташка айланып жок нерсеге айланабы? Тексиз кул төө үстүндө кытай соодагерлери менен кетип баратат. Кербен жылып баратат, тексиз кул да кетип баратат. Ал өзүнүн туулган жерин артка таштап кетип баратат. Артын карады көз жеткис мунарык өзүнө тааныш эмес жерлер, тааныш эмес тагдырлар. Кербен жайык талаа менен кээде токойлорду аралап, кээде ачык талаа менен жүрүп отурду. Көп жер басып, суу кечип, ашуу ашып, аркайган эчен бел басып, акыры алар монгол жери менен баратты. Маалик соодагерлердин тилин, дилин такыр түшүнбөдү. Тагдыр ушул экен эгер кичине эле мүнкүнчүлүк болсо качмак бирок кантип качат. Колу, бутуна чынжыр оролуп баратпайбы. Ал эмне болсо да, баарын кудайдын жазганын көрөөрмүн деп кетип баратты. Соодагерлер Монгол жериндеги тайшит уруусунун аймагын аралай келип калды. Ошондо тайшит уруусунун аксакалы Камбагай айтып калды:

– Бул чөөдөй сары адамыңар көрүнүшү боюнча өтө күчтүү акылдуу сезилет. Бизге таштап кетпейсиңерби. Мекени алыс кете албастыр, жок дегенде кой кайтартып алалы, кытай адамдары эмне дээр экен,-деп тилмеч аркылуу кайры-

лып калды. Кытай соодагерлери сүйлөшүп, таштаар, таштабасын билгизбей арсар абалында калышты. Алар тынымсыз сүйлөшүп жатышты.

– Болуптур акысына эмне бересиңер. Бул өтө жаш жана кайраттуу. Анан күчтүү баардык жумушту аткара алат.

Камбагай эмне береерин билбей ойлонуп калды да,-Балким аң терилерин алаарсыңар.

– Ага деле алмашабыз түлкүнүн жана карышкырдын териси барбы?

– Бар карышкырдын анан эки түлкүнүн терисине алмашалы.

– Жок ал өтө аз.

– Анда беш карышкырдын, өн түлкүнүн жана он беш кундуздун, ошондой эле башка жаныбарлардын терисин бер.

Ошентип Камбагай бай кытай соодагерлери сураган аң терилерин ага кошуп үч күлүк атка жездей сары чачтуу Маликти алмашып алды. Береги кытай соодагерлери Монгол жеринен ары жөнөп кеткен экен.

Ал өзүнүн кожоюунуна жакшы кызмат кылып жүрдү. Аны бат эле эркиндикке коё беришти. Ал берилген иштин майын чыгара аткарып ошонусу менен жагып калды. Тексиз кул качып кетүүнү самады. «Мен киши өлтүрбөдүм беле,бир эмес экини кайра эле колго түшүп азап тартам го? Же алар мени өлтүрүп, салт боюнча менин башымы атама же инимин мойнуна тагып коёбу? Кой ушу жерге эле тура турайын деди. Калганын тагдырыман көрөөрмүн.»

Аңгыча эле үч-төрт жыл закымдап өтүп кетти. «Бирок азыр кеч күз. Жол өтө ыраак, жолдо дагы колго түшүп, же ит кушка жем болом» деп коркту. Бирин экин кыргыздар жолугуп калабы деп, жакшы санаа менен жүрдү. Ошол үчүн азырынча ушул жерде тура берүүнү самады. Ал абдан күчтүү жана боюу узун келишимдүү кайраттуу келип, тиктеген жандын көңүлүн өзүнө бурдуруп турчу. Камбагай байдын короо-короо коюу, үйүр-үйүр жылкылары жана келишимдүү жасалган үч-төрт арабасы болгон. Ушунча малды Маалик, Жигмид, Хорлоо, Даржа жана башкалар көз салып бакчу.

Маалик аял дегендде эки көзү төрт болгон. Анын келишимдүү денеси ургаачыны самап турган. Ал учурунда эки келин менен көңүл ачып жүрдү. Мааликке көп ургаачылар көз салып жүрчү. Бирок аны жигит көп элес алчу эмес. Анткени ал эрксиз кул болуп жатпайбы. Кул туулган жерин, аялын, балдарын сагынчу.

Камбагай бай жаш кезинде аягы суюк болуп кийин деле ошол жоругун койбоду. Ошондо Үржеңе күйөөсүнө айтты:

– Бай, аягы суюктугуңу койсоңчу, балдарың чоңоюп калды уят,-десе Камбагай каарданып: -Сенин эмне бирдемең кетип жатабы,керек болсо дагы бир аял алам дечү.

Ошону менен Үржеңенин жаагы жап болгон. Ал үшкүрүнө ойлонуп, эркектер болбойт экен жана жакын абысынына байдын сандаган жоруктарын айтты.

Абысыны:

– Аны эмне кыласың байдын денесин баштыкка салып ал-

мак белең,ал көнүп калган бычтырып эле салбасаң үйрөнгөн адатын таштабайт, андан көрө ага билдирбей көңүл ачып жыргап жүрө бербейсиңби,-деген.

Ошондо Үржеңе: «Ким менен көңүл ачам,-деп ойлонду.-Байдын аялы деп мага бирөө жолойбу» .Ал жаш кезинде алты-жети курдай ала жипти аттаган. Бул окуя өтө жаш кезинде болгон. Үржеңе абысынынын кебин эстеп дене боюу жибип жан кумары алоолонду. Кимдир бирөө менен айрыкча жаш дене менен көңүл ачкысы келет. Бирок ким менен анын үстүнө тамакты көп ичип такыр эле толмоч тартып кеткен. Бу куракта аны эч ким карабайт, ким карамак эле. Быякта кашын ирмем моймолжуган жаш келиндер турбайбы. Үржеңе абысынына айтты:

– Сүт толгон эмчектей болуп толуп турам мени ким карамак эле.

Абысыны аны аяп:

– Карайт караганда да эң сонун жигиттер көз артат,-деди тамашалап күлүп.

– Ой,койчу кантип эле,-деди ишеңкиребей

– Мен жардам берем күтүп жүрө бер,сенин да гүлдөөчү маалың келет сенин бул боюнча таштабайм. Экөө тең катар күлүп калышты.

Ошол сүйлөшкөндөн кийин убакыт көп өтпөй, бир күнү Камбагай бай балдары менен иши чыгып кайдадыр бир тарапка кыйла күнгө жөнөп кетти. Баягы абысыны күүгүм кирип эл орунга отурганда Үржеңенин боз үйүнө башбакты:

– Үржеңе кандай атың эле айтып турат, сен сулуу үрдүн кызысың сага кантип жигиттер ашык болбойт,-деди.

Экөө тең күлүп калышты.

Анан сүйлөшүп отуруп эт жеп, кымыз ичишти

Аббысыны:

– Сага жигит табылып, кудай берди,-деди Үржеңе күлүп.

– Кандайча жигит бар бекен,-өңү жаадырай түштү,-болбойт го.

– Болот болгондо да эң сонун болот.

– Бүгүн кечинде сага тээ береги чоң алачыктагы баатырды ээрчитип келем, күтүп ал,-деди дагы күлүп.

Кечинде абысыны Үржеңеге кыргыз Мааликке дегенди ээрчитип келди.

Маалик бул кезде Монголдордун айлында бир канча жыл туруп, тилди эчак эле үйрөнүп алардын салт санаасын жакшы өздөштүргөн. Анткени ал өтө сезимдүү адам болчу. Үчөө сүттөн тартылган аракты ичип эт жешти.

– Бул ишти үчөөбүздөн башка эч ким билбесин абысыны Мааликеге кайрылды.

– Эми ишиңерди бүткөрө бергиле,-деп күлүп кетип калды.

Үржеңе ойлонду кул эмне киши эмес бекен көңүл ачса ачабыз,-деди.

Үржеңе ургаачылык кылып Маалкке кылыктанып жатты. Алар аракты дагы ичишти. Күчтүү арак ичегини аралап кетип, экөөнүн кумар оту алоолонуп күчөйт. Дагы ичишти эр-

кектин кумары козголуп аялды кучактап төшөктүн үстүнө басып калды. Мааликке Үржеңени эмчегин бекем кармап, ак бетинен өбө баштады. Үржеңе «эмне кылсаң өзүң бил» деп тим койду. Алар ошентип ошол түнү бир жатышта. Эртеси Үржеңе дене боюу сергип желдей учуп калыптыр. Ал аягы суюк күйөөсүнүн жоктугуна кубанып:

– Мен эмне жаным жок бекен, мен дагы көңүл ачып жыргайм жана толгон эркектер менен жүрө берем. Бул кул болгон менен Камбагайдан аябай эле мыкты экен. Ургаачынын денесин жакшы жазат экен. Кумарым аябай тарады. Мен күйөөмөн өчүмү алдым,-деп жылмайган болду. Андан кийин бир канча жолу бир болушту. Аялдын кумары каnып эркекти жактырып калды. Күндөрдүн биринде Үржеңе Мааликке айтып калды:

– Сага дагы бир аял таап берейин.

– Мейли улам жаңысын таап берсең сонун болот эле.

Үржеңе таарынгансып:

– Анда мени таштап кетип калба.

– Сени кантип таштайм, көзүңү кысып койсоң эле даяр болуп жетип келем. Экөө тең күлүп калышты.

Үржеңе жылдыз толуп, эл оорунга отурган маалда кыргыз Мааликти жесир аял Алан-Коонун боз үйүнө ээрчитип келди. Алан-Коонун күйөөсү Добун мергендин дүйнөдөн кайтканына бир канча жыл болуп калган. Андан эки эркек бала калбады беле. Алан-Коо эркектерди көп карабай балдарын багыш үчүн көр тириликке аралашып кеткен. Маалик-

ти көрүп эмне кылаарын билбей калды. Анын денесин карылуу жигиттин тулкусу арбап алды. Экөөнүн дене кумары кандыруу күчү күндөн-күнгө улана берип токтогон жок. Ал андан бирди, анан экини, анан үч эркек баланы катары менен төрөдү. Бул көрүнүш көндүм иш болуп калган. Төрөлгөн балдарынын баары өңү, чачы жездей сары Мааликти тарткан эле. Мааликтин өңү жездей сап-сары киши эмес беле. Аялдар бул көрүнүштү билсе деле, Алан-Коодон аңкоолонуп сурап калышат:

– Алан-Коо айтчы күйөөң Добун небак эле өлбөдү беле сен каяктан, өңү, чачы көзү жездей сары балдарды тууп жатасың?

Анда Алан-Коо кебелбей?

– Ар жылы жайында ай чыкканда кереметтүү буурул түндө ак булут арасынан ачык кызыл нур түндүктөн түшүп, ал сары чачтуу, сары өңдүү жигитке айланып, мен кудайдын буйругу менен ошону жактырып, биригип койгомун, жесир болсом эмне кылам. Балдарым көбөйүп, колу-бутум узарып, монголдордун санын арбытайын.

Анда келиндер күлүп калышкан.

– Анысы жакшы экен ак булут боору ооруп биздин элдин саны арбысын дегени го? Ошол булутка айтып кой,бизге дагы сары чачтуу бала таштап кетсин деген.

Алан Коо кайра аларды какшыктап:

– Ал эмне ургаачылардын баарына эле сары чачтуу бала таштай бермек беле, ал миңдин бирине гана калтырат. Анын

балдары жана неберелери,чөбүрөлөрү келечекте касиеттүү адамдардан болот. Эл башкарган уулдардан, теңирден кийинкилерден болот.-деп оозунда сала бергендей айткан экен.

Келиндер ак булут эмес эле алтүндө эшикти аяр аттап кирип жүргөн адамды эчак эле билип алышкан.

Жаадыраган жаз күнү болчу. Алан-Коо балдарын карап алардын келечек тагдырын ойлоп турду. Беш бир бир тууган жумушту бат эле бүткөрүп ошондой эле алар өтө ынтымактуу бир-бирине боорукер тарткан. Кийинки үч баласынын көздөрү көк, өңү, чачы саргыч тартып турат. Акылдуу сулуу айым Алан-Коо бир нерсени ойлоп турду айыл-апада ооздору ачык жан жокпу булардын жаралган тегин айтып койсомбу деп ойлоду:

– Кимден төрөлдүңөр эле ата-тегиңер ким болот,-деп бейжай суроо берип балдардын көңүлүн кимдир бирөө иренжитип оорутпасын,-деп санаа чегип турду. Ошол үчүн алардын баарын боз үйдүн ичине чакырып, топ чыбыкты ар бирине бирден берип чыкты:

– Кана сындыргылачы,-деди.Балдар байланган топ чыбыкты бирөө дагы сындыра алган жок.

Анан акылдуу аял чыбыктарды тобунан жандырып ар бирине бирден карматып:

– Кана балдарым эми сындыргыла,-деди. Балдар чыбыктарды бат эле сындырып салышты. Анан Алан-Коо кебин айтып турду:

–Балдарым, улуу эки балам Добун мергендин уулу элеңер,

калган үчөөңөр түндүктөн түшкөн улуу Теңирим сары чачтуу, көк көздүү адамды жиберген атаңар өлүп мен бойдок элем ошону менен байланышкам, анан үчөөңөрдү төрөп алгам, силер канчалык көп болсоңор, душманга алдырбайсыңар жана чыбыктардай сынбас бекем болосуңар,-деп акылдуу кебин айткан экен ошол мезгилде. Балдар дагы энесинин оюуна кошулуптур. Бул окуя ушундай болгон. Аны бул китепти жазган автор оюунан чыгарган жок. Санжыра айткан абышкалар да тарыхты изилдеген окумуштуулар да ушундай уламаны билдиришет. Жана орустун улуу жазуучусу Исай Калашников жазган « Жестокий век» деген улуу чыгармада ушул баянды айта кеткен. Бул уламаны казактын чоң жазуучусу Ильяс Эсенберлин да бышыктап жазган. Ал эми уламанын чындыгын кудай билсе бир билет, аны көрүп билген адамдардын баарысынын көзү өтүп тиги дүйнөгө узап кеткен.

Темучин же, Чынгыз хандын атасы Есугей же кыргызча айтканда Тогузбай баатыр экен.Чоң атасы Бортан баатыр үчүнчү атасы, дагы Хабул хан, андан ары Тумбинай сечен дагы Бай-Шинкар Дакшин андан ары Хайду дагы Бодончар, Бодончардан тарагандын баардыгы чачтары сары, көк көздүүлөр болушкан. Чынгыз ханда ушул белгилер сакталып калган. Андан ары Маалик же, түпкү энеси акылдуу, сулуу аял Алан-Коого барып такалат. Муну уламачылар ушундай деп айтышкан.

Чынгыз хан ошол түпкү ата бабасы тартып же байыркы

кыргыздар Мааликеге окшошуп өңү, чачы,көзү жездей сары,узун бойлуу адам экен деп санжыра-уламаларда айтылат.

Темүчүндүн түпкү теги кыргызбы, бул жөнүндө улама санжыраларда ар кандай ойлор атылат. Анын түпкү урусу кыргыз болгон алар Иртыш, Энисей, Алтай тоолорунда жашап, кийин монголдошуп кеткен кыргыз уруулары болгон дешет.

А дагы бирлери Есугей баатыр өлгөндөн кийин анын аялы Оолун беш бала төрөп, анын экөөн монголдон ал эми калган үчөөн кыргыздан тууган деп улама санжыраларда айтылат.

Улуу китепте:

Жармы төгүн жармы чын,
Жанында жаткан киши жок
Жалган менен иши жок.
Деген кыязда сонун ыр бар.

Ал эми чын окуянын кандай болгонун сабаттуу окуучум өзү сүрүп алаар.

Ал кездеги Улуу Кем( Эне Сай) дарыясынын жээгинде жашаган кыргыздардын өңү, чачы жездей сары деп санжыра, китептерде жазылган экен. Бул жалганбы же чындыкпы ким билет. Бирок улама санжыра да чындыктын үлүшү бар экенин унутпоо керек.

## КЫРГЫЗДАРДЫН ТЕҢИР ТООГО КӨЧҮШҮ

Бий касиеттү Эне Сай жеринен Теңир Тоого карай кетип баратты.Долон бийдин жанында үч досу сапар келатты.

Алар Айчубак, Күнчубак жана Байчубак. Булар үчөө эгиз болчу. Бий ат үстүндө баратып касиеттү Энесай жериндеги балалыгын, өткөн күнүн эстеди. Төртөө жети жашынан баштап аңчылыкка барып, багыш, аюу, түлкү аткан сонун учур эмес беле. Ошондо токойдо жүрүп, мүйүзү каркайган бугу атып алып, союп этин отко куйкалап жеп аябай тойлошкон. Ал күн төртөөнө керемет эле. Ошентип алар жашынан аңчылыкка үйрөнүп, жаа менен ар кандай аңдарды атып, куйкалап жеп, көп күндөн кийин кайра үйлөрүнө келишкен. Анын балалыгы Миң Суу өзөнүндө өтпөдүбү. Долон бий ошол касиеттү жерден кетип баратып: «Кайыр кош!» Ал бир жагы токойго барып такалган Ырыскан өтөктү карады. Өтөктүн аягында кыргыздардын күмбөздөрү бар. Анда жоокерлер курал жарактары, кийген кийимдери менен катар коюулган ата-бабаларынын сөөгү жатат. Алар өздөрү менен эң кымбат буюмдары алтын, күмүштөн жасалгаларын көшө көмүшкөн. Берега ата-бабасы өз колу менен жасаган бал-бал таштар жатат. Тее берегиде бугу баласын эмизип турат. Долон бий аны суктануу менен карап турду:

– Кагылайын ыйык жаратылыш! Ыйык бугу кош бол! Ата-бабам өскөн мекеним кайыр кош!

Аңгыча Долон бийдин үстүнөн кыраан бүркүт айланып, тээ берегиасканы карай учуп баратты. Кыраандын көзү көрөгөч ал жерде жөрмөлөп бараткан чычканды да көрөт. Ушул жерди көптөн бери эки бүркүт уялап алган. Атасынын тааныштары ушул аскадан балапан кармап таптаар эле. Алар

өтө кыраан болчу.

Ошондо Долон бийдин жанындагы Омонок, Аваат, Канды сүйлөшүп жатты.

– Бул түрү суук канкор Темүчүн далай элдин канын суудай төгүп агызат го.

– Мунун күчтүү черүүсү жерди каптап келатат.

– Баары бир мунун алдын тосо албайбыз.

– Ошондуктан Теңир Тоого кетип кыргыз тукумун сактап калалы.

– Аз кыргыз көп жоого жем болбосун.

– Элдүүлүгүбүздү сактап калалы, элибиз тербип жок болуп кетпесин.

– Кудай теңирим колдосун!

– Тукумубуз жок болбосун.

– Көрүнгөн жакка тарап кабары билинбей калбасын.

– Элибиздин жери Эне Сайды, Алтайды, Теңир Тоону бөтөн эл конуштап албасын.

– Булар башынан кыргыз бабаларыбыз жердеп келген.

– Жаратканым сактай көр! Теңир Тообуз, Ала Тообуз, Ысык Көлүбүз башкалардын колуна өтүп кетпесе экен.

Ошентип Долон бийдин көчү Теңир Тоого карай калмактардын черүүсүнөн сактанып илкип-калкып сапар алды. Көчтүн алдында жоо жарагын алып,

Аваат, Аратай, Бөлөкбай жигиттери менен коргоп кетип баратты. Шайдоот жигиттер көчтү узатып, жолдо калмактар менен эки-үч жолу кагылышуу болуп, жоону кылычтап, ку-

уп салышты. Көчмөндөр эчен сууну кечип бел ашып, таш басып, көптөгөн ашууну артка калтырып, өздөрү самап сагынып, ата бабасы өсүп, киндик каны тамган жерине келишти. Көчүп келген кыргыздар ээн-эркин калмак чапынынан алыс жашашты. Бирок Темүчүндүн черүүсү улам берилеген сайын калмактар Теңир Тоого жакындай баштады. Монголдордн сүрүлгөн калмактар менен кыргыздардын ортосунда көп кагылышуулар болду.

## ДОЛОН БИЙ

Ошол бир жылдары Рыскандын аялынын боюна бүтүп, ай күнүнө жетип, бактылуу күн келип, эркек төрөйт. Карыялар азан чакырып баланын атын Долон койду. Бат эле закымдап дагы эки жыл өтүп, эне дагы эркек төрөйт. Анын атын Долондун иниси деп Добул атаптыр. Рыскан эки балалуу болдум деп эл чакырып, чоң той бериптир. Акылдуу эл башкарган адамдын балдары эмеспи, экөө тең эс-акылдуу болуп чоңоюшту. Атасы сыяктуу алар да эл башында бий болуп, Долонбий, Домбулбий болуп санжыра-тарыхта калышты.

***

Баягы санжырачы карыянын Долонбий жөнүндө дагы бир санжыраны айтканы эсимде. Долонбий элүүгө чыкканча балалуу болбой жылдызы төмөн түшүп кейип жүргөн экен. Анын келишимдүү жылдыздуу эки аялы болуптур. Жаратканым Долондун муң-зарын уктубу, эки аялы тең эркек бала төрөп салды. Бирок кичи аялы кыз кезинен эле оорулу

болуп, ал төрөттү көтөрө албай, каза болуп калат. Өлүмгө айла жок экен эмне кылат. Тагдырдын ошол катаала соккусуна баары көнөт. Кичүү аялынын баласын улуу аялы кың эттирбей багып алып, улуу балага оң эмчегин, кичүүсүнө сол эмчегин эмизип жүрдү. Улуу балага Абыл, кичүүсүнө экөөнүн атын уйкаштырып Кабыл деп атады. Абыл менен Кабыл чоңоюп келатты. Абыл ак жүздүү жаадыраган ичинде кири жок, ачык кол берешен жигит эле. Аны «Акуул»– деп аташты. Кабылдын өңү жаратылышынан куу келип, ошого байланыштуу митаам, өзүмчүл, мактанчаак жайы бар эле. Аны эл «Куууул»– деп аташты. Агуул эненин оң эмчегин эмгендиктен анын тукумдарын «оң», ал эми Кубул эненин сол эмчегин эмгендиктен анын тукумдарын «сол» деп аталып калды. Агуул башынан мырза чалыш, төрө пейил, сылык сыпаа, ачык кол, чынчыл жигит болуптур. Ал эми Кубул колдон суурулган, шумпай чалыш адам экен.

Карыя мага алтын шилекейин чачыратып ушуларды көп жолу баяндап берген эле:

– Балам билбейм, ушундай болгонбу же башкача болгонбу аны ким билет. Мен бул уламаны бала чагымда бир чоң атаман уккам. Ал мага ошол ата-тегиңди унутпай жүр, буларды жанагы ак кагазыңа жазып ал, – деп айтып берген эле. Карыя өзүнүн сөзүн ыр менен аяктаган:

– Ай балам ай, балам ай,
Алдыңдагы кашка жол.

Ал кашка жол башка жол,
Ата- бабаң ашкан жол.
Алты шумкар сабалап,
Учуп өттү бийиктен.
Акылсыз деп, аташат
Ата-текти билбесең.
Жети шумкар сабалап,
Учуп өттү бийиктен.
Жетим уул деп аташат,
Жети атаңды билбесең.

Акылман карыянын улама ыры эсимен кетпей алыптыр.

Анын санжырасын уулдарыма, неберелериме айтып бергим келет. Албетте ал карыя менен жолукканым мындан көп жыл илгери болгон. Ошол санжыра унутулуп калбасын деп ак кагазга түшүрүп койгом. Бул улама чынбы калппы ким билет. Бирок улама деген улама эмеспи, аны кабыл алыш ар бир адамдын өз эрки эмеспи.

***

Долон бий небак эле касиеттүү ата-бабасы өскөн Теңир Тоого келип кыргыздар жакын уруулар менен табышып өз турмушун өткөрүп жаткан чагы эле. Алардын жашоосу көчмөн болгондуктан биринчи жерден экинчи жерге көчүп-конуп жүрүшкөн.

Касиеттүү Теңир Тоого дагы Чыңгыз хандын жоокерлери жакындап калган чагы эле. Алар чыгыштагы баардык жерди каратып, баш ийбегендерин жок кылып, талкалап, өрттөп

келатты.

## ДОЛОН БИЙДИН ЭРДИГИ

Калмактар Эки Нарын дарясынын аралыгын ээлеп алып кыргыздарга күн көрсөтпөй турушту. Калмактардын Эрдене баатыры өз журтунан жигиттерди бириктирип, кыргыз жерине каракчылык, басып алуу, барымта, мал уурдоо иштрин токтотпой жатты. Мына ошол күндөрдө Долонбий элдин камын ойлоп катуу санаага батты. Бир четинен түштүктө уйгурлардын кошууну кыргыздарга бүлүк салып турса, жанында калмактар кыргыз жерине кызыгып ыдык көрсөтүп турат. Бий бир канча жолу калмак тайшысына Эрдененин кылык жоругун эскертип кабарлады. Тайшы «Аны менен өзүңөр эсептешип алгыла, мен бир канча жолу эскерткем»– деген кайдигер жоопту айтты. Бий ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры көпкөлөң тарткан Эрдененин тизгинин бир кагып эсине катуу салып коюуну ойлонуп жатты. Ал жигиттерди курап, түн ичинде ополоң-тополоң кылса деле болмок. Бирок ага барган жок. Көпкөлөң калмактар өчөшүп алып, кыргыз жерине катуу соккуну уюштурушу мүмкүн. Ошол үчүн ал Эрдененин кошуунун Эки Нарын дарыясынын аралыгы кенен жерге эр сайыш мелдешин өткөрүүгө чакырды. Беттешүүнү бугу айынын ортосу ченге белгиледи. Ошол күнгө карата кыргызд эр сайышка чыгууга бир канча жигиттерин даярдашты. Кыргыздар өзүнүн күчүн чыңап, темир эритип найза, кылыч, калкан жана башка куралдарды жасап жатышты. Акыры эки кошуундун болжошкон күнү да ке-

лип жетти. Кыргыздар үч жүз кошуун менен мелдеш өтүүчү эки дарыя аралыгына көк туусун желбиретип шаңдуу түрдө келип калышты. Калмактар ошончо эле кошуун менен өздөрүнүн туусун желге желбиретип жетип келишти. Эки тараптын баатырлары катуу ойлонуп турушту. Эр сайышка ким чыгат, ким-кимди аттан оодара сайып түшүрөт. Эр сайыш күч алып кетип, эки кошуун согушуп кетиши да ажеп эмес эле. Анда ушул жерде катуу майкан согуш жүрүп, далай баатырдын башы кетип, далай энелер жаш төгүп, далай балдар атасынан айрылып калмак. Эрдене элдин камын ойлобой өзүнүн күчүнө гана ишенген көпкөлөң тарткан пенде эле. Долонбий кандай болбосун Эрденени бир эсине келтирип коюуну ойлоп турду. Мындай көпкөлөң пендени бир эсине салып койсо, экинчи жолу баш көтөрүү кыйын болуп калаар эле.

Найза сайыш башталган турат. Калмактар да, кыргыздар да оңой жоолордон эмес. Байыртадан бери элдешпеген катуу душмандардан. Алардын алдында эки жол турат. Биринчиси катуу кармашып, бирин-бири жер үстүнөн жексен кылып, түбөлүк багынтып алуу же, бир-бирине жоо болбой тең ата чек араны сактап, аман-эсен ынтымакта жашоо. Темүчүндүн ушундай оор капсалаңдуу күнүндө эки элге экинчи жол гана керек экенин билип турушту.

Эки кошуун бетме-бет болуп бирин-бири карап турушту. Эр сайышка калмак тараптан чоң чабдар ат минип шыргыйдай узун болуу жотолуу Эркашка баатыр чыкты.

Калмак тарап:

– Эркашка!

– Эркашка!

– Эркашка!-деп үн салып жатышты.

Кыргыз баатырларынан үчөө атчан бийдин жанына келип:

– Мен чыгам

– Мен чыгам.

– Эркашкага мен чыгам.

Долон бийди тиги калмак найзакери эң эле жотолуу келип, карлуу экени оңой баатыр эмес экени сезтентип турду. Бий жанагы үч азаматка карады да:

– Дагы найза сайышка киминер чыгасыңар?

– Мен.

– Мен чыгам,-деп аркы жактан үч азамат кыйкырык таратты.

– Кимдер?– деп жоон үнү менен ошол жакты карады.

Бий узун бойлуу жеерде атчанды чакырды.

– Мен чыгайын кадырлуу бий калмак баатыры оңой жоо эмес.

– Ооба Самансур сен ушул калмак баатырына барабарсыңбы?

– Ооба бийим мен чыгып көрөйүн.

– Сенин минип турган атың начар экен алдырып ийип жүрбө.

– Атты алмаштырайын, бул жаныбар өкүм эмес эң эле жалтак.

Бий арыда турган жотолуу акбоз атчан жигитке кайрылды.

– Сенин атың өкүм экен бербесиңби?

– Ат жерге кирсин берейин,-деп атынан түшүп, тизгинди Самансур баатырга карматты.

Самансур баатыр акбоз атты мингенде кадимки баатырдын элесин берип, башкаларды сестентип турду.

Ал акбоз атты минип болкоюп баатырдын элесин берип атын таскактата жөнөдү. Кыргыздар:

– Кыргыз!

– Кыргыз!

– Манас!

– Манас!

– Самансур!

– Самансуп!– деп кайраттуу үн сала баштады.

Эки баатыр бир-бирине кезек беришкен жок. Түз эле найза кылычты пайдаланып, ач карышкырдай болуп катуу кармашка өттү. Кылыч чабуу жагынан Самансур баатыр кыйын экен. Калмактын баатыры Эркашка калканын тосо коюп, Самансур баатырдын чабуулунан коргонуп жатты. Экөөнүн кармашы бир далайга созулгансып жатты. Калмактын аты өкүм экен Самансурду жөөлөтүп кеткенге аракет кылып жатты, бирок Акбоз ат дагы оңой эмес кенен төшүн тосуп анын каршылыгына оңой эле коргонуп жатты. Ошол кезде калмактын аты обдулуп келип, Самансур баатырды урду эле, кыргыз баатыры аттан шыпырылып түштү. Кыргыз тарап эмне болду деп, беш алты жигит Самансурга карай чап-

ты. Эркашка ат тизгинин буруп ары бастырып кетти. Кыргыздар чаап келип, Самансур баатырды тегеректеп калышты. Чындыгында баатыр эч нерсе деле болбоптур, болгону атынын басмайлы үзүлүп, кулап түшүптүр. Кыргыздар аны атына мингизип алып кетишти.

Эки тарап бул кармаштан кийин бир азга тынчтанып калышты. Калмак тараптан ким чыгаар экен деп күтүп жатышты. Алар чогулуп бир азга аңгемелешти. Анан калмак тараптан Кара аргымагын минип Эрдене баатырдын өзү чыкты. Жарыктык Эрдене баатырдын Кара аргымагы бир укмуш кулпунуп күчкө келип турган чагы экен. Жылкы жаныбар ар бир адамдын көңүлүн бурбай койбойт. Жал куйругу төгүлүп, кара жүндөрү жылт-жулт этип чагылып, аябай чоң буудан экен. Эрдене баатырдын кийинген зооту бир укмуш. Ал мактангандай эле бар окшойт. Калмак тарап «Эрденеге ким чыгаар экен»– деп күтүп жатты. Эки-үч баатыр «Мен чыгам» -деп үн салды.

Долон бий:

– Силер чыкмак белеңер Эрдене чыккандан кийин мен чыгам.

Ошентип Акбоз атын минип найза сайышка Долон бий чыкты. Эрдене баатырга караганда Долонбийдин кийгени өтө жупуну эле. Эрдененин боюу бийик, бирок эмнегендир копол көрүнөт. Долон бий узун бойлуу денеси бүт тарамыш сөөк-саактуу, боюу чымыр тартып, кармаганын кайыштыра кармачудай түрү бар. Эр сайыш башталды. Булар кезекте-

шип туруп бербей эки бөлүнүп бир-бирин качырып келип сайышуута өттү. Калмак баатыры найзасын Долон бийдин жүрөгүнө багыттап уруп өтмөй болду. Кыргыз баатыры калмактын найзасын чокмор менен бөлө чаап түз эле кылычташууга өттү. Эки баатыр кылыч менен качырыша уруп, бирбирине алдырбай турду. Эрдененин бара-бара алы кетип баратканын Долон бий түшүнүп, эми тартынбай кайрат менен чабуулга өтсө калмактын сези кетип калаарын бий билип калды. Долон бийдин соккусун калмак калкан менен коргонуп, душманды өзүнө жакын жолотпойт. Калмак чокмор урганга өтө ыктуу экен. Эки жолу Долон баатырды оң жак каруута уруп өттү эле анын көзүнөн от чачырап айласы кете түштү. Долон баатыр эки-үч жолу калмактын чокморун калканын тосо коюп коргонууга өттү. Долон оңтоюу келсе калмакты кылычтап өтүүгө аракетинде болду. Алар бир-бирине оңой менен алдырбай коргонууга өтүп жатты. Калмак кылычын жогору көтөрүп кыргыз баатырын колго чабууга өттү эле ошол кезде Долон бий албарс кылычын калмактын оң колуна карай күч менен кайраттуу шилтеп калды. Калмак колун тартып алууга шаасы жетпей калды. Калмактын колунан кылычы ыргып, алды жагы кызыл-жаян болуп, катуу онтоп армандуу үн салып жиберип ал атын калмак кошууну тарапка карай бурду аргымак ээсинин оюун түшүнүп, «чу» кошуунга карай кирип жоголду. Далан бий жерди карады жерде калмактын кылычы анын жанында кан болгон беш манжасы жатканын бийдин кыраакы көзү көрө койду. Эки тарап

эки баатырга эмне болгонун такыр түшүнбөй жатышты. Долон бий Акбозун чуратып кыргыз кошууну жакка кирип кетти. Салгылаш ушуну менен бүттү окшойт. Калмактар келген жагына карай бурулуп кайтып жатты. Көпкөн Эрдененени кылыч, найза кармаган беш манжа колу жок кылынганы белгилүү болуп калды.

Ошондон кийин калмактардын кыргызга кол салуусу такыр токтоду окшойт. Калмактардын элдешкис жоосу Монголдор болуп калган эле.

## КАРЫЯНЫН БАЯНЫ

Анда- мында санжырачы карыя менен кезигише калганда алтын шилекейин чачыратып бизге өзү билген баянын тажабай айтып берет. Анын алтын сөздөрү биздин кулагыбызга жат болгон. Биз кээде «Ушунча баянды ал кантип унутпай жүрөт» – деп таң калабыз. Абышка теңир көктү ойго батып карап алды да, анан бир аз жайлана отуруп сөзүн баштоого киришти.

***

Анда мезгил жайдын ортосу болуп, күн ачык жаадырап тийип турган чагы эле. Долон бийдин кошууну Касиеттү Каркыра жайлоосунан көлдү аралап Нарынга карай кетип баратты. Чынгыз хандын кошууну кыргыздарды кууп келатты. Алдыда жол чалган эркектер бар. Эгер шектүү шыбырт билинсе, токойго же далдаа капчыгай, чуңкурга кире качат. Ал эми курал жаракчан жигиттер көчтү душмандан кор-

гоп келатат. Жолдо чебердеп жүрбөсө жаман ушундай капсалаңдуу оор учурда монголдордун же калмак тайпаларынын черүүсүнө учураса, Долон бийдин аз кошуунун майкандап салышы ыктымал болчу. Айтпадымбы, бий өтө сак жана кыраакы эле. Кандай да болбосун чапкында калбай өз журтун аман алып калуунун камында болду. Балдарым ошентип, «Ажут-Мажут» деген желмогуз эл Теңир Тоого бобу биз турган ушул Ала Тоого каптап кирип келди. Бул жердеги кыргыздар жан айласы кылып ары-бери удургуп тентип кирди. Алар баягыдай эле түштүккө Жерге -Талга, Ош, Жалал-Абад жакка кача баштады. Ошентип биз турган жакка эң тынчсыз абал пайда болду. Согуштун жүзү курусун Чыңгыз хандын жоокерлери эч кимди аяган жок. Шаарлар баш ийбейби, баардыгын жексен кылып талкалап келатты. Жердин үстү кан жошолонуп адамдар эмне кылаар айласын билбей калды. Жортулчуулар Каркыра жайлоосуна кирип келип ал жакты будуң-чаң кылып жатты. Жакшы куралданган монгол кошууну беш жүз эле ал эми, Долон бийдин кошууну миңге чукул болчу Жоокерлер каруу жарактарын белендеп, айбалталарын курчутуп, кылычтарын тапташты. Алардын айбаттуу айбаталары кыңгырап, кылычтары шыңгырап, өлүмдүн үнү угулду. Жоокерлер аттарынын көкүлүн сылап, чап өлөңүн бек тартып, көмөлдүрүгүн кыскартып, сол карысына калканын илип, бир жерде кернейлер бапылдап, да бир жерде сурнайлар шаңкылдап, добуш салып кыргыздарда ушул алаамат күндө өлбөстүктүн үнү угулуп турду. Ошен-

тип эки кошуун качырып келип кармашка түштү Монголдордун кошууну аз болгон менен чыңалган кошуун экен. Ал эми кыргыздар каардана акыркы күчүн салып жоо менен катуу кармашка өттү. Ач кыйкырык, куу сүрөөн жүрүп, жер титиреп, ачык чөл күңүрт тартып турду. Добулбастар кагылып, сурнайлар азаптуу үндү берип турду.

Кыргыздар:

– Кыргыз!

– Кыргыз!

– Манас!

– Манас!

Монголдор дагы өз ураанын салып, кыргыздарды жапырып салууга аракет кылды. Бирок кыргыз тартынбас жоокерлери аларга айбат көрсөтүп жатты. Эр өлүгү боо, ат өлүгү тоо болду. Жарадар эрлер көп, аттан кулап түшкөн баатырлар да көп. Асман кара чаң болуп, топурак учуп тоз болуп, не экенин билинбей, жердин бети көрүнбөй турду. Монголдун он башчысы ороктоп, жүз башчысы сороктоп турду. Медияндын чөлүндө эки күн катуу кармаш болду. Үчүнчү күнү араң согуш аяктады. Монголдор кыргыз жоокерлери жеңилбес эр экенин билип айлалары кетип арттан жардам сурап жатты. Кыргыздар да чоң жоготууга учурады. Эч бир жеңишке жете албай алсырап, айлалары кетип, Нарын тарапка ооп ошол жакка кокту колотту аралап жөнөөгө аракет кылды. Алар арттан монголдорго чоң жардам келеерин билип жатты, ошол үчүн бул аймакты таштап кетүүгө аракет кылды. Эгер-

де монголдорго жардам келсе анда кыргыздарды түп oорду менен тып-тыйпыл кылып кырып салаары белгилүү эле. Ансыз деле аз кыргыз жоокерлеринен монголдор чоң жоготууга учураганы белгилүү болуп калды. Долон бий айтты:

– Атаңын көрү карылык келип калган тура, анча согуша албадым,-деп кейиди.

Ошондо кыргыз аскер башчасы Карабаргы Долон бийдин жанына кара атын каргытып келип:

– Долон аба ден соолугуңуз кандай бизге кайрат бергениңизге ырахмат сиз жүз жигитиңиз менен Нарын тарапка көчтү сүрөп кете бериңиз биз монголдордун кошууну менен кармашып жүрүп отуралы, тагдырдын жазганын көрөөрбүз,– дейт.

Долон бий эс учун жыйып бир аз туруп, анан сүйлөй баштады:

– Суукка анын үстүнө душмандын соккусуна катуу учурап калбадымбы, кулагым каңырыштап, көңүлүм айнып, жер көчүп турат. Мен жүрбөгөн жер калдыбы, мен өтпөгөн бел калдыбы? Нарын, Ат Башы, Ак Сай жайлоолорунда жүрдүм. Алыскы Эне Сай өзөнүндө балалыгым өмүрүм өттү Монгол, калмак чапкынында кадым. Калмак чапкынында оң саныман ал эми желмогуз «Жажут-Мажутта» оң бөйрөгүм жарадар болду. Балдар силерге ишенем элди жоготпой, эл менен бирге болгула,– деген осуятын айтты. Баатыр алсыз болсо да кошуунду калтырууну каалабады. Ал алсыз болсо да кошуун менен бирге болууну каалады.

Ары баатыр, ары чечен, ары журт башчысы, ары санжырачы Долон бий өзүнүн өмүрүнүн аяктап баратканын билди. Бирок ошондо да акыркы майданга баатыр катары чыгып, элине туу казык болуп кайрат бергени сезилип турду. Баатыр элинин келечегин, элинин эртеңин ойлоп санаага батып турду. «Аз журт жок болуп кетпегей эле»– деп турду. Калмактар эч теке эмес, алар менен кармашып жеңип келгенбиз анын үрөйүн желмогуз «Ажут- Мажут» Чынгыз хандын кошууну учуруп турду.

Долон бий демигип туруп айтты:

– Мен жарадар болдум, көч менен кете берейин. Силер көчтү коргоп арт жактан келгиле, булар менен чебердеп кармашкыла, биз Нарын аркылуу түштүккө, башка жакка өтүп кетпесек айла кетип калды. Монголдордун мынча коп кошуунун эч убакта жеңе албайбыз.

Кара баатыр Долон бий менен кучакташып коштошту. Алар каза болгон кыргыз баатырларынын сөөгүн карга-куз-гунга жем кылбай ариеттеп көмүштү. Кудайга жалынышты. Кыргыз эли, баатырлар «жок болуп кетпейли» деген улуу ойду ойлоп жатты.

Улама боюнча ошол монголдор менен болгон согушта Долонбий баатырдын канаттуу Кара жорго күлүгү кыргыздын бир тоосунда окко учуп өлдү. Баатыр жоргосун жоктоп, анын көкүл жалын кесип алып ыйлап турду:

– Касиеттүү жаныбарым, сени менен канча жыл бирге болдум, сенин талбаган канатың бар эле. Эми кош бол жоо

огунда жок болдуң. Сени тиги чын дүйнөдө минип жоолрду бул жерден сүрүп жоготом,– деп ыйлап турду.

Ошол касиеттүү жер «Кара жорго» тоосу деп аталып калды деген элде имиш бар. Береги катуу согушта кыргыз баатыры Окторкой чоң эрдикти көрсөтүп, каза болгон жер анын арбагын сыйлап жоокерлер ошол аймакты «Окторкой» деп атаганын санжырачылар айтып жүрүшөт. Ал эми дагы бир кыргыздын алдуу күчтүү намыз бербес баатыры Оргочор дагы кыргыздарды коргогон тайманбас баатыры болуптур, ал дагы каза болуп ошол Монголдор менен болгон согушта каза болгон экен. Эл баатырын такыр унутпай ошол жерде «Оргочор» деп атаптыр.

***

Кыргыз көчү аман калууну айласын издеп Нарын аркылуу түштүккө карай илкип-калкып кетип баратты. Көчтү эр жигиттер коргоп келет алар тынымсыз көчүп келатты. Антпесе монголдор бул көчтү түп оорду менен жок кылып кеткен жатпайбы. Көчтү башкарып келаткан бийдин ден соолугу жок, анткени ал майданда жарадар болбодубу. Бийдин башы айланып салмактанып турду. Ал карыяларга айтты:

– Менин абалым начар атка да жүрө албайм го. Силер тынымсыз көчүп отуруп түштүккө кеткиле,– деп акырын алсыз үн менен айтты.

Ошентип бий төшөк таянып жатып калды. Бир кезде ал эшикке чыкты. Улуу тоого ай батып бараткан экен. «Менин өмүрүм жылдыздардай жайнап, ай сыяктуу батып бараткан

экен. Кыргызыма эмне бердим? Кара башымы ойлоп аларга зыян кылган жокмунбу? Улуу алакандай журтка эсте калаарлык бир жакшылык жасадымбы?» Ал ушуларды ойлоп жатып, улуу адам бул өмүр менен коштошуп тиги дүнөгө түбөлүк учуп кетти. Анын жаны денесинен чыгып, ободо калкып учуп, түбөлүк өлбөс жакка кетти. Бийдин сөөгүн ариеттеп таза жууп, өзү басып өткөн, ата-бабасы көргөн касиеттүү Нарын тоосунун эл каттап өтүп турган чоң белине коймой болушту.

Тууғандары үч жолу айтты:

– Бий кандай адам эле?

– Элдин таламын талашкан айкөл адам болчу.

– Бий кандай адам эле?

– Журттун камын ойлогон берешен адам болчу.

– Элди жоодон коргогон баатыр адам болчу.

Жыйылган элдин арасында үн чыгып жатты:

– Жаткан жери жайлуу болсун!

– Баатыр бийди түбөлүк унутпайбыз!

– Топурагы торко болсун!

– Эл коргогон баатырды эч убакта унутпайбыз!

– Бийдин жакшы сапатын кийинки муунга айта барабыз!

Журттун ушул үнү ай-талаага, аркы тоолорго шамал, жел менен угулуп жатты. Кийинки муундарга өлбөстүктүн шаңы, ата-бабанын урпактарга унутулгус дабышы тарап жаткансыйт. Айтылып жаткансыйт. Баатырдын сөөгүн жерге коюп жатып, денеси менен кошо өзүнүн сүйгөн тулгасын,

кылычын, жоону сайган найзасын, айбалта, жаасын жебелери менен кошо, дайыма үстүнө түшүрбөй кийип жүрчү ак олпогун, денесине кийчү тор темирден токулган торгой көз бадана соотун, чарайнасын жана жоону дайма сак болуп караган дүрбүсүн кошо көмүштү. Ушундай шашылыш жоо каптап келген учур болсо да улуу баатырды урматтап, коюулган жерге усталар курч кескич менен бал-бал эстеликтерди орнотту. Усталар муну ары-бери каттаган адамдар билип, эрдикти унутпай, эскерип кетип турсун дешкен. Кийин ошол жерден булак агып чыгып, касиеттү тал өсүп, журт сыйынуучу жерге айланып кеткен экен. Кийин ошол жер «Долондун бели, Долондун ашуусу» деп аталып, Долон атанын сөөгү коюлган касиеттү ашуу азыр деле ошондогудай турат. Азыр деле ал жер кыргыз эли үчүн сыймыктуу. Ал жерге улуу баатырга куран окуп, эскерип өтүп кетишет. Жел согуп, шамал болуп, жаз, жайды айландырып убакыт өтүп турат. Ал ашуу тили болсо өткөн тарыхты санжыра кылып айтып бере алаар эле. Аны билген карыялар да небак өткөн. Ал баян улама-санжырада гана сакталып калган.

Көч касиеттү бийдин ариетин өткөрүп бүтүп, жоодон коргонуш үчүн түштүккө карай илкип-калкып көчүп кетип баратты.

***

Улама санжыра боюнча Долон бийдин үч аялы бар экен. Эң биринчи аялы эгиз Агуул, Кубулду төрөйт. Кийин кытай кызына үйлөнүп андан Моңмош деген уулду болот. Бий аны

«Кыздан төрөлгөн уулум деп аны Кызылуулум» деп атаган экен. Агуул менен Кубул бой жетип, атасы сыяктуу эр болуп, эр уулу менен тең болуп, келаткан эле. Агуул айтты:

– Журтка мен бийлик кылам.

Кубул да намыс бербес өтүмдүү курч эле ал айтты:

– Жок журтка мен бийлик кылам, элди кичүү иниси башкарыш керек.

Агуул токтоо кайраттуу, «элге пайдамы тийгизем» деген, кең пейил жана жайдары күлкүнүн элеси жүзүнөн төгүлүп турчу. Ал журт башкарууга жаралган эле. Ал эми Кубул өтө өкүм, кайраттуу ошонусуна карап кээ бир ишти өзүнүн ыңгайына карап чечип, калыстыгы жок сыяктуу эле. Бийлик талашып экөө эрегишип кетти. Эки туугандын эрегишүүсүн билип журттун улуу адамдары Эсенгул, Баймөңкө жана башка касиеттүү адамдар баарын Баргы байбиченин үйүнө чогултуп, ак сакал улуу карыя айтып турду:

– Кагылайын Баргы келиним мына журт көрүп турат, булардын кимиси улуу, кимиси кичүү,– деп балдарды тууган энесине кайрылды.

Ошондо Баргы айым карылардан ыйбаа кылып, башын жерге салып айтты:

– Агуул оң бөйрөгүмдө болчу ал биринчи төрөлдү, Кубул сол бөйрөгүмдө болчу ал андан кийин төрөлдү,-деген экен.

Ошондо сакалы белине жеткен жүз жаштан небак ашкан карыя акылман сөзүн айтып турду:

– Кагылайын Агуул сен оң бөйрөктө жатып бирин-

чи төрөлүпсүң, Кубул сен сол бөйрөктө жатып экинчи төрөлүпсүң. Кыргыз салты бюнча улуусу эл башкарат. Анткени жол улуулата келет да. Ал эми сен Кубул бул атадан калган дүнөгө ээ болгун бирок, байлыктын баарын өзүң албай эл менен бөлүшүп, эл менен туугандарың менен бирге болсоң кор болбойсуң. Эл бактылуу болсо, силер да бактылуу болосуңар. Ата-бабаңар эл башкарып, журтту тескеп жүргөн кишилер болчу, силер дагы чабышпай ошолордун жолуна түшүшүңөр керек,-деп карыялар туугандарга акылдуу сөздөрүн айтып, эненин сыйын көрүп, бата берип, чыгып кетишти.Тарыхта Агуулдан төрөлгөндөр оң, ал эми Кубулдан төрөлгөндөр улама боюнча сол болуп айтылып калган экен.

## ТАГАЙ БИЙ ЖЕ МУХАММАД КЫРГЫЗ

«*Санжыра элди бөлбөйт бириктирип жети атасынан кабар берет*».
**Кыргыз эл макалы.**

***

*Алтын жерден чыгат,*
*Азамат элден чыгат.*
**Байыркы кыргыз эл макалы**.

***

Тагай бийдин атагы
Далай ирет айтылды.
Анын атын билбеген,

Араңарда жан барбы?

Долон бийдин уулу Агуул башынан токтоо оор басырыктуу болуп, атасынын тарбиясында баатыр чалыш өстү. Антпегенде кантмек эле бир жагынан калмак, монгол татарлардын жортуулу башталып, кыргыздардын башына караан түн түшүп турган. Ал заманда балалуу болуп, аны чоңойтуу азап болчу. Анткени эки күндүн биринде душмандын чапкыны чыгып, колго түшүрүп, кул же күң кылып коёт. Жана тогуз ай көтөрүп денесинен чыккан баласынан айрылуу эне үчүн кандай тозок жана кайгы. Ошондо мындай армандуу заманда кыргыздар ыр чыгарышкан.

Кырларда кайыңдардын бетинде,
Тамга жокпу кыргыз балта чаппаган.
Өрөөндөрдө, жылгаларда, сайлар да,
Кыргыз жокпу кыргын болуп жатпаган.

Бул ырды акындар кыргыз эли азап-тозок көрүп жүргөн чагында жаратты. Бул ыр таштын бетине, аскаларга чегилип арман ыр болуп калды. Бул ыр адамдардын жүрөгүнө калып, муундан-муунга кайгы ыры болуп кете берди. Бул ыр тээ байыркы заманда жаралып, азыркы муундар кайгырып, капаланып окуп жүрөгүндө өткөндөн муңдуу элес калгандыгы сезилет.

Тагдыр жазып койгонбу Агуулдан: Адигене, Тагай, Моңош жана Наалы эже төрөлдү. Тагай төрөлгөндө атасы аябай сүйүнүп:

– Жоо жакадан алып турганда эркек тана болгону жакшы. Аман- эсен болуп, душман сүрбөсө да ат кайтарып берсе болду,-деп кудайга тобо кылды. Атасы Тагайга кичине чагынан жоокердик өнөрдү үйрөттү. Тагай олбурлуу бара-бара туурасы өсүп, денеси чымыр тарткан. Башкалар аны тике карагандан айбыкчу. Ал бала кезинен эле өтө шок жана ат жаныбарга өтө жакын болгон. Күлүк ат чаап чабандестик ишке өтө берилген. Атка чуркап келип, үзөнгү теппей секирип минеер эле. Бул жорукту көрүп аялы Бермет:

– Бул жоругуңуз жарабайт, салабаттуу эле үзөнгүнү тээп минбейсизби,-деп жактырбай каткырып күлүп калаар эле.

***

Ыраматылык Агуул эрте кырчын кезинде көз жумуп, Тагай менен Адыгене атадан жаш калды. Экөөнө баш көз болуп Наалы эже жүрдү. Эже эки бир тууганынын тагдырын өтө тынсызданып ойлочу эле. «Тагдырдын соккусуна учурап, жаш немелер жок болуп кетип Агуулдан тукум калбай калабы»– деп жатпайбы. Ошол үчүн Наалы эже турмушка чыкпай «Эки инисин чоңойтом»– деп ак эткенден так этип турчу. «Балтыр бели катып, чоңоюп алса, бой бербейт эле»– деп ойлоочу. Тагдыр ошондой болду. Наалы эже эки инисин «Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай» чоңойтту. Инилери да акылдуу экен Наалы эженин сөзүнөн чыкпай жакшы бой тартышты. А түгүл экөө кыргыз элин бириктирип, бир эл кылып, бири түштүктө бий болсо, экинчиси түндүктү башкарып, элге арка тирек бел болду. Ал заман Чынгыз

хандын урпактарынан калган, азуусун айга жаныган Моголстандын заманы эле. Моголстандын ханы Жунус, анын уулу Ахмад, Халилдер кыргыздары эзип турган каардуу учур эле. Касиеттү Тагай бий элди эзгендерге жек көрүү менен мамиле кылып, жөнөкөй адамдарга арка бел, жөлөк эле деп улама, санжыраларда айтылат.

Кудайым шыбаа айтып койгонбу, кыргызда эр жигиттин бактысын алган жары ачат дейт. Анын биринчи жары Бермет бийге жарашыктуу аял боло турган. Ал бийдин ички сырын көзүнөн эле айттырбай билип турчу дешет. Ошону менен ал Тагай бийдин элге болгон ишин арылатып, журтка жакындатып, өзүмчүл эмес өз көмөчүнө күл тартпаган калыс эле деп карыялар сүйлөгөн уламаларда көп кеп болот.

Душмандар уу коргошун берип жок кылабы,-деп ага жаш кезинен уу коргошун таткантып жүрдү.

Уу коргошун ичип алганда.
Тагай бий такыр өлбөгөн.
Азабын көрдү жашоонун,
Ал пенде нени көрбөгөн.

Ат үстүндө баратып, жаа атып, найза сайып, кылыч чапканды эң жакшы көргөн. Адигене аны бий көтөрүп салды. Ал башынан эле адилет, калыс жана жолдоштору жемелеп турса да, оор басырыктуу көтөрүмдүү болчу. Жана бир нерсени будамайлап кетпей, чуу куйрук жайы жок ушул сапаты-

нан эле башкаруучу хан же улук бий боло турган жөндөмү болгон. Ал кең пейил жетим жесирлерге кайрылган өтө кайрымдуу пенде эле. Адамда чынчылдык, боорукердик, токтоолугу жагы тоодой алтынга бергис улуу сапат болот эмеспи.

Биз уламабызда билгич карыялар айткан ошол бир баянга токтоло кетели.

***

Айлана аптап болуп ысыган жай чилдеси эле. Мал-жан күндүн тийген ысыгынан качып көлөкөгө умтулуп турган маал. Астыда шорлуу жерден туз топурактын үстүнө чыгып турат. Жолдо өскөн жапайы ак мамык дан, киргишен көп жылдык чөп. Булар ушундай шорлуу топурактуу жерди мекендейт. Жана эки жакты акмалап караган адамга кызылча, шакар чөп, баялыш, сөксөөл кездешет. Бадалдын түбүнөн кескелдирик чуркап, тигинде ысык кумда жылан оролуп жатат. Анда-мында канат кагып, кыска кайрыктарын созуп, чөл торгойу учуп өтөт. Мындай ысыкта жол жүрүү бир топ көңүлсүз, анткени күн ысыгы адамдардын талыкшытып, шайын кетирет. Көктө каалгый айры куйрук жерден бир нерсе издеп сызат. Адырдан ары тарп издеген жорулар учуп баратат. Көктө бирин-экин ак булуттар каалгый сызат. Ондой атчан жол менен кетип баратат. Күн дагы чыгыштан чыгып батышка сапарын улап кетип баратат. Алдыда акбоз жоргочон келишимдүү ак калпак кийген бутунда анжиян өтүк, колунда чеберлер жасаган жылан боор камчы. Күнгө күйгөн

өңү кара тору, муруту өзүнө жарашыктуу койдуруп, көз карашы өтө сүрдүү, же аны адам карай албайт. Анын оң жагында жээрде атчан бийдин кеңешчиси жашы небак элүүдөн өткөн адам Бөлөй карыя. Сол жагындагы сары атчан сакал мурутуна али ак кире элек көзү өткүр, кыр мурун кара тору адам бул дагы бийдин кеңешчиси. Бий бир нерсени чечеерде ушулардын акыл-насаатына таянат. Антпесе болбойт, «Жалгыз адамдын акылы жарты акыл, көп адамдын акылы аккан дайра»– дейт эмеспи ата-бабалар, булар башынан бийге, андан мурун элге небак алынган калыс адамдар. Ошол үчүн бийдин кулаткан ташы ылдый эмес өйдө карай кулап жатат. Артында жети-сегиз атчан булар бир иш менен башка жакка сапар аттанып, жолочу болуп жол арытып келатат. Бийдин тобу сапар кетип баратат. Сапары ыраак. Бул жол жүрүп отуруп, тээ береги адырга барып, андан ары өр таяна жайлоого Арча Төргө өйдөлөй чыгып отуруп бийиктикке чыгат. Бий кайдан чыгып, кайда кетип баратат. Ким билет? Кээде адамдардын өмүрү да төрөлгөн жерден чыгып, мунарык оронуп алдыга кайып сызып кетет эмеспи. Алар кайып сызып отуруп кайда баратат? Биздин өмүрүбүз ашыга алдыга кайып сызган жок беле? Айтчы тууганым? Бийдин тобу кетип баратат. Жол кетип баратат. Күн ысык алдыдан токтоно албай термелип мунарыктын артынан закымдап мунарык сызат. Тоолордун башында кылайган булут жок. Булут болсо, шамал айдап ылдый сүрүлүп, бобереги каны катып турган талаага жаан төгүп кетсе, денесине суу кирип тирдене жашарып,

өсүмдүктөр өсүп калаар беле?

Бийдин тобу кетип баратат. Асманда ыйык күн да чыгыштан батышка карай кетип баратат. Астыга жарыша кеткен чаңы учуп куп кургак уланган жолдор. Жарыша кеткен жолдо сапар кетип бараткан байыркы биздин бабаларыбыз. Бул жолдор менен кимдер өтүп, ким гана баспаган. Атчаны да өттү, жөөсү да өтүп, жамактата ыр төгүп ырчылары да өттү. Сын айтып сынчылары да өттү. Төрт буттуудан түйшүк тартып, түлкү өтүп, караңгыда кайыгып карышкыр өттү. Боз чаңгыл баскан ай-ааламдын, асмандын улук бийи күн эне болсо, бул бараткан адамдарга жол көрсөтүп, ээрчитип бараткан адам бий Тагай эле.

Бий минген акбоз беркилерден озуп астыга чыккысы келип, өкүмдүгүн көрсөтөт. Бий тизгинди тарта, жанындагылар менен тең келатат. буудандын тизгинин коё бербей ал бирдей укукту сактагысы келет. Жол жүргөн атчандар бат эле ээрчише дөмпөйгөн боз дөбөлөргө жете келип, алардын аралап баратып, эбак эскирип эскилиги жете жыртылып, куну кеткен, бир боз үйгө туш келишти. Арыда аркандалган жалгыз музоо. Жыйырмага жакын кой-эчки. Байланган кулун тигинде бир бээ оттоп, анын жанында музоосун жаш тууган бир уй турат. Бээ менен уйду саайт шекилдүү. Тагай береги боз үйдү ойго батып карап калды да ат тизгинин аргасыздан ошол жакка бурду. « Боз үй талаада эмне үчүн жалгыз калган? Жалгыз калышына эмне себеп? Бий бул боз үйдүн жалгыз калышында бир арман бар экенин се-

зди. Бий эски боз үйдү калтырып кете бербейт эле. Анын канында кайнаган журттун каны согуп турбайбы. Эгер ушул жалгыз калган боз үйдү таштап кетсе анын бий болгон даңазасы кайда? Артында келаткандардын жини келип, кеткенин өңүнөн билинип турду. Бий атынын башын каякка бурат? Ысыкта кейпи кеткен боз үйгө барып дагы көпкө отурат. «Биз ушинтип талаадагы жалгыз боз үйлөрдүн ар бирин кыдырып чыгабызбы»– деп ичинен күлгөндөр болушту. Ат туягынын дүбүртүн уктубу боз үйдөн кийми жыртык удаалаш чоңойгон эки бала көрүнүп, бирөө үйгө кирип, бир аялды ээрчитип чыкты. Күнгө күйгөн кара тору ургаачы башындагы кара жоолугу небак эскирген, боз көйнөкчөн өңүндө «Дагы кимиси келатат»– деген убайым бар эле. Бир жигит чаап келип, бийди ээрден түшүрүп аттын чылбырын казыкка байлады. Келин келген жолоочуларга салам берди.

Бий жагымдуу:

– Карындашым бу дүнөдө барсыңбы, амансыңбы?

– Аманчылык, агам бар болуңуз, келиңиз,– келин дагы жаадырай бийдин суроосуна ылайыктуу жооп берди.

Бий алачыктын жанындагы талпакка көсүк басып, калгандары анын жанына кыркалакей отурушту.

Ак үйдөн дасторкон алып чыгып, жерге жайып, каймак, талкан койду. Анан көнөккө кымыз алып чыгып куя баштады. Отургандар дасторконго бата кылышты. Бий жыгач аякты алып, кудайга тобо келтирип, суусундукту кылкылдатып жута баштады. Баардыгы кымыз ичип жатышты. Ысык күн-

дө жолочулар кымыз ичип жыргап, тамырына кан жүгүрө баштады.

– Кимдин жары болосуң карындашым?

– Оңолбайдын күйөөм жаздын башында сукка учурап каза болгон. Ачажору байдын койчусу эле. Эрим өлгөндөн кийин бай бизди журтка таштап көчүп кетти,– деп ургаачы жашын төгүп шолоктоп ыйлап жиберди. Жана көз жашын жоолугунун учу менен аарчып өзү сооронду.

Ойго батып баары жымжырт. Алар эки бала менен ай-талаада жалгыз калган аялды аяшты. Куу белде жалгыз калган үйгө үйгүшкөн карышкырлар келип кол салса эмне болот. Тагай бий жини келип:

– Ит Ачажору таякелери көк бет калмак эмеспи, кыргызды тартпай калмактарды тартып калганын карасаң, мен ага жети атасын таанытам.

Беркилер сөзгө аралашты:

– Ачажору калмак аны жасайт, жаасы катуу.

– Ал кийинки учурда бечараларды карабай калды.

– Бий ага элдин сөзү калмактарга өтпөй жатат.

– Өтөт байлыгын элге таратып керек болсо өзүн жылаңачтап таякелерине карай кууп жиберем. Карындашым капа болбой бир азга ушул жерде тура тур. Ачажорудан энчиңи бөлдүрүп берем. Андан кийин тээ береги Ала Көлдүн жанындагы Ар түркүн уурудан куралган курамаларга көчүрүп барам. Мен сага көз салып жардам бергенге жигиттерими жиберем. Алар сенин дайныңды мага жеткирип турат. Мен

турганда эч нерседен капа болбойсуң, сен эми мени менен болосуң, жалгыз таштабайм.

– Ачажору бизге зыян кылбайбы?

– Жок эчтеке кылбайт. Зыяны тийсе тентитип жоготом.

Келин эмне деп алкаарын билбей калды.

Кетип баратканда:

– Бий ага ырахмат жетим балдарга берген жакшылыгыңызды эки дүнөдө унутпайм.

– Капа болбо карындашым, бардыгы ордунда болот,-деп аттарын таскактатып желдирип баратышты.

Жанагы созулган жол, топ атчандарды өр таянтып, жайлоодогу Бекназар байдын үйүнө карай алпаратат. Бабалар баскан ыйык жол.

Ошондон көп өтпөй эле: «Тагай бий күйөөсү өлгөн келинге элүү кой, беш жылкы, төрт уй, бөлдүрүп, берип, аны камсыз жерге көчүрүп барып, чоң жакшылык кылыптыр» деген кеп тарап кетти. Бийдин калыстыгы элге тарай баштады. Ага арызданып келип, каалаган максатына жеткендер өтө көп болгон. Эч бир адамдын тагдырынан кыйгач өткөн эмес. Тагай бийдин бир канча жардамчылары болгон. Ал ошолор аркылуу адамдардын тагдырынын оңолушуна дайыма көз салып турган. Мугамыр киши баласы жер үстүндө жакшылыкты көп жаратса, бактылуу адамдар көп болоорун ушул санжыранын өзү эле айгинелеп жатпайбы. Бийдин кан-жанына ошондой жакшы элес сиңип калган. Ал баардык эл бай-жарды дебей бактылуу турмушта жашасын дегени эле.

***

ЧОҢ ашка алыс-жакындагы паразаттуу адамдар келишти. Ал жерде ат чабыш, жорго жарыш, улак тартмай, төө чечмей иши кылып, кыргыз оюндарынын көп түрүнө байге берилди. Эл казганактап, күлүктөр эртең менен эле коё берилип, «эми кимдин күлүгү келеер экен» деп күтүп жатышты. Күлүк чапкан ар бир кишинин жылдызы асманга көкөлөп учат. Ал арада көп оюндар болуп өтүп, күлүктөрдүн келеер маалы чукулдады.

Адамдар:

– Астыда Желдеңдин Актуягы келатат.

– Ал Желдеңдики эмес Бөрүбайдыкы.

– Бөрүбай аны Желдеңден тартып алган.

– Бөрүбай оңбосун ал Желдеңди сыздатты.

– Анын үстүнө кудалары алдуу-күчтүү эмеспи.

Желдей сызган жаныбарлар учуп-күйүп марага жакындап келишти. Ак жоолук байланган чабандестер да ат үстүндө күлүктөргө олбуй-солбуй камчы уруп келатышты. Алар шамал менен жарышып, аттын кулагы менен тең ойноп келатышты. Кыргыз баласы нечен кылымдардан бери жылкы жаныбар менен сыймыктанат. Алдыңкы чабандес атына камчыны удама-удаа уруп, жылкы жаныбар марага өтө жакындап келди. Аны буюрса, чоң байге күтүп жатат. Тагай бий чоң акбоз аттын үстүндө күлүктөрдү суктануу менен карап турду. Өзүнүн Керкашка күлүгү үчүнчү болуп келатат. Ал аттын сырын өтө жакшы билчү эле. «Эмнеге мындай болуп

калды» деп ойго батып турду. Ат туягы жараткан чаң улам берилеп келатат. Чаң менен кошо күлүктөр да берилеп келатышты. Адамдардын көзү күлүктөргө тигилет. Бий алдыда сызып келаткан Актуяк жаныбарды кызыга карады. Желдей сызган жаныбарды адамдар келиштирип жакшы таптаган экен. Күлүктөр марага тарсылдата туяк эше учуп-күйүп кирип келишти. Чакырымдар артта калып, жер үстү дүңгүрөп токтобой көчүп турду. Биринчи болуп Актуяк, экинчи Алкожонун Карагери, үчүнчү бийдин Керкашкасы чыгып келди. Өзүнүн Керкашкасынын таптоосу кичине начар болуп калганын бий сезип турду. Бөрүбай келип Актуяктын чылбырын кармаганда Тагай бий таң калды. Бул Актуяк Желдеңдин аты эмес беле. Эмне үчүн Бөрүбай ээ болгон же сатып жибергенби? –деп ойлоду. Ошол Актуяктан бериде ак калпакчан, кара чепкенчен Желдең Актуякты армандуу карап турат. Тагай бий чабандестин көрүнүшүнө боору ооруду. Бий жигити аркылуу Желдеңди чакыртты. Эриндери шамалга туурулуп, жүдөгөн чөөдөй сары, ындыны өчкөн чабандес Тагай бийге басып келип:

– Ассаломалекум бий, жакшы турасыңбы, чакыртыпсыз келдим,-деди башын жерге салып.

– Ва алейкума ассалом саяпкерим кандай кут болсун күлүгүң Актуягың биринчи келбедиби эмнеге сабырың суз сүйүнбөйсүңбү, жүдөгөн түрүң бар.

– Ал меники эмес.

– Кандайча Актуяк сеники эмес беле.

– Аны менден Бөрүбай тартып алган.
– Эмне Бөрүбайга карыз белең?
– Жок күлүк менин бээмин тукуму болчу,-деп тартып алды. Күлүктүн энесин бир кезде мен ага иштеген акыма алгам.
– Ошол элеби.
– Ал эмес кыраан бүркүтүмү да тартып алды.
– Эмне үчүн?
– Менин аталарым жайлаган аскалардан кармапсың,-дейт. Ошол да болмок беле ал аскалар элдики, биздин ата-бабалардыкы эмеспи.
– Ошол элеби.
– Ошол күчкө салып тартып алды- деп саяпкер аянычтуу башын жерге салып, жерди карап жалдырап, ындыны өчүп турду.
Тагай бий жигитине жини келе кайрылды:
– Чакыр тетиги билерманды береги таз, соку баш Бөрүбайды.
Көп өтпөй дөңдө турган топ атчандар бийдин жанына бастырып келишти. Арасында келишимдүү кундуз тебетей кийген Бөрүбай да бар.
– Бөрүбай күлүгүң чыгып келиптир,-деди Тагай бий ачылуу.
– Ырахмат эл атасы Тагай бий мен аны чегине жеткире таптагам.
Тагай бий каарданды. Анын каарданганын көрүп, Бөрү-

бай боз ала боло түшүп салбырап калды.

– Ал күлүк кимдики?

– Меники.

– Желдеңдики эмес беле.

– Желдең мага берген анын үстүнө күлүктү менин бээм тууган болчу.

– Сага калмактардын чабуулунан түшкөн көп жылкыны ким берди эле?

– Сиз бергенсиз Тагай бий.

– Мен берсем сен эмне үчүн аны элге тең бөлүп берген эмессиң?

Желдеңдин бүркүтүн эмнеге тартып алдың?

– Менин аскама тууган бүркүттүн балапаны болчу.

– Сен кудайдын аскасын менчиктеп алдың беле, ушул сөздү кантип айтып турасың.

– Жок Тагай бий      ал атамын жайлоосу болчу.

– Мына сага күлүк, мына сага бүркүт,-деп тагай бий Бөрүбайды чоку талаштыра эки-үч жолу тартып-тартып жиберди. Бөрүбайдын баш кийми учуп барып, аттардын буту турган жерге түшүп тапталгансып калды.

Билермандар эки ортого түшүп арачалап кириšти.

– Ардактуу бий бизге бир ачууңузду бериңиз.

– Бий кечирип коюңуз.

– Иттик Бөрүбайдан кетиптир, элдин таламын жактабай калган тура.

– Байкуш Желдеңдин күлүгүн тартып алган тура.

Тагай бий:

– Андай эле кыйын экенсиң калмактар басып алган Үч Кайнар булакты алсаң болмок.

Бөрүбай эмне кылаарын билбей эс-мас боло көзү ала-чакмак тартып, күйбөгөн жери күл болуп, өлбөгөн төрт шыйрагы калды.

Тагай бий каарданып:

– Карапайым элге карабасаң бүт малыңды элге талатып тентитем,-деп ары бастырып кетти.

Эл Бөрүбайдын ач көздүгүн жек көрүп жатты.

Көп өткөн жок алкынган Актуяк күлүктү, бүркүттү алып Бөрүбайдын туугандары Тагай бийге ийлип кечирим сурап келишти. Бий Желденди чакыртып:

– Ме күлүгүң менен бүркүтүңдү алгын, эгер дагы Бөрүбай тийшсе мен анын жазасын мындан дагы катуулатам.

Ал байгенин баардыгын Желдеңге бердирди. Ошентип бул иш калыстык менен чечилди. Анын калыстык баяны эл оозунда тарап, жерден-жерди, элден-элди аралап жүрүп отурду. Тагай бий өтө калыс эле ошонусу менен эл-журтка алына баштаган. Ал жаш кезинен эле элдик адам болуп, эзилген адамдарга болушуп, байларга өтө ырайымсыз болгон, ошол жакшы сапаты элдин канына эчак эле сиңип кеткен эле. Бул көрүнүштөн төмөндөгүнү баамдоого болот. Калыстык болгон жерде баары оңолуп иш жакшы жагына көчөт. Эгер элде калыстык болбой журт бир-бирине күч колдонсо, ошол кыргыздар баш ийип турган кандуу Моголстандын оор зама-

нында журт тентип кеткен жатпайбы. Тагай бий муну терең түшүнүп, элди бирдей тең укуктуу тартипте кармаган.

Тагай бий жаштайынан Бермет деген кара торунун сулуусуна үйлөндү. Бермет боюу узун, шыңга болйуу өтө акылдуу бийдин кеңешчиси болгон. Бийге көптөгөн туура акылды берген асыл жар эле. Анын Богорстон, Койлон, Сарбагыш деген балдары болгон. Айрыкча кичүү уулу Сарбагышты кыйналып жатып төрөдү. Ана төрөп жатып эне көрбөгөн азаптарды көрдү, Аз жерден төрөттүн оордугунан өлүп кала таштады. Ал баарынан ушул кичүү баласын жакшы көрүп аяган. Баланын мойну бир жагына тартылып кыйшык өсүп калды. Эне баланын мойнунун кыйшык өскөнүн көрүп аяп аябай жаны кейиген. Ал Тагай бийге ыйлап- сыктап:

– Самаркандык мыкты дарыгерлерге көрсөтүп баланын мойнун оңдотолу. Балким ошолордун колунан жакшы иш келеер.

– Ал кудайдан теңирим аны ошондой жаратты.

– Бирок ошондой болсо да баланын мойнун көрүп аны аяй берем.

– Ага капа болбо бу баланын аты Манастын жакын көргөн адамы Элтабар баатырдын уулу Сарбагыш деген түпкү бабабыздын атынан койгом.

– Ошондой болсун, ошол баатырдын арбагы баланын келечегине жар болоор.

– Болот көрөөрсүң менин ишимди ушул бала улантат. Бул уулуман көпту күтөм.

Ошол иш ошол болду.

***

Айлана небак бозомук өңгө бөлөнүп, асман сургулт тартат. Мезгил жетинин айынын башталышы эле. Бир жумуштар менен Тагай бий беш жолдошун ээрчитип, белде кетип бараткан. Атчандар коктудан түшө бергенде өгүз минип келаткан бир адамга жолукту. Тагай бий аттан түшө калып, өгүзчөн улгайган адамга салам узатты. Тайгай бийди туурап беркилер да аттан түшүп, саламдашты. Алар ар дайыма бийди урматтап жүрөөр эле.

– Уулум жол болсун кайда жол улантып бараттың эле?

– Богорстон баламдыкыкнаа бараткам.

– Ал уулуң жакшы турабы, аялы ооруп жатат,-деп эшиттим эле.

– Жакшы болуп калды белдеги конушунан ылдый түшкөн, саламдашып ал абалын сурап келейин,– дегем.

– Аның жакшы уулуң менен кабарлашып турганың ийги иш.

– Өзүңүз кайда баратасыз?

– Кайда бармак элем үйгө эле.

– Атыңыз эмне болду өгүз минип?

– Каран калгыр өткөн кыштагы жуттан жылкы баласы кырылбадыбы.

Тагай бийдин өңүнө капалык келип, атынын тизгинин тиги карыяга карматты.

– Бобул атты минип кетиңиз.

– Койчу балам биздей карыяга өгүз эле жарашат. Бир бутум көрдө салаңдап турбайбы, муну балам өзүң эле мин. Бул жүз койго же бир айгыр үйрүнө алмашкыс камбар атанын асыл тукумунан тура.

– Жок ата астыңызга ат тартып жатам, колду уялтпай минип кетиңиз баркыңыздан ушул ат улук беле, мен алдагы өгүзүңүздү минип кетем.

Бийдин жанындагы адамдар жаалап жиберишти:

– Миңиңиз бий тартуулап жатат. Бий атсыз калмак беле.

– Капа болбоңуз, өгүздөн түшүңүз.

Жигиттер карыяны өгүздөн түшүрүрп, бийдин келишкен жорго атына мингизип, өгүздүн мурунтугун мүйүзүнө түрүп, коё беришти.

Карыя ыраазы болуп күлүп:

– Ырахмат Тагай балам, тим эле койсоң болмок, чоң жорго ат мингенде мен да бий болуп калбадымбы –деп токтоно албай карс-карс ыраазы боло күлдү.

– Тагай балам, Жар Кыянын этегиндеги Жылуу Булакта кыштоодобуз Ошол жер биздин турагыбыз. Убактыңыз болсо барып, үйдөн бир чөөгүн чай иче кет. Сени да ыраазы кылаармын балдар бар эмеспи.

– Жок ата, ошол да болмок беле биз эмне акылашып жатабызбы, чай ичип эле жүрөбүз, кол бош болуп калса, сөзсүз жолугам.

Тагай бий карыя менен коштошту. Бул карыя Тагай бий он беш жашында, тай үрөтүп жүрүп, азоодон жыгылып, бу-

ту сынганда аны таңып кадимки өзүндөй кылып айыктырган. Колу эмсек куранды арабча бүт окуган касиеттүү молдо пакиза таза адам эле. Ал кезинде түштүктөгү молдолордон динди терең окуган адам болчу. Тагай бий сол, оң канатка жана ички кыргыздарга мусулман динин таратып, аны менен элдин жан дүйнөсүн оңдоого киришкен адам болчу.

***

Эки күндүн биринде күн күркүрөп, айлана текши жаңы түргө өтүп, жаңы чөп өнүп, касиеттүү жер эне жаңылана баштады. Айрыкча нымдуу тескей беттерде өсүмдүктөрдүн өсүшү өтө тез. Коктуларда, түзөңдөрдө эртең менен туман калыңдап, күн суук болсо, өйдө карай өрдөп жылат.

Ушул туман каптап турган күнү Тагай бийдин айлына кочкор мурун кашкар чапан кийген көзү ачык сынчы келди. Аны бий коноктоп, анан үч баласын чакырды. Сынчынын алдына Богорстон, Койлон, Сарбагыш келип отурду. Сынчы үч баланы сынап көпкө ойлонуп отурду.

– Буюрса, булардын өмүрү узун болуп, маңдайында жылдыздары жанып турат. Бар болгула балдарым!-деп аларды кетирип жиберди. Улуу балаң Богорстондун тукумунан жортуулчу, баатырлар көп чыгып, элин коргойт жана элдин тогу болот. Булар жердин жакшы жерин ээлейт деген экен. Койлон балаңын тукумунан корооздонгон сыпаа кишилер көп чыгып, өзүн жогору санаган нымактуу эл болот. Акыры кичүү уулуңан эл бийлеген адамдар арбын болуп, ошондой эле баатырлар көп чыгат. Бирок такыр ынтымагы жок журт бо-

лот. Тукуму бир-бири менен жоолашып, чабыша берет,– деген экен кайгыланып.

Ошентип сынчы Тагай бийдин үч баласын сындады. Тагай бий сынчыга жорго мингизип узатты. Албетте байыркы санжыраларда ушундай баяндар көп айтылат.

***

Тагай бий балдарына жер бөлүп бере элек эле. Ага жакындары айтты:

– Ардактуу бий балдарыңа конуш бөлүп бер, алар ошол жерди мекендеп, душмандан коргоп, элин адилеттүү башкарганга үйрөнсүн,– дешти.

Убакыт көп өтпөй бий аксакалдар менен дөңдө отуруп, үч баласын жанына чакырды.

– Балдарым мен улгайып баратам, силер бой тартып калдыңар, мен силерге конуш бөлүп берейин,-деди ойлонуп.

– Улуу балам Богорстон сага Сары Өзөн Чүйдү кыраан ак шумкарымды берейин улгайганда берекелүү ушул чөлкөмдө ит агытып, куш салып, армансыз жашагын. Бул аймакты элиң душмандан сактап, журтуң бакубат турсун. Экинчи балам Койлон сага Мөмөсү бышып жетилген кереметтүү түштүк жерин берейин, үстүнө мингениңде суу төгүлбөс акбоз жоргому алгын. Ошону менен түштүк жеринде жорго салдырып, журтуң менен аман-эсен жашап жүрө бер. Үчүнчү балам Кылжыр сен улуу балаң Орозбакты менен касиеттү көлдүн эки бетин ээле, кичүү уулуң Дөөлөсбакты Нарын, Чоң Кемин, Кичи Кемин жерлерин мекендеп, Алатуяк

күлүктү чаап өз жерин душмандарына жолотпой бактылуу жашасын жана дагы жер талашпай, уруу-уруу болуп чабышпасын ал жаман апаатка алып келет,– деп ата көп акыл-насаатын айткан экен. Эл дагы, балдары да бийге аябай ыраазы болду. Убакыт өткөн сайын анын кадыр баркы арта баштады. Ошол кезде бул чоң чөлкөмдү Чынгыз хандын тукумдары Моголдор башкарып турган экен. Алар каардуу эзүүчү, өздөрүнө каршы баш көтөргөндөрдү жок кылып турган. Тагай жалпы кыргыздарга бий болуп шайлангандан кийин, Жунустун уулу Ахмад, анын уулу Султан Халил анын иниси Султан Саид менен жакшы мамиле түздү, алар эмне десе ошону аткарып туруш керек болгон. Тагай бий бул чөлкөмгө айрыкча, өзбек, казак элине кадыр-барктуу болгон. Моголстандын ханы Тагайды конокко чакырып, жалпы маселени аны менен бирге чечеер эле. Моголстандын бийлөөчүлөрү Тагай бийдин кайратынан корккон. Алар бийди кыргыздарды бириктирип, Моголстандын бийлөөчүлөрүнө каршы чыгабы деп кооптонушкан. Бий азыркы Барскон аймагында жалпы кыргыздарга хан болуп көтөрүлүп, өзүнчө көз карандысыз эмес мамлакет болууга аракет кыла баштаган. Тагай бий өзүнчө күчтүү армия түзүп, армиянын тартибин Темирландын тактикасын пайдаланган. Бийдин жоокерлери Султан Саиддин жана анын уулу Рашиддин жоокерлери менен далай жолу беттешет. Акыры Могол бийлөөчүлөрү Тагай бий менен мамиле түзүп тынчып калышкан. Бирок Султан Саид тынч жаткан кыргыздарга чабуул коюп каргыз армиясы

жеңилип калып, Тагай бий колго түшүп, Кашкарга ак үйгө алынып келинген. Аны жок кылуудан Моголстан бийликтери корккон. Аны ошол жерде бий катары кармап турган. Кашкарда Могол бийлөөчүлөрү Тагай бийге баардык шартты түзүп берген. Ага бул жерде жалгыз өмүр сүрүү көңүлсүз болгон. Ошол үчүн ал үйлөнүп алып жашоого мажбур болду.

Тагай бий хандын багын аралап көңүл ачып жүрдү. Ал бакта эмне деген гана өсүмдүктөр жок. Алыскы Коконд, Маргалаң, Кытайдан, Индиядан алынып келинген түркүн өсүмдүктөр, көз жоосун алган гүлдөрдүн ар кандай түрлөрү. Бак ичинде түркүн куштар үн безеп адамдын көңүлүн көтөрүп алда кайда бийиктикке жетелеп жүрүп отурат. Ара-акта көйкөлгөн мажүрым талдын түбүндө үч сулуу кыздын сүйлөшүп турганы Тагай бийдин көзү чалды. Ошол кыздардын ичинен бирөө бийге өзгөчө жагып туруп алды. Мойну койкойгон, кыр мурундуу, ак жуумал кара көз, кара каштуу, калың олоң чачтуу кулпунуп турган кыз эле. Тагай бийге ошол кыз өзгөчө жагып турду. Бий алардын жанына барып ийлип салам берди. Сулуулар Тагай бийдин саламын алик алышты. Бийдин көзү жанагы сулууга тигилип туруп алды, кыз бийдин көзүн тике карай албай башын жерге салды. Бий да кыздын сылыктыгынан ыйбаа кылды.

– Кайсы тараптан келдиңиз эле?

– Анжияндык кыргыз кызымын.

– Урууңуз кайсы?

–Карабагыш уруусунанмын.

– Тилиңиз өзбекке жакын го.

– Бизде өзбектер менен кыргыздар аралаш жашайт.

– Быякка кандайча жол менен келдиңиз эле?

– Бул жерде Алимжан агам бар. Хандын багын тейлеген эң мыкты адам. Мен ошону менен бир келгем.

– Ата-тегиңиз эмне иш иштейт.

– Дыйканчылык эгин эгип, суу сугарат.

Ошентип ар дайым кечте Тагай бий Зулайка менен жолугуп жүрдү. Акыры Зулайка да Тагай бийди жактырып калды. Бий үйлөнүү жөнүндө ханга өтүнүчүн айтты. Хан бийдин өтүнүчүн жактыруу менен кабыл алды. Экөө үйлөндү. Зулайка өтө боорукер, назик, эмгекчил ургаачы эмеспи. Ал экөө бир канча жыл жакшы жашады Бирок Тагай бийдин санаасында бир нерсе кетпей турду. Ал турак жайын ата-журтун туулган жерин сагынды. Эли журтум эмне болду? Арыда калмак чагымчылары турат. Ошолордун чапкынына кабылган жокпу? Балдарым Богорстон, Койлон, Кылжыр эмне кылып жатты экен. Жөнөкөй момун элинин жашоо шартын ойлонот.

Ардактуу Султан Саид бүгүн сый урмат үлпөт уюштуруп, үстөл үстү ар түркүн жер-жемиш, набат жана башкаларга толгон. Бийдин көңүлү ачылып, хан менен жакшы мамиледе сүйлөшүп отурду. Экөө анда-санда жүзүм шарабынан жутуп коюп жатышты.

Бий ханга туулган жерин сагынганын ал жакты бир көрүп

келүүнү каалап турганын айтып өттү.

Экөө дагы көпкө аңгемелешти.

Хан бийди жактыруу менен карап:

– Баргыңыз келсе кайсы учурда жолго чыккыңыз келет?

– Улуу даражалуум, уруксат берсеңиз бара берсек болот эле, ата-конуш эмне болду, – деп эки көзүбүз төрт болуп жайнайт.

– Анда аз күндөн кийин кам-чомуңузду көрүп кайта берсеңиз болот. Моголстандын арстандары Чынгыз хан орнотуп кеткен чөлкөмгө үстөмдүк жүргүзүш керек. Алык-салыкты кемитпей учурунда жөнөтүп тургула. Эгер менин сөзүмө турбасаңар түп оордуңар менен чабылып азап тартып каласыңар.

– Ошондой болот ардактуу Султан Саид баардыгы сиз айткандай болот.

Ошол сөз ошол болду. Анан он беш күндөн кийин Бий ата ата-журтка кайтууга камынды. Кетеерде жары Зулайка таарынып:

– Эми кетесиңби мени кимге таштайсың?

Ортодо жымжырттык. Аз жылдар болсо да бирге жашап, бир-бирине мамилеси төп келишип, ынтымактуу өмүр өткөрүп жатышпады беле.

– Эмне кылам хан эркиндик берип, кетүүгө мезгил жетти. Биздин да душмандарыбыз көп эле, алар биздин элге кол салып, жерин талашып жатпаса болду.

– Мен тиякка барып, баш аякты жыйып кайра келип сени

алып кетем.

– Кетишиңиз жүйөөлү болуп жатат, бирок менин боюмда бар эмеспи. Аны кандай кылабыз?– деп ургаачы көзүн жаштады.

Үн жок үйдүн ичин жымжырттык аралады. Бир гана кашка чымындын ары-бери учканы даана угулат. Бийдин жанында «кетпе» деп Зулайка жары көзүн жаштап турат, кетпейин десе ата мекени күтүп жатат. Тагай бий эки ыңгайсыз абалдын ортосунда калды.

Ал башын жерге салып:

– Эмне кылабыз тагдыр ушундай деп шыбырап жатпайбы,-деди.

– Мен эмне келип-кеткен кишиден эле боюма бүтүп калгандай таштанды аял белем.

– Жок антип ким айтып жатат. Сени ала кетем. Сен менин нике кыйган асыл жарым эмесиңби.

– Түндө түш көрсөм сиз тоонун ары жагында, мен тоонун бери жагында болуп калыппыз. Кыйкырсам да эмнегендир үнүм жетпейт.

Тынчтык. Дабыш жок. Эки ортодо аянычтуу абал өкүм сүрүп турду.

– Мен бир жолу кетпейм, Ала Тоо бул жерде эле эмеспи.

– Билбейм көп эле кишилер келип кеткен алардын аздары гана кайрылып келишкен.

– Сиздин келгениңиз, кеткениңиз мага эсеп эмес, кеп курсактагы балада болуп жатпайбы.

– Анда сени ала кетейин.

– Мен көчмөн турмушка ылайыксызмын, өмүрүм бир жерде өткөн. Анын үстүнө боюмда болуп турганда кантип жол тартам, күз күнү суук болуп турганда, суука кабылып жок болом. Катуу суукка чыдамым жок.

Тагай бий эмне кылаарын билбей калды. Ал Зулайканы сыга кучактап, аял бышактан үн чыгарып ыйлоодо. Бул ажырашуу аянычынын коштошуунун күйүтү болчу. Алар эртеңки армандуу ажырашууну ойлоп жатышты. Экөө түн боюу баягы жолуккан күнүнөн тартып, ушул кезге чейинки күндү бир баштан эскерип чыгышты. Тагай бий үчүн бул жер жакшы эле. Бирок тиякта ата-журту чакырып жатпайбы. Улуу тоонун тентек жели булуттары, шок суулары, ата-журту чакырып жатпайбы.

– Мен сиздин мекениңизге бара албайм, бирок баланы эмне кылам?

– Эгер жаратканым колдоп аман-эсен төрөп алсаң баланы алып кетем.

– Келип алып кете албай калсаңчы?

– Анда белгими берип кетем.

– Эмне белги?

Тагай бий ойлонуп калды:

– Менин белгим күмүш бычак болот. Ал белгилүү чебер устанын колунан жасалган.

– Эгер муну бала жоготуп же жол баратканда бирөөгө алдырып жиберсечи?

– Ага кошуп болот өгөөнү берем. Төштүк өгөө үчүн жердин жети түбүнө түшүп кеткен.

Зулайка ойлонуп калды да:

– Мелиңиз экөөн тең таштаңыз.

Ошентип алар түн боюу сүйлөшүп эскерүү түнүн өткөрүп жатышты. Анан эртеси таң агарды. Куштар сайрап, назик үн салды. Жакын жерден молдонун азан чакырган керемет үнү теребелге дааны угулуп турду. Кайра жашоо башталып, кайра өмүр уланып кирди.

Алар эртең менен саал кечиреек ойгонушту. Жана түндөгү бүтпөй калган маекти кайра баштап кириштн.

– Атын ким,-деп коём? Бул баланын атасы ким болот?

– Атынбы, Айкөл Манастын кырк чоросу бар эле Карачоро деп, коёбуз.

– Бул бала Манаска чоро болобу?

Тагай бий күлүп жиберди да:

– Манас баатыр кыргыздын эгеси бийик күнү ал бизден мурун эле жашап өткөн чоро деген баатырдыктын элесин берет. Менин балам баатыр болсун же, улуу баатырга чоро болсун. Сен баланы агаң Калимжандын баласы деп атай бер анан мезгили келгенде ал түшүнөөр.

Зулайка Тагайды аянычтуу карап турду да:

– Мейли ошондой эле дей берейин. Ал агамын баласы болуп менин тарбиямда өсө берсин. Анан сиз бат эле келесизби?

– Кеткен бойдон келбей калмак белем, сөзсүз келем бал-

ким, сени да Ала Тоого ала кетеермин

– Аны байкайлы,-деди Зулайка Тагай бийге.

Зулайка бийге белекке деп сонун канжар, бат атма мылтыкты, ошондой эле аябай сонун келиштире сайылган бир нече жүз аарчы, жана башка майда барат оокаттарды берди. Мунун баары эстүү аял мени дайыма унутпай жүрсүн деген белги эле. Бийдин өңүнөн ыраазы болгон жылуулук төгүлүп кубанычка батып турду.

Айланага күздүн айы жаңы башталган эле. Келгиндер асмандан муңдуу үн салып түштүк тарапка сапар тартып учуп өтүп жаткан. Алардын коштошуу үнү чар тарапка угулуп, пенделер дагы бир сонун жайдын кеткенин арман менен эскерип турушту. Түштүктүн ысыгы башталып, али күчүнөн кайтпай турду.

Баш кошкондор ажырашмай болду. Тагай бий улуу өкүмдар жана ордонун адамдары менен коштошуп жатты:

Алар:

– Дагы келип турсаңыз экен.

– Биздин кыргыз туугандарга салам айтыңыз.

– Сапарыңыз байсалдуу болсун! Элиңизди ордого каршы алып чыкпаңыз, антсеңиз өмүрүңүз опурталдуу болуп калат.

– Жакшы барыңыз.

– Өзүңөр да жакшы калгыла силердин сыйыңарга ырахмат.

Дарбазадан ары Тагай бийди ээрчип Зулайка кошо барды.

Аял чыдай албай айтты:

– Кайра келесизби?

– Сөзсүз келем сени таштасам да баланы кантип таштайм.

– Анда жолуңуз болсун!

– Өзүңө кара аман-эсен төрөп ал. Денеңе зыян болот оор нерсе көтөрбө! Ар дайыма жылуу жүр. Биздин тагдырыбыз кандай болот билбейм, кыргызда Манас баатыр болгон. Эл чабылып, Каныкей эне төркүнүнө качып барып, анын уулу Семетей ошол таякелеринде өскөн. Качан он экиге келгенде ал ата конушун билип, ошол тарапка аттанган. Дагы айтам баланын атын Карачоро койгун. Кыз болсо өзүң бил. Сенин ата-тегиң кыргыз, болгондо да бийдин уулусуң деп айт!

– Макул айтам,-деп Зулайка Тагай бийди аянычтуу карады. Аялдын көзүнөн эки мончок жаш сыгыла агылып жерге түштү.

Тагай бий жана анын жигиттери аттарын камчылап, чоң сапарга аттанышты. Аттардын туягынын дүбүртү айланага угулуп турду. Зулайка атчан кетип бараткандарды телмирип карап турат. Атчандардын арасында Тагай бий бурулуп артын карады; бактын түбүндө ак жоолук салынып, бир аял турат. Ал жоолугун алып булгалады. Бул тирүүлүктө жолугабызбы же, жолукпайбызбы деген жышаана болчу. Экөө тең бири-бирин карап аянычка батып турат.

Ошентип бий кеткенине эки айдан ашканда ажарлуу Зулайка көз жармай болду. Ургаачы тынсызданат деги эмне төрөйм, кызбы же эркекпи? Эркек болсо баласын чоңойтуп

Ала Тоого ата-журтуна кеткиси келди. Ушул жерде ысыкта какталып, тургусу келбеди. Андан көрө балдарын багып, боз үйүнүн жүгүн ат, өгүзгө жүктөп, тоо-талаада бир жерден экинчи жерге көчүп, көчмөн турмушта жашай бергиси келди. Зулайканы эки аял төрөттү. Төрөтү бир аз оор болду анткени менен аман-эсен төрөп алды. Атасы айткандай эркек экен. Кудайга тобо! Артыбызда аталар атын унуттурбай тукум улаар бала калат. Баланын атын Тагай бий айткандай кудайга жалынып Карачоро деп койду. Ошентип бала бирде ыйлап, бирде күлүп, мезгилдин өтүшү менен чоңоё берди.

Андан бери он эки ай кезек менен алмашып, он эки жыл өткөн экен. Ошончо жолу жаз келип, ошончо жолу кыш кетти. Карачоро ордодо иштеген Зулайканын агасы Калимжандын баласы болуп, ошолордун үй-бүлөсү менен кошо чоңойду. Ал Зулайканы «эже» деп чакырчу. Ал кечке кошуна балдар менен ойнойт. Өзү теңдүү уландарга караганда боюу бийик, атасын тартып жотолуу эле. Ошондонбу өз күчүнө ишенип, башкаларга кордук көрсөтө койчу. Береги майда балдар биригип, Карачорону оюндан четтете башташты. Анысы аз келгенсип:

– Эй, атасы жок бала.

– Таштанды.

– Атаң сени таштап мал бакканы тоого кеткен.

– Сен атаңы таап албайсыңбы?

– Атасы жок селсаяк.

Карачоро ушул сөздөрдү угуп балдарды сабап кирди. Ки-

чинекей балдар жеткирбей качып:

– Таштанды.

– Эй, атасы жок таштанды.

– Кыргыз баласы койчунун баласы.

– Атаң сени «бакпайм» деп өз жерине кеткен.

Кичнекей балдардын ата-энеси Карачоро менен урушуп:

– Эй, дардагай кичинекей балдарга эмне тийишесиң.

– Таштанды,-деп жатат.

– Таштанды эмей эмнесиң атаң кайда?

– Таштанды эмесмин.

– Таштандысың Ала Тоого качып кеткен атаңы таап ал!

Айлана ымырт болуп, күн кечтеп калган. Көчөнүн ызы-чуусу небак эле басылып, базарга барган соодагерлер эбак эле чөнтөктөрүнө пулду шыкап, үйлөрүнө кайтып келишкен.

Аялдардан катуу сөз угуп, Карачоро үйүнө барбай кечке шаарды аралап каңгып жүрдү. Аңгыча асмандан алсыз нур таратып жымыңдап жылдыздар чыкты. Бир аздан соң тегерек ай суйкайып, чыгыштан жаадырай калкып чыга келип, тарапка балбылдай нурун таратат. Касиеттүү айдын шооласын баардыгы оронуп жатты. Күндүз кечке сайраган куштар түн ичинде эс алууга киришти. Бир гана бөдөнөнүн «бытпылдык» деп сайраганы кайдадыр бир тараптан чыккан дабышы токтолбой турду. Серүүн жел адырдан түзөңдү карай кыймылын токтотпой желип жортот.

Ошол бойдон тагдырына таарынган бала үйгө кайтпай,

шаардын четиндеги чабылган чөптүн арасына кирип түнөп үйүнө эртеси келди.

Зулайка:

– Уулум кайда жүрдүң сени издеп барбаган жерим, сурабаган кишим калбады, санаам санга бөлүнүп капага баттым. Чоңойгондо мени кууратат экенсиң го!?

– Досторум менен ойноп алардын үйүнө түнөп калдым.

Бала кечөөгүнкү окуяны айтып энесинин көңүлүн иренжиткиси келген жок. Бирок кыраакы эне кандайдыр бир оңтойсуз иштин жайын билип турду. Ошол окуя ошол болду.

Күндөрдүн биринде түш ченде Зулайка колуна баштык кармап, базарга бараткан. Сокмо дубалдын артында кандайдыр үндөр чыкты:

– Сен кыргызсың.

– Сени атаң таштап кеткен.

– Кет тооңо кой кайтар биякта эмне жүрөсүң.

– Биз сени оюнга кошпойбуз, атаң ордодо туткунда болгон. Аны Саид хан керек болсо өлтүрүп салат. Ушуларды мага энем айтып берген.

Аял акырын дубалдан башын чыгарып караса, Карачоро бир жакта майда балдар бир тарапта болуп айтышып жаткан экен.

– Кет кыргызыңа.

– Бул жерде эмне жүрөсүң.

Майда балдар Карачорого таш ыргытты эле, ал чуркап барып, бир баланы муштаса, тиги жыгылып ыйлап калды.

– Атама айтам кет кыргызыңа, өз жериңе!

Зулайка каардана кыйкырды:

– Ай, балдар чатагыңарды токтоткула, бул эмнеңер!

– Балаң өзү тийишип жатат.

Аял ачууланып:

– Менин балама жаман сөз айтпагыла!

Балдар чогулуп алып ары чуркап кетишти.

Карачоро катуу ыза болгон окшойт өпкөсү-өпкөсүнө батпай солуктап ыйлап энесин кучактап калды. Экөө ээрчише базарга барып, эне балага ар түркүн сонун буюмдарды сатып берди. Алар көп жерди кыдырып кайра үйүнө кайтып келишти. Баланын көңүлүндө бир кара так турганын эне туйду. Ал үйүнөн мейиз жеп, анан уктап калды. Анан көптө барып ойгонуп, көңүлү дале бейтап болуп турду. Энеси да андан бетер бушайман болду. Аял ойлонду. «Бул бала ичинен тынма экен. Мени менен мамиле түзөбү же көк беттенип ойлогон оюн бербейби?»

– Карачоро эмне болду балдар менен уруштуңбу?

– Уруштум алар биригип мага каршы чыгып жатат.

– Алар менен элдеш.

– Баары бириксе да мага алдары жетпейт.

«Бул атасын тарткан өжөр неме болот го, мени бакпай атасын издеп кетеер бекен» деп санаага батты.

Зулайка:

– Балдар менен эмнеге уруштуң?

– Аларды мен сабадым, энеке айтчы менин атам кайда?

– Сенин атаң Калимжан.

– Жок ал менин бакма атам, менин атам кыргыз экен, ал эл кайда?

– Алар алыс ыраак жерде.

– Биз жете алабызбы?

– Ат минген киши бир жарым айда же андан көп учурда жетет экен. Аякта тоолор, шаркырап аккан дарыялар, суулар, көлү бар экен анда алтын балык сүзүп жүрөт имиш.

Эне жумуш менен сыртка чыгып кетип калды. Ошондон кийин бала өзүнүн ата теги жөнүндө көп нерсени энесинен сурап билип алды. Дагы бир күнү мындай окуя болду. Бала Калимжанга караштуу болуп жүрбөдү беле. Бир күнү Карачоро оюн менен алаксып жүрүп, дарбазанын эшигин ачык таштайт. Үйдөн эки кой чыгып кетип дарексиз жоголот. Үйдөн чоң чатак чыгып, каарданган Калимжан баланы «Конушуңа кет сенин атаң Тагай бий» дейт. Бала ыйлап эки күн боюу оордунан турбай жатат. Таякеси кечирим сурап жалынат бала ага да болбой коёт. Акыры Калимжан жини келип:

– Атаңа кетсең кете бер,-дейт.

Көңүлү суган Карачоро энесин кыйнап:

– Атам жөнүндө дагы айтып берчи, мен баарын билип алайын,– дейт.

Ошондо Зулайканын көңүлү чөгүңкү тартып баардык болгон окуяны кенен кылып айтып берет. Атасы таштап кеткен баягы чүпөрөктү алып чыгып:

– Уулум бобу чүпөрөктө атаң берип кеткен нерсе бар, бул

күмүш бычак, анан бобул болот өгөө сен ушуларды алып атаңа сапар тарсаң болот. Бул буюмдарды атаңа көрсөтсөң ал ишенет. Энеси баласына Тагай бий айткан сапар баруучу жолду, жол азыгын баарын камдады. Калимжан таякеси «бир чети өзүм баккан бала эле, жээн эл болбойт, желке тон болбойт» деп, баардык кам чомун белендеп, аны алыс сапарга узатууга даярдады. Бала жеерде атын камчыланып, алыс сапар жолго аттанды. Эне «бул ыраак жерге кантип жетет жолдо адашып кетпесе экен» деп капа болуп турду. Анан эле бир укмуш көрүнүш болду. Андай көрүнүштү эне бала биринчи жолу көрүп жаткан эле. Анан бийик көктөн Ак калпакчан, акбоз ат минген карыя зор токулуу кара аргымакты жетелеп жерге конот. Кара аргымактын канаты бар сыяктуу эч убакта чарчоочу түрү жок өңдөнөт.

Карыя:

– Балам каякка сапар алдың?

– Атам Тагай бий эле ошону издеп сапар жолго чыктым.

– Атаң каякта ошону билесиңби?

– Билем ал алыскы Теңир Тоодо мен ошого барышым керек. Ата тегимди ким экенимди билишим керек.

– Сен ошол жакка алдагы начар атты минип качан жетесиң, бобу кара аргымакты мин мен атаңдын жана кыргыздын колдоочусумун сага жолдон көз салып жүрүп отурам. Балага төрөлгөндө бир касиеттү нерсе ыйгарыш керек эле сага эч нерсе ыйгарылбай калган ошол үчүн сага бобу кара аргымакты жаратканым ыйгарып турат. Бул кара аргымак сен төрөл-

гөндө сени менен кошо төрөлгөн. Же сени колдоп жүрүүчү шыбаган ырыскың болот.

Бала атага:

– Мага жардам бергениңиз үчүн ырахмат ата,-деди.

Акбоз минген карыя көздөн кайым болуп жоголду.

Эне таң калды. Баламын ата-теги касиеттүү жерден экен. Ал каалаган жерине аман-эсен жетет окшойт. Карачоро кара аргымакты минип каргадай болуп көрүнүп калды. Кара аргымактын эки капталында канаты бар эле. Эгерде балага коркунуч келсе, бала аргымакка катуу камчы салса ал абага көтөрүлүп учуп көздөн кайым болуп жоголот.

Эне менен бала коштошуп турду:

– Уулум эми жакшы бар. Менден атаңа салам айт. Мүмкүнчүлүгү болсо, бир келип кетсин. Ушунча жылдан бери энем сени унута элек күтүп жүрөт,– деп айт.

Атаңа алпарып бергин деп сонун тигилген көйнөк, жүз аарчы жана башка толгон буюмдарды баланын артмагына салып табыштады.

– Эне мен ошол жакта калайынбы, же кайра келейинби?

– Жайсыз болсо кайра кел,

– Кош бол кагылайын берекем, ата-бабаңын жерине аман жет, эсен болуп мени эстей жүр,– деп жашыды. Көзүнөн томолок жаштар арман болуп ылдый карай кулап жатты.

Каргадай бала жол улап кетип баратты. Эне кургур «баламын тагдыры татаал болбосо экен»– деп самады. Эне бир кезде Тагай бийди узатты эле эми анын ордуна бой тарт-

тырып уулун ата журтуна узатып жатат. «Кайран өмүр тагдырым мага эмне шыбага ыйгарды экен». Байкуш эне өзүн аяп « тагдырда баары ойдогудай болсо» деп келечекти жакшылыкка жоруп турду. Тагай бийди аяп турду, атасын, ата журтун издеп бараткан каргадай баланы да аяп турду. «Мели көрүнгөн жерде жүрбөй ата конушун таап, өз элине жарыгы тийсе экен» деп эне кургур балага жакшылыкты самап турду.

Кара жол, кара аргымактын үстүндө каргадай бала.

Бала канаты бар кара аргымактын оозун коё берди. Жарыктык кара аргымак араң эле турган экен сызып жөнөдү. Ал кетип баратып артын бурулуп карады. Энеси жалгыз бактын түбүндө жоолугун булгап турган экен. Энесин аяп кайра келгиси келди. Бирок кара тулпар бир арыш алып алган соң кайра артына бурулаар эмес. Аргымак арыш кере учуп күйүп баратат. Аял кетип бараткан баласынын караанын үзүлгөнчө карап турду. «Жаратканым мен узаткан адамдарды коргой жүр!».

Баланы көрүп турган адамдар айтты:

– Кыргыз баласы Карачоро ата тегин издеп Ала Тоого баратат.

– Туура кылат өз жерин таап алсын.

– Ата конуш ар бир адамга ыйык болот.

– Булар касиеттүү кыргыз элдин тукуму.

Ал жол менен жалгыз кетип баратат. Жалгызга эч ким тийген жок. Алдыда жол да жалгыз, каргадай бала да жалгыз, асманда тийип турган күн да жалгыз. Баары жалгыз. Бир га-

на келечекти самап турган адамдын үмүтү жалгыз эмес. Аны бүтпөс ой кыял жетелеп жүрүп отурат.

Зулайка кыргыз жери анын кайда экенин өтө жакшы билчү. Балага ошонун баарын жакшы түшүндүрүп берген. Жарыктык касиеттүү кара аргымак жолдун нугун жакшы билет окшойт Каргадай баланы үстүнө кондуруп алып, бирде кара жолдо басып, бирде аба да канат кере учуп жүрүп отурду. Ал жүрүп отуруп, жүрүп отуруп түштүк жеринде кетип баратты. Тарапта куштардын сайраган үнү, жыш өскөн карагайлуу жылгалар. Береги жапан талдын башында күкүк конуп сайрап жатат. Балага анын үнү ыргактуу да армандуу да сезилди. Бул аймак балага жакты шагы ийлип ар түркүн мөмөлөр бышып турат. Айлана жөн эле бейишитин жериндей ыргалат. Бир жерде арстан жолборс кетип баратса, бир жерде бугу улагын ээрчитип бааратат. Дагы бир жерде балага бейтааныш жаныбарлар жолукту. Бала ойлоду «Менин атам бейиш төгүлгөн жерден го» деп сүйүндү. Карачоро аттан түшүп эс алып жерге отурду. Арыдан адамдын баскан шыбырты угулду. Бала ошол жакты башын көтөрүп карады. Кийми суу болуп, арып-ачып, чачы өскөн сап-сары бир бала келатат. Чоочун бала Карачородон айбыгып, анын жанына келип колун сунуп:

– Салам алекум.

– Алеки салам. Эмне суу болуп кайдан келатасың?

Берки бала көңүлсүз:

– Биздин жердин байы атамы жигиттерине сабаткан. Атам

жини келип анын жакын туугандарын жок кылып таштаган. Каарданган бай өлсүн деп энеми, атамы, мени жип менен ташка байлатып, суугa чөктүрүшкөн. Атам энем суугa чөгүп өлдү. Аларды таппайм, кайрандарыман түбөлүк ажырадым, менин жибим үзүлүп кетип, суудан калкып чыгып тирүү калып, жашоо үчүн жай издеп баратам,-деп бала ыйлап жиберди. Ал жонуна асынган баштыгын көрсөтүп, азыгым өтө аз калды. Жегенге азык издеп жер кыдырып баратам. Азыгым түгөнчө ачкадан өлчүдөймүн.

Карачоро балага көңүл айтып сооротуп, – Мен атамы издеп бараткан баламын жүрү мени менен кошо. атыма учкаш.

Ошентип эки бала атты минип андан ары жол тартты. Бирок Карачоронун көңүлүндө бүдөмүк бир нерсе бар эле. Атам мени эмне кылаар экен. Аны мурун көрө элек элем. Аны менен мамилем келишеер бекен же кайра келемби, кандай күндөр болот. Каргадай эки бала кара аттын үстүндө келатат.

Алгачкы күндөрү күн ачык болуп, айлана жылуу тартып мээримдүү мемиреп турду. Жаратылыш эне эчак эле жанданып, куштар ырын төгөт. Жандыктар небак төлдөп, эл небак жайлоого көчкөн убак болчу. Эки баланын сапары кээде түз, кээде дөңдү, кээде тоону аралап жүрүп отурду. Карачоро ата тегин, жети атасынын жолдорун издеп кетип баратат. Өзүн жараткан бабаларына барып кошулгусу келет. Алар баратып шаркырап иримдеп агып жаткан суугa келди. Атынын ооздугун чыгарып, жылкы жаныбарга суу ичирип, чөп чалдыр-

ды. Экөө чөптүн арасына барып азыгын жайып тамактанышат. Ошол жерге эс алып укташты. Эртеси таң агарды, кулан-дан соо болуп жаткан жеринен турушту. Алар жолдон калбайлы деп камынып кайра сапарга аттанышты. Эки бала канаты бар кара аргымакты минип, бирде булутка кирсе, бирде ачык асманда шамал менен жарышып, касиеттүү кыргыз жерине келатты. Эки баланын жаадыраган келечеги канаттуу кара аттай, асманда сызгысы келет. Балалык күн ошонусу менен бакытка жетет эмеспи. Асманда уча берип дулдул кара аргымак чарчаган окшойт жерге келип конду да, эс алды. Балдар да буту колун жайып аларда эс алып, тамагын ичип таттуу уйкуга кириште. Эртеси эң сонун абалда ойгонушту. Алар тамак ичип жатканда, аларга кийген кийми айрылып, чач, тырмагы өскөн жүдөгөн бир бала жолугуп Карачоро ага:

– Эй, бала сен кайда баратасың?

– Чукулда биздин жерде ынтымагы жок туугандар бийлик талашып согуш болду. Азаптуу ошол согушта адамдар таланып тентишти. Ата-энемен айрылып жалгыз өзүм калып, тентип селсаяк болуп келатам.

– Кел селсаяк болбой бизге кошул,-деди Карачоро.

– Айтчы деги силер кайда кетип баратасыңар?

– Атам Тагай бий деген киши болот ал алыскы Ала Тоодо мен ошол атамы издеп баратам.

– Андай болсо, жакшы менин атамы өзүмүн көз алдымда душмандары жок кылды. Мындан ары менин атам жок.

Мен да атаңы издешем, балким ал менин атам болуп калаар. Ошентип кара жолдо үч жолочу кетип баратат. Мурда экөө эле эми үчөө болду.

Алар жолдо келатса, ак сакалчан карыя турган экен. Ал ээр токулган кара аргымакты жетелеп турат. Кебетеси ал жомоктогу чабандес болуш керек. Жолочулар карыяга салам беришти. Чабандес эки баланы башка бир кара аргымакка мингизди.

– Мен силердин ата-бабаңардын колдоочусумун. Силер туулган жериңерге жете албай кыйналып каласыңар, бобул аргымакты минип алгыла,-деп бат эле көздөн кайым болуп жоголду. Ошентип үч бала эки окшош кара аргымакты минип алып бирде мүңдүү чөптүн үстүндө, бирде булуттуу көктүн алдында сызып кетип баратышты. Аларды көргөндөр «касиеттүү Тагай бийдин балдары өз мекенин издеп кетип баратат»– дешти. Алар асман менен бир топко учуп анан жерде кара жол менен кетип баратышты.

Тээ береги саздуу жерде булут түнөп, алар суу ичип жаткан сыяктанат. Жол боюнда ала бата, мээр чөптүн анын өңү агыш боз саргыч тамыры жоон келип, сабагы тик тартат. Гүлү майда агыш жашыл түстө соккон желге жалбырагы назик сеңселет. Айрыкча шыбактын жыты мурунду жарып көңүлдү көтөрөт. Улуу тоонун башына булуттар турук алып турат. Күн бүркөлүп алар бир аздан кийин ылдыйлап жаан-чачынды пайда кылат. Эми мына шыбактуу талаа аягтары менен жол өргө таяна койнун ачып, берекелүү Чүй жери

боюун керип жайкалып чыга келет. Карачоро «менин атамын жери кенен ырыскысы төгүлүп, чачылган жерден экен» деп сүйүндү. Кара аргымактар жол нугунан адашпай кетип баратат. Тескей беттерге жаан-чачын көп жаайт экен. Тоонун этегинен тоонун башына чейин токой жыш каптап жатат. Пенденин көңүлүн көтөрүп жапалак арчанын жыты аңкыйт. Баардык жерде түркүн куштардын үнү чыгып, эргүү чачып жаңырат. Андан ары бийик тоону аюу, аркар, каман мекендеп жолочулар ысык күндө токойду көрүп көңүлдөрү ачылып кетти. Алар токойдун ичине кирип булактын жанына токтоп, тамагын ичип жаткан. Капыстан ат кошкуруп, аркы тараптан сербеңдеген караан көрүндү. «Бул ким болду?» деп балдар таң кала карады. Анан көйнөк шымы тытылып айрылган бир бала келатат. Үчөө тең таңдана тиктешти.

Карачоро:

– Эй, бала бери кел, жалгыз токойдо эмне кылып жүрөсүң?

Тиги бала чоочуркай басып келип, үчөөнө салам берди. Анын оозу казыл болуп боёлуп турат. Ачка болгон түрүң бар жер жемишти аябай жеген окшойт. Боюу кыска бечаранын курсагы чедирейип чыгып турат.

Карачоро:

– Жол болсун кайдан токой аралап?

– Айлыбыз бобул токойдон ары тоонун түбүндөгү түзөңдө болчу. Калмак чапкынына учурадык. Атам, энеми туткун катары калмактар айдап кетти. Адамдар жарадар бол-

ду, мал-жан таланып калды. Беркилер качып келген баланы көрүп аябай боору ооруду.

– Эми кайда баратасың,-дешти.

– Ата-энем жок кайда бараарымы да билбейм.

– Анда биз менен бол мен Тагай бий атамы издеп баратам, ошол кишиге жолуксак, анан калган иштерди көрө жатабыз.

Чедирейген бала көңүлдөнүп, алар менен кетмей болду.

Үчөө эле төрт жолочу болду эми,
Тагай бийди издеп барат төртөө тең.
Бири үмүт, бири сүйүү, достук анан да
Эрдик деген төрт жолочу жол келген.

Кара аргымактарга эки-экиден бала минип сапар кетип баратышты. Күн чыкты аскаларга булуттар илинип турат. Бийик тоого жакындаган сайын салкындыктын илеби даана байкалат. Ал эми арт жактан чөлдүн илеби уруп турат. Алар бийик тоого жакындап келди. Төрт баланы кара аргымактардын үстүндө келатты. Алар жандай учуп бараткан кузгундарга кайрылды:

– Кузгундар кайда баратасыңар?

– Тарп издеп кетип баратабыз.

– Андай болсо жолуңар болсун издегениңер табылат.

– Биз эч нерсе жебебйбиз, болгону тарп жейбиз. Аны жеп тоо-талааны ар кандай илдеттен тазартабыз. Же болбосо ар кандай жаныбарлардын өлүгүнөн көп оорулар тарап кетмек. Адамдарга жалпы эле жаратылыш энеге ар кандай пайда келтиребиз. А силер кайда баратасыңар?

– Менин Тагай бий деген атам болгон ошону издеп кетип баратабыз.

– Ал тээ береги башын ак кар көк муз каптаган тоо суулары ылдый шаркырап аккан Ысык Көлдүн жээгинде жашайт. Буюрса ал жерге үч күндө жетип каласыңар.

Бул кабарды угуп, «жетүүгө аз калган экенбиз» деп жолочулар аябай кубанып калышты. Алар жол жүрүп келатышты. Адыр менен жүрүштү, шаркыраган суу кечип, колот өрдөп жөнөштү. Токойдун арасына келип жер-жемиш жеп эс алышты. Жаа менен кыргоол атып, куйкалап жешип, курсак тойгузуп, көңүл ачышты.

Жолочуларга салып-уруп эки көк жал чуркап келатты.

Балдар:

– Эй, көк жалдар ээрчишип кайда баратасыңар?

– Улуу тоолор тараптан келатабыз, суур аңдып желип-жортуп жүрөбүз, өзүңөр кайда жол алдыңар?

– Мен Тагай бийдин баласымын ошол атамы издеп баратам.

– Анын конушуна бир күндүк жол калды. Бобул белден өтсөңөр шаркырап аккан кашка сууга жолугасыңар, ошону өрдөп жүрүп отурасыңар, анын конушуна түз эле кирип барасыңар. Төрт жолочу канча жол басты жолдун оорчулугу артта калыптыр. Алар асман тиреген тоолордун ортосундагы бир тар капчыгайды ашып чыгышты. Тоонун таза жели аркырап уруп урду. Төрт жолочунун көңүлү ачылып, канатчан аргымактардын үстүндө каалгый абада учуп баратышты. Бал-

дарга мелтиреп күнгө чагылышып, касиеттүү көл көрүнүп турду. Каз, өрдөктөр каркылдап, үн чыгара баркылдап сүзүп жүрүшөт. Бийик камыштардын арасында күрүлдөп жолборстор жойлоп чыгат. Токойдо марал, кийик, бугу батпайт. Эки жагында аркайган бийик тоолор. Чамына көлгө куюп жаткан дайралар. Көлдүн үстү толо суу куштары. Жарыктык көлдө түркүн балыктар арасында күн нуруна чагылып, адамча сүйлөп алтын балык сүзүп жүрөт. Балдар бул жердин кооздугун көрүп таң калгандыктан ыйлап жиберишти.

– Менин ата-бабам касиеттүү жерден экен,-деди Карачоро.

Балдар көл бойлоп келе жатып бир карыяга жолукту:

– Ата, Тагай бийдин конушу кайда?

– Бобул көлдүн жээги менен жүрүп отурсаңар, көп айылга, жана шаарга кезигесиңер, дагы жүрүп отурсаңар Барскон деген шаар бар ошол Тагай бийдин ордосу болот.

Балдар жүрүп отуруп, адамдардан сурап отуруп, акыры капкалуу Барскон деген шаарга келишти. Ал жерден Тагай бийдин кабарын сурашты. Тагай бий азыр чоң жайлоодо эс алып жатканын айтышты. Балдар ошол жайлоого сапар жөнөштү. Алар капчыгай өрдөп, кенен жайык өрөөнгө туш келишти. Ошол жерде кереметтүү чоң боз үйлөрү бар, ыйык жайлоого туш болушту. Тагай бийдин жайлоодогу конушу ушул экен. Кара аргымак минген балдар боз үйлөргө жакындап келишти. Алар туурда отурган бүркүттөрдү, куштарды көрүштү. Дөңдө сүйлөшүп бир топ карыялар оту-

рушат. Адамдар канаты бар кара аргымактарга суктанышты. Бул жөн балдар эмес, теңиримдин өзү колдогон балдар экенин билишти. Уландар боз үйлөргө жакындап, аларды жигиттер тосуп алып аттан түшүрүп, аргымактарды кермеге байлашты. Балдар дөбөгө чыгып отургандарга ийлип:

– Ассаломуалекум аталар,-деп салам беришти.

– Алекумаассалом, балдар,– дешти отурган карыялар.

Жолочулар дөңдөгү кадырмандардын аягына келип отурушту. Карыялардын алдында калың көлдөлөң салынып, бир олутту баянды куруп жаткансыйт. Эң төрдө сакалы белине жеткен үч карыя адам отурат. Андан бери ар түрдүү курактагы адамдар жайланышкан. Кыраакы адамдар балдардын алыс жактан келатканын сезишти. Алар уландарга көп деле көз салган жок, чарчап келгенгер эс алсын анан аңгемени улайбыз,– деп ойлонушту.

Балдар тамак ичип эс алышты. Анча-мынча убакыт өттү. Карыялар баягы чоң дөбөгө чогулушуп, балдарды жанына чакырышты. Сакалы белине жеткен бир карыя айтты:

– Жол болсун балдар кайсы тараптан келатасыңар?

– Ыраакы Кашкар тараптан, Султан Саид хандын ордосунан чыгып келатабыз,-деп Карачоро айтты.

Отургандар Могол хан дегенде баардыгы тең сестене түшүштү. Жолочуларды алыс жайдан келаткан экен дешти.

– Жол болсун эмне жумуштап, кимди издеп чыктыңар эле.

– Мен Кашгарда төрөлүпмүн атам ушул Ала Тоонун арасында экен. Аты Тагай бий ошону издеп келатам. Бала

чоңойгондон кийин ата-тегин табыш керек экен,– дап Карачоро маанилүү баяндады.

– Бар бол балам, сен ата-тегиңди издеп жолго чыккан бала турбайсыңбы, анын жакшы, ата-тегиң сенин келечегиң.

Тагай бийдин сакалын ак чалып, жаш курагы бир топко барып калган сыяктуу, кайраттуу узун бойлуу бүркүт мурун, ал жоон үнү менен сүйлөп турду:

– Болуптур ыраакы жактан келатыпсыңар, жолуңар болуп таалайыңар ачылсын!

– Энем Зулайка айткан атаң Ала Тоодо жашайт мен ошону издеп келатам.

– Ырас айтасың мен ошол Тагай бийдин өзүмүн менин балам экениңди аныктаган эмне белгиң бар?

Карачоро куржунун аңтарып карап, шайы чүпөрөккө өрөлгөн күмүш бычакты, жана жаңы өгөөнү алып чыгып Тагай бийге сунду.

Бий аны ары имерип бир карап, бери имерип бир карап, өңүнөн кубанычтын нуру тамчылады.

Бий эмне деп сүйлөөр экен деп карыялар анын оозун карап калды. Ал көп жылдан бери жоголгон буюмун таап алганына кубанып, күмүш бычакты суктана карап:

– Ооба балам, бул менин таштап кеткен аманат белгим болчу. Сен энеңин курсагында калган элең, атың Карачоро болчу жараткан эгем үмүтүмдү актады дагы бир балам алыстан аман-эсен кайтып келди,– деп өгөө менен бычакты өөп касиеттүү буюмдарды колун сунуп, карыяларга узатты.

Карыялар ыйык табылганы ары имерип бир карап, бери имерип бир карап суктана кубанып жатышты.

Бий тагдырына аябай ыраазы болуп толкундана, жоголгон нерсесин таап алагансып турду.

– Болуптур сен менин алыста калган балам экенсиң а бул балдарым ким болот?

Ошондо суута чөгүп аман-эсен калган бала тизелеп отуруп сүйлөй баштады:

– Менин атам көр оокат кылган адам эле биздин жердин байы аны сабап, аябай ыза кылат. Кордук көргөн атам, жини келип байды өлтүрүп салат. Байдын туугандары ата- энеми, мени жип менен оор ташка байлап, өлсүн деп кирип турган терең суута салат. Атам менен энем суута чөгүп өлүшөт. Кудайдын барманы менен мен тирүү калдым. Берекем ата-энем жок болду, түбөлүк жоготтум. Мен Карачоронун азыгын кармап келатам. Өзүм дагы курсагым ачып, жегенге азык издеп жүрүп, Карачорого жолуктум, -деп токтоно албай ыйлап жиберди. Баланын армандуу тагдырын угуп, карыялар ойго батып, тымып калышты. Тагай бий кайрат айтып:

– Кой, балам ыйлаба, кайратыңы жоготсоң жаман болот.

Ал эми бу балам ким болот,-деп андан кийинки балага кайрылды.

Экинчи бала тизелеп отура калып, башындагы арманын айтып кирди:

– Биздин жердин эли ынтымагы жок болуп эки жааташып согушту. Менин ата-энем ошол капсаланда өлүп жок бол-

ду. Мен кайда жашаарымды билбей селсаяк болуп тентип жүргөм. Барбаган жерим, көрбөгөн элим калбады. Жетимчиликтин айынан эмне кордукту гана көрбөдүм. Мени көргөн адамдар «баягы селсаяк» деп жанына жолотпой калды. Акыры Карачорого жолугуп ушуну менен бир келатам,– деп бышактап ыйлап жиберди.

– Кой балам анча жашыба башыңан оор окуялар өтүптүр, эмне кылабыз не болсо да тагдырдын жазганы ошол да.

– А бу балам ким болот, курсагы чедирейип турган балага кайрылды.

– Атам, энем калмак чапкынында учурап каза тапты. Аларды мен таба албай калдым. Экөөнөн тең ажырап ачка болдум, ток болдум. Катуу оорудан курсагым чедирейип чыкты. Эки-үч жылдай көрүнгөндүн эшигинде көрбөгөн кордукту көрдүм,-деп озондоп жаш төгүп турду.

Карыялар:

– Кой балам жаман жорук баштаба кайратаңды жоготпо!

– Ата-энесин жоготкон жалгыз сен эмес биз да жоготконбуз.

– Ким эле ата-энесин түбөлүк кармап жүрсүн.

Бала колу менен жашын аарчып ыйлаганын токтотту. Баланын арманын угуп беркилер да кайгырышты. Отургандар үч баланын кайгысын угуп көңүлдөрү чөгүп капага батышты. Бу жарыкчылыкта кубанычтан арман көппү деп ойлонушту.

Бий кубанычтуу:

– Алыста жүргөн балам Карачоро өз турагы ата мекени Ала Тоого аман-эсен келиптир. Ал жөн келбей өзү менен кошо бир туугандарын ээрчите келиптир. Бир балам Карачоронун азыгын көтөрүп жардам берип келиптир, бу уулумдун аты Азык болсун,– деди кубана. Ал эми экинчи балам, ата-энеси өлүп көрбөгөн кордукту көрүп турмуштун айынан тоо-талаада тентип селсаяк болуптур. Бу уулумдун аты Саяк болсун,– деди ата жылмайып. Карыялар башын ийкеңдетип кубаттап жатышты.

Тагай үчүнчү баланы көрсөтүп:

– Бу балам калмак чапкынына кабылып, ата-энесинен ажырап, оорулуу болуп курсагы чедирейип, көрбөгөн кордукту көрүптүр. Чертип койсо эле жыгылып кетчүдөй абалга келиптир. Атын « Чертике» коёлубу?

– Коёлу,-дешти аксакалдар бир өөздөн кубаттап.

Бий жарпы жазылып кубанып айтты:

– Карыялар ушул күнү мен төрт балалуу болдум, менин балдарым силердин да балдарыңар. Силердики эмес жылпы кыргыз элдики. Менин Богорстон, Койлон, Кылжыр деген уулдарым бар эле, эми аларга Карачоро, Саяк, Азык, Чертике, Черик, Коңурат келип кошулду. Жаадырап күлүп кубанганынан ыйлап жиберди. – айланайын журт жоо жакадан алып турганда кыргыздын саны арбып, бөтөн элге айбат көрсөтсө экен. Атабыз Манастын арбагы колдоп, элибиз эл журт болуп сакталса экен.

Төрдө отурган эң улуу аксакал карыя:

– Айланайын журт калкыбыздын саны арбып, түндүгүбүз бийик көтөрүлсүн! Тагай балам балдарың менен аман-эсен бол! Бул балдарыбыздын тукумдары өз жерин коргогон кыраан баатырлардан болсун! Аксакалдардын өңүнөн нур төгүлүп баардыгы бата кылышты.

– Оомийин!

– Оомийин!

– Оомийин!

– Жаратканым өзү жар болсун!

– Кыргыз элибиз аман болсун!

Тагай бий кубанганынан көп боз үй тиктирип, ак боз бээ чалдырып чоң той берген экен.

– Оомийин!

– Оомийин элибиз аман-эсен болуп, кыргыздын кыйры узарсын!

– Элибиздин саны арбысын, башка чоочун элдин алдында айбаттуу болсун!

– Касиеттүү Манас атабыздын арбагы колдосун!

Тагай бийдин биринчи аялы ай жаркын Бермет эне болгон экен. Кудайым шыбаа айтып койгонбу кыргызда аял заттын акылдуусу, алган жары эр жигиттин бактысын ачат дейт. Бермет Улуу Каныкей энедей ары сулуу, ары акылман бийге жарашыктуу жар болуптур. Ал кыргыз элинин ички муңун, келечек тагдырын бий сыяктуу билип, ага эң сонун акылман кеңешин берип турчу экен. Тагай бийдин иши ошол эненин багыты боюнча өнүгүп, астыга жылганын санжырачылар көп

эскерет.

Ошондо ак элечек кийген көп бабиче бешикти көтөрүп, элдин алдына келип, отуруп, Бермет эне ак эмчегин чыгарган экен. Тагай бийдин тондуу балдары Саяк, Азык, Черик, Коңурат, Чертике бирден эмп кириптир жаратканым жардам бердиби, же эненин энелик жан дүйнөсү козголдубу ким билет касиеттүү эненин эмчеги ийип кадимкидей ак сүт чыгып, балдары аныноозанып эмген экен дешет. Касиеттүү ата Тагай бий чоң той берген экен. Ошол Тагай ата той берген күнү күн ачык жаадырап тийиптир. Жайдын сонун учуру экен. Күн ачык туруп эле анан сонун өткүн өтүп, асмандан касиеттүү күн желеси « Асан-Үсөн» көрүп адамдар кудайга жалынган экен.

Чабалакей канаттуу куштар асман менен сызат. Бийик көктө кыраан куш каардуу үн салат. Ал кыргыз жерине кыраандыкты даңаза кылат. Күкүк, күкүктөп, булбул тээ алыскы бакта сайрайт.

Күн ачык. Улуу тоолор шаңкаят.

***

Ала-сала мезгил өттү. Жер-жемиштер толук бышып, айланада эң сонун күз күнү болуп турган. Ошол күнү түштүктөн Гүлчөдөн «Адигене бий катуу ооруп жатат»– деп Тагай бийге чабаган келди. Бул кабарды угуп Тагай бий жолдоштору менен даярданып, абыр-шабыр жөнөп калды. Тагай бий сезимтал адам эле өзү дагы бир нерсесин жоготконсуп жүргөн, агасынын бекер чакыртпасын ал билди. Атчандар күнү-

түнү тынбай жол жүрүп келе жатышты. Салт атчандар бат эле Гүлчөгө жете келишти. Адигене бийдин тигип койгон боз үйлөрү алыстан даана көрүндү. Кермеде аттар байланып турат. Эки жакка чабагандар чапкылап кетип жатышат. Бир кырсыктуу окуя болгонун Тагай бий сезип Акбозуна камчы уруп бат эле абыр-шабыр жетип келди. Боз үйдө Адигене бий тил оозсуз жаткан экен. Тагай бий ылдам кирип келип, улуулар менен саламдашып, алсыз жаткан агасын карап, чекесинен өөп саламдашты. Адигене бий күчүн жыйып, инисин көрүп алсыз жылмая анын саламын алик алган болду.

Адигене акыркы күчүн жайып инисине керез осуят сөзүн узатты:

– Келдиңби иним, келгениң жакшы, менден кемчилдик кетсе кечиргин, мындан кийинки бийликти эми өзүң алгын. Элди жакшы башкар,-деп тил ооздон калгансып баратты.

Тагай баатыр менен Адигене бийдин ортосунда жакшы мамиле болбой келген эле. Адигене бий Могол бийлөөчүлөрүнүн таламын жактап келген. Ал эми Тагай бий ар дайыма эркиндикти каалап Моголдорго каршы болгон. Адигене бутпарас динин жактаган адам эле. Ал эми Тагай бий чыныгы мусулманчылыкка берилген адам эмеспи. Эл үчүн Адигене бийге караганда Тагай бийдин кадыр-баркы кичине жогору болгон.

Ошентип Адигене бий тиги дүйнөгө узады. Бийди койгону ар бир уруулардан белгилүү бийлөөчүлөр келишти. Ал

учурда кыргыздар бутпарас динине сыйыншчу. Мусулман дини жаңы тарап анча күчүнө кирбей жаткан эле. Адигене бийдин кээ бир туугандары «анын сөөгүн бутпарасча өрттөп салабыз жасаган күнөөсү тазарсын» дешти. Бирок ага Тагай баатыр көңүлдөнбөдү. Акыр ал жеңди. Ошол учурда кыргыз жеринин ичинен Арсланбап токойлору кереметтүү ыйык жер деп эсептелип келген. Тагай бий ошол айланадагы ысык, муздак булак агып, ыйык куштар сайрап жаткан эң бир сонун жерди тапкан. Ошентип Адигене бийдин сөөгү Арсланбап токойуна коюулду. Бий мусулманчылыкты кыргыздардын арасына таратуунун жолунда болгон. Ал курандын сүрөөлөрүн жана аяттарын жакшы түшүнгөн адам эле. Ошол үчүн аны «Мухаммед Кыргыз» деп аталгандыгы тууралы негиз бар. Андан кийин жалпы кыргыздарга Тагай бий шайланып жалпы элдин бийи болуп калды. Тагай кыргыздардын жалпы бийи болгондон кийин Ал кыргыздардын эркиндигин Моголдордон талаша баштады. Анткени эл алыксалыктан эзилип журт аябай начарлап бараткан эле. Бий аскер ишин абдан жакшы өздөштүргөн адам болгон. Ал өзүнчө аскер курап аны Аксак Темирдин тактикасы менен өздөштүрүп бат эле чыңап жиберген. Бий кийинки учурда Могол бийлөөчүлөрүнө баш ийбей салык төлөөнү токтоткон. Могол ханы Султан Саид 12 миң кол курап келип Барскон суусунун жанында катуу салгылаш болот. Кыргыз жоокерлери өтө аз болуп, ошонун натыйжасында жеңилип калган. Тагай бийди колго түшүрүп аны Кашкарга алып кетип ал жактан

үйлөнгөнү жөнүндө кабар берген болчубуз.

## САРБАГЫШ ЖЕ КЫЛЖЫР АТА

*Өз аты экен Сарбагыш,*
*Кыңая басып мойну ийри*
*«Кылжыр» деп аты аталган,*
*Ошентип бул ат таралган.*
***
*Тарыхта аты катталган,*
*Кылжыр деген ата бар,*
*Миң жылдары айтылган,*
*Мындай баатыр кайда бар.*

Күн суук болуп, айлана бозомук тартат. Улуу тоонун башына боз булут уюп түнөк алды. Бобереги көрүнгөн түзөңдөр анан тээ береги дөңсөөлөр бир кезде жашыл эле эми өмүр күзү келип, бозомук өңгө айланды. Куштар да, адамдар да «күз келди, күз келди» деп айтып жатат. Куштар турак издеп алыскы жактарга шашылат. Шаркырап аккан суунун үстү муз болот бирок анын астындагы суу өзүнүн өмүр жолун улап, шылдырт чачып агып жатат. Мындан какшып калбай «өмүр өлбөйт, өмүр өлбөйт» деген кабар келет. Тоо жактан шамал согуп, бозоргон булуттар кайсы бир жакка айдалат. Күн ачык болгондо өрөөн суук тартат. Ал эми бүркөлгөн кезде жерде жылуулуктун илеби топтолот. Тээ бере-

ги имерилиш түзөң ылымта жерде Тагай бийдин кыштоосу. Кой жаныбар кыштоодо жайылып, өз турагына кайтып келет. Ал эми жылкы жаныбардыкы такыр башкача, ушул кабалаңдуу учурда анын жоосу өтө көп. Алар билинбей түн жамына келип, малды айдай качып, таптырбай кетет. Ээси карайлап таппай калат. Анан дагы кашабаң бар эмеспи, ал ит болуп билинбей эркелеп келип, курч тиштерин хылкынын кекиртекке матырып жара тартат. Жарадар мал бутун араң солбуп айкарасынан жыгылып, тыбырчалап жан берет. Топ-топ болуп үйгүшкөн кашабалар туш-туштан тиш салып, майкандап киришет. Анан жору, каргалардын тоюу башталып, бат эле кан-жининен өйдө жеп жылан сыйпагансып жок болушат. Кышында жылкы жаныбар кар тээп оттойт. Аяз суук күндөрдө ылымта түзүп бир-бирине ыктоолойт. Эч нерсе көрүнбөй бороон башталса, ал кезде жылкы тоо капталына шамалы жок жерге ыктоолойт. Бобу күтүрөп жаткан жылкы Тагай бийдин жылкылары.

Тээ береги Кара тоонун этегинде шамалы жок ыктоо аймак Тагай бийдин кыштоосу. Анын аялы Берметтин боюнда болуп төрөөр маалы жакындап калганбы түн боюу уйку баласын көрбөй кыйналып чыкты.

Кылжыр ата төрөлөөрдө Тагай бий бир кызык түш көрөт. Түшүндө күлүк акбоз атын минип, тоо аралап капталдай кетип бараткан экен. Бийик ашуудан ашып алды жагын караса, көз жеткис чоң өрөөн ачылат. Өрөөн эң кооз карап эле тургуң келет. Өрөөн аркылуу ээ-жаа бербей эки дайра алкы-

на агып жатат. Дайралардын киргени же агып жатканы билинбейт, күргүчтөй токтобой агып эле жатат. Дайранын башында чоң таштын үстүндө Чоң жолборс өрөөндү карап жатат. Асмандан сандаган бүркүттөр айланып жүрөт. Алардын сүрүнөн жердеги жаныбарлар жазганып коркот. Бий ушул түшүн бир карыяга айтты. Карыя бийдин эң жакын ысык көргөн курдашы эле:

– Кокуй, бул түштү эч кимге айтпа, көз тийет,– деди чочуй. Буюрса бул төрөлүүчү балаң жөн тегин бала болбойт экен. Суу өлбөс түбөлүк жоголбоочу элес. Буюрса ал уулуңдан жер бетине эки уруу эл тараар, агып жаткан дайрадай болуп, ал эми асманда учуп жүргөн бүркүттөрдөй кыраан уулдар ошол элден чыгаар. Бий түшүн эч кимге такыр айтпады, түштүн урматына акбоз бээ чалып, элге тамак берди. Ал эми түштү жоруган жанагы карыяга акбоз күлүк жана үстүнө тон жапты. Ошол иш ошол болду.

Жылкычылар жылкы кайтарган суук күз күндөр өтүп жатты. Тагай бийдин үй бүлөсүндө кандайдыр бир нерсе болчудай болуп турду. Бий да бул күндөрү ошол болуучу ишти жакшылыкка жоруп, жаратканга, арбактарга жалынып, «Деги ишим жакшылыкка жорулса экен», деп өтө ойлуу жүрдү. Бермет эненин төрөөр күнү жакындап кирип келди. Үйгө колу эмсек үч кемпир келип эненин төрөтүнө кам көрө баштады. Эне байкуш мурун эки бала төрөдү эле анда мынча кыйналган эмес. Ал ичинен « Каапыр бул бала менин башымы жейт го» деп шектүү ойлорду ойлонуп жатты. Ошол бала

төрөлөөрдө бир апта күн көрүнбөй айлана алай-дүлөй болуп, кар аралаш жаан жаап турду. Адамдар таң калып. «Бул эмне балакет болгон жатат» деп түкшүмөл тартышты.

Акыры үч кемпир алышып жатып, энени таң маалында эптеп жатып төрөттү. Кудай буйруп төрөлгөн бала эркек экен. Баланын үнү тай чабым жерге угулуп турду. Аны уккан карыялар «Бул бала тегин бала болбойт, келечекте ата журтту коргогон мекенге чеп болгон бала төрөлгөн экен»– деп жорушту.

***

Тагай бий ислам динин ыйык дин катары баалаган. Ошондой эле байыркы бабаларынын санжырасын билген айкөл кепкор адам эле. Басса-турса ыйык санжырадан башкаларга кеп сала берген пенде болгон. Ал кыргыздын кырк уруусун бириктирип, эзүүчү Моголдорго каршы күч топтоп аларды мекенден алыс сүрүп салгысы келген. Анын негизги баа жеткис оюу ушул болгон. Ал жаңы төрөлгөн баласына ат коюуну самады. Тагай бий Манас чыгармасын түп нускасына жакшы билген адам эмеспи. Улуу касиеттүү Манас баатырдын эң жакшы жакын көргөн адамы Элтабар болгон, ошонун элди коргоор Сарбагыш деген уулу бар экен. Ата төрөлгөн баланын атын Сарбагыш койгусу келген.

Балага ат коюучу карыя сурады:

– Тагай уулум баланын атын эмне деп атайлы?

– Сарбагыш.

Касиеттүү карыялар айтып жатты:

– Балабыздын аты Сарбагыш болсун!

– Сарбагыш!

– Сарбагыш!

– Уулубуздун атын Сарбагыш деп асан чакыргыла!

– Сарбагыш!

– Сарбагыш болсун!

– Сарба…гы…шш…– деген ат ай ааламга теңир көккө баардык жерге тарап кетип жатты.

Бийдин колунда бар эмеспи акбоз бээни чалып эл-журттан бата алды. Мезгил закымдап өтүп бала да чоңоюп жатты. Баланын мойну бир жагына тартылып ийри моюн болуп өстү. Ошонусунанбы эл аны « Кылжыр» деп атап алды. Бермет эне капа болуп:

– Бу баланы көзү ачык дарыгерлерге көрсөтчү, -деп бийге кайрылчу.

Тагай бий аны укпай:

– Кудайым балага ушундай тагдыр берди, ушул балам тың чыгып, келечекте журттун керегине жарайт,-дечү.

Айлана небак жашарып, чөп бурала өсүп, эл небак малжаны менен улуу тоолорго көчүп кеткен. Бээ саап, кой кайтарып, кыргыз эли тээ байыркы атам-замандан бери түйшүк менен алек. Ушул тоолордон эки ашуудан ары, жагында калмактардын конушу башталат. Көптөн бери калмактар менен кыргыздар жер талашып келатат. Бул арыздашуунун айынан нечен жолу кармашуу болуп, бирде калмактар сүрүлүп, бирде кыргыздар сүрүлүп, жанын оозуна тиштеген далай жаң-

жалдар чыкты. Азыр дагы калмактар менен кыргыздардын арасы тынч эмес. Өткөндө эле калмак жигиттери кыргыздардын жигиттерине тийип, бир топ жабаганы айдап кетти. Көп өтпөй ага жооп кылып, кыргыз жигиттери жоонун көп жылкысын түн ичинде айдап алышты. Айдап келсе эле бир жөн чокмор менен уруп калмактын эки жигитин торойто чапты. Ошондон бери орто тынч. Бирок кыргыздар калмактар кек кууйбу деп, тоо жакты карап шектенишет. Дагы бир шойкомдуу окуялар болуп кетеби деген бүдөмүк ой ичтен сызылат. Күн чыгып кайра кеч келип, өмүр акырындап өтүп жатты. Ушул күндөрдө Бермет баласы, энеси менен жакын тааныштарынын чакыруусунда жайлоодо конокто болчу. Тагай бий иштери менен бир жакка алыс сапарга кеткен.

Анан асмандан жымыңдап ай нуру төгүлүп түн келип, алтын казык жылдызы түндүктөн жол көрсөтүп чачырайт. Түндө адамдар да, канаттуулар да эс алууда. Бир гана түн ээси үкү азык издеп ары-бери чабыттап учкан болот. Түн канаттуусу жарганаттар бир жерден экинчи жерге далдалактап сызганын токтотпойт. Бобул кабат-кабат эки тоонун ары жагында калмактардын конушу бар. Эки эл бири-биринен шек санап турушат. Канчалык тынч жашайлы десе да тынчтана албай коюшту.

Азыр ай чыга элек. Ай отуруп анан чыгууга маал келет. Назик жел чөптөрдү жалбырактарды аймалап өтүп, сүйкүм шыбырт таратат. Түнкү жаныбарлар ар кандай шыбырттарга кулак төшөйт. Түн тынч турган менен баары бир кыймыл

уланат. Ал убактылуу гана тынч турат. Тигине асмандан кулап дагы бир жылдыз жок болду. Ал жылдызды кайсы адам көп карайт болду экен. Ушул түндө тээ берегі ак кар, көк муз жамына челген ашуудан калмактардын он бештей жигити караңгы түндү төтөлөп кыргыздар отурган конушка акырын жылып келатты. Өткөндө кыргыздар калмактарды чаппадыбы ошонун кегин кубалап келатышат. Калмак жигиттери токтобой желип-жортуп, жылгадан жылганы, адырдан адырды, коктудан-коктуну сыдырып ач карышкырдай жылкы айдап алганы келатышат. Түнкү кошуунду Батман калмак баштап келатат. Ал далай жолу түнкү жортуулга чыгып алчы-таасын жеген пенде эле. Ал жеке эле кыргыздарга жортуулга чыкпастан казактарга, уйгурларга, монголдорго чейин жортуулга барып же деп машыгып алган жан эле. Булар кыргыздардын малына тийип, каршылык кылса, боз үйлөрүн чаап кордук көрсөтүп кетиш керек эле. Кыргыздардын аз эле жигиттери жылкыларды жакын эле жерде жайып жүргөн, калмактар ал жигиттерге карама-каршы келип, бат эле малды айдап кетишти. Калмакар боз үйлөргө чабуул койгону келген жок.

– Калмактар.

– Боз үйлөргө чабуул коюп келбесин.

– Жан соога болсун кудай.

– Баланы сактагыла!

– Жакшылык кайдасың балдарды кара!

– Момун бери кел!

– Тотуя эмне эле туруп калдың баланы алып качалы!

Жыйылган топ жигиттер аттарды жайдак минип, курал жарактарын алып жылкыларды кайрып келүү үчүн кетишти.

– Ата кайдасың мага жардам бер!

– Калмактар менен өлбөгөн жерде калабыз.

Караңгыда ат издеген жигиттер ары-бери делпелектеп чуркашат. Жардам сураган үндөр. Айлана ушундай кооптуу дабышка толуп кетти. Бермет таякелерине келип, бешиктеги Сарбагышты да кошо ала келген. Ага жардам берүүчү Тотуя деген аял да кошо келген. Эки жигит эки атты энеге алып келди:

– Эже силер аттарды минип өйдөкү кечүүдөн өтүп, аркы өйүздөгү боз үйлөргө бара тургула аяк тынч силерди эртең бул жакка чыгарып алабыз. Суу терең экен өйдөкү жалгыз талдын жанынан кечкиле!

Бермет эне атка минип бешикти өңөрүп, Тотуя бир атка минип кечүүгө карай жөнөштү. Алар кечүүдөн көп эле өтүп жүрүшкөн баарын билиш керек болчу. Атчан аялдар өйдө карай жөнөп калышты.

Эне:

– Суунун аркы өйүзөндө таякелерибиздин боз үйлөрү бар. Эл тынчтангыча ал жакка бара туралы, аңгыча журт бир жакшылыкка жетишеер.

Эки атчан капталдай кечүүгө кетип баратышты. Айсыз көзгө сайса караңгылык. Жада калса бир карыш укум жер да көрүнбөйт. Атчандар сууга жакындап калышты. Арттан

кыргызыбы же калмагыбы топурата жылкы үстүндө чаап өттү. Аялдар «куугунчулар келаткан экен» деп катуу коркуп кетишти. Аттарын камчыланып сууга киргенче ашыгып бат эле жээкке жете келишти.

– Бермет эне өйдөкү кечүүдөн кечели бул жердин суусу өтө терең эле.

Айым күндү жактырбай:

– Ага кантип жетебиз ал үчүн кычыкты айланышыбыз керек го.

Күң каршылык кылып:

– Суу катуу кирип жатат бешикти агызып албайлы.

– Кудайым сактасын эмне кылабыз, артта куугунчулардын дабышы чыгып жатпайбы, калмактарга туш келсек торойто чаап унааны алып кетет аттар тың кудайым сактаса кечип кетеер.

Күң да буга макул болду. Ал башкача кыла албайт эле эненин тилин алыш керек. Алдыда чамынып күрүлдөп-шарылдап агып жаткан тентек суу. Эки атчан тентек сууга туш келип такалды. Бул жер кечмелик эмес эле, жаныбарлар да ошону билип, өйдөкү кечмеликке карай бурулуп туруп алышты.

– Келе баланы мага бергин,-деп өкүм айтты айым.

Күң аттын тизгинин тартып, алдындагы бешикти айымга кармата салды. Айымдын мингени келишимдүү чоң тору ат. Күңдүкү бышты чабдар ат. Мындай алсыз жаныбар сапырылып кирип жаткан сууга туруштук бере алабы?

Эне караңгы түндө:

– Суу атаасы Сулайман көлдөй көр жаратканым өзүң жар бол, кандай күнгө туш келгенбиз, -деп атчандар теңирге муңун билдиришти.

Айымдын аты өкүмдүк менен астыга умтулуп, суу ургаачынын тизесин жаба берди. Жүрөгү үшүп, суу жаба бербесин деп бешикти өйдө көтөрдү.

– Кудай арбак колдой көр, кандай суу ушунчалык терең беле, кокуй,-дегенге араң жарады. Айым оң колу менен бешикти бек кармап, сол колдоп тизгин жана ээрдин башын бек мыжып жатты. Ылдам кечип кетсек деп буту менен атты теминип коёт. – Чу, чу жаныбар, суу атасы Сулайман колдой көр, ата бабанын арбагы колдой гөр.

Арттан « Аа…ааа…ааа…»– деген бакырык угулду.

Катуу кирген тилсиз суу күндү ат-маты менен агызып кетти. Кара жаны менен алек болгон айым аны даана байкап, денесин калтырап коркунуч аралап жатты. Көңүлү уйгу-туйгу болуп, жүрөгүнөн коркунуч каптап турду. Айымдын минген атын суу жаба берип, анын колундагы баланын бешигин тилсиз суу жулуп кетти. Аялдын «Аа…ааа…ааа..» деген алсыз чаңырыгы алыска угулду. Ээрдин кашын бек кармап, аркы өйүзгө өтүүгө аракет кылды. Жаныбар күчтүү экен күрүлдөп кирген сууну омуроосу менен жиреп аркы өйүзгө аман-эсен чыкты да силкинип-силкинип жиберди. Бермет эне бешиктеги баланы жакшы кармай албай сууга агызып жиберди. Айым эми эле колдо баласын сууга агызып ийип, улуп-

уңшуп ыйлап жатты:

– Ай, кудай ай, ушундай да күн болобу, кокуй күн колумдагы балам кайда кетти? –анын үнүн суу угузган жок. Бирок тоонун тентек жели алыска-алыска айдап кетти. Күңдү минген аты менен суу агызып кетпедиби. Ай караңгы түндө көз ачып жумганча ушундай алаамат окуялар болуп кетти. Бир заматта ушундай кокустуктар болуп өттү. Айым эмне кылаарын билбеди, кийми жети катары менен суу болуп, үшүгөн денеси калтырап-титиреп чыкты. Бермет эненин минген аты аркы өйүзгө аман-эсен чыгып, от жылтылдап жанга үйлөргө карай бурулуп басыгын ылдамдатты. Ат боз үйгө ылдам эле жакындап келди. Булар черик уруусунун боз үйлөрү болчу. Аларды кабанак иттер арылдап тосуп чыгышты. Арыдан эки жигит чыкты.

– Келаткандар кимдер?

– Мен.

Эненин үнү араң чыкты.

– Мен деген ким?

– Мен Тагай бийдин аялымын.

Жигиттер ушундай үндү угуп, бир алаамат болгонун болгоолоп, аялдын атын алып, отту улуу жагып, анын киймин кургата баштады. Үч жигит ат минип, суу жээктей чапкылап, агып кеткендерди караганы кетишти. Жайылмада күңдүн аты оттоп жүргөн экен аны айдап келишти. Издегендер баланы да аялды да табышпады. Эне түн боюу кирпик каккан жок. Суук тийген шекилдүү эти ысып чыдай албай кыйна-

лып чыкты, ар кандай сөздү сүйлөп, сөзүндө бешиктеги баласын чакырып жатты.

Түйшүктүү түн өтүп, эч нерсе ойдо калбагандай болуп, эртең менен күн улуу тоонун башынан шоодурай шоокум салып чыгып, тоону, сууну баарын мээрим чачып жылыта баштады. Эне ооруп жатса да суу кийми менен ылдый басып, баласын издеп жүрдү. Эненин курган үмүтү «балам бешиги менен бир жерден чыга калса», дейт. Он чакты жигит өйүз-бүйүзгө аттарын чапкылап агып кеткендерди шашып-бушуп издеп жүрүшөт. Күн суунун эпкини менен жээкке чыгып, чоң таштын түбүндө жылуу жерде үргүлөп уктап жаткан экен. Бир гана кийми суу болбосо калганынын баары оордунда. Бир жигит аны атка мингизип үйүнө алып кетти. Алар наристени издеп жүрүштү. «Тентек суу муштумдай баланын денесин майдалап салды го каяктан издейбиз»-дешти. Шайдоот жигиттер аттарын чапкылай, ылдый карай шашкан тейден салып-уруп жүрүп отурушса, суунун ортосунда балжууран, коко тикен, калың чөп өскөн таштуу жайык аралча жайгашыптыр. Ошол аралда ургаачы көк жал жолборс сууну жээктеп басып турган экен. Аралда бешик турат анын жанында элечекчен эне отурат. Шайдоот жигиттер салып-уруп ошол аралга карай ашыгышты. Касиеттүү көк жал суу кечип, тоону этектеп капталдай кетип баратып, анда-мында аралды карап, каардуу үн салып ырылдап үн чыгарып коёт. Жигиттер сууну кечип ошол жерге чаап келсе, жасалгалуу бешикте, бала суу болбой мемиреп уктап жаткан

экен. Ууруту сүт болуп, эми эле эмчек эмгени билинип турат. Жигиттер бул окуяны көрүп аң- таң калышты.

Уламаларда Кылжыр атанын колдоочусу касиеттүү көк жал экен. Аны көк жал колдоп, өзүнө, укум-тукумуна көп ийгиликтерге жетиштирген шекилденет.

***

Бала жыгылып туруп, жерден жети токмок жеп акырындык менен чоңоё баштады. Мойну ийри болгондуктан баланы «Кылжыр» деп чакырып жүрүштү. Бермет эне Тагай бийге көп кайрылган экен «баланын мойну ийри болуп калды аны Самаркандагы мыкты дарыгерге көрсөтүп, мойнун оңдосок болот эле го» – дейт. Тагай бий ага көнбөй «Көрөсүң балдарымын ичинен ушул эң мыктысы болот. Жаратканым баланын ошондой жаратты ошол бойдон кала берсин» – дептир. Кылжырдан Орозбакты жана Дөөлөсбакты төрөлөт. Биринен Бугу уруусу, экинчисинен Сарбагыш уруусу тараптыр. Санжыра окугандар бул уруулардан көптөгөн баатырлар, олуя чечендер, эл бийлөөчүлөр жана башка адамдар чыкканын биз айтпасак да белгилүү эмеспи. Бул ысым унутулбай кала берди. Уламаларда атанын Сарбагыш аты көп айтылбай Кылжыр болуп кала берген экен.

***

Тагай бийдин үч баласы тең турмуштун ысылы- суугуна кабылып чыйрак болуп чоңоюшту. Богорстон жаратылышынан манап сыяктуу таза, сылык, сыпаа эле. Оозунан эч бир жаман сөз чыкчу эмес экен. Аны эч ким үйрөтпөсө деле жа-

ратылышынан ошондой адам болгон сыяктуу. «Мен алам» деп дүр-дүйнөгө да такыр жутунчу эмес дешет. Койлон көйрөңүрөөк, башка адамдарга эч бир залалы болгон эмес экен. Ал эми Сарбагыш жаштайынан эле өкүм, курч, керек болсо каардуу, маанилүү ишти кармабай бат чечип, бирок такыр сараң эмес колу ачык чачылып-төгүлгөн адам болгон дешет. Ал өз элин аябай сүйүп, каршы жоосуна айбаттуу сокку ургангa даяр турган. Жана баардык жерде тигиге же буга кол ийрисине тартпай чындыкты айтып, туура чечим чыгарганы менен айырмаланганы байкалып турчу. Ал үнүн катуу чыгарып өкүм сүйлөгөн адам эле. Кылжырдын сөзүн Богорстон, Койлон а түгүл Тагай бий да укчу экен. Кылжырдын өктөм сапаты калмактарга да а түгүл Моголдорго да угула баштады.

***

Ошентип жер күндүн айланасында айланып, убакыт закымдап өтө берди. Кылжыр бой тартып чоңоюп, үйлөнөр кези келди. Бул кезде кыргыздар менен калмактардын ортосу кээде тынч, кээде коогаландуу учрлар өкүм сүрүп турду. Калмактар кыргыздарды өз жеринен сүрүп салып, алардын жерин ээлеп алгысы келет.

Жай айы бүтүп, мезгил күзгө кадам салып бараткан учуру эле. Гүлдөр небак солуп карайып сабагы эле калган. Бирок шыбак чөбү күзгү сүйкүм жытын дале чачып турат. Талаадгы сасык кычы бадалга окшош чөптүн майда мөмөсү саадакча келип, анын өңү бозоруп өңүнөн тайып, табияттын

мыйзамына аргасыз баш ийгендей. Шалбаалардын жана көлмөлөрдүн жээгинде өтө кооз жашыл ыйлаак чөп дале көрктөнүп өсүп анын гүлү кызгылт же кочкул кызыл түстө сулуу тартып, караган адамдын көңүлүн өзүнө бурдурат. Асмандагы булуттар катып, жаан эми жаабай калды. Тоо ичи түшкү ченде ысык болот да, анан кечкисин акырындап барып салкын тартып, түнкүсүн суук түшүп, нымдуу абадан кыроо түшөт.

Кылжыр жигиттери менен калмактардын жылкыларын тийип келүүгө камына баштады. Муну Тагай бий билип калып айтты:

– Кылжыр балам калмакка каршы чабуулуңу кой, алар менен ынтымакта турганыбыз эле оң –деп айткан.

– Жок ата бизге тийишпесе дагы алыстагы кыргыздардга көп асылып турат алардын сесин бир жолу кайтарып коёлу.

– Кой, балам антпесең, ал майда барат көрүнүш алар менен ынтымакта турганыбыз эле оң.

Кылжыр атасынан ыйбаа кылып унчукпады. Ал кечинде он жигит ээрчитип, жээрде кашка ат минип, кайдадыр бир жакка жөнөп кетти. Түн. Кылжыр баштаган он жигит калмактардын жылкыларына жакындап келатты. Айлана тынч анда-мында үн салган түнкү куштардын үнү чыгат. Айдарым жел тоодон ылдый согуп адамды ичиркентет.

Кылжыр:

–Акырын карааныңарды көбөйтпөй бириңерге-бириңер жакындап ыктай бастырып, тизгинңерди тарта жүргүлө!

Алар калмактардын жылкыларына жакындады. Жоо тарап шекти билип калган окшойт, ат кошкуруп, кайдадыр бир тараптан жылкы кишенеди. Бөтөн адамдар шек алып калгансыды. Кийинки учурда алар өтө сак болуп, жылкыны көптөп кайтарып калышкан. Он жигит беш-бештен бөлүнүп, жылкыларды бөлө качырып айдап келатышты. Ошол кезде калмактар айгай салып, кыргыздарды кууп калышты. Ортодо салгылашуу жүрүп, карсылдаган чокморлордун карс-курс деген үнү угулат. Ошол салгылашуу кармашта Кылжыр эки жигити менен колго түшүп, аны орго салып коюшту. Бул абалды билип калмак байы Дорбу айтты:

– Ордо жаткандар ким экен?

– Байым Тагай бийдин баласы эки жигити менен жатат.

Тагай бийдин атын укканда бай сестене түштү:

– Кой, Кылжырды бошотконубуз оң кыргыздар менен каршы болгонубуз жакшылыкка алып келбейт. Кыргыздар оңой эл эмес алар кек куушат.

Жигиттер Кылжырды эки жигити менен ордон чыгарып, аларды кийиндирип, жуундуруп, Дорбу байга ээрчитип келишти.

– Уулум кечирип кой, сен Тагай бийдин уулу Кылжыр экенсиң.

Кылжыр күнөөсүн мойнуна алып:

– Ардактуу бай кечирип коюуңуз, күнөөбүздү мойнубузга алабыз, жылкы уурдайбыз,-деп уят болдук.

Дорбу ыраазы болуп:

– Мейли күнөөңөрдү мойнуңарга алсаңар ал кечиримдүү болот.

Кылжыр эки жигити менен сый көрүп, жүрө берди.

Ошондо калмактын көзү ачыгы Дорбуга айтты:

– Байым бобу жигитте бакыттын жышаанасы төгүлүп жатат муну ордого алып кетсек эмне болот. Аны колунун жана бетинин бырыштарынан байкоого болот.

– Кой болбойт, бул Тагай бийдин кичүү уулу чоң чыр чыгып кетет. Бий ушул уулун бел таяныч кылып кармап жүрөт. Биз кыргыздар менен достук абалда турушубуз керек. Керек болсо, алам десе кыздарыбыздан берели.

– Анда кандай кылабыз.

– Бул жигиттен бакыттын жышаанасы төгүлүп турса, өзү бийдин баласы болсо, кыздарыбызды берип күйө бала кылып алышыбыз керек. Биз дагы бул эл менен тынчтыкта жашашыбыз зарыл. Курама темир курч болот дейт, булардан оңой бала төрөлбөйт.

Бай калмак хандын эң жакын көргөн кишиси эле, анын кызы жок болчу. Акыры бай кыз издеп отуруп, тектүү жерден чыккан Санбирга деген кызды тапты. Кыздын энеси кыргыз ал эми атасы калмак болгон экен. Санжыра уламачылар аны кыргыз тилин суудай билген ал акылдуу бийдин баласын жарашыктуу жар болгон. Тагай бий кудаларын сыйлап, өзү дагы аларды ыраазы кылып узатты. Эки ортодо достук байланыш далайга чыңалып жакшы уланды.

Кылжыр атанын биринчи аялы эки бала төрөп, ал эл

арасындагы тарган оорудан чарчап калыптыр. Экинчи аялы төрөөрдө Кылжыр ата бир сонун уламалуу түш көрөт. Түшүндө кыраан кара куш салып жүрүптүр. Шумкарынын тумшугу, буту кызыл экен. Жарыктык жаныбардын көзүнөн нур чачырап, адам баласы кыраанды тик багып карай албайт. Шаңшып добуш салса, үнү бир тоодон экинчи тоого жайма-жай угулуп, ал тоонун маралдары да, бул тоонун маралдары да дүрбүп качат. Канаттуулар тынч албай жан соогалап асманда уйгу-туйгу учуп жүрөт. Бир эле тоодон эки дарыя башталып агып жатыптыр. Дарыялар терең жаныбар же адам өтө алгыс болуп аккан суусунун үнү алыска-алыска тай чабым жерге угулат. Ошол эки дарыяны өрдөп, кадырлуу ата куш салып баратат. Бир дарыянын башында он алты айры мүйүздүү бугу мүйүзүнө алтын бешик илип алып жарыктыктын денесинен алтын нур чачырайт. Бир түзөң жеринде боз үй тигилип, анда ак калпак кийген аталар, ак элечек кийген энелер отурат. Бешикке умай эне аппак бала бөлөп жатыптыр. Ал эми экинчи дарыянын башында кыраан көк жал турат. Анын сүрүнөн адамдар да жандыктар да коркуп турат. Эки дарыянын башында асман тиреген аска зоолор зоңкоёт. Ошол жерде булуттар менен тең болуп касиеттүү ата турган экен. Жана Кылжыр ата кубанып ойгонду. Ал «азап тозоктуу көп эле түш көрдүм эле, бул түшүм ал түштөргө такыр окшобой турат. Ушул көргөн түшүм, жоголуп кетпей менин тагдырыма келеби, же жөн эле бир келген сооротон элеспи», деп чочулады. Түшүмө көз тийбесин деп эч кимге жада

калса койнунда жаткан аялына да айтпады. «Түшүм ишке ашса экен» деп Теңирге жалынып-жалбарып бата тилеп жүрдү. Ошондон көп өтпөй аялы эркек бала төрөйт анын атын Орозбакты деп коюушту. Андан кийин дагы жылдар өтүп дагы эркек балалуу болду анын атын элибизге дөөлөт, бакыт келсин деп Дөөлөсбакты аташты. Бирок көргөн түшүн атасына айтып бергиси келди. Ал касиеттүү киши эмеспи, башкалар укпаса да ошол жорусун деди. Тагай бий:

– Балам эки дарыя эки балаң, ошол дарыялар сыяктуу сенден тукум тарайт экен. Алардан балким көп эл тарай турган шекилденет. Бир суунун башында бугу турса ошол бугу ошол элдин колдоочусу окшойт. Экинчи суунун башында көк жал турса ал ошол элдин коргоочусу шекилденет. Эртеси Тагай ата акбоз бээ чалып батасын берсин деп калың журтка тамак берди бирок түш жөнүндө эч кимге айтпады.

Анан дагы бир укмуш окуя болуптур. Жайдын толуп турган чагы. Айланада канат кагып түркүн көпөлөк, калдыркандар учуп турат. Карлыгачтар адамдарга жакын келип кайкып кетет. Коо -коодо жол боюнда сары кызыл гүлдөр ыргалат. Жоогасындар эрке желге боюн керип термелет. Жай айы, айлана айтып бүткүс чоң керемет. Кылжыр ата мал саак баарыга боорукер жан болчу. Бир койдун буту сынып, ошого шак-шак байлап коюуп, дөңдө жатып, түш ченде уйкусу канып ойгонду. Боз үйдөн ары Орозбакты менен Дөөлөсбакты көпөлөк кубалап ойноп жүрүшөт. Анын көзүнө бир укмуш элес көрүндү. Арыда он алты айры мүйүздүү бугу менен

көк жал чуркап келатат. Таң калды. Бугу менен көк жал кандайча бир жүрөт. Бир-бирин жеп албайбы. Экөө чуркап отуруп эки балага келди. Бугу Орозбактыны ээрчисе, көк жал Дөөлөсбактыны ээрчийт. Алар эки баланы ээрчип жанында жүрөт. «Бул экөөнүн колдоочусу ушулар тура. Балким алардын укум-тукумун ушул ыйык жаныбарлар ар дайыма колдоп жүрөөр»– деген таттуу ойго чөмүлүп дөң үстүндө жатып дагы уктап алгысы келип, көзүн жуумп таттуу уйкуга көшүлдү.

Дөөлөсбакты кийин бой керип чоңойду. Ал жашынан эле түпкү аталарын тартып баатыр чалыш болду. Жаратканым ага бойду, темирдей булчуңду жана жоодон коркпос кайратты берген экен. Анын жоокер бумдары дайыма шай болгон. Өзү дагы элди коргоого журт таламын жактоого даяр бологн Дөөлөс баатыр жунгар, ойрот, калмактар менен күрөштө колду баштап барып нечендеген эрдиктерди көрсөткөн. Бир канча жолу эр сайышка чыгып, калмак баатырларын далай жолу учура сайып, ченемсиз баатырдыкты жасаган.Бабалардын сүргөн санжыра боюнча Дөөлөсбактынын: Токой, Жантай, Элчибек, Манап деген уулдары болгон экен. Ушул төрт уулу тең арстан менен тең болуп, жоо менен күрөштө көп эрдиктерди көрсөткөн. Булардын ичинен айрыкча, Манап бийдин эрдиги укмуштуудай баяндарда айтылат. Ошол кезде калмактар, жунгарлар кыргыз жерин басып алганга далай жолу аракет кылган. Бирок талбас кайраттын, эрдиктин аркасында кыргыздар өз жерин сактап калышкан. Тарыхчы,

санжырачылар Манап бийдин эрдиктерин уламаларда айтып, баяндап, кол өнөрчүлөр ага көп жерде ат мингизипэстеликтерди тургузушкан.Айрыкча Манап бийдин уулу Жарбаң баатырдын эрдиги жөнүндө уламаларда көп айтылат. Манап бийдин Жарбаң, Сүтөй деген уулдары болгон экен. Жарбаң баатыр Манап бийдин улуу уулу. Манап бийдин аялы Кызбийке баатырды төрөөрдө каза болгон. Ошондо көзү ачык « Ушул баланы аман алып калгыла, бул силерге чеп болот» деп айткан. Эненин курсагын жарып баланы аман алып калышкан. Балага Сүтүке деген атты коюушат. Бирок эненин курсагын жарып алгандыктан Жарбаң болуп аталып калган. Бала жаш чагынан эле эстүү, акылдуу, кайраттуу болуп чоңойгон. Манап бий жунгар калмактарына каршы күрөштө атасынын оң канат колун баштап барган. Аябай кыл чайнашкан согуштарда ага калмак баатырларынын эрдиги ага тең келген эмес. Калмактар менен кыргыздар далай жылдар согушуп келген. Калмактар да аябай көп болгон. Алар Теңир-Тоону басып алып, кыргыздарды сүрүп чыкканга аракет кылган. Ошондо 1727-жылы жунгар баскынчылары 65-миң өтө көп кол менен согуш ачып, кыргыздар жеңилип калган. Бирок кыргыздар ошону менен эле токтоп калбаган кайра-кайра согуш ачып кээде жеңилип, кээде жеңип турган. Жунгарлар кыргыздар менен кошо казактарды да сүрүп чыгарган. Кыргыздар калмактардан качып, Фергене, Тажикстанга кеткен.

1747- жылы Акмат бий баштаган кыргыздар Кашкар та-

раптагы калмактарды талкалаган. 1748-1749-жылдары кыргыздар калмактар менен согушта бир канча жолу жеңиштерге жеткен. Калмак кошуунун 1758-59-жылдары Кытайдын кошууну аябай талкалап ошонун натыйжасында баш көтөрө албай алар азыркы Калмакстанга, Орто Азиянын аймыгына, кыргыз журтунун айрым жерлеринде калып калган.

Дагы айта турган кеп Манап бийдин Жарбаң, Сүтөй уулдарынан Үчүке, Түлкү, алардан тараган Тынай бий, Маматкул бий, Болот, Эсенгул, Ниязбек, Абайылда, Атаке баатыр, Ормон хан, Жантай хан, Шабдан баатыр ж.б. Түндүк Кыргызстанды бийлеп келишкен. Көзү ачык, олуя Калыгул, санжырачы, акын Молдо Кылыч Манап бийдин тукумдары болгон. Баса Т. Усубалиев да ошолордун тукуму эмеспи. Ушинтип алар көп жылдар боюу биликте келген.Алардын кайсы иши жакшы, кайсы иштери жаман ага тарых жана эл баа берет. Бирок улама санжыра болуп айтыла берет. Аны өзгөртүүгө болбойт.

Жайлоону таза жел аралай согуп, жел эпкинине назик гүлдөр секин термелген болушат. Асманда үзүк боз булуттар кайдадыр жакка тыным албай сызышат. Тескей тоо тараптан кыраан буркүттүн үнү чыгып кайра басылды.

## МЫРЗАКУЛМЫРЗА

Теңирдин шыбагасы менен Кылжыр эки балалуу болду. Орозбакты ары токтоо, ары кең пейил ар бир ишти туура акыйкат жол менен чечкенге аракет кылчу. Ошол кезде кал-

мактар кыргыздардга кысымчылык көрсөтүп алардын жерин алып, бейкут элди ары бир сүрүп, бери бир сүрүп жок кылып салууга аракет кылды. Берегги учурда калмактар кара кытайлардын соккусуна учурап турду. Алардын жери тартыш болуп, кыргыздардын жерине ач көздүк менен көз арткканын койбоду.

Орозбакты үйлөнгөндөн кийин эркек балалуу болсом дегенде эки көзү төрт болуп жайнады. Анткени жоо жакын жерден күч көрсөтүп турганда сөзсүз эл-жерди коргоого жигиттер керек болуп жатпайбы. Жаратканым Орозбактынын үнүн уктубу эркек балалуу болду. Наристенин ысымын эч нерседен кетилбес, курч болоттой болсун деп «Болот» койду. Бешик баласы беш түлөйт деген элде сөз бар эмеспи ал чоңоё берди. Ал жаштайынан чемендүү болуп, ден соолугу жайындай болбой далай кыйынчылыктарды көрдү. Бирок жаратканым ага тубаса акыл берип койгонбу, сүйлөгөн сөзү иши менен айкалыша, орундуу келип, элдин көңүлүн өзүнө буруп турчу. Ошол үчүн негиздүү ишти чечеерде журт башчылары сөзсүз ага кайрылып, аны менен бирге чечишчү. Ал өтө шапайып арык болгондуктан келиндери аны «Арык аке» деп тергешчү. Ошондон «Болот» аты унутулуп, Арыкмырза аталып калды.

Орозбакты ата:

– Атаңын көрү дүйнөкүн балдарым бойлуу баатыр чалыш болгондо эмне, калмактарды ат үстүнөн аңтара сайып эрдик көрсөтө, сес берип турганда болбойт беле,– деп арманданчу.

Анын эки аялы бар эле. Бир күнү түш көрүп, түшүн сүйүнө айтты:

– Жаратканым мага бала берген турат окшойт кыйынчылык учурда эл керегине жараса болду.

Арадан мезгидер сызып өтүп жатты. Бир күнү Орозбактынын аялы ооруксунуп жүргөнүн күйөөсүнө айтты:

– Жырткыч жаныбардын жүрөгүнө талгак болуп жатам.

– Ачыгын айтчы эмне жолборспу же аюунукунабы?

– Өзүм да билбейм, мергенчилер көп эмеспи иши кылып атып келишсин.

– Балким койдун же жылкынын жүрөгүнө талгак болуп жүрбө,-деп күйөөсү күлө айтты.

– Алардын жүрөгүн күндө эле жеп жатам, ошолордон талгагым тараса сенден эмнеге башка жүрөк таап кел деп айтат элем,– ургаачы аны жактырбай нааразы болуп айтты.

Бул учур жайдын толкуп-ташып турган убагы эле. Кыш боюу көк зиңгил болуп жаткан көк муз, ак тоңголок кар эрип, суулар күргүчтөп ээ-жаа бербей алкына кирип жаткан учуру болчу. Өрөөндө ийин казган жаныбар суурлардун аңкуштаган үнү алыска угулат. Канаттуулардын көпчүлүгү небак эле торолтуп балапанын учурган. Бир күнү Орозбакты ата кызыл атын желдире черик уруусунун мергенчиси Тоотайдын үйүнө келип түштү.

– Кагылайын Тоотай мен бир иш менен келдим эле, ошону аткарганга жарап бер.

– Айта бергин ардактуум сенин ишиңди колдон келсе, бат

эле бүткөрүп берем, – мергенчи Орозбактыдан улуу болчу.

– Баягы жеңеңдин балакет болуп, талгагы кармап ошого бир жырткыч жаныбардын жүрөгүн керек болуп жатат ошону батыраак таап берсең.

– Менин ылдам атчу мылтыгым бар эле кааласаң ошону алып келип берейин.

– Кереги жок андай курал менин өзүмдө деле бар.

– Мейлиң өзүң бил ырымы үчүн төрт малдан бирден берем. Бул сөдү угуп мергенчи аябай сүйүндү. «Ырас болду, мал курап алайын» деп, Нарындын бийик тоосунда жырткыч жаныбарларды аңдып жүрдү. Аңчылыкка машыккан Тоотай, калың токойдун, камыштардын арасынан карышкыр, жолборс аңдып жүрдү. Бирок какшып калгансып эч нерсе байкалбайт. Жырткычтын изин кууп көп жерге барды эч бир жерде шек билинбейт. Жаныбарлар жакын жерде көрүнбөйт.

Күн чак түш болчу, мергенчи тамак ичкиси келип, отту алоолонто жагып, атып алган эки кыргоолду куйкалап жеп жатты. Семиз канаттуунун этин аябай тоё жеп, анын артынан булактын муздак суусун ичип, уйкусу келген шекилдүү атын тушап коё берип, бир чай кайнамдай уктап эс алып алды. Эс алып, курсагын дагы тойгузуп, мылтыгын асынып, дагы жырткыч жаныбарды аңдап жүрүп отурду. Ал тоонун оң капталындагы колотто турган эле. Күтүлбөгөн жерден күрүлдөгөн үн чыгып, эки жаныбардын айбаттуу доошу жаңырды. Бул каман менен аюунун жаңырыгы болчу. Курган

мергендин үрөйү учуп кетти. «Кокуй мени жырткыч жаныбарлар курчап алганбы». Мерген урчукка чыгып караса, аюу килейген ташты көтөрүп, ал эми каман катуу чуркап келатыптыр. Экөөнүн ортосу эки аттам калган экен. Аюу килейген таш менен каманды башка уруп калды. Камандын денесине таш тийип теңселет, бирок курч тиштери менен аюуну капталга уруп өтүп, анын ичегисин эшилте жерге сүйрөлтүп таштады. Камандын башына таш тийип, оңоло албай ылдый барып сүрдүгө кулап, тыбырчалап жатып жан берди. Көз ачып жумган убакта аюу, каман да жок болду. Экөөнүн кармашын көрүп мергенчи бир сестене түшүп, таң калды. Жаныбарларды союп, атына жүктөп мергенчи үйүнө алып келди. Эртеси мерген камандын жана аюунун жүрөгүн Орозбакты атага алпарып берди. Эне эки жүрөктү казанга салып, кайнатып, сорпосун ичип бычак менен кесип, ырахаттана жеп алды. Бирок анын талгагы кичине кангансып барып, кайра күч алып туруп алды.

– Дагы эле жырткыч жаныбардын жүрөгүн жегим келип жатат. Кайдан да болсо таап кел деп ,– эне күйөөсүнө дагы кайрылды.

– Талгагың тарабай калса, балакет болгон тура, ал эмне деген талгак – деп ата каткырып күлгөн болду.

– Анда эмне кылайын жолборстун же көк жалдын жүрөгүн издеп табайын.

Орозбакты ата сүйүндү:

– Атаңын көрү аялымын талгагы тарабай калган экен ээ

кабыландын жүрөгүнө талгак болсо, теңирим колдоп, шер бала төрөйт го- деп ичинен жымыңдай кубанды.

Дагы бир күнү кызыл атын минип эпеңдете желдирип, Тоотай мергендиине жете келди.

– Айланайын көзгө атаар Тоотай мергеним аялымын талгагы балакет болуп, дагы тарабай жатат. Эми жолборстун ал болбосо, илбирс же көк жалдын жүрөгүн таап бере көр. Же болбосо, алыска барып арстандын жүрөгүн таап бересиңби,– деп күлүп калды.

– Жолборстун жүрөгүн табууга болот. Ал эми арстандын жүрөгүн кайдан табам,– деп ал дагы каткырды.

Ошентип көзгө атаар мерген Тоотай жолборстун, же көк жалдын жүрөгүн издеп жолго чыккан экен. Ал Нарындын көп жерин кыдырып, жарытылуу эч нерсе таба албады. Бул кезде кайсы жаныбар кайда жүргөнүн жакшы билчү. Тырышып жакшы эле издеди бирок жолу болбоду. Ал акыры Орозбакты атага жолугуп:

– Торпоктой болгон көк жалды көргөн элем ал дагы кексе болуп калган окшойт, такыр дайнын таптырбай койду,– деди капаланып.

Орозбакты ойлонуп турду да бир пастан кийин сүйлөп кирди:

– Сенин калмак тарапта Кара мерген бөлөң бар эмес беле ошого айтып көрбөйсүңбү, канча кылган менен ал кадик адис мерген бир айласын табаар.

Тоотай ойлонуп калды да:

– Баса аны унутуп калган экем ал дагы көзгө атаар мерген эле, бир болсо ошонун колунан келет.

Ошентип экөө сүйлөшүп сөз бекитишип, аңчы көк чологун камчыланып үйүнө кетти.

Күн ачык. Жолочу ысыкта күркүрөп-шаркырап аккан сууну бойлоп саз менен кетип баратты. Көк чолок атчанды чабалакей айланып учуп турду. Суунун жээгиндеги көлмөдө жайнаган балыктар сүзүп жүрөт. Анткени бул жерде балыкка керектүү тамак-аштар көп окшойт. Тоотай Орозбактыны жакшы көрчү. Аны калыс элдин таламын коргогон адам деп билчү. Эми анын баласы баатыр чалыш, элди калмактардан, моголдордун чабуулунан коргогон эл багаар уулдар болсо,-экен деп ойлоду. «Кара мерген Доргугакантип жолугам үйүнө барсамбы, жок болбойт, жараган мылтыгымды жолдон бирөө тартып алышы мүмкүн. Андан көрө тоодогу аңчылык кылган жеринен табайын. Тоотай мерген Нарындан аркы чек ара бөлүктү кыдырып келатты. Сактанбаса болбойт бирөө кыргыз, бирөө калмак таанбай бирин-бири мерт кылып коюушу ыктымал.

***

Калмак кара мерген Доргу үч күндөн бери тынымсыз аң уулап келатат. Чукулда күз аяктап, кээ бир жаныбарлар чеенге кирип кетет. Ошол үчүн ылдам жетишип, аң терилерин чогултуп алышы керек. Кеч күздө баардык жаныбарлардын териси жетилген болот. Аларды сатса абдан баалуу. Ар бир жандыктын кайда түнөөрүн, кантип азыктанаарын

беш колундай билет. Бул чөлкөмдө ал кыдырбаган кокту, ал жүрбөгөн тоо калдыбы. Жана улуу тоолорду коёндун жатагына чейин билет. Алдында минген кара аты монголдордун тукумунан чыккан жылкы, ал күлүк эмес тоодо канча күн жол келсе да такыр чарчабайт. Жаныбар кышында ачка болсо да кара этинен такыр түшпөйт. Тоотайга ушул эле керек ал жаныбаррды жарышка чаап эмне кылмак эле. Жылкыны эң укмуш кылып үйрөттү, кайда барса да, артынан ээрчип жүрөт, ышкырып койсо бат эле жетип келет. Аны байлап, же аркандап кереги жок. Жардам керек болсо катуу кишенеп кабар берет. Кара мерген пендеде жок күлүк эле. Керек болсо чуркап барып бат эле кийиктерди кармап алат. Айсыз түндө баарын көргөн көзүнүн курчтугун айтпа. Ал эми жапайы жаныбардын сырын ушунчалык билет. Ал беш, он күн үйүнө жолобой мергенчилик кылып кете берет. Жаныбарларды атып алып этин даамдуу шиш кебек кылып жейт. Аңчы аба ырайынын өзгөрүшүн да жакшы баамдайт.. Доргунун атасы калмак энеси кыргыз болгондуктан кыргыз тилин суудай билет. Ал Тоотай менен бөлө болуп, экөө анда-санда эле жолугушчу. Анын жети атасына чейин мерген болгон.

Тоотай мерген кумайды аралап келатып, кичине сууну кечип өтүп, тоонун капталына чыгып, эки жакты акмалады. Ошол кезде бат атма мылтыктын үнү ылдый жактан жаңырды. Мергендин денесин калтырак аралап, өтө сак болуш керек болуп калды. Калмактын кара мүртөз мергендери кыргыздын аңчыларын мерт кылып, ташка корумдай салып, мы-

лтыгын алып кеткен окуялар көп эле болгон. Ал атын бадалдын түбү менен жетелеп, эки жакты өтө этият сак боло карап баратты. Мылтыктын үнү дагы жаңырды. Үн тээ береги кичинекей тегерек тунук көлдүн жанынан чыккандай болду. Ал көлдө кундуз арбын ошондой эле көлдө кундуз жеген балык көп. Бир кезде көл жээгинен кара мерген Доргу көрүндү. Колунда кундуз терилери жүрөт. Тоотай ойлонду « Кундуз улап жүргөн экенсиң, бекер жүрбөйсүң ээ калмак бөлөм». Ал ылдый Доргуга карай баратып, капыстан буту ташка тийип, таш ылдый карай кулап кетти. Доргу ташка жашына калып, этият боло эки жакты карады.

Тоотай үнүн бийик чыгарып үн салды:

– Доргу бөлөм бул менмин, кыргыз мергени Тоотаймын,– бийик үндүн жаңырыгы аскаларга тийип андан ары коштоп кетти.

Доргу тиги киши өзүнүн жээни экенин билип сүйүнүп кетти. Анын жанына келишин күтүп, эки мерген кучакташып өбүшө көрүштү.

– Кандай бөлөм калмак кара мергеним.

– Жакшы, жакшы кундуз улап жүрөм.

– Анын терилерин жыйып жатасыңбы?

– Ооба кытай соодагерлерине сатам.

– Анда жакшы биздин байлар деле сатып алып жатпайбы.

– Аң терилерин бир топ жыйып алдым, алар жерде калбайт.

– Тай эжемин ден соолугу кандай?

– Жакшы жаңы эле ооруп айыкты.

– Үйгө келбей кеттиң го.

– Барам азыр кол бошобой жатат. Өзүң эмне жумуш кылып жатасың?

– Мен да аңчылык кылып жатам, Бирок анча жол болбой жатат. Баса бир жумуш менен келдим эле.

– Эмне жумуш.

– Орозбактынын аялы жолборстун ал болбосо, көк жалдын жүрөгүн талгак болуп калыптыр ошону издеп жүрөм.

– Көп берсе эле таап берем,-деп жылмайды Доргу.

Экөө көпкө аңгемелешти анан аягында кара мерген айтты:

– Силер кайсы конуштасыңар?

– Биз Саяк Айрыктын бери жагындагы Кара Тоонун түбүндөгү жалгыз булактын жанында турабыз.

– Билем, билем ушул жерде бир жолборс бар.

– Ошону атып жүрөгүн алып келсең сонун болбойт беле. Орозбактынын байлыгы көп ал сени ыраазы кылат.

Кара мерген кармап турган үч кундуздун терисин Тоотай мергенге сунду:

– Ме бобу үч кундуздун терисин тай эжеме ала кет керегине жаратып жака кылып алсын.

– Ой жөн эле койсоңчу!

– Жөн эле коймок беле, тай эжем алтын киши ал биздин сыйыбызга татыктуу.

Экөө кучакташып ажырашты Тоотай мерген атын минип

келген жагына кетти.

Кара мерген жээктен, кундуз атып жатты, анда-мында мылтыктын жаңырган үнү угулат.

Ошол окуя ошол болду.

Кара мерген аң терилерин үйүнө жеткирип, эми жолборсту атып алганга ашыкты. Анткени жолборс майлуу эт жеп жүнү жылтылдап териси да баалуу анын үстүнө жүрөгүн Орозбактыга берип андан каалаганын алган жатпайбы. Эгер жолборс болбосо ал көк жалды атып аны алпарып бергиси келди. Доргу мерген ар кандай жаныбарлардын үнүн туураганды эң жакшы билчү. Бул аймакта бир көк жал бар эле ошону жоготкусу келди. Ал өткөн жылы эки канчык карышкыр менен үйгүшүп жүргөнүн көргөн. Канчыктар чоң асканын түбүндөгү киши жете алгыс коргулдардын арасына бөлтүрүктөрүн тууп, чоңойтоорун да билген. Мерген тез атма мылтыгын белендеп, ай толукшуп чыкканда, же таң эре-шире аткан үрүң-баранда, же күн асманды таштап кеткен коюу караңгыда эч кимге көрүнбөй коргул таштардын арасына же калың чердин арасына кирип, колун чоор сыяктуу айкалыштыра коюп карышкыр болуп улуп турду. Анын үнү кадимки эле карышкырдын үнүнө окшоочу. Дабышты угуп туш-туштан бөрүлөр келчү. Бул үн жырткычтарды азгырып туруп алчу. Ургаачыларына караганда эркек бөрүлөрдүн үнү жоон кайраттуу чыгат. Кара мерген далай жолу бөрүлөрдүн улуган үнүн уккан жана көп жолу аны өзүндөй кылып туурап машыккан. Кара мерген канчалык улуса да, бөрүлөрдөн

кабар болбоду. Бир аз туруп ар жактагы калың черге кирип ошол жерден улуп көрдү. Мерген ошол жерде эки күн түнөп, таңга жуук үрүл-бүрүл атып келатканда карышкыр болуп улуп жатты. Кудай жалгап бир аздан кийин ары жактан карышкыр болуп улуган үндү укту. Кара мерген жоголгонун тапкансып сүйүнүп кетти.

– Кайраным мен сени издеп жүрсөм ушул жакта экенсиң,– деди.

Таң супа салып жерге анча-мынча жарык төгүлгөндө карышкыр болуп улууга өттү. Ошол кезде үч карышкырдын жарыша улуган үнү угулду. Экөө ичке бирөөнүн доошу эң эле жоон эле. Жел карышкырлар тараптан болуп турду. Алар адамдын коңурсук жытын бат эле билип коюуп алдамчы чакырык экенин сезип калышат да келбей коёт. Карышкырлар жытты искеп өздөрүнүн туугандарын издеп улуп жатты. Эркек карышкырдын үнү жоон чыгат. Ашыккан бөрүлөр дөбөттүн каякта жашынып жатканын билгиси келип, көк жал эки канчыгын ээрчитип этият келатышты. Бул жер көк жалдын ээлик кылган аймагы болчу. Жада калса ар бир чөпкө, ар бир куурайга бутун сыйрайтып заара төгүп белги салып жүрүп отурат. Анан бул жерге кайдагы башка жандыктар келет. Эгер келсе үчөөлөп жара тартып чайнашат. Азыр ошол атаандашынын кардын жарып салыш үчүн жинденип келатат. Жанындагы канчыктар көк жалдын мунусун даана билип турду. Ургаачы бөрүлөр сак аяр эмеспи, алар өз эрежесин байыртан бери сак кармап келатат. «Бул бизди чакыр-

ган жалган добуш болбосун» деп шекшинишет. Бул үндөн ургаачы канчыктар жагымсыздыкты сезип турушту. Чыккан үндү токтой калып тыңшашат. Үндүн кээ бир кайрыктары өзлөрүнүкүнө окшобогондугу сезилип турду. Алар үндү токтой калып тыңшашат. Ушул кезде канчык карышкыр «сак бол» деген белгини берип, дөбөт карышкырды ар этип бир тиштеп алды. Дөбөт аны тоготуп да койгон жок. Жанагы улуган дабыш дөбөттү бүйрүн кызытып чакырып туруп алды. Мен үстөмдүк кылган жерде кайдагы жандык жүрөт, ал каарданып керек болсо аны жара тартып салгысы келет. Көкжал ошол чакырык дабышты таштап кетмек эмес. Өлсө да ошонун кандай чоңдукта, анын атаандашы ким экенин көргүсү келет. Керек болсо аны менен эрөөлдө кармашып, көргүсү келет. Бул чөлкөмдө андан ашкан батыр жок эмес беле. Үн бирде бийик, бирде жай каалгып чыгат. Ааламда ар кандай үндөр көп, бирок бул үн өзүнүн бир туугандарынын үнү болуп жатпайбы. Тее илгери көк жалдын башынан мындай бир окуя өткөн. Анда ал эки ургаачы канчыгы менен жүргөн эле. Үчөө салып уруп, Зындан кыштоосуна бараткан. Ал тарапта жылкы, же уй жолугуп калышы маалим эле. Суук ызгаар анан кыш болуп жатса, айлана жылуу болмок беле. Алты, жети күндөн бери бөрүлөр наар ала элек ачкалыктан кыжынып бири-бирин жеп салуудан да кайра тартышпайт. Ошентип үчөө чуркап келатышса, астынан карышкырдын дөбөтүнүн улуган үнү угулат. Ай толуп турган маал эле. Анын нуру кар үстүнө төгүлүп, айланага керемет көрүнүш

үстөмдүк салып турган болучу. Үч бөрү ошол дабыш чыккан тарапка салып уруп чуркап баратты. Үн муңдуу жардам сурап жаткандай туюулуп, алар бат эле чоң чычырганактын жанына жете келишти. Чоң дөбөт карышкыр мерген салган капканга түшүп калган экен. Ачка экен өзүнүн жатындаштарын көрүп муңдуу улуп жиберди. Үчөө аны жалооруй муңдуу карап турушту. Ошол кезде канчыктар тигил дөбөткө шыйпаңдай башташты. Көкжал кыскандыбы жини келип, капкандагы дөбөттү капталдан аткый тиштеп алды эле курч тиштер денеге батып кетти окшойт, дөбөт бөрү даттана улуп жиберди. Тиштеген жерден жүн чубалып калды. Ургаачылары шердене түштүбү, капкандагы карышкырды таламайга салып жиберишти. Дөбөт карышкыр капкандагы жаныбарды капталына тиш салды эле кан диркиреп атып кетти. Байкуш ачка карышкыр кыймылсыз өчөйүп отуруп калды. Берки канчыктар туш-туштан жыра тартып апылдатып жеп киришти. Айрылган тери айланага кандын жыты тарап жатты. Үчөө этке тоюп андан ары жол кетти. Көкжалдын эсине ошол көрүнүштүн элеси келди. Балким аларды жылуу, кандуу эт күтүп тургандыр. Үчөө добуш чыккан жакка аярлай баратышты. Алар башка дөбөттү көргүсү келет. Алар этият басып айланадагы жытты искеп көрдү, Үн үзүл-кесил чыгып, токтоп калат, кайра чыгып, карышкырлардын бүйрүн кызытып жан дүйнөсүнө бүлүк салып, чакырып туруп алды. Бөрүлөр шамал аркылуу жытты искегиси келди эле шамал да жок, жел да жок. Канчыктар чөптүн арасынан бир жытты искеди. Ал

коңурсук жыт экен. Адамдыкы өңдөнөт. Үчөө тык токтоп үн чыккан тарапты шектүү карады. Алар шамалды күттү. Жел бөрүлөр тараптан согуп эч кандай жаңылыкты алып келбеди. Көзү курч бөрүлөр үн чыккан тарапты шектүү тиктеди. Эч кандай кыймыл жок. Тээ арыда булак агып, өзүнүн түбөлүктүү өлбөс ырын кайталап жатат. Жерге жарык акырындап төгүлө баштады. Мерген баарын салмактап байкап турду. Азыр аткан менен ок жетпейт. Бөрүлөр үндү үзүлкесил чыгарып жатты. Бир кезде көк жалдын жону кычышып кетти окшойт, көк чөпкө жата калып оонап-оонап жиберди. Канчыктар анын турушун күтүп жатты. Үчөө кайра жолун улантышты. Бөрүлөр үн чыккан жерге кыйла эле жакындап калышты. Көкжал өзүнүн белгисиз курбусун көргүсү келип туруп алды. Ал эч нерседен тайманбай түз эле бадалды карай басты. Үн кайсы жерден чыгып жатканын алар кылдат байкоого алышты. Калмактын кара мергени көк жалды кылдат мээлеп ата-бабасынын арбагына жалынып машааны басып калды. Жаңырык аскадан-асканы аралап узап кетти. Таңкы тынчтык бузулуп, үн айланага тарады. Эки канчык кулап жыгылган дөбөттү карап, ылдый карай салып уруп качышты. Дөбөт ок тийген жерин арс үрүп, бир тиштеп алып, жерге кулап жыгылды. Кара мерген көк жалды кулата атканына аябай кубанды. Ал далдаа жерде байланып турган атына басып келди да аны чечип бошотуп койду. Чөп чалсын деди окшойт. Чаначта буулган кымызды чечип кере-кере жутту. Бир жерде отура берип, денеси талыкшып кетиптир. Колу бутун жан-

жагына созуп, кыймылдай баштады. Анан жай акырын басып келип, торпоктой болгон көк жалды шамалдан ыктоо далдаа жерге сүйрөп келип, курч бычагын ташка кайрап курчутуп алып, терини сыйра баштады. Калмактын кара мергени алты күндүк мээнети кайтып, ашуу жактан үчүнчү жолу көк жалды атты. Эки күндөн кийин көк жалдын терисин жана териге оролгон жүрөктү Тоотай мергенге алпарып берип, эмгеги үчүн Орозбактыдан толгон мал айдап келди.

Ошол окуя ошол болду.

## МЫРЗАКУЛ БААТЫР

*Мырзакулдай баатыр бар,*
*Атпай журтка дакталган.*
*Ата-баба санжырасында*
*Аты өчпөй сакталган*

Күндөр өтүп, айлар жылып, Орозбакты атанын аялынын төрөтү жакындап келе берди. Ата сүйүнүп:

– Кудай берет деген ушул, жоо жакадан алып турганда кыргыз журту өсө берсин. Мындай капсаланда эл бөксөрүп кетпесин,– деп жакшы санаасын билдирди.

Анан жыйырма күндөй өтүп, эненин толгоосу башталды. Атанын Жылуу- Булак айлында шашылыш жумуштары бар эле. Жоош тору атын минип ошол жакка жөнөп калды. Ал жерде бир күндөй болуп, анан айлына кайта келаткан. Жолдо Айбулактын баласы Шаран жээрде атын минип катуу

келатканын көрдү. «Эмнеге келатат, деги бейкуттук болсо экен,-деп санаага батып ойлонуп келатты. Жакындаганда баланын өңүн караса кубанычтын элеси чачырайт. Ата кубанып кетти, «Жакшылыкты кабарлаганы келаткан окшойт».

– Орозбакты ата сүйүнчү тай үйрөтө, куш салаар эркек балалуу болдуңуз.

– Алатуяк айгырдын үйрүнөн мине турган бир жабага алгын.

Бала күлүп:

– Ата ал аздык кылат го.

– Анда бир эле кулундуу бээ алчы.

Ата ойлонуп калды: «Айбулакты тартып баласы да купшуңдаган шумурай неме болот го» -деди оюнда жылмая.

Ата жол улап келатты. Жолуккандар «Бешик бооң, бек болсун», деп куттуктап жатышты. «Айтканың келсин» деди ата. Жаратkandan бата алып, баланын атын берки балдарына уйкаштырып, Мырзакулмырза деп койду. Бала олбурлуу болуп төрөлүп, үнү да жоон болчу. Ата ойлоноор эле « Балам ушундай күндө эл коргоор баатыр болсо» деп кыялданчу. Кудай берип ошол кыялы ишке ашчудай болду. «Бешик баласы беш түлөйт болуп» уландын ден соолугу чың тарта бат эле чоңоё берди. Анын денеси чымыр, кең далылуу тартып, өзү теңдүү балдарды күрөшкөндө оңой эле көтөрүп чаап жеңип койчу. «Жоо жакадан алып турат» -деп жигиттерди найза сайганды, кылыч чапканды деги койчу ар андай душман менен согушуунун айла-амалдарын үйрөнүшчү.

Мезгил өтүп, айлыр жылып Орозбакты ата беш балалуу болду. «Балдарым элге теек болобу»– деп кубанчу. Кубанбаганда эмне кылат. Быякта тоодон ары калмактар, бизден нары ала чапан кийип өзбектер, түштүктө аттын жалы менен ойноп уйгурлар, түндүк тарабыбызда кээде тууган, кээде душман болуп, казак эли турат. Ал эми кара кытайлар такыр элдешкис журт. Ушундай ойлорду ойлоп, Орозбакты ата санаага батып: «Элди-жерди коргогон баатыр азаматтар керек болуп жатпайбы» деп, түбү уюуткулуу байыркыдан бери келаткан кыргыз элин сактагысы келет. «Ушул уюуткулуу эл душманга туруштук бере албай жок болуп кетеби?»

Санжырачылардын айтымы боюнча Орозбакты кыраакы, ата-бабанын баянын түп-нускасына чейин билген сөзмөр, чечен, өтө сыпаа адам болуптур. Ал береги Нух пайгамбар, Кам, Яфас, Сам, Искак, Смагул, Муратай жөнүндө баяндарды, Монгол заманындагы чабуулдарды, уйгурлардын капшабын, түрктөрдүн басып кирүүлөрүн, Култегин, Барс бек жана башка баяндарды козгоп, карыялардын үнүндөй добушу коңур жаралып, сөздөрү бир-бирине кынапталып, эң эле уккулуктуу болчу. Анын санжыра айтып жаткандагы добушу комуздун миң кайрыгына окшошуп кетеер эле. Карыялар байыркы бабаларыбыздын санжырасын айтып, кеп сөздөрүн ачыкка чыгарып, бир кумардан канышчу. Алардын жанында балдары отуруп, ак сакалдардын кеп, сөзүн тыңшап отура беришчү. Абышкалар муну да жактырып, «Жаштарыбыз угуп калсын, алар бизден кийинки муундарга айта барыш-

сын, биздин баяндарыбыз унутулуп калбасын»» дечү. Карылар дөң үстүндө чогулушуп, узак сөзгө кириши жаштар үчүн өзүнчө бир майрам шаңга айлангангандай окуя болчу.

Бул кезде Орозбакты ата беш балалуу болуп калган. Ал күлүңдөп:

– Балдарыбыздын баарыдыгы мырза болду. Эми ушул ысымды булгабай жүрүшсө экен. Абышкасынын сөзүн угуп кемпири:

– Ата-бабанын арбагы колдоп, эсен-соо эле болсо болду. Баса кара карга баласын аппагым,– дейт экен. Эне кантип эле ушуларды жаманчылыкка кыйсын. Жада калса, колдун беш бармагы да ар түрдүү болот экен. Беш баланын кыялын беш башка жаратып койгон тура. Арыкмырза эл башкарып акыйкаттуу адам болуп, анын сөзүн калыстыгын башкалар эң туура жактырышчу. Мырзакулмырза баатыр чалыш ага кудайым ошондой күч ыйгарыптыр. Асманмырза менен Карамырза аңчылыкка, Токочмырза жер иштетип, мал бакканга шыктуу эле. Аларды тагдыр ошондой кылып койсо керек. Ошол кезде көлдүн ары чыгышындагы калмактар жер талашып алар анда-мында майда чапкынды пайда кылып турду. Бирин-экиндеп кыргыздардын жылкысына тийип, малын чаап, ар кандай кабалаңдарды алып келет. Текес, Сары Жаз андан аркы чыгыш тарпаптагы калмактар кыргыздарды чаап ат ойнотуп таптырбай кетип жатты. Ошол калмактар Орозбакты атанын малына тийип чаап турду. Баарынан эң тозогу калмактын беш мергени чыкты. Алар көзгө атаар өз жур-

туна аты чыккан мергендерден эле. Тоо кайберендерин кой бирин-экин малды атып, алып кетип турду. Кээ бир кыргыз адамдарына кол салып аларды түп оорду менен жок кылып жатышты. Тээ төмөнкү айылдан эки мерген өткөн күздө жок болду. Алардын шегин ушул калмактын беш мергенинен көрүп жүрүштү. Өткөн эле жылы Ат- Жайлоого конгон кыргыздардын эки жигити мал-жаны менен жок болду. Алардын жок болгонун ушулардан көрүп жатышты. Иши кылып алар бир четинен шек билгизбей ушундай азап-тозокторду жаратып жатты. Алар жөнүндө мындай ыр бар эле:

Калмактардын беш мерген,
Мылтыгын түз мээлеген.
Катылгандар такыр оңбогон,
Шыпшайдар сындуу сомдогон.

Орозбакты ата ошолорду кандай кылып жоготууну ойлоп жатты. Алардын капшабы жалпы калайыкка тийип жатпайбы.

Мырзакулмырза далай аң терилерин берип отуруп, казак туугандар аркылуу орус көпөстөрүнөн бат атма сонун эки мылтык сатып алган. Бир күнү Мырзакулмырза иниси Карамырзага кайрылды:

– Иним калмактын беш мергенин жок кылалыбы?

– Алар жер сырын билген эң эле кадик мергендер, колубуздан келбейт го, өзүбүз майып болуп калбайбызбы?

– Келет биз дагы сактанабыз, алар ушул Чоң Ак Кайкыда же Кичи Ак Кайкыда аңчылык кылып жүрөшөт.

– Чебердеш керек аларга тийишүү эң эле опурталдуу.

– Берегилер өздөрү тийишип жатат бизде канча адамдар белгисиз жоголду ошолордун баары ушулар колдуу. Ошондуктан балдардын кунун алышыбыз керек.

Ушул сөз ушуну менен аяктады.

Эки күндөн кийин Мырзакулмырза, азык түлүгүн жана курал жабдыгын алып, аркы Чоң Кайкыга карай аттанып кетти. Ал бул жерди коёндун жатагына чейин билчү эле. Суларды кечип өрөөндөрдү тепчип жүрүп отурду. Жолдон душмандардан да сактанып жүрүп отурду. Ал ачык жер менен эмес бадал чий, черди аралап, жолун жашыруун буйткалар менен алып жүрүп отурду. Калмактар кайсы жерде көрүнөөр экен деп андууга алды. Ал ар дайма жаасын жанына ала жүрөөр эле. Мылтыкка караганда жаа атканга маш болчу. Жаа тартуу жагынан алдына эч кимди салган эмес. Душмандын аңдып бараткандa мылтыктын кереги жок, мылтык үнү менен кайсы жерде экениңди билгизип коёт жаа эң жакшы курал дечү. Жолдон ал такыр ачка болгон жок. Жаасы менен кыргоол, кекилик атып алат да аны кургаган отун менен куйкалап эң жакшы шишкебек ширин тамак кылып жеп алып, булактын таза суусунан ичип коюп жата берет. Анын колунда алысты жакын көрсөтүүчү дүрбүсү бар муну ага Орозбакты атасы берген.

Аяк оона айынын ортосу болуп, жайдын толуп турган чагы. Күн тээ берегі бийик тоодон ары ашып, алоо кызара батып, айланага бат эле кеч кирди. Бул эртеңки аба ырайы-

нын ачык болорун баамдайт. Анан бара-бара айлананы, жыбыт-жылганы кеч басты. Тарап күүгүм оронуп чачыла майда секин күкүмдөнө түн келе берди. Тоо талааны толук түн чүмкөдү. Чыгыштан ай кылайып чыга келип, бобереги кең табиятка чөптөргө, гүлгө, үн салып агып жаткан тентек суугa, алтын нурун жабылта төктү. Ай батышка карай жалгыз жолочу болуп жол улайт. Айдын назик нуру менен айланага жомок да, ыр да төгүлдү. Айдын нуру менен улуу тоолор бир караганда сүйкүмдүү көрүнөт. Мырзакулмырза жоону аңдып жүрөт, ага айлана кооптуу сезилип, жүрөгү кандайдыр бир түпөйүлдүккө жолугат. Анткени анын алдында коркунучтар турбайбы. Ал артмагындагы эттен тоё жеп, чоң таштын түбүнөдөгү шамалдан ыктоо жерге тердигин жая салып, ээрин башына жазданып, көрпөчөсүн жамынып таттуу уйкуга кирди. Аңчы түн ичинде үч-төрт жолу түйшөлүп ойгонду. Эртеси күн чыкканда шашпай туруп, бадалдын сыныктарын чогултуп, жан казанына чай кайнатып ичип, кекиликтин ширин этин жеп алды. Анан атын минип жолун андан ары улады. Аңчы жол келатты, шар аккан сайды бойлоп, бийик кыраңга чыкты. Ал ташка жашынып, дүрбүсү менен айлананы акмалап карап жатты. Көп өткөн жок мылтыктын үнү үч жолу жаңырды. Мырзакулмырза бул дабыш болду-болбодубу калмактардын беш мергенинин аткан мылтыгынын үнү деп боолголоду. Ал атын жетелеп, чоң ташка жашынып, дүрбү менен эки жакты көз жүгүртө карап жатты. Ойлоду «калмактардын беш мергени ушул жерде эле

экен, аларды акмалоого алыш керек» деп боолголоп турду. Анан жакын эле жерден улар качты жаасын алып, эки уларды катары менен атып алды. Канаттуулар тырпырап жатып жан берди. «Улардын эти дары кечинде куйкалап жеймин» деди. Атын бош коё берди жаныбар анын артынан ээрчип алды. Ошол кезде тоонун ылдый жагындагы кичине көлдүн жанынан мылтыктын үнү жаңырып турду. Аңчы:

– А…а…аа… кайрандарым жүргөн экенсиңер, буюрса бүгүн жылуу булакка түнөйсүңөр, бул жерден аң уулап байып жатасыңарбы,– деди акырын.

Баса Жылуу Булактын жанында бир жагы төңбөс чоң көл бар, анда кундуз жашап, чоң балыктар көп, кундуздар ошол балыкты кармап жешет. Мерген атын чоң таштын түбүнө байлай салып, ушул жерден чоң көлмө жакшы көрүнүп турчу бадалдарга жашынып, дүрбү менен эки жакты акмалоого алды. Бул көлмөнүн айлуу түнү эң сонун болот. Жаныбарлар кыркаар тизилип кыз узатуу ойнун ойношот. Айлуу түндө ары-бери жүгүрүшүп, ар кандай үндөрдү чыгарышат. Мергендин баятан бери эки жакты карап, кыймыл жасап отуруп, курсагы ачкан экен. Ал кургак чырпыктарды чогултуп, от жагып, улар менен кекиликтин жүнүн жулуп, куйкалап, анан аны күйгүзбөй сонун бышырды. Жай айы эмеспи, канаттуулар өтө семиз экен майы ыз-быз этип агып жатты. Этти шашпай жеп анын артынан чаначтагы сүзмөнү эзип ичип бир азга эс алып алды. Көп өтпөй айлананы тынчтык аралап, улуу тоолорго түн кирди. Чөлкөм тунжурап пейпилдикке

сөнөт. Тоолордон башталган тентек суу ылдый карай үн чыгара шылдырап агылат. Улуу тоолордо кылайган булут жок, шамал аны кайдадыр бир тарапка айдап кеткен шекилденет. Бир аз туруп, тээ аскалуу тоонун ар жагынан калкылдай сыйкыр чачып тегерек ай чыга келди. Айдын нуру жердеги гүл, чөптөргө, тоо таштарга жайпала текши төгүлүп турду. Касиеттүү тоолор кандайдыр бир сырды жашырып жаткансыйт. Тоодогу көлдүн үстүндө шоола чачып, ай жолу созулат. Ал бул жерге өткөн жылы келип, кундуз атып, аны байларга белек катары берген. Ошондогу кереметтү түн анын эсинен дале кетпей турат. Калмак мергенчилери кайда жүрөт, күйгөн от көрүнбөйт. Улуу тоолор өтө кооптуу сезилет, анын жүрөгү дүк-дүк этип тынымсыз пейпай боло кагып жатат. Калмак мергенчилери көп, ал эми бул болсо жалгыз, алардын колуна түшкүлүк кылбасын, анда күм-жам жок кылат. Ал атын далдаа жерге байлап көлдү карап турду. Акырын басып баратып, көп өтпөй, чоң таштын түбүнөн өттүн жарыгын көрдү. Оттун тегерегинде төрт адам отурган экен. Алар үнүн бийик чыгара бир нерселерди сүйлөшүп жатат. ергенчлер эт жеп жатат.Кебетеси кундуздун же, кашкулактын эти окшойт. Арыда төрт ат оттоп жатканын байкады. «Булар төртөө эле экен коё тур тамагын дагы жей берсин, тынч тиги дүйнөгө узатайын. Биздин канча сонун адамдарыбызды жок кылды. Чукулда эле эки мергенди жоготуп, жараган мылтыктарын тартып алышты». Аңчылар шашпай тамагын жеп жатышат. Бирөө тынбый отту ичкертип аны жагып жатат. Ал акырын

жаасын алып, мылтыгын октоп белендеди. Анан дагы калмак мергендерине кол салаардан мурун ата-бабамын арбагы кудайга бир жолу жалынып алды. Дагы ойлонду «булар эс алууга жатсын анан көрө жатаарбыз». Тамак жеп ар касыны сүйлөшүп отурду. Бирөө барып аттарга чидер салды.

Эгерде ал бул төртөөн жок кыла албай калса, анда өзү жок болоорун билип шекшимал ойлорго батты. Кудайга дагы бир жолу жалынды. Төртөө тең кебетелерине караганда чоң адамдар экен. Бирөө туруп ары кетти эле, ушул кезде Мырзакулмырза жаа менен атып калды, ок тигинин чекесине барып кадалды. Экинчи жолу жааны атты эле ок экинчи калмактын башына тийди. Үчүнчү калмак экөөн кармалап, ары-бери жылдырып жатты, ошол кезде мерген мылтык менен атып калды. Төртүнчү калмак туруп качты. Мырзакулмырза мылтыгын мээлеп анын артынан кууду. Ай жарыгында мылтыкты мээлеп атып ок анын бутуна тийип, төкөрөңдөй ары качты. Мырзакулмырза ага жетти да колу менен бир муштады. Калмак денесин түздөп мерген менен кармашууга өттү. Калмак букадай болуп оңой эмес экен Мырзакулмырза мерген менен алышып жатты. Ал калмакты шилиден алып аткый ары түртүп чекеге муштады. Муштум катуу тийген окшойт калмак үн чыгарып бакыра сөгүнө кулады. Ошол кезде Мырзакулмырза артта жаткан мылтыгын алып калмакта как жүрөккө атып калды. Мылтыктын огу тоону жаңыртты. Үчүнчү калмак чала жан болуп, ары сойлоп качууга аракет кылды. Мырзакулмырза ага жетип, кундак менен жан талаштыра ур-

ду. Ал ошол жерден жан берди. Ошентип төрт мерген айлуу түнү тигил дүйнөгө узады. Айланага кайра мемиреген тынчтык орноду. Тарапта эч нерсени сезбеген айлуу түн. Бирок мерген үчүн айлана өтө кооптуу эле. Ал өзүнүн күчүнө жана мергенчилик ыкмасына таянды. Жааны жана мылтыкты түз атканга канча жолу такшалып үйрөндү убактысын көбүн жаа менен мылтык атканга жумшачу. Ал асманда учуп бараткан кушту жаа менен атып түшүрчү. Бул жагынан астына адамдарды салчу эмес. Демигип калыптыр оттун жанына отуруп отко жылынып алды. Бирок дале анын денесин майда калтырак аралап турду. Калмактардын жаман жоругун эстеди. Мындан эки ай мурун маргенчинин эки таякеси бар эле ошол мергендерди тоодон жок кылып, мылтыктарын, атын алып кетиптир. Өздөрүн корумдап да койгон эмес экен. Таякелеринин денесин жору, кузгун жеп жатканын таап, аябай капага батпадыбы. Мерген отуруп эс алып, анан эки жакты аралап, коргулду таап, төртөөн сүйрөп барып билгизбей корумдады. Анан өйдө чыгып атын алып келди. Аны төрт аттын жанына байлады. Эми караңгы түндө эмне кылмак эле. Артмагып ачып, уларды алып чыгып, отко куйкалай баштады. Этке аябай тоюп, булак суусунан ичип, уйкуга кирди. Ай батты, ал караңгы түндө эмне кылмак эле уктаганга кирди. Мерген такыр уктай албады. Анын көз алдына кандайдыр бир элестер келип-кетип турду. Ал түнү жакшы деле уктай алган жок. Эртеси таң ак шам болуп агарганда аттарды токуп, калмактардын аң терилерин атка жүктөп, айланага эч

шек билдирбегендей кылып, аттарды айдап өз конушуна карай жөнөдү.

Тарапта улуу тоолор, агып жаткан өзөн сай. Бул тоолор улуу тарыхтын, ата-бабабыздын терең сырын ичине катып жатат.

***

Мырзакулмырза жылкы көздөгөнгө өтө жакын адам эле. Кыштын же жайдын түндөрүндө жылкы көздөгөндү жакшы көрчү. Ал жылкыларды Каркыра жайлоосуна жайып жүрдү. Бул жердин батыштан чыгышка созулган кенендигин, чөбүнүн аш болумдуулугун айтпа! Өзүнчө эле бир керемет. Бирок асыл жаныбардын кийинки учурда жоосу көп болуп жатты. Түн ичинде жортуул жасап келген калмактар, анысы аз келгенсип тили жөрөлгөсү бир казак боорлорубуз айдап кетип турду. Ошол тынч албаган алаамат күндө кыргыздарга жоо чегинде тураар баатырлар керек болуп калды. Мына ушундай баатырлардын бири Мырзакулмырза болду. Ал кылыч чаап найза сайганды жаш кезинен эле үйрөнүп, эл коргогонго өтө маш болуп, каршы келген жоо менен кармашканды өтө самап турчу. Анын тайманбас баатырдыгы жаш кезинен эле элге жайыла баштаган. Аш, тойлордо көп эле жолу найза сайышка чыккан эч бир жолу жеңилген эмес. Жана жоосун өлтүрө да сайган эмес, каруучуга же башка жерге уруп, эс-учунан тандырып, анан аттан кулатып жөн болчу. Баатырга каршы эч бир адам чыга алган эмес ага каршы чыгуу тирүүнүн тозогу болгон.

Көпчүлүгү баатыр күндүз эс алып түнкүсүн жылкы кайтарганга чыкчу. Жана дагы жылкыларды жоого бербей алып калганы көп эле болду.

Бүгүн дагы алар жылкы кайтарып чыгышты. Өзү менен кошо төрт жылкычы, жылкылардын төрт тарабында «айт-уйт» деп үн салып сак-сактап турушат.

Бул жайдын бир түнү болчу, асман катуу түнөрө жылдыз, айды көрсөтпөй катмар-катмар булут басып, анан катуу үн чыгып каршы-терши чагылган түшө баштады. Жерге койдун корголундай мөндүр түшүп анын артынан катуу жамгыр сабалап жаап кирди. Жылкылар тосоотко моюн бербей туяктары кара топуракты эшип, ылдый карай куюула удургуй кирип, тарап жаан үнүн коштоп апыл-тапыл болуп айлана ого бетер дүңгүрөп турду. Катуу жамгыр далайга дабырап жаады. Жылкычылар ылымта издеп чоң таштын түбүнө жашынды. Жердеги калың жашыл чөптөр жаан эпкинине багына берип башын ылдый сала жерге карай жапырылды. Анан бир кезде жаан басаңча тартып, кайрадан күч ала сабалай жаап кирди. Жылкы кайтарган жылкычылардын киймими жети катарына өтүп суу болуп, эшилгенине кайыл болуп, «жылкыларыбызга жоо колу тийбей аман эсен чыгып, эл-журтка жүзүбүз жарык болсун», -дейт. Анан бир кезде жаан басылып, жылкылар кошкурук ата күбүнө эс алып жаандан кийинки көк чөптү кайра кырт-кырт чайнап киришет. Ал эми жылкычылар ат үстүнөн түшүп, кийимдерин сыгына суусун сарыктырып кайра кийинип, анча-мынча болсо да

курганып алышат. Мырзакулмырзанын темингени Алатуяк жаныбар. Муну мингени төрт-беш жылдай болду. Бир кезде эле онго чукул калмак жигиттери чабуулга кирип, жылкыны айдай баштады. Ошол кезде Мырзакулмырза катуу кыйкырып калмактарга чабуулга өттү. Калмактын эки жигитин ат үстүнөн торойто чапты. Дагы экөөн аттын үстүнөн оодара тартып жерге түшүрдү. Калмактар удургуй жылкыларды айдап кирди эле, баатыр жетип барып бир жигитин « мына сага» деп чокмор менен баштан ары тартып жиберди. Ал жигит тил оозсуз атынан кулады. Эми калмактар жапырт жабалактап баатырга асылып киришти. Алатуяк дагы чоң жаныбар эле өкүмдүк менен калмактардын аттарын жөөлөй кирип, баатыр болсо чокмор менен оңун- оңго, солун- солго шылап кирди. Баардыгы ат үстүнөн тоголонуп түшүп жатты. Же ителги каргаларга тийгендей эле болду. Калмактын жигиттери сестейип, беш алтоо калды эле ал баатрга асылганды коюп, аттарына камчы уруп кара жанын соогалап качып калышты. Жоо кетти. Жылкычылар менен жылкылар калды. Эртеси болду. Баатырдын чокмор катуу тийип, эки жылкычы каза таап, беш алтоо жарадар болуптур. Калмак жигиттери кечирим сурап, эки өлгөн жигиттерин алып кетишти. «Экинчи жолу жылкыңарга кол салбайбыз» деп катуу убадаларын беришти. Мурун эле баатырдын атак-даңкы элге тараган ошондон кийин анын эрдиги күчөп эл-журтка а түгүл калмак, казактарга кошуна элге аты тарап, атагы элге айдың боло баштаган.

Орозбак атанын баатыр чалыш уулунун бири ушул Мырзакулмырза болду. Беш баласынын жөндөмү тагдырдын жолу менен ар башка болду. Анын чымыр тарткан булчуңу, тарамыштуулугу, боюунун келбети, эч нерседен кайра тартпастыгы, курчтугу жана башка баатырга тиешелүү сапаттары анын даңкын көкөлөтө көтөрчү.

Ошол иш ошол болгон. Бул баатырдын жылкы кайтаргандагы бир окуясы жылт-жулт этип санжыранын сүртүмүндө эске келип туруп алды. Баса ал окуя кандай болду эле анда санжырачылар айткан баянын унутпай эстей кетеличи.

Ал ушуга окшош көп окуяны эстеди Ар бир түндө жылдыз чыкчу. Баатыр ошол жылдыздарды берилүү менен кароочу эле. Ар кайсы жерден түн периштеси жылдыздар жымыңдап көрүнө баштады. Асмандан чачыла Саманчы жолу жылдызы жатты анын капталында Кичи Жетиген, Чоң Жетиген жылдызы чыга келди. Ал эми түндүктө Алтын Казык жылдызы быякта мен бармын дейт. Ааламдын ар бир жылдызы түн менен жымыңдап чыга келет. Мырзакулмырзанын көптөн бери ичи ооруп келет. Бул оору эмне оору экенин билинбейт. Кээде башы айланып, кулагына дүңгүрөгөн үн угулуп көзү тунарат. Үйдөгүлөргө айтты:

– Бүгүн мен жылкы кайтарып келейинчи.

Аялы көңүлдөнбөй:

– Жылкыны жылкычылар эле кайтарат, сен ооруп жүрөсүң эки жакка көп чыкпа жаның кыйналып турат.

– Ошондой болсо да кайтарып келейин, жылкы кайтарган-

ды сагындым.

– Бүгүн эле кайтарып келем.

Ал ооруса да жылкычылар менен жылкы кайтарып жүрдү.

Атам замандан бери кыргыз эли душманынан сактанып, ары бир удургуп, бери бир удургуп көчүп жүрдү. Алар жөн эле көчпөй азык аш тамагы малы менен көчүп жүрдү. Жанында Камбар Ата баласы колдогон жылкы. Чолпон Ата тукуму колдогон уй болду. Аларсыз кыргыз эли бир жерден экинчи жерге көчпөйт эле. Ошолорду багып, ачка кезде ошолорду азык кыла тамактанып жеп жүрдү. Жылкы баласын жылкычылар багып, аны душман көзүнөн сактайт. Аларды жөн эле бакпайт, алардын жүрөгүндө байыртадан келаткан кыргыз эли жараткан кыргыз ырлары болгон. Алардын жан дүйнөсү ошол ырлар менен байланыша кан-жанына ширелген. Кыргыз эли байыртадан бери ошол ырлар менен жашап келген. Шок жигиттер жылкы үстүндө жүрүп алым сабак ыр айтып, же шырылдаң ырын созуп жиберип жатышты.

Султан аттуу шырылдаң,
Шырылдаң биздин шыйкыбыз.
Бүгүн канды уйкубуз.
Эсен болсо жылкыбыз,
Эртең канаар уйкубуз.

Мырзакулмырза жылкы четинде ушул ырды эстеди. Өзү да ыр ырдап ушул ырды созуп калаар эле. Жылкы четинде жүрүп, анын эсине өткөн элестер закымдап келе берди, келе берди… Ал окуялар кандай болду эле…

Жылкы четинде далай жайкы түндөр өттү. Жаадыраган сонун күндөр өттү. Жылкы четинде туруп жаратылышты карөо кандай сонун. Адамдын өлбөс өмүрү акырындап закым салып токтобой өтө берет. Ар бир жаратылыштын өзүнчө өлбөс түбөлүктүү ыры бар. Эки жакты карагылачы, жаратылыш койнун ачып түгөнбөй мемиреп келе берет. Жайдын сулуу түнү бат эле атып, улуу тоодон күн жаадырап чыга келет. Анан жаратылыш эне өзүнүн ырын ырдап кирет. Талааны эш туткан талаа канаттуулар учуп жүрөт. Учкул канаттуу айры куйрук асманда сызып баратса, курк-курк этип, азык издеп кузгун кайдадыр бир жакка шашылат. Түз жерде сары чычкандар ийин казып өзүнүн тиричилигин өтөйт. Дөбөлүү жерде суур ийин казып, чоп издеп ары-бери томурандап чуркайт. Тигинде чакчыгай таш үстүнө чыгып өзүнүн өлбөс ырын ырдап жатат. Ушунун баары баатырдын көңүлүн көтөрүп турду. Ушул ыргак менен ал өткөн таттуу өмүрүн эстеп, унутпай кайра-кайра эскере бергиси келет. Бирок анын ич оорусу кийинки күндө улам күчөп кара жанын кыйнап келет. Дагы эмнелер өттү эле, өткөн баянды дагы эле көз алдынан сыдыра эскере бергиси келет. Баса анын күлүк таптаган жылдарычы. Баатыр Камбар Ата тукумуна өтө ынак болуп калды. Ал чабандес менен биригип, күлүк таптай баштады. Алгачкы таптаган күлүктөрү анча жеңишке жетип байгени алган жок, бирок кийинки күлүктөрү байгени бербей зымырап чыгып келип баатырдын атын алыска таратты. Ал жылкы кайтарып жүргөндө ар бир ку-

лунду байкоого алып, анан ошол күлүктү кичине чоңойтуп саяпкерлер менен кеңешип таптоого алчу. Ошондо анын күлүктөрү казак, калмак, жана башка жерде жарышка түшүп байге алып бүтүндөй элди дүңгүрөтүп келгени анын эсине кайта-кайта, келип-кетип турду. Анын Алажорго, Актуяк, Торукашка, Алабайтал, эмне деген күлүктөрү бар эле. Айрыкча Мырзакулмырза Алажоргону минип башында кундуз тебетей, кийгени карышкыр ичик, бутунда өзбектерден алып келген маасы, колунда жылан боор камчы, жол менен жорго салдырып бараткандa суктанбаган адам болгон эмес экен. Ошондон мындай деген ыр жаралыптыр.

Мырзакулдун Алажорго,
Миң жылкыгы бергис жорго.
Канаттуу күлүк экен деп,
Кабары кеткен оң солго.
Мырзакулдун Алажорго
Чуркаганда караандатпайт.
Арыбай чуркап алганда,
Артында гана чаң калат.
Башкаларга алмашкыс
Баасы бар анын миң аттык,
Айбандан башка жаралган
Алажорго тулпар жарыктык.

Ошол Алажоргону кимдер гана сурабады. Баардыгы сурашты бирок бир да кишиге бербеди. «Алажорго минген айдыңдуу кез өткөн экен»– деди. Ал жылкынын жанында ту-

руп көп нерсени ойлонуп жатты. Анын Актуяк, Торукашка күлүгү дубан жарган биринчи күлүктөрдөн болду. Бир жолу биринчи байгеге жүз кой, он беш жылкы алган күнү эсинен кетпей калыптыр. Мырзакулмырза ошол байгенин баардыгын элге таратып берип, журттун алкышын албадыбы. Баатырдын күлүгү чыгып келгенде токмо акын аны туура бир саат мактап ырдаган. Ошол төкмө акындын ыры элдин эсинде унутулбай калыптыр. Баатыр токмо акынга байгеден алган жыйырма кой жана бир жылкыны бөлдүрүп бергени анын эсинен кетпей калыптыр. Байгени алган жер Нарындын Ийри Суусу деген аймак эле. Ошол байге алган жерден, баатырдын турагы Калак Ташка чейин анын жигиттери айлананы дүңгүрөтүп улак тартып келгени жалпы жумурай журттун эсинен кантип кетсин. Кетпейт го.

Жылкы жанында баатыр ушуларды эстеп турду. Баарын унутуп салса да ушул күндөрдү кантип унутмак эле. Жылкы жаныбар өтө сезимдүү келет. Баардык жандыктардын ичинен аны акылдуу дегени бекер эмес го. Алар күн суукта шамалдын багытын даана сезет. Суук болчу учурда, өйдөлөбөй ылдыйлап, шамалдан сактанып буйгат жерди байырлайт. Ал эми салкын учурда кар тееп оттоп өйдөлөйт. Тээ арыда атабабалардын ыйык мүрзөлөрү. Санжыра ошолорго барып такалып, ошолордон башталат. Айрымдары кимдики экенин да белгисиз. Мезгил өтүп айрымдары түз жерге айланып баратат. Баатыр ойлоду биз дагы ушулардын катарына келебиз го… Булар деле бир кезде тирүү жүргөн жан эмес бе-

ле… Алар дагы биз сыяктуу жылкы кайтарып, жоо менен күрөшүп, ата бабасы өскөн жерин сактаган адамдар болчу… Ал сыдыргыга салып баарын баарын эстеп турду. Эстебегенде кантмек эле. Кийинки учурда анын ич оорусу өтө күч алып баратат. Көп жерге көрүндү, бирок айла болбой койду. Анын башына «ушул оору менин башымы жеер бекен» деген ойлор келет кетет. «Жылкы катарбай эле койчу»– десе болбоду. Балким сергип кетеермин деп ойлоду. Бирок ичи дале кичинеден сыздап айыкпас дартты белгилеп турду.

Топ жылкылардын ичинен жарыктык Кула айгыр мыкты жаныбар бир дагы жолу карышкырга алдарган эмес, өтө сак жаныбар. Карышкыр келсе аны кууп жоготот. Жылкы четинен башка киши көрүнсө да кишенеп адамдарга кабар берген эстүү жаныбар.

Анын эсине дагы бир окуя келди. Сыдыргыга салгандай баары келип-кетип турду. Ал мындан үч жыл мурун өткөн бир элести эстеди. Ал жылкычылар менен жылкы четинде жүргөн. Көп өтпөй арыдан Боштайдын уулу Алышпай акырын ышкырып Мырзакулмырзаны чакырды. Бул экөө бирге өскөн теңтуш эле.

– Ой, Мырзакул бир дабышты байкадыңбы, тээ берегиКара Бадал тараптан аттуу адамдардын дүбүртү чыккансып турат. Жылкылардын душманы келатат окшойт. Алар караңгыда ошол жакка көз жиберип жатышты. Кабар баардык жылкычыга берилди. Караңгы түн менен топ караан жылкычылар жакка берилеп келатты. Жылкычылардын жүрөгү түр-

сүл кагып, «эмне окуя болуп кетеер экен» деп белгисиз маанайга батып турду. Душман тарап аттарын ылдам бастырып, укуруктары менен жаныбарларды бөлө айдап, ылдам качып кеткенге аракет кылып жатты. Мырзакулмырза катуу үн чыгарып эки калмакты капталга чаап өттү алар армандуу үн чыгарып аттан бат эле кулап түштү. Баатыр башка чапкан жок, башка чапса күм-жам болоору белгилүү эле. Айлана жылкылардын дүбүртүнө жана адамдардын айбаттуу чыккан үнүнө толуп кетти. Кыргыз жылкычылары эч нерседен корккон жок себеби алардын арасында баатыр жүрбөйбү. Баатыр элге теек болоору белгилүү эле. Ал эми үчүнчү калмак Мырзакулмырзаны жекеге чакырды. Баатыр түн ичинде макул болду. Экөө элден четтеп, кармашка өттү. Калмак да баатыр экен, ал Мырзакулмырзаны капталга чаап өттү. Баатыр аз жерден аттан кулап түшө жаздады. Жанында күчтүү баатыр турганын сезип көзү ачыла түштү. Ал кайраттанып катуу кармашка өтпөсө оңбой калаарын сезди. Калмактарды ушул баатыр баштап келгенин сезип түшүнүп, муну бирдеме кылбаса болбой турганын баамдады. Калмак дагы найза, кылычын алды, Мырзакулмырза да курал жарагын алып экөө катуу кармашка өтүп жатты. Кармаш көпкө созулуп кетти, эки тарап баардык нерсе ушул жерден чечилеерин баамдап турду. Бир кезде оңтоюу келе түштүбү, кыргыз баатыры калмакты каруруга катуу сайып, бутун катуу чокмор менен уруп өттү. Калмак баатыры катуу үн чыгарып учуп барып жерге кулады. Калмактар кыйкыра үн чыгарып, аттан

түшүп, баатырды тегеректеп калышты. Көп өтпөй кыргыздар от жагып жиберишти, калмак баатырын оттун жанына алып келишти. Анын эки көзүнүн ортосунда меңи бар экен. Мырзакулмырза «бул баатырды кайсы жерден көрдүм эле»,– деп ойлонуп жатты. Экөө сүйлөшүп кеп башташты.

– Мен сени кайсы жерден көрдүм эле?– деди Мырзакулмырза.

– Сен биздин үйгө келип атам менен сүйлөшкөнсүң.

Баатыр баарын эсине салып жатты. Калмактар менен бир чатак чыгып, жигиттер менен Бачман деген баатыр калмак менен сүйлөшкөнүн эстеди.

– Ооба эсимде сенин атаң да баатыр киши эле, ал барбы?

– Суук тийип өлгөнүнө беш ай болду.

Мырзакулмырза жаман кейип:

– Каап жаман болгон экен андай баатыр жок эле.

Мырзакулмырза жаш баатырга кеңеш берип жатты:

– Атаңы тартып сен дагы баатыр болупсуң, бирок күчүңү жылкы уурдоого жумшаба, жаман болуп мерт болуп каласың, эгер дагы жылкыга кол салам,– деп ойлобо.

Экөө дагы сүйлөштү. Мырзакулмырза жаш баатырдын бутун кармалап көрдү.

– Сынган эмес чыгып кеткен экен,-деп бутун катуу басты эле калмактын көзүнөн от чагыла кетип, анан эс ала түштү.

– Баатыр экенсиң чыдап бердиң, башка бирөө болсо чыдабайт эле,-деп баатыр карс-карс күлдү.

Экөө көпкө аңгемелешип дос болду. Ошондон кийин көп-

көжылкы уурдамай, кол самлмай токтоп, эки эл бейкут жашап калды. Мына ушуларды кыргыз баатыры жылкы кайтарып, ооруп жатып ойлоду.

Ошол иш ошол болду. Башкача болгон жок.

***

Баатырдын оорусу күч ала берип, акыры ал ушул оорудан жок болоорун билди. Ал Ысык Көлдүн жээгин эң жакшы көрчү. Ата бабалары алыскы Жалал Абад жерине Арсланбап токоюунун жанына коюулбады беле. Баатыр ал жакты каалаган жок. Дүйнөдөн кайтаарында туугандарына жана балдарына керез сөзүн калтырды:

– Менин сөөгүмү алыска алпарып убара болбогула, андан көрө касиеттүү жер көлдүн чыгышына Каркыра жайлоосуна өзүм туулган жериме койгула, ошол касиеттүү жерде атабабам өскөн өзүмүн балалыгым өткөн жерде жатайын.

Жана дагы оор дем алып туугандарын карады анын жанында баардыгы отурган эле. Үнүн алсыз чыгарып Арыкмарза жана Асанмырзага кайрылды:

– Асанмырза, Арыкмырза баарыңар менен мен коштошуп жатам, балдарым Алсейит менен Тынымсейитке көз сала жүргүлө, жетим болуп желкеси күйүп азапты тартпасын,-деп акыркы керез сөзүн калтырды.

Ошондон кийин баатырдын эки айдан кийин жаны учуп, көз жумду. Асанмырза менен Арыкмырза баатырдын балдарын кор кылбай эл теңдүү жакшы багып өстүрүп жатты.

**ЖАМАНГУЛ АТА**

Алсейит касиеттүү Мүйүздүү энегеге үйлөнгөндөн кийин, эки жыл өткөндө бир эркек балалуу болуп, «эл ичинде аман-эсен жүрсү»н деп, анын атып Жамангул койду. Наристе чоңоп басып, чуркап калганда дагы эненин боюна бүтүп, эркек төрөп анын атын Папа койду. Атанын дагы экинчи аялынан Ардам, Туумакашка деген балдары болгон дешет. Балдар аман-эсен төрөлүп, мезгил өтүп баардыгы чоңоюп жатты.

Жаз катаал кышты кууп өтүп, эски окуялар унутулуп, улам жаңы жаңылыктар жаралып жатты. Күн айга жалгашып, ай жылга кошулуп, ошентип мезгил токтобой өтө берет. Ата-эненин балага жакшы үмүтү «ушул капсалаңдуу заманда уландарым аман-эсен болсо» деген эле кеби. Эненин эки уулу тең сөөк-саактуу баатыр чалыш өстү. Көптү көргөн көсөм Алсейит балдарына кылыч чаап, найза сайып, ат үстүндө тың жүргөндү алда нечен жолу үйрөткөн. Айрыкча Жамангул бою узун, сөөк-саактуу баатыр чалыш өстү. Алсейит ата:

– Балдарым өз үйүңдү көп ойлобой элдин келечегин ойло,– деп ар дайыма кеңешин айткан.

Мезгил өтүп балдар бат эле бой тарта келишти.

Кулжа айы келип, айлана жашарып, жер жашыл ыраң тартып, мал көк чөпкө тоюунуп, айлана көркөм ырыңга бөлөнгөн. Тээ арыда Элебестин коосунда, булак жанындагы жапан талга күкүк конуп сайрап, бир кайрыгын улам-улам кайта-

лайт. Анын бир кайрык үнү армандуу да, жана кубанычтуу да эле. Армандуу жагы жайнаган өмүр артта калып, кайран мезгил кайтып келбейт десе, кубанычтуу жагы, «жаз келди, жаз келди анын дагы жай келет» деп жатпайбы. Ушул жаадыраган жаздын күнүндө Мүйүздүү эне Алсейитке айтты:

– Биринчи баланы мен үйлөндүрөйүн, ал менин милдетим болсун, ал эми калган балдардын үйлөндүрүш сенин милдетиң болот.

Экөө бул сунушту туура табышты. Ошентип эне жан адамга билинбей баласына келин издеп жолго чыкты. Касиеттүү эне кайда барганы белгисиз, акыры бир жума жоголуп, тал чыбыктай ийилген, келишимдүү ай десе айдай, күн десе күндөй бир чүрөктү ээрчитип келди. Аны каяктан ээрчитип келгенин эч ким сурабады. Кыздын аты Эркеайым экен. Элдин баамында ошол кыз касиеттүү эненин жакындары имиш. Ошентип экөө эң улуу баланы үйлөндүрүп, санаасы тынып, келин жумшап калышты. Эмки кезек Папага андан кийинки Ардам, Туумакашка балдарын үйлөндүрүү керек блду. Алсейит ата буурул атты минип кийинки балдарына алып бергенге колукту издеп сапар жолго аттанды. Ата көп жерди кыдырып, адыр-белди сыдырып такыр жолу болбой, « Атаңын көрү бул эмнеси, ушинтип мага келин табылбай калабы,– деп үйүнө келип, капалынып тамак ичпей жаткан экен. Уктап жатып түш көрөт бир мүшкүл иш көрөт. Атанын үйүнүн жанында бир керемет сонун дарак өсүп туруптур. Ошол даракка үч куш келип конуп, тузак тартат. Ой-

догудай болуп, тузакка үч куш тең түшкөн экен. Ойгонот да көргөн түшүн энеге айтты.

Мүйүздүү эне кубанып:

– Кокуй, тезиреек жолго чык, сага жолунда келин даяр туруптур,– дейт.

Ошентип Алсейит ата бугу айында азыгын алып, бурул атына мине аттанып сапар жолго чыкты. Сапар жолдо: – Кайсы байдын күйөөгө бере турган үч кызы бар,– деп сурап жүрүп отурат. «Куда болуп алалы, жакындашып калалы»– деп калмак байларын кыдырат, ал жактан үч кыздуу киши табылбайт. Анан Чүй, Нарын, Талас жака барат. «Балким кыз табылып калаар» деп казак туугандарын аралап жүрүп отурат, бирок күйөөгө бере турган үч кызы бар киши табылбайт. Ата эмне кылаарын билбей башы катат. «Ушинтип үч балга тең аял табылбай бойдок калабы»– деп армандант. Ал тынбай жол келе берет. Жол келе берет. Такыр чарчабайт. А күн айланып жыла берет. Күн менен кошо жер айлана берет. Баягы буурул атчан киши үч баласына аял издеп сапар келе берет. Өзү ыргайдай, аты торгойдой болуп, баягы атабыз кетип баратат, кетип эле баратат. Ал кетип баратып эле бою бир карыш, сакалы эки карыш болгон кичинекей кишиге жолугуп калат. Ал карыя биздин чарчаган атабызды көрүп аябай боору ооруйт.

– Сенин издегениң түштүк тарапта, алдыгы торгойдой чарчаган атыңын тизгинин ошол жакка бур,– дейт. Алсейит ата акылдуу Кыдыралейсаламга чын дитинен ырахматын ай-

тат. Акыры күн нуру жаадырап төгүлгөн, жер жемиши үйүлүп бөксөрбөгөн Ош жакты биздин касиеттүү ата кыдырып сапар жөнөйт. Ал чарчабас буурул аты менен адамды өзүнө тарткан жаадыраган өңү менен Жалал Абад жерин кыдырып келаткан болот. Касиеттүү Жалал Абад жерине келгенде көп боз үйдү көрүп, аларга көңүл бөлүп, аты жер чапчып тык токтойт. Алсейит ата «минип келаткан атым эмне үчүн тык токтоду» деп таң калат. Ээси ойлонду « Эстүү жаныбардын токтошунда бир шек бар, болду болбодубу, менин издеп келаткан жогум ушул жерден табылат» деп ойлонот. Ал бир койчудан сурайт: «Силердин байыңардын канча кызы бар»,– деп кайрылат. Койчу « Бир биринен өткөн ай десе айдай, күн десе күндөй күйөөгө чыга эле үч сулуу кызы бар» дейт. – Аксарбашыл кудай мага берди жогум ушул жерден табылды, санаам жаңырды -деп, буурул атын камчылана эпеңдете желдирип, кара жерди атынын такасы менен эшип, кардай аппак алтымыш уукту боз үйлөрдүн жанына кирип барат. Боз үйдү жанындагы жигит сылыктык менен Алсейит атаны тосуп алып, атын алып, мамыга байлап, өзүн боз үйдүн эшигин ачып үйгө киргизет. Үйдүн ичинде узун бойлуу, бүркүт мурун, кабагы салыңкы сүрдүү карыя кемпири менен отурган экен. Үй ээси келген мейманды сылык кабыл алат. Алсейит атаны бугу уруусунун адамы экен деп, аябай сыйлайт. Ата бир кезде боз үйдүн ичин тегерете уукту карады. Уукта жылтырак кыздар тагынчу үч мончок илинип турганын көрөт. Ата ошол көздүн карегиндей болгон мон-

чокторду көрүп сүйүнүп кетет. Кыргыздар эки-үч күндөй меймандын эмне жумуш менен келатканын эч убакта сурабайт. Аны эс алдырып андан кийин сураштырып кирет эмесpи. Эки үч күн өтүп конок эс алат анан негизги ишти сурап кирет.

– Жол болсун асыл жолочум эмне жумуштап, же эмнени издеп келаттыңыз эле?

– Сапарга чыкканым далай мезгил болду ошончо убакыттан бери сизди издеп келаттым эле.

– Келатканыңыз жакшы албетте адам адамга керек.

– Сиз менен жакындашып, куда сөөк болоюн десем эки көзүм төрт болуп жайнап, үмүткө-үмүт, тилекке-тилек кошсом дедим эле.

Ал уук жакты карап:

– Тигине бирине-бири жанаша өскөн үч кызым болгону анык буларды санаага жетип, үч бир тууганга берейин дедим эле.

Алсейит ата кубанып:

– Менин көктөн издегеним жерден табылды, менин төрт балам бар эле ырас бирөө үйлөндү үчөө үйлөнө элек, демек мен сиз менен куда болууга шартым бар өңдөнөт,– деп кара мурутун сылады.

Ошентип ал Маматкул куда менен сөз бекитип сүйлөшүп, бекем убадалашты. Ал кубана буурул атын такымга чаап, көктөн издегени жерден таап сапар улап конушуна кетип баратты. Ата айлына жетип, эл тескеген карыялар менен

ийри отуруп түз кеңешти. Карыялар ак калпак кийип, энелер ак элечекчен, жигиттер үн сала күтүрөтө мал айдап, ак боз бээнин көкүлүнө кебез байлап жөнөп калышты. Алардын кубанычтары алып уча күркүрөшүп, калыңга топурата мал айдашып бат эле жетип барышты. Маматкул куда колу ачык берекелүү адам экен. Байлыгы жөн эле ыңкып мелткалт этип төгүлөт. Мүйүздүү эне үч керилген сулуу кызды көрүп аябай кубанды. Булардын баарын келин кылып алып жатканына аябай кубанды, жаратканга жалбарды. Ошол үч кыздан керилген уул-кыздар төрөлүп бугу уруусунун атагын алыска жайылткан экен. Бугу уруусу көлдүн башын айланасын конуштап, алардан чыккан тукумдар бүткүл элге белгилүү болуп чыга келди. Ошентип келиндүү болгон Алсейит ата аларды отко кийрип, эл журтка күркүрөтө той берди. Мындан аркы баяндарда Алсейит атадан таралган тукумдар жөнүндө сөз болмок

***

Башын ак кар көк муз баскан эчен миңдеген жашты арыткан улуу аскалар. Атам замандан берки аскаларга бүркүттөр конуп сүрдүү дабышын берип асканы аралай учуп айланат, азыгын көктө учуп жүрүп жерден табат. Кыраан сүрүнөн жан-жаныбарлар бүт баардыгы коркот. Алардын шаңшыганы бир укмуш, дайыма бийиктикте сыза учуп, курч көздөрү менен алдын да, артында жана бир канча чакырым алыстыкты даана көрөт. Тээ берeги жылгада качып бараткан көк серекти курч көздөрү менен көрдү окшойт. Ошол жак-

ты карай жаадай шукшурулуп, сайылды көк серек курч сүрдүү тиштери менен айбат көрсөтүүгө аракет кылды. Кыраан ага моюн сунбай баса жыгылып, курч алгыр тырмактары менен тырыштыра кармап, бат эле тумшугу менен көзүн чукуп, күм-жам кылып жиберди.

Ушул күндөрдүн биринде калмак байы Дамдин жигиттерине айтты:

– Кыргыздардан эмне коркуп жатасыңар жаныңар жокпу, же алар күчтүүбү, кышкы согумга мал камдап албайсыңарбы?

Көөп турган жигиттер байдын сөзүнө шерденип:

– Чапса чаап келели улугум, аларды чаппай жүрдүк беле.

– Чабабыз.

Бай ойлонуп калды да:

– Бирок абайлагыла кыргыздардын да каары күчтүү эл оңой менен жеңиле койбойт. Шек билбирбей жасагыла.

Калмактын Денден Бука баштаган жигиттери кыргыздарды аңдып жүрүп, алар бир жакка кеткенде бир топ жылкыларын айдап алып көздөн кайым болуп жоголушту. Ошондо бугу уруусу мунун баарын калмактын байынын колу менен жасалганын билип турушту. Жамангул баатыр жигиттерин майданга такшалтып кылыч чаап, найза сайып, ат үстүндө кармашты үйрөтө баштады. Жигиттер мыкты сыноодон өтүп, калмактардын жылкы айдап келүүгө даярданып жатты. Кыргыз жигиттери калмактарга чабуул коюп, каршылык көрсөткөн жигиттерин тоголото чаап келатышты.

– Бугу эненин арбагы колдосун өз жылкыларыбызды өзүбүз айдап келатабыз.

– Жаратканым өзү жар болсо экен.

Аттта калмак куугунчулары кууп, жебелер тартылып, мылтыктар атылат. Жамангул, Папа, Эрмек, Кичимолдо, сыяктуу жигиттер жылкылардын артында малды сүрөп айдап келатат. Жакындап келген калмактарды буйгат жерде жашынып туруп чокмор менен тартып тизеге чаап аттан оордрып таштташат. Жылкылар ашуудан ашып, өз журтуна карай даң салып, учуп келатышты. Жамангул баатыр далай калмактарды аттан оодара чапты. Калмактар жебе тартып, Ошондо Жамангул баатырдын артына ок жаңылды. Каарданган баатыр калмактарга сүр көрсөтүп, чокмор баш менен далай калмакты тоголото чаап, намысты бербей келатты. Ал жүрүшүн ылдамдатып, « Манас», «Манас», «Кыргыз», «Кыргыз» деп ураан салып жабалактаган калмактарга намыс бербей кайраттанат. Калмактар жылкылардан айрылып, жигиттери каза болуп кайра үйлөрүнө жол тартат. Анын аралыгында бир күн өтүп, Жамангул алы кетип, эс-учун жоготуп чоң таштын түбүнө жатып калат. Жанында Куусейит менен Мендек деген жигитер бар эле ошого кайрылат:

– Үйгө кабар жеткиргиле алар келип мени алып кетсин.

Күн ысык жигиттер жарадар менен алек болот.

Куусейит айылдын карыясы Найманга жолугат.

– Айланайын боорлорум деги амансыңарбы?

– Аманбыз ата калмактар менен кармашып, жылкыларды

кайра айдап келатабыз. Бир гана кайгылуу окуя Жамангул баатыр жарадар болуп, Сорок Таштагы чоң таштын түбүндө жатат.

– Кагылайын кудайым, мен десең анын жанын сактай көр, иниме жаратканым өмүр берсе экен. Оорулунун жанын кыйнабас үчүн боз үйдү көчүрүп, дарыгерди дарылары менен камынтып, сойгонго анча-мынча мал алып, шашып-бушуп жөнөп калды. Сорок Ташта Жамангулдун жанында жигиттер эмне кылаар айласын билбей жаман болуп жаткан экен. Папа айласы кетип:

– Кудай ай, бир тууганым ушунчалык кыйналгандай эмне кылды эле бир айласы болуп жаны аман- эсен калса экен,– деп кейип турду.

Дарыгер Жумагулдун жараатын жууп, кытайдын кырма дарысын сыйпап, ак чүпөрөк менен таңып койду. Мындан такыр айла болбоду. Ошондо дарыгер айтты:

– Калмактар аткан ок чыкчудай эмес, эми эмне кылабыз. Ошондон жаны кыйналып жатат.

– Кагылайын колу эмсек дарыгер бир айласын кылып, окту алып сала көр!

Анан бир паска ойлонуп туруп, дарыгер айтты:

– Калмактын ханы Коңурбай Семетейди атат. Ошондо баатырдын денесинен ок чыкпай, калганда Айчүрөк аттаганда ок чыгып кеткен экен.

Ал жерде тургандар Жамангул баатырдын үстүнөн кимди аттатабыз деп ойлонуп калышты.

Ошондо бир карыя:

– Эмне кылабыз болоор иш болуптур, Жамангулдун аялы Маматкулдун кызын деле алып келсек болот эле, бирок биздин касиеттүү келинибиз Олуят турбайбы ошону алып келели ал көзү ачык олуя чалыш бизде ургаачылардын ичинен ошондон тазасы жок.

Бирөө айтып калды:

– Ошол эми келеер бекен.

– Келет келбегенде эмне кылмак эле.

Жигаттер ошону алып келгени чаап жөнөштү.

Олуят көп убара кылган жок. Жамангулдун кабарын укканда кой эми барып жардамымды берейин,– деди.

Ошентип жигиттер Олуят ургаачыны алып келишти.

Олуят жаратканга жалынып туруп бир жолу аттанды. Ок чыккан жок ошондо ал ыйлап жиберди.

– Ушундай да болобу өзүм да, жан дүйнөм да таза эмес беле, эмне болуп турам,– деди.

Карыялар:

– Касиеттүү Олуят келинибиз кудайдын өзү көрүп турат, ичиңен жаратканга жалбарып дагы бир жолу атта, ойлогонуң кудай алдында келип калаар,– деди.

Олуят эне буулугуп кудайга жалбара-жалынып туруп дагы бир жолу аттоого аракет кылды.

Карыялар:

– Касиеттүү Олуят ургаачы, жашыңды төкпөй кайраттуу бол, кудай да кайратты сүйөт. Жаратканым сенин абаланџы

көрүп турат.

Олуят эне ыйлаганын токтотуп, кайраттуу түрдө ичинен кобуранып,жаратканга жалынды.

Жел согуп ургаачынын ак жоолугунун учу шамалга желбиреп турду. Жоолугунун астынан чыгып турган чачы чубалжып, ургаачынын өңү санаага батып, пейпайда болот. Ал кайраттанып, күчүн жыйнап дагы бир жолу аттаганга камынды. Жаратындан үмүт кылып жалбарып аттады.

Аттары менен Жамангул баатыр жаны көзүнө көрүнүп, катуу кыңкыстап онтоп жиберди, ок кадалып турган жер жарылып, ириң аралаш кан атып чыкты, аны менен карарган коргошун ок кошо чыгып жерде жатты.

Жамангул кыңкыстап:

– Ох, жаным кудай ай, кичине эс ала түштүм, -деп оң колу менен чекесиндеги терин шыпыра кыңкыстаганын басты.

Ал жерде бозоруп турган адамдардын жаны денесине кирди. Олуят энеге аябай ыраазы болгон экен. Эгерде касиеттүү эне болбогондо ок чыкпай баатыр тиги дүйнөгө узап кетмек беле ким билет. Баатыр жана эл Олуят энеге батасын берип турду. Элдин бактысыбы ким билет Олуят ургаачы андан кийин бир нече эркек балалуу болуп анын бактысы ачылган дешет.

Баатыр бат тыңып кетейин деп жаш жылкынын сорпосун ичип, кайра баягы күчүнө келе баштады. Булчуңу кайратка толуп ал толук басканга жараганда айтты:

– Кыргыз жигиттери барсыңарбы?

– Баарбыз жоголбойбуз жоого каршы турабыз.

– Бар болсоңор биз калмактарга эмне кылдык эле алар эмне үчүн биздин жылкыбызга тийип катылат. Жигиттер чоң чабуулга күч топтошту. Үйлөрдүн жанында темирди эритип, алардан ар кандай куралдарды, мылтыктарга ок белендеп, жааларга саадак жасап жатышты. Баардык даярдыкты Кулкиши аткарып, ал эчен жоо капшабын башынан өткөргөн эле. Кулжа айында Жамангул баатырдын жигиттери калмактарга катуу чабуул жасап, жылкыларын айдап алып, боз үйлөрүн сындырып, адамдарын кул кылып жиберет. Антпесе калмактар кыргыздарга күн көрсөтпөй жатпайбы. Ушунда чабуулду көрүп калмактардын үрөйү учуп калды. Төрт түлүк малдан тогуздап, кымбат аң терилерин алып, кыргыздардын алдына түшүп, баш ийип беришти. Алар жыл сайын кыргыздарга алык-салык төлөп турушчу экен. Бул кезде калмактар ич ара ынтымагы жок болуп, бийлик талашып, бири-бири менен чабышып, айласы кеткенде чек ара кыргыздар менен ынтымакта жашагысы келген. Ошентип жыл сайын калмак менен кыргыздардын ортосунда мамиле жакшырып, эки элдин ортосунда кыз беришип алышмай достук жолу башталат.

Жайдын акыркы күндөрүнүн бири эле чөптөр саргыч тартып, айлана небак күзгө камына баштаган. Тоо тарап суук тартып, жаан-чачын жаабай булуттар сургулт тартып ката баштаган. Бат эле ыркыраган күз күнүнүн шамалы этекжеңге кирип жатты. Анан дагы бир топ убакыт өттү. Ушул

күз айы кышка чукулдап калганда, калмак байы Дорго Жамангулду сый-сыпат көрсүн деп конокко чакырып калды.

Жамангулдун аялы айтты:

– Күн суук болуп, айлана көңүлсүз тартып турат. Бат эле кыш келет окшойт, эки жакка чыкпай эле койсоңчу.

– Дорго келгин деп көптөн бери чакырып жүрөт, барбасам таарынат го,-деп болбой койду.

Аялы аны узатып жатып, улам-улам карагысы келет. Эмнегендир көзүнөн жаш келип ирмелип турду. Ал мурун мындай болчу эмес эле эмне болуп жатканын билбей турду. Кайра өзүн токтотуп, « Мен эмне болуп турам, өзүмчө эле кейий беремби»,– деп өзүн-өзү токтотуп, баардык ишти аманчылыкка жоруду. Ичинен « Барса барып келсин, калмактар менен катышпай жүрчү белек»– деди.

Ошентип беш жигит менен Жамангул баатыр жолго аттанды. Жол кара тартып, күз ортосу болуп калган маал эле. Эмнегендир быйыл кыш бат эле келгендей болду. Келгиндер эртелеп эле түштүккө кеткен. Быйыл дарактар жалбырагын эрте күбүдү. Бул суук эртелеп эле түшөт деген белги болчу. Алар бир топ убакытка жакшылап эле сый көрдү. Бир күнү Жамангул:

– Ардактуу байым, биз жакшы эле көңүл ачтык макул болсоңуз кайталы. Сапар карыды окшойт. Аялымдын боюнда бала калган эле анын жайы эмне болду экен? Бир жерге токтоно албай, санаам санга учуп турат.

– Ардактуу досум, сенин келишиң биздин үй-бүлө үчүн

чоң кубаныч, бирок көрүп турасың, күн суук тартып, ашуу бөгөлүп калды бекен. Капа болбой эрте эле жазда кетсеңиз кандай болот.

– Ардактуу Дорго досум, мен кетүүгө аракет кылайын, аялымдын боюнда бар эле анын абалы эмне болду экен? Эки күндөн бери тынчым кетип жатат.

Дорго Жамангулду үйгө киргизип, эт жана кымыздан тартылган ичкилик менен сыйлайт. Атанын жан дүйнөсү тынчыбай анын кеткиси эле келе берди. Анан калмактар атага кымбат белектерди берип, кыргыздарды өз конушуна узатат. Эртең менен эртелей чыгып, артынчагы бар жигиттер ашууну карай ашыгышып келатышты. Улам ашууга жакындаган сайын, суук денеге жаба уруп, бүткөн бойду ичиркентип, көңүлдү уйгу-туйгу кылат. Дабандын башын ак кар, көк муз челип, шамал булуттарды удургута айдайт. Ар биринин оюнда:

– Кантип ашаар экенбиз, же учурунда эрте ашпай, көчкү жүрүп кетсе чымын жаныбыз чыркырап, же ашуунун жолун таппай күрткү кулап чыга алгыс оюкка кептелеер бекенбиз. Үй-бүлөбүзгө аман-эсен жетсек экен,– деп ар биринин санаасы бушайманга батат. Баатыр менен кошо беш жигит сабалай келатат. Быйыл жайлата күн тынымсыз жаап, дабанды калың кар челип, көчкү ылдый кулап кетчүдөй салаңдап турат. Эгер күн ысык болсо мунун баары эрип кетмек. Азыр кайдан эримек, эримек түгүл суу үстү муз болуп тоңгон. Абада кичине эле үн жаңырса, күр-шар этип, кар көчүп,

ылдый карай кулап, айбаттуу жүрөк түшүргөн каардуу добуш чыкмак. Бешатчан бат эле ашууга шыкай келишти. Дабанды калың кар каптап жол нугу такыр көрүнбөйт. Алдыда жол баштаган жигиттер. Жакшылык менен Жамангул экөө ээрчише бастырып келатышты. Баары ашуунун түбүнө токтолуп, тамак аш ичип кудайга жалынышып, «жолдун пири, Жоломан ата, ашуунун пири Даван ата колдосо экен» деп бул ашууну ашкан арбактарга багыштап куран окушту. Аба салмактана дем алганга оор тартып, кан улам башты тээп чыкты.

Жакшылык камчысы менен оң колун созо көрсөтүп:

– Жол тээ береги саландап турган соройгон таштын бери жагынан өтөт окшойт.

– Андан аркысычы?

– Анан кыялай өйдө карай өрдөйт шекилдүү.

– Тээ урчуктан бериби же арыбы?

– Мен да ошону билбейм турам, биз өткөндө саландап, турган асканын сол тарабынан өткөндөй болгонбуз.

– Туура айтасың калети жок сөз.

– Жолдун баарын каткан калың кар каптап калыптыр, жада калса карыш из билинбейт жаратканым өзүң колдой көр!

Жамангул менен Жакшылык алдыда кетип баратат. Жолочулар улам өйдөлөп жыла баштады. Кээде таш тоголонуп, адамдар жыгылып кайра өйдө турушат. Аттардын буту тийген бош таштар ылдый карай таштан-ташка урунуп үн чыгара токтоно албай кургуйга кеткенсип кулайт. Алар аскага өтө эле жакындап калган. Ошондо бир кырсык окуя болду.

Суу көп аккандыктан суукtan жер көк жалтаң болуп тоңгок. Жамангул ата чылбырын колуна ороп алыптыр, муздан тайгаланган ат адамды өзү менен кошо ылдый карай ала кетти. Анан эле бир пастан кийин күркүрөгөн үн чыкты. Бул дабыштан араң эле турган саландап турган кар тобу ылдый карай токтоно албай күркүрөй кулады. Жакшылык менен Жамангул ат-маты менен ылдый сойгоктой кар тобу менен кургуйга кулап кеткендей болду. Калган үчөө аман калып, алар эмне кылаарын билбей дапдаарып, көчкү көчүп кеткенден кийин жигиттер араң дегенде эс акылына келишти. Алар аман-эсен ойго түшүп, Жамангул менен Жакшылыктын денесин издей башташты. Бирок алардын денеси оңурайган чуңкурга түшүп кеткен шекилденет. Төртөө алып чыга алчудайй эмес калың муз катмары тоңон заңги турат.

Алардын оюу «мындан ары эмне кылабыз, тагдырыбыз кандай болот» ошолорду ойлонуп жатты. Анын үстүнө күз түнү кирпикти ачып-жумганча бат эле кирип келет эмеспи. Тарапты уюган айлана күүгүм каптап, караңгынын күкүмү теребелге чачылып, кеч токтоосуз жакындай берди. Үчөө: Элдияр, Кылкожо, Шайыкмет, сүйлөшүп жатты.

– Тагдырыбыз оор болду ашууну эмне кылабыз?

– Аша албайбыз го.

– Эки кишибиздин денесин кантип табабыз?

– Ашуунун аркы бети жаман эле.

– Жол табылбай калды.

– Келечегибиз эмне болот?

Алар аттарын жетелеп, түзгө түшүп, унааларын камчылай калмактардын конушуна карай артка сабалай кетип бараты-шты. Суук кабарды Доргого угузушту. Ал аябай кейип:

– Кайран досум Жамангулум кол жеткис жайга кеткен экен ээ,– деди. Башын жерге салып капалана.

Эртеси калмактар менен кыргыздар жыйырма чактыдай болуп, күрөк, лом, чукулдукту арбын алып кайра ашууга келишти. Жолочулар келип арканга байланып, эки адам-дын жанчылган денесин кобулдан алып чыгышты. Кадырлуу адамдын сөөктөрү музга сүрүлүп жакшы таанылбай калып-тыр. Денени жаздын башталышы менен кыргыздарга алып бармай болушуп, музга бастырып, ит куш жеп кетпесин деп бекемдеп корумдап салышты. Эки адамдын сөөгүнө ариет-теп куран түшүрүштү.

***

Кыргыздар Жамангул баатыр качан келет деп күтүштү. Бирок кеткен бойдон дарек жок… Тагдырдын жазмышына адам баласы баш ийбеске аргасы жок эмеспи. Маңдайга эмне жазылса адам баласы ошону көрөт тура. Андан башкача арга болбойт экен.

Кыргыздар баатырды качан келет деп күтүштү.

Бат эле кыш өтүп, жаркырап жаз башбагып, катмарлан-ган карлар эрип, жол ачылып, суу кузгундап кирип жатты. Жаз илеби эрте келип, баягы денени каарыган суук жого-луп, адам пендеси жылуулуктун илебине аралаша баштады. Жыйырмадай калмак туугандар Жамангул менен Жакшы-

лыктын сөөгүн атка жүктөп кыргыздардын конушуна баатырды жоктоп өкүрүп түшүштү. Калмактар өздөрү менен кошо кошумча деп үч кара жетелеп келишти. Бапа боз үйдүн жанында бир тууганы Жамангулдан айрылып, шолоктоп жашын төгүп, кайгырып сабыла ыйлап турду.

Ошондо санжырачылардын айтымы боюнча Жамангул атанын акылдуу аялы мындай кошок кошкон экен.

Алалуу жылкы, кулалуу жылкы журтум,
Каралуу катын, жалалуу журтум.
Кабарлап айтып коёмун журтум,
Айтпай бир койсоң жаманат журтум,
Курсакта калды балаң журтум.

Баатыр кайтыш болгондо анын аялынын боюнда алты айлык бала калды. Анан тогуз ай болот дегенде эркек бала төрөлдү.

Ошондо акыл салаар акылман карыялар:

– Жамангул баатыр өлгөн жок. Баатыр кайра төрөлдү.

Баардыгы баатырды жоктоп ыйлашты. Карыялар наристенин атын «баатырдан калган туяк» эле деп, азан чакырган акылман карыя Белек койду.

– Белек болсун!

– Белек болсун!

– Белек болсун!

Белек деген ат айланага, алыскы чөлкөмгө бийик обого тарап кетти. Ошол күнү баатырдын караанын жоктотпой, бул дүйнөгө бир наристе келген экен. Ата журтун коргосун деп

бата беришти. Батаданбы же элдин үмүтүнөн жаралдыбы ал бала да баатыр болуп, ата-журтун коргогон экен.

Аңгыча эле биздин санжыра жомогубуз аяктап бат эле бүтүп калган тура. Эми кичине дем алып башка санжыра жомокко өтөлү.

## АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

### (Төрөкочкор ата)

*Төрөкочкор атанын,*
*Айталык эми жомогун.*
*Аңгемелеп кеп кылсак,*
*Арманы көп болгонун.*

Бул окуя бир жагынан жомокко, айрым жерлери кадимки эле турмуштун дал өзүнө жакындап кетип турат. Мейли бул көрүнүштү жомок деп да, чындык деп да эсептейли. Анткени менен байыркы бабаларыбыздын элеси бизге бир эсе чындык, бир эсе жомок болуп жаркып турсун. Биз чындык менен жомоктун арасынан каалгыган сонун нерсебизди таап алып, алардын сүйкүм элесин унутпай кийинки урпактарга санжыра жомок кылып айта баралы деген эле кеп да.

Байыркы-байыркы бабаларыбыз бир жерден экинчи жерге сүрүлүп көчүп жүргөн экен. Алардын душмандары кыжылдаган кытайлар, ат жалында тегеренип ойногон калмактар, уйгурлар, казак, орустар өзүбүздүн эле тектеш тууган-

дарыбыз байыркы түрктөр болгон экен. Элибиз далай жылдар калмактар менен кармашып келди. Алардын азабынан кыргыз, казак ачкалыктан кайың саап калды. Кыргыздардын алсыздыгын билип, Кокондук бийлөөчүлөр, элибизди каратып алып, алык-салык салып толгон эзүүнү жүргүзүп жатты. Кокон бийлөөчүлөрү жергебизди каратып алып, чеп куруп, алык салыкты үзбөй алууда. Кокон бийлөөчүлөрү жергебиздеги сулуу кыздарды ордого деп башыбызга арманды үйүп алып кетип турду. Ар бир чоң уруу Кокон хандыгына деп жигиттерди барымтага берип жатты. Кадимки баатыр Белектин чоң боз үйүндө Кокон хандыгына элчиликке кимди жиберебиз деген суроо чечилбей жатты. Эмне кылаарын билбей баарынын башы катат. Карысы да жашы да терең ойду ойлонот.

Ким ылайыктуу, ким барып бугу уруусунун таламын жактап, аман-эсен иштеп кайра кайтып келет? Ушул олуттуу ишке жооп табылбай боз үйдөгүлөрдүн башы катып жатты? Ошондо көлдүн билермандары:

– Бул ишке Жамангулдун уулу Төрөкочкор гана жарайт, ал бир четинен аз да болсо, бизге караганда араб молдодон билим алган окумал жазуу-сызууну билет. Сүйлөсө адамдын ичи-койнуна бат эле кирип кеткен эпчилдиги жайы бар. Анын үстүнө соода сатык менен түштүк жерине мал айдап нечен жолу барып келген. Алардын сырын жакшы билген ары элчилик жайы дагы бар. Боз үйдө отургандар тунжурап ойлонуп калышты. Жана көптү көргөн карыя башын ийкең-

дете:

– Асылбек баламын айтканы туура асыл таштан, акыл жаштан деген элибиздин илгерки сонун макалы бар эмеспи. Төрөкочкор уулум барсын. Берки отургандар ак сакалы белине жеткен ак калпакчан улукман карыянын айтканы туура дешти. Бир четинен бөтөн эл бөтөн жерге барып иштөө өтө опурталдуу жумуш экенин баары ичинен сезип отурушту. Ошондо жанагы отурган Ала Тоодой ак сакалчан карыя колун жайып, эки жакты ойлуу карайт.

Баарысы тунжурап турат:

– Айланайын Төрөкочкор уулум Кокондук туугандар бизге жоо эмес насили, тили бир элденбиз. Аз журтка кыжылдаган кытай,калмактар тынчтык бербей жатпайбы. Ошолор менен биригип, жоону Ала Тоого жолотпой сүрүп салсак гана. Эми жолуң ачылып, касиеттүү бугу эненин тукумунансың, Кылжыр атанын арбагы жар болсун!– деп алакан жайды, баары бата кылышты.

Белек баатыр үнүн катуу чыгара:

– Бир тууган инимсиң, басаар жолуң узарсын, бактың ачылып, эл керегине жарап, касиеттүү Бугу эненин атын чыгаргын,– берки отургандар бул сөздү жактап жиберишти.

Ошентип Төрөкочкор аялы Токтоайым жардамчы эки жигити менен Кокон хандыгына карай жол тартты. Ал жерде бир жылдай жашап, Кокондуктар менен жакшы алака түзүп, баардык ишти орду-орду менен жайгарып турду. Көлдүк бугулар да ишибиз оңолду,-деп санаасы тынып жакшы болуп

турган эле. Бирок кут учурган бир кырсыктуу жаман окуя болуп өттү…

***

Бул бозоргон чөл жүрүп отуруп, тээ береги карайган Кокон калаасына барып такалат. Талаа чөлкөмү бүтпөй агыш боз топурак каптап, айрым жерлеринде кумдуу чөл менен алмашат. Мезгил ай-арасы болуп, аба-ырайы бузулуп турду. Тоолорго кыламык кар түшүп, ойдуңдарга жаан жаайт. Ошондуктанбы талаа өсүмдүктөрү; жоогасын, кызгалдак, шыбактын ар түркүмү желге боюн керип, секин ыргалат. Кызгалдактын көркү ушунча кооз тиктеген адамдын суктанта өзүнө тартат. Талаа жаныбарлардан куру калган эмес. Бул аймакта сары чычкан, кош аяк, кескелдирик, ийрелеңдеген жылан, анда-мында сербең этип, эки кулагын созо коё берип, сербеңдешип коёндор чуркап өтөт. Анан жаан басылып, узакка созулган кайра кургактык башталат. Ысыкта жаратылыштын көркүн ачкан гүлдөр куурап калаары бышык. Жарыша кеткен жол менен жүрүп отурсаң Кокон шаарын аралайсың. Калаанын четинде акталбаган үйлөр жарды адамдардын жашаарын айдан ачык айгинелейт. Андан ары жемиштүү багы бар жайлар бай адамдардыкы экенин жазбай баамдайсың. Жолочу жол жүрүп отуруп, Кокон шаарынын чоң базарын аралайт. Базар ичинде тизилген буюмдар жайнайт. Атчан, эшекчен, арабачан жана жөө адамдар тынбй ары-бери агылат. Көптөгөн пенделердин көтөргөн жүгү бар. Ашмачылар астына жайнатып, чүчпара, лагман, манты чүйгүн тамактар-

ды сатып отурушат. Бул жерде перс, түрк, ирандык чеберлер токуган кооз килемдер көздүн жоосун алат. Кытайдын парфор ийдиштери, сирия, арабдык зергерлердин колунан жасалган буюмдар пенделердин аябай кызыктырат. Жер жемиш, эт саткан дүкөндөрдө кишилердин карааны үзүлбөйт. Арыда эшек, ат, төө байланып турат. Алардан мурун жарган каңырсыган жыт абага, айланага тарайт.

Базардын чыгыш тарабында үч бөлмөлүү үйдө узун бойлуу кара мурутчан сулуу адам төшөктө ооруп жатат. Анын жанында ак жуумал олоң чачтуу кырдач мурун чекесинде жасап койгондой калы бар өтө сулуу аппак келин ноокастаган адамды мелтирей тиктеп отурат. Үйгө сырттан бир эркек кирип келип:

– Айланайын Төкө деги ден соолугуң жакшыбы?

– Эмне экенин билбейм кускум эле келет. Караңгыланып башым айланат. Мурун мындай ооруп көргөн эмес элем. Такыр көңүлүм ачылбай койду.

– Кечөө эле соо эмес белең?

– Хамиракундукунда тамак ичтим эле ошол тамак жакпай жатабы, же тамагына бирдеме кошконбу билбей жатам.

Хамиракун хан сарайда кызмат кылып далай жаман иштерди иштеп аялы жок пенде эле.

Ооруган адамдын эсине кечөөгүнкү окуялар келди.

– Мени Хамиракун тамак ич,-деп конокко чакырып жатат барайынбы?

Аял Хамиракундун атын укканда ийне менен безге сай-

гандай чочуп:

– Барбай эле койбойсуңбу?

– Катип барбайм хан сарайда иштеген адам чакырып жатса.

Ошондо Токтоайымдын жүрөгү бир зырп булкунуп жаманчылыкты сезген. Колунан келсе, барбай эле койсо деген. Экөөнүн ортосундагы бузулгус сүйүүгө жылан сойлоп киргендей болгон. Ал кара чаар жылан Хамиракун эле. Кейбир Токтоайымга ашык болуп, Төрөкочкорду жок кылам деген түрү суук амалы бар өңдөнгөн.

Үй- бүлөнүн шору куруп, оорулу адам алы кетип, кез-кезде эсинен танып турду.

–Токтоайым мен Хамиракундан шектенем ал мага уу берген шекилдүү, анын сага көзү түшүп калганын байкагам.

Бул сөздү угуп Токтоайымдын жан дүйнөсү уйгу-туйгу болуп кетти.

– Байым, адамдын жүрөгүн титиреткен суук сөздү айтпачы, аны мен эки дүйнөдө жактырбайм, тиги жакта Ала Тоодо кыргыз элим бар алардын бетин кантип карайм. Сен айыгып кет биз бул жерден кетели.

Токтоайым жашын төгүп шолоктоп ыйлап жиберди. Үйдө аянычтуу абал пайда болду. Эшик ачылып, үйгө дарыгер кирип оорулунун жанына эпейип отуруп, анын тамырын кармап өңүн карап турду:

– Абалың оор ак ич уу денеңе тарап кеткен шекилдүү.

Аял жашын төгүп дарыгерге жалына кайрылды:

– Айланайын акжолтой колу эмсек дарыгер ата күйөөмү айыктыра көр, аман-эсен айыгып кетсе, сизди ыраазы кылайын,– келин кандайдыр бир коркунучту сезип турду. Сыркоо адамдын алы улам-улам кетип баратты. Анын адам болоору арсар эле. Дарыгер бир топ кеңешти берип келген жагына кетти.

Оорулуу аялына:

– Теңир Тоонун арасындагы Хан тоонун бери жагындагы бугу уруусуна кабар бергиле, бир тууганым баатыр Белекке дайнымы айттыргыла!

Токтоайым жакында эле төрөп, Төрөкочкор баланын атын Сейит деп койгон алыста көл жээгинде акыреттик ушундай досу бар болчу.

Оорулуу демигип:

– Бу баламы чаң баскан Кокон калаасына калтырбагыла, ата-тегин билбей сарт болуп калат. Атадан калган жалгыз тукты Теңир Тоого ала кеткиле! Бул керез сөзүм,– алы кетип, демигип араң эле айтып, тынчтыкты каалап көзү илинип кетти. Кичине көзү жумулуп, түш көрдү. Түшү чалды-куйду болуп, бала чагы өзү өскөн көл жээгинде жүрүптүр. Бир туугандары Бооке, Кыдык, Белек жана Итбайдын элеси көрүнөөр – көрүнмөксөн болуп сызылып турду. Алар эмнегендир Төрөкөчкордун жанына келбей алыстан карап турушуптур. Анан ойгонуп кетти денеси аябай ысып, от менен жалын болуп жатыптыр. Алыста калган туугандарын эсмас эстеди. «Бу дүнөдө көрүшө албай калдык го. Эгер чын

эле жашоо болсо тиги дүйнөдө жолугаарбыз», деп армандуу кусалуу ойго батты. Өзү өскөн Ала Тоонун арасындагы касиеттүү Ысык -Көлдү эстеди. Арманга баткан адам киндик каны тамган жерди кантип эстебей коёт. Бул кезде Токтоайым «эс алып, балким жакшы уктап алса айыгып кетеер» деп сыртка чыга, терезеден күйөөсүн улам-улам карап коёт. Оорулуу көзүн ачып, шыпты карады ал жакта бир чымын учуп жүрөт. Кадимки эле чоң кара чымын экен. Ал оорулуу адамдын бетине коноюун деди, оорулуу аны жаңсап айдап жиберди. Чымын учуп эшикке конуп, айланып жүрдү. Оорулуу адам чымындан көзүн албай кароодо. Анын денеси чымындай чыркырап турду. Эмне бул менин жанымбы? Жаным ак жашоо менен коштошуп жатабы? Чымын бирде терезеге, бирде жылаңайлак бутка конуп ага тынчтык бербеди.

– Уч, уча бер чымыным, менин жаным болсоң мени менен коштошосуңбу ? Туулган жеримде ушундай чымындар бар эле алар да учуп жүргөндүр,– деп. оюна бир нерсени түшүрдү. Макулук дагы эле эшикке чыгып кете албай ызылдап жатты. Оорулунун көзү ага тигилип ар кандай санааларга батып турду. Адамдарга эмне жамандык, эмне жакшылык кылдым эле? Пенделерге жасаган жамандыгым, жакшылыгым эсимде барбы?– Ойлоп көрсө эч кимге деле жамандык кылбаптыр. Ал ак көңүл, ачык жайдары, адам эмес беле. Ойлоп-ойлоп көрсө адамдарга көп эле жакшылык кылыптыр, анын баарын санап отурууга болбойт, – деди. Анан эле баягы кара чымын ары-бери кыймыл жасап уча баштады. Үн чыга-

ра ар кайсы жерге конот. Ал ойлоду «адамдын деле чымындай жаны бар, ошол учуп кетсе денеси эле калат эмеспи», – деди. Баягы кара чымын үн чыгарып үй ичинде ары-бери дале учуп жүрөт. Үйдүн шыбынын оң бурчунда калдайган жөргөмүштүн желеси бар экен. Муну эмне мурун көргөн эмесмин. «Макулук ушуга түшүп калат го»– деп тынсыздanды. Макулук эч нерсени билбей ошол жакка учуп туруп алды.

Оорулуу адамдын көзү илинип кетти, ошонусу жакшы болду, кичине эс алып алгысы келди. Ал элдир-селдир бир түштөрдү көрдү. Түшүндө өтүп кеткен көп адамдар менен Жамангул ата Төрөкочкорду «кыйналып кетиптирсиң, жүрү алып кетем» деп жатыптыр.

Анан ал бат эле ойгонуп кетти. Чымын үйгө кирип келип, ар кайсы жерге конуп, кайра айлана баштады. Оорулу аны эшикке чыгарып эркиндик бергиси келди. Чымын айланып отуруп, торго түшүп андан чыга албай калды. Эмнегендир анын эсине башкача бир элес тартылды. Жөргөмүш жаман торго түшсө чымынды жеп салат. Хамиракун да ошол жөргөмүштүн элесин берип турду. Көз алдына Хамиракундун караны келди. Узун бойлуу чаап жаак, көзү көк, колу шадылуу, бүкүрөйгөн адам. Адамга эч убакта жакшылык санабайт. Ал кимдир бирөөн аңдып, жаманчылык жасоочудай элес берет. Оорулуу адамдын башкы кайгысы « Мен өлүп калсам, сөөгүм бөтөн жерге коюулат экен го»– деп турду. Оорулуу адам Хамиракунду жөргөмүшкө окшоштурду.

«Бул далай адамдын канын соргон адам» деди. Ал ага кандай жаманчылык кылаарын билбей турду. «Буюрса аман айыксам аны менен эсптеше жатаармын» – деди. Оорулу адам тордон чымынды куткаргысы келди, бирок такыр туруууга алы жок эле. Сырттан Токтоайым кирип келип күйөөсүн карап калды. Ал колу менен көрсөтүп:

– Тетиги жөргөмүштүн торун шыпырып салчы, чымын түшүп өлгөн жатат.

Аял шыпыргыны алып, желени шыпыра баштады, чымын эркиндикке чыгып учуп кетти. Токтоайым күйөөсүн оңолуп келаткан экен деп сүйүнө эшикке чыгып кетти.

Көлдөн Төрөкочкор менен эки жигит келген эле, алар эки айдан кийин эле кербендер менен кайра көлгө кетишкен. Төрөкочкор ордодогу Алайлык кыргыздар менен жакшы мамиле түзүп алган. Бир жардам керек болсо, ошолорго кайрылып турган.

Анан акырындап айлана салкындап, көлөкө узарып, кеч берилеп келатты. Күн бийик дарактардын артына батып, калаанын четиндеги мал турагына кайтып келе баштады.

Оорулуу үчүн түндүн атмагы тозок болду. Анын денеси салмактанып, өлүм менен өмүрдүн ортосунда жатты. Караңгы түн ага жаманчылык сыяктуу жаман элестерди алып келеери белгилүү эле ошондой сезилип жатты. Анын жанында Токтоайым чебелектеп эмне кылаарын билбей көзүнүн жашын төгө коюуп отурду. Ага сүт, айран аны менен кошо дары берди бирок эч кандай арга табылбады. Уу өтө күчтүү

эле ал денеге бекем сиңип алыптыр. Токтоайым кудайга жалынып: «Жаратканым бир өзүң колдой көр, бармактайымда баш кошкон түгөйүм, аман-эсен айыгып кетсе, экен»,-деп жаратканга кайра-кайра жалынып жатты. Күн-өмүр, түн-өлүм сыяктуу болду. Ал чарчаган окшойт көзү илинип кетти. Бир аз убакыт өтүп оорулуу ойгонуп кетти. Үйдө үлпүлдөп алсыз чырак күйүүдө. Ошол чыракты жетим көпөлөк айланып учуп жатат. Оорулунун көзү күндүзгү чымынды кандай көрсө, көпөлөктү да ошондой көрүп турду. Көпөлөк кайгылуу, саналуу сезимди берип, бирде төмөн, бирде жогорулап учуп турду. Ал чыракка урунуп күйүп өлчүдөй элести берип жатты. Оолулуу байкуш «жетим көпөлөк чыракка күйүп өлбөсө экен» деп макулукту аяп турду. Эмнегендир макулук чыракка күйүп өлчүдөй болгон. Оорулу өзүн ажалдын чегинде турганын түшүндү. Сыркоо адамдын жаны өмүр менен өлүмдүн ортосунда термелип турду. Кайсынысы жеңип кетеери азыр табышмак болуп жатат. Токтоайым менен Асенек оорулуунун жанында эмне кылаарын, эмне жардам береерин билбей турду. Алар үн чыгарып сүйлөшкөндөн дагы жазганат. Анда-мында оорулуга чыны менен суу ичирип жатты.

Түн мейман кетип, анан таң агарып, күн чабарман бат эле чыга келди. Күндүн келиши менен терезеден куштардын караны көрүнүп, абаздуу ырлар жаңырып жатты. Ал бир кезде денесин түздөп, эс учун такыр жоготту. Сырттан Токтоайым кирип келип, кайра артка атылып чыгып, эки-үч эркекти

жана молдону ээрчитип кирип келди. Сыркоо адам бир жолу денесин түздөп анан жарыкчылык менен коштошуп кете берди. Молдо оорулунун абалын көрүп туруп ага дем салды. Анан оорулу дагы бир акыркы жолу денесин түздөп, көзүн ачып, жанындагы адамдар менен коштошо кете берди. Үйдө Асенектин жана аялдын бышактап ыйлаганы угулуп жатты. Молдо:

– Жакындарым, кайраттангыла, бу да болсо Улуу алланын жазмышы туугандарыңарга кабар бергиле, маркумду алып кетсин,– деп келгендер чыгып кетишти. Бир кезде ыйлаган адамдардын үнү басылды. Үйдө баягыдай кооптуу тынчтык аралады.

Улуу тынчтык айтты:

– Оорулуу адам бул дүйнөдөн кайтты. Ал улуу жымжырттыкка батты.

Тынчтык кандай болсо каза болгон адамдарда жымжырттыкка батат. Аларга тынчтыктан башканын кереги жок. Анан керек кезде куран окуп алардын сүйкүм элесин эскерип туруш керек, андан башка эч кандай айла жок.

Үй ичи жымжырттыкта бир гана аялдын анда-санда эчкирип ыйлаган армандуу үнү. Асенек менен Токтоайым каза болгон жаркын адамдын керезин аткарганга киришти. Эртеси таң супа салып агарды. Күн ачык, бирок бул үйдө толгон капа. Төрөкочкор атаны эки-үч адам майрам сууга алып аруу жууп чыгышты. Молдо келип куран окуп, он чакты адам сөөктү касылган жайга алып жөнөштү.

***

Кокон шаарынан ары бозомук дөбөлөрдүн оң жагында мүрзөлөр бар. Ошол бозомук кичинекей дөбөлөргө дагы бир дөбө кошулуп. Дагы бир арман пайда болду. Баягы жөргөмүш салган тор ажал тору болчу. Ажал тору жаныбарларга да адамга да келет экен. Ажал тору атаны алып кетти. Армандуу ата ошентип киши колдуу болду… Жарык дүйнөгө дагы бир арман жаралды. Ал арман адамдардын эсинен кетпей калды…

Үйдө Төрөкочкор атанын ак кушу бар эмес беле. Ата аны эриккенде, кубанычка баткан жакшы күндөрүндө аң уулап, коён, кекилик майда жандыктарды алдыраар эле. Касиеттүү куш ээсинин өлгөнүн билип, арманга батып, анда-мында үн берет. Анткени кастарлап баккан адамы жок болуп жатпайбы. Токтоайым ыйлап тамак берип жатып айтты:

– Сенин жакын адамың Төрөкочкор биз менен коштошуп тиги дүйнөгө узап кетти. Сени балапан кезинде ыйык жер Ысык –Көлдүн чыгышынан кармап колуна кондура келген эле. Эми анын каза болгонун бугу эненин уруусуна барып кабарла. Ал жер алыскы Ала Тоонун арасында, тоңбос Ысык Көлдүн чыгышында Хан Тоонун бери жагында экенин билесиң да. Ыйык куш касиеттүү энени айтканын жаземдебей түшүндү окшойт үн салып койду. Токтоайым эне молдого төмөндөгүдөй араб тамгасы менен кат чийдиргенге камынды.

**Салам дубай кат**

Алиски көгүлтир көлдү жээгиндеги эл журтка Кокон шаар кишлагындагы пенделерден дубай салам айтаармис. Кат жөндадик. Ошону менен салам айтаардин жалдап сизлерге улуу ишеним ойлоймуз. Бул тарапта сизледердин балалалариңиз Аксенек келиниңиз Токтоайым өз турмушин жакши өтөп жатир. Энди бирак бир кайгылуу окуя башталди, кайгиси денедеги жүрөкти көзөп өтти. Биз дагы жаш төгүп капаландик, кайгыландик бирак айла жок Эмне кылаарди билбей отурамис. Сизлерге бел болгон уулиңиздер Төрөкочкор кулжа айынын 15-де таң агарганда жалган дүйнеден чын дүйнеге жол салди гой. Жаземдебей айтсак бул даги Аллаа Таалаанын жазмыш амири буйруги экен гой. Эмне кыламыз уулду узатип арманда кала бердык. Баардик нерсе жаратканымин буйругу боюнча боларин билгейсиздер. Ыйладык. Капаландик. Жаш төктик эч нерсе болмади. Акиры биз дагы жазмыштин Аллаа таалаанын амирине баш ийүүгө муктаж зарыл эттик. Айла жок шумкарыңарды а дүйнеге жөнаттик. Анын жаны кайып болуп учуп кетти. Ал чын дуйнеге муктаж болуп учип кеткенсиди. Анын өмүри ырахматы болгур такыр үзүлди. Биз анын сөөгин Кокондук чыгыш жагындаги ыйык пенделер жаткан жайга Аллаа Талаанын буйруги боюнча табыштадик, жаткан жеринде тынч уктасин дедик. Куран окудик. Кайгырдик, ыйладик акырки жайга узаттик.

Бул катти жазган Мирза Шайыхмед уулу деп билгейзиз-

дер.

***

Асенек кушту туурдан колуна кондуруп алып келди. Ага жаңы союулган койдун кара кесек этин берип тойгузду. Асенек анан катты куштун бутуна бекемдеп байлады. Эне көзүнүн жашын төгүп, куштун тумшугунан өөп:

– Касиеттүү ыйык кушум, сени Төрөкочкор балапан кезиңде ыйык көлдөн ала келген эле. Сени жакшы багып кыраан кылып канатыңды жетилтти. Экөөбүздү азапка салып ал кургурдун көзү өтүп кетти. Эми экөөбүздү ким багат. Бобул бутуңа байланган катты көлдөгү бугу уруусунун адамдарына адашпай жеткис, катты сага тапшырдым, сени куштун пири Буудайыкка табыштадым. Касиеттүү ата бабанын арбагы колдоп ушул жерден аман-эсен кетели. Бобул атадан калган жалгыз туяк Сейитти аман-эсен туулган жерине жеткирип, мен аны эл-журтуна эсенинде элине табыштайын,– деп, кушту кучактап, арыз-муңун канаттуууга билдирип, ургаачы ботодой-боздоп ыйлап жатты. Асенек:

– Кой, жеңе кайраттуу бол, кечке эле ыйлай бересиңби,– деп сооротту.

Токтоайым кайра жашып:

– Менин ыйлагандан башка эмне аргам калды, ушул жакка бөтөн жерге барбайбыз жибербегиле дегем, болбой эле Төрөкочкор көңүлдөнүп туруп албадыбы,– деп дагы ыйлап жиберди.

Асенек эмне кылаарын билбей тунжурап дапдаарып тур-

ду. Анан эне жоолугу менен көз жашын сүрттү. Куш таң агарып келатканда, тараза жылдыз батканда канаты талбый зыпылдап учуп келатты. Куш күндүз да, түн ичинде да тынбай учуп келатты. Ал жылдыздарды карап багытты алып, адашпай келатты. Анын оң бутунда кабар алып бараткан кат байланган. Жарыктык куш ошону сезип, күндөп-түндөп, эс албай тынымсыз учуп баратты. Кээде гана бийик даракка бийик ташка же урчукка гана конуп эс алат. Анан кайра тынбай сапарын улантат. Жарыктык адамдан эстүү канаттуу жаныбар ээсинен жок болгонун анын мындан ары такыр көрө албасын сезип капаланып учуп баратты. Караңгы түндө түндүн жырткыч жаныбары үкү эки жолу кол салды. Биринчи жолу кыраан куш үкүнүн үстүнө чыгып каарданып келип тепти эле үкү жан берип калдалактап жерге түштү. Экинчи жолу үкү менен алышкысы келген жок буйтап учуп кетти эле ага үкү жетпей калды. Анткени кыраандык жамандыктан бийик турат эмеспи. Кыраан куш күндөп-түндөп токтобой учуп келатты. Жолдон чоң коонун ичинен катуу шамал болду куш кат айрылып калабы деп, буйгат шамал кирбеген ташка конуп эс алды. Катуу шамал басылды анан жолун улантып жүрүп отурду. Анан бир кезде катуу жаан жаады. Кат суу болуп жоголобу деп жаан басылганча далдоо жерге жашынды. Аны куштун пири буудайык колдоп жүрүп отурду. Жолдон карыш жер көрүнбөй катуу туман басты ошондо ал аз жерден адашып кете жаздады. Адашып кетүүдөн алтын казык жылдызы гана сактады. Анткени түндө сапар тар-

ткан куштар жылдыздарды карап багытын улантат эмеспи. Кыраан куш булутту көктүн астында, муңдуу чөптүн үстүндө учуп жүрүп отуруп жети күн болот дегенде, түш мезгилде Белек баатырдын жайлаган жайлоосуна жетип, анын боз үйүнүн үстүнө конуп армандуу үн чыгарат. Белектин аялы Уулбала бутуна кат байланган кушту көрүп таң калды. Ал баласына кайрылды:

– Түндүгүбзгө куш конду, бул эмне конду сырын билгилечи, бутунда чүпөрөкпү ак неме жүрөт.

Анын баласы «пө-пөлөп» кушту чакырды. Куш тааныш кишисине келгендей анын колуна келип конду. Бала катты чечип алып, энесине берди.

Аңгыча күн батышка батып, жайылган кой короого келип жатты. Алыска жумуш менен кеткен адамдар да куштар сыяктуу түнөгүнө келишти. Белектин үйүнө конгон кат байланып келген куштун кабары баардык жерге тарап кетти. Кечинде Бооке, Кыдык, Итбай, Белектин үйүнө келишти. Белек бир туугандарына кайрылып:

– Бизге Төрөкочкордун алгыр кушу кат алып келиптир. Эми эле белдеги молдого киши чаптырдым, азыр келип окуп берет. Үйдөгүлөр тунжурап ойго батып калышты. Катта эмне кабар, жакшы кабарбы, же бүлүккө салган түйшүктүү жаңылыкпы? Баардыгы айтаар сөз жок тунжурап ойго батып турушту. Алардын көзү Белектин колунда турган кагазга түшөт. Алар чай анын артынан кымыз ичишип, молдону күтүштү. Бирок молдо келбей кечигип жатты. Баардыгынын тын-

чы кетип, сыртка чыгып молдо келүүчү Моло Таштын кыясы жакты карап турушту. Молдону алып келгени Белектин баласы Теңизбай кеткен эле. Бир кезекте Теңизбай жеерде атын минип, эпеңдете желдирип кырдан чыга келди. Белек аны жекире карап:

– Эмне төрөп жаткан аялчы кечке кармалдың молдо үйүндө бекен?

– Жок ал Манжынын үйүнө кетиптир кеч келет экен.

Белек жини келип:

– Катта эмне жазылды,-деп биз таң атканча кантип күтөбүз, кайра барып, ээрчитип кел, атам күтүп жатат, -деп айт, келбей көрсүн аны менен эртең сүйлөшөм, -деп катуу үнүн чыгарды.

Теңизбай жеерде атынын башын Моло Ташты карай буруп, ылдам чапкылай жөнөдү.

Отургандар Кокон хандыгы жөнүндө алардын сарбыздарынын келгени, алык-салык алганы жөнүндө сүйлөшүп жатты. Төрөкочкор баргандан кийин көп алык-салык алынбай эл арасы тынчып калганын айтышты. Айрыкча ордого берилчү кыздар берилбей калганын, быякка келген салыкчылар мурункудай ороңдобой адамча мамлие жасап калганын эскертишти. Төрөкочкордун Алайлык, Таластык даткалар менен жакшы мамиле түзгөнүн кеп кылышты. Эгер дагы аман-эсен болуп, хан сарайда иштесе көл башындагы бугу уруусунун кадыр-баркы артып, Мүйүздүү эненин тукумдарынын салмагы жогоруларын кубанычта кеп кылып жатышты. Алар

Төрөкочкор атанын аман-эсендигин каалап жатышты. Өзүбек сарбаздары кордукту көрсөтчү эле эми баардыгы жакшы болуп жатканын кубанычта кеп кылышты.

Аңгыча айланага толук түн кирди. Дагы бир баланы ат мингизип молдого чаптырды. Эл жат-жатка келгенде молдо араң келди. Карыяны балдар ээрчитип үйгө киргизишти. Жаштар карыяга орун берип төргө отургузушту. А дегенде чай ичилди анын артынан карыяга эт тартылды. Молдо этти аз эле жеп:

– Тамак ичип келдим эле,– деп этти анча жеген жок.

Бир пастан кийин Белек баатыр молдого катты сунуп:

– Бобул кат агам Төрөкөчкөрдөн келиптир эмне жазылыптыр окуп берчи,– деди.

Молдо ичинен катты окуй баштап, бир кезде үн-сөзсүз шалдайып отуруп калды. Үйдөгүлөр бир кырсыктуу окуя болгонун баамдашты.

Ошондо ак чач эне айтты:

– Окумалым эмне томсоруп отуруп калдың, жакшы кабарбы же суук белгиби?

Боз үйдүн ичи тынчтыкка бөлөнөт. Окумалдын өңү өзгөрүлүп куп-куу боло түштү.

– Кырсык иш Төрөкочкор уулубуз дүйнөдөн өтүптүр.

Үйдүн ичи чуру-чуу болуп ый-өкүрүккө толуп кетти. Ыйлап, муңканган үндөр, түндү жарып айланага угулат. «Эмне болду»– деп эки жактан элдер келе баштады. Молдо ондонуп отура, лампанын жарыгына катты бетине кармап окууга

өттү.

– Кайран агабыз кайрылбай кеткен экен.

– Жаш эмес беле күлгүн чагында кете бербедиби арман күн ай!

– Басаар жолу кыскарган тура, аман болсо элди жолго сала турган жигит эле.

– Ал жок Кокондуктар колоктоп бизге кордук көрсөтөт го.

– Кайран азамат кыраан эмес беле.

Айрыкча эненин, келиндердин, кыздардын ыйы такыр бүтпөй койду.

Ак чач эне эси ооп жатып калды, аны Белектин аркы боз үйүнө алпарып бетине суу чачып эстерине келтиришти. Кыз-кыркын келиндер ошол жакта болуп, боорсок жасап, куран окутканга камылга көрүп жатышты.

Үй ичинде үшкүргөн үндөр чыгып, адамды жоктоо арманы байкалып жатты. Ошондо ак сакыл белине жеткен чымыр карыя айтты:

– Балдарым, кайрат кылгыла жазмыштын жолу ушундай тура, Төрөкочкор балама ушунча эле өмүр берген экен. Анын ичеер суусу түгөнүптүр Алла таала жаратканымын буйругу ушундай тура. Белек, Бооке, Кыдык, Итбай балдарым силерге кайрат айтамын. Өлгөн кишинин артынан эч убакта киши өлгөн эмес. Андан көрө кайрат жыйнап, өзүңөргө күч топтогула! Мындай кезде кечке эле ыйлап отурганда болбойт. Эми мындан ары эмне кылабыз ошонун жолун тактап аныкташ керек,– деп карыя кеңеш сөзүн аяк-

тады.

– Анын ден соолугу чың эмес беле бир кырсык болгон го.

Жанагы карыя сөз улады:

– Сөөктү алып келе алабызбы.

– Аны койгон тура катта жазылып турбайбы.

– Анан эмне кылат ак жайдын күнү сөөк бат эле бузулуп кеткен жатпайбы. Анын үстүнө же жакын жер болбосо. Бөтөн эл, бөтөн жер деген кеп бар эмеспи. Ал жак бул көлдүн айланасы эмес да. Жок эле дегенде Нарын же Чүйдөй жакын болсочу.

Бирөө кайгылуу онтоп жиберди:

– Жаркынымын сөөгү өз жерине коюулбай ушинтип алыс жерде калган тура.

– Эмне кылабыз айла жок тагдырдын буйругу да.

– Илгери алыс жактан согушта өлгөн улуу баатырларды туулган жерине коюуш үчүн этин алып салып сөөгүн ташып өз жерине коюушчу экен ошондой кылсак эмне болот.

– Болбойт болоор иш болду, андан көрө туулган жердин топурагын берип жиберели мүрзөсүнө сееп койсун.

– Жерге коюулган экен коюулбаса анын жөнү башка эле, анын үстүнө жиберген киши кантип бат жетет такыр иш болбой калбадыбы.

– Эми аякка барыш үчүн кайраттуу, иш билги жигит, арыбас учкул канаты бар буудан керек болуп жатат. Жол өтө алыс, аяк Нарын же Чүй эмес.

– Кимди тандайбыз.

– Жакшылап ойлонолу.

–Жигиттерден ким барат.

Баардыгы унчукпай тунжурап калышты.

–Анда эмесе кимди тандайлы, эрте күндү кеч кылган болбойт. Убакыт өтүп жатат.

– Ар бир нерсени билген атка жеңил тайга чак, Акүчү баатыр барсын.

– Чырым этип уйку албас Акүчү баатырыбыз бар эмеспи.

– Денеси тарамыш кармаганын кайыштырган Акүчү баатырыбыз бар.

– Ошол жарайт.

– Эми анын минген жылкысын тандашыбыс керек, мингени начар болсо кайндай баатыр болсо да алдырып жиберет.

– Торкашка жаныбар таштуу жолдо чарчабас.

– Жок ал айсыз түндө алдырып жиберет.

– Ак байпак.

– Жок ал таштуу жолдо бат эле чарчап калат.

– Кара сүлүк.

– Ал шамалдан жалтанчаак көзүнөн жаш агып, чуркай албай калат. Анын үстүнө эти качып карып да калды.

– Касиеттүү Кара күлүк кандай?

– Ал катуу ысыкка чыдай албайт.

–Карбоз жаныбар бар эмеспи.

– Ал асманда уча албайт. Эки капталында канаты жок.

Отургандар күлүк таба албай тунжурап калышты. Бир карыя айтты:

– Анда эмесе Желжетпести тандайлы. Аны эч бир буудан кууп жете албайт. Анткени анын эки капталында канаты бар. Душман жакындаганда канатын жайып учуп карматпай кетет. Минип жүргөн ээсин алыстан тандайт. Ал кишисинен башкага келбейт. Жарыктык Желжетпес күлүк чөл жылкысы менен көл жылкысынын ортосунан жалгашкан. Аны караңгы түндө келип кайып чабандес ата таптап жүргөн жайы бар экен. Айлуу түндө Кайып Ата келип касиеттү жаныбардын жал куйругун сылап эркелетип кеткенин көп эле адамдар көрүптүр. Жарыктыктын эки капталында эки канаты жайып, эки үч кишини көтөрүп учуп кетет. Бугу элинин талайына бүткөн башкача тулпар. Ал жарыктык буудан Манастын Тайторусунан кем эмес.

– Бугу эненин ырысына жаралган алты ай минсе арыбас, он ай минсе чарчабас канаты бар жаныбар.

– Алыс сапарга Желжетпес гана жарайт.

Ошондо жанагы ак сакалчан карыя:

– Балдарым туура масилет курдуңар. Кыйынчылыкта алыс сапар жолго Акүчү баатыр жарайт аны эр жигиттин пири Шаймерден колдосун эми ал минүүчү тулпар касиеттү Желжетпес күлүк аны жылкынын пири Камбар ата колдосун. Айланайын эл журт Мүйүздүү эненин тукуму акылдуу уулубуз алыс жакта Төрөкочкор каза болуптур аны баласы менен алып келишибиз абзел. Биз эми Акүчү баатырдын аман-эсен барып келишин чын дитибизден каалайбыз ата бабанын арбагы колдоп эсен-соо барып келсин баарыңар батаңарды

бергиле кана эмесе Оомийин!

Баары жабыла бата беришти. Кээ бирлери атадан калган туякты алып келгенге кубанса, көпчүлүгү баатырдын каза болгонун эстеп көзүнөн жаш төгүп ыйлап жатты. Көлдүн чыгыш жагындагы Мүйүздүү эненин тукумунда ушундай окуя жүрүп жатты. Көптөрү ичинен «Мүйүздүү эненин арбагы колдоп ишибиз алга жылса экен» деп жатты.

Акүчү баатыр касиеттүү Желжетпес күлүктү минип түштүккө карай «чу» койду. Касиеттүү күлүк көптөн бери жолго чыкпай буулугуп калган экен жаныбар булуттуу көктүн алдында, муңдуу чөптүн үстүндө жаадай сызып учуп кетип баратты. Аны көргөн элдер айтты:

– Бул касиеттүү бугу уруусунун күлүгү Желдетпес.

– Алар ушул күлүгү менен сыймыктанат.

– Жаныбардын учуп баратканын карагылачы. Жоон санында касиеттүү бугу уруусунун белгиси жүрөт.

– Бул бугу уруусунун ай тамга белгиси.

– Муну минип бараткан кайсы чабандес.

– Ары чабандес, ары атка жеңил, тайга чак, кыргыз баатыры Акүчү.

– Анын денеси чылгый тарамыш көп күрөшкө түшүп жеңип чыккан.

– Ат минип найза алып чыкса эч кимге алдырбайт. Жоого каршы кыйкырганда анын сүрдүү дабышынан жанында эч ким тура албайт.

– Баатырдын жолу болсун!

– Баатырды ата бабасынын арбагы колдосун!

– Аны Бугу ънесинин арбагы колдосун!

Желжетпес жаныбар абада учуп баратат. Аны менен жарышкан куштар ободо аргымак менен катар баратат. Кээде куштар ашып кетсе, кееде жаныбар алдыга озот.

«Самаган жериме ылдам жетейин»– деп Акүчү баатыр камчыланат. Артта созулуп жылжып аккан дарыялар, мейкин талаалар, аскалуу бийик-бийик тоолор, ысып кайнаган чөлдөр, багы бар карарып дүмпүйгөн айылдар калып жатты. Чарчабас бугу элинин ай тамгасы бар жаныбар алдыга кетип жатты, кетип жатты.

Касиеттүү күлүк Желжетпес,
Катуу чуркап алганда,
Жел жетеер бирок ат жетпес,
Бул турмушта чоң атак,
Бугунун аты Желжетпес.

Тарамыштай Акүчү баатырдын канча күн, канча түн жол жүргөнү белгисиз. Ал бат эле Коконд калаасына жетип келди. Чоң калаага көп жакындабай, атты суук көздөрдөн көргөзбөс үчүн чер токойлуу суунун жээгине келип конду. Акылдуу жаныбарды эч кимге көрсөтпөй бош койду. Жаныбар ошону билип чер токойдун арасында курсагын тойгузуп, бир кишиге көрүнбөй эс алып жатты. Акүчү үн салса гана келет, же болбосо бир жанга да көрүнбөйт. Душманга көрүнбөй бат эле көздөн кайым болуп жоголот. Акүчү Кокондук сарт болуп, үсүтүнө сары ала чепкен, бутуна маа-

сы, башына ала топу кийип колуна таяк кармап жалгыз аяк жол менен кетип баратты. Аны көргөн кишилер өз жанын эптеп багып жүргөн бир пенде дубана го деп ойлоду. Ал көчөдөн көчө аралап жүрүп хан ордосун таап жана үч бөлмөлүү Төрөкочкордун үйүнө келип Токтоайым менен ыйлап жолугушту. Акүчү болгон окуяны угуп, жалгыз аяк жолду өрдөп Төрөкочкордун мүрзөсүнө келип эчкирип үн чыгарып ыйлап отурду.

– Кагылайын курдашым, ушинтип чет жерге келип жок болмок белең.

Үн жок бир гана айланада улуу тынчтык жашап турат. Акүчү мүрзөнү карап тууганын таппай томсоруп, ойго батып отурат. Ушул кезде күндү булут каптады. Ушул кезде Акүчү Төрөкочкордун айлындагы өткөн өмүрүн эстеп турду. Арманга батып экөө өткөргөн балалыкты эстеп турду. Экөө козу, улак кайтарган күндү эстеп турду. Арманга батып баарын эстеп турду…

Ушул кезде чөл тараптан сапарлап ысык жел согот. Арыраакта кара жыгач дарагы өсүп, анда бир куш конуп назик сайрап турат. «Асыл курдашым, жаткан жериң жайлуу топурагың торко болуп, чын дүйнөдө бейишке чык». Акүчү үйүлгөн боз топуракты ойлуу карап турат. Ал ары барып чоң ташты көтөрүп келип, эстелик катары орнотуп, куржунундагы топуракты мүрзөгө себе баштады. Ал мүрзөгө чоң таштардан беш –алтыны катары менен тизип: -«Менин эстелигим ушул болсун, көл тараптан келген туугандарың жа-

ткан жериңи таппай калбасын». Анан эле арыдан ырчы торгой сайрап, Акүчү ага көңүл буруп жатты. Ал көл кылаасында Төрөкочкор менен козу-улак кайтарганда үн салган торгой үнүн эстеди. Куш бирде алыстан, бирде жакындан, бирде бийиктикке көтөрүлүп, назик сонун үнүн айланага төгүп жатты. Ал ойлонду « Жолдошумун жаткан жер менен акыркы ирет коштошуп жатамбы», эчкирип токтобой ыйлап жиберди. Куштун үнү бирде алыстан, бирде жакындан кайрат айтып төгүлө баштады. « Сенин азыр бул жерде тура турган учуруң эмес, бешиктеги баланы анын энесин туулган жерге аман алып кетишиң керек». Ал Төрөкочкордун элесин көз алдына келтирип узакка ойго батты. Ойлоп жатып, ачуу тагдырга капа болду. «Ушундай болот экен ээ. Ушундай болот деп ким ойлоптур». Жанагы назик куштун үнү улам-улам алыстап бара жатты. Акүчү да бул жерден бир аздан кийин алыстаарын сезип турду. Ал өткөн өмүрдү эстеп, анан эчкирип ыйлай баштады. Анан туруп басууга аракет кылды. Ушул кезде асманды булут каптап, түнөрүп турду. Ыйык жердешинин жаткан жайы менен коштошуп, калаага карай адымдоого камынды. Ошондо жанагы ыйык куш өзүнүн жердеши болуп үн чыгарды:

– Кош бол досум мен кетейин.

– Кетсең жакшы бар, тагдыр экен ушундай болду.

– Эмне кылабыз жазмыштын жолу ушундай тура.

– Мени унутпай эстей жүрсөң. Себеби улама тарых өткөндөн башталат эмеспи. Адамдардын көбү жакындарын, жан

жолдошторунун элесин бат эле унутуп салышат.

– Сени кантип унутабыз, биз сени ар дайыма эскерип жүрөбүз, жана дагы арман менен эскере беребиз.

– Анда эмесе жакшы бар калкың менен жакшы өмүр өткөрө бер. Тагдыр мага жалган дүйнөдөн ушунча эле өмүр берген тура.

– Өзүң да тиги чын дүйнөдө бейишке чык, асыл досум. Бизден кемчилик кетсе кечирип кой. Сен барган жерге эртедир-кечтир биз да барабыз. Ага чейин жалган дүйнөдө жашообузду өткөрүп туралы.

Акүчүнүн денеси салмактанып, араң эле басып баратты. Ал бир топ жерге барып, анан артын бурулуп карады. Ал сөзсүз артын карайт болчу. Кантип карабай коёт эле карайт болчу. Себеби артында ыйык досу, жердешинин жаткан жери, элеси калып жатпайбы. Ошол артында ушул жердеши менен өткөргөн өмүрү калып жатпайбы. Анан кантип карабай коёт эле. Сөзсүз карайт болчу. Жанагы куш дале токтобой сайрап жаткан экен. Жердешинин мүрзөсүнүн жанынан куштун назик үнү Акүчүнү узатып жатты. Ал куштун үнү эмес эле кайрат айтып, жердеши узатып жаткандай болгон. Бул белги болсо, адамдар өлгөн менен тирүүлөр үчүн дагы эле жашоо бар, дагы эле өмүр бар деген жышаана болчу. Тирүү адамдар оорчулукка багынбай жашооңорду уланта бергиле деген белги болчу. Ошондой болчу.

Хамиракун Токтоайымды нике кыйдырганга мажбур кылып жаткан экен. Анын чукул келип калганы өтө жакшы бол-

ду. Ошонун эртеси күүгүм талаш Токтоайымды жана кичинекей баланы куржунга салып качмай болду. Токтоайым эне Хамиракундун эмне кылганын баарын айтып берген. Ал ошол кишиден да өч алмай болду. Ошол кезде ордодо тынчтык жок болуп жаткан. Так талашып адамдар эки жаат болуп согушуп, пенделер саат сайын бири экинчисин өлтүрүп жаткан эле. Бул жагы да жакшы болду. Алтын казык жылдызы эчак чыгып, айланада караңгы айсыз түн. Жашоо өтө кооптуу. Канкор адамдар бийлик үчүн бири-бирине карабай адамдарды өлтүрүп жатты.

Батыштан мелүүн жел акырындап согуп турат. Кайсы бир жерде дарактын башынан жапан куш үн салып муңканат. Бул үн адамдардын жүрөгүн сезтендирет. Ушул кезде түн жамынып, бирөө келатты. Ал кадамын өтө аярлап басат. Мындай кооптуу түндө адамдардын басышы да коркунучтуу. Ал келаткан Акүчү баатыр болчу. Ал Хамиракундун эшигинин алдына келип дарбазаны аяр какты. Ит ажылдап келип үрдү. Дарбазадан эркек чыгып ал колдураган үнү менен:

– Ким бул караңгы түндө келген? Сага ким керек?

– Хамиракун акенин үйүбү?

– Ооба ошол кишинин үйү.

– Сизди тетиги жерде Токтоайым чакырып жатат.

Бул сөздү угуп көңүлдөнүп жаткан экен деп эркек жым этип кубанып кетти.

Акүчү кетүүгө камынды.

– Ой, коё тур мени ага жолуктуруп койгун.

Токтоайым экөө кыла турган ишти небак эле сүйлөшүп алган.

– Жүрүңүз мен сизди жолуктуруп коём. Анан кетейин.

Экөө ээрчишип отуруп Токтоайымга келди.

Аял эрекке салам берди. Хамиракун алик алды. Ал Токтоайымдын колун кубана катуу кысты.

– Жүрүңүз салкын түндө кичине басып келели.

Экөө ээрчишип, чоң терең кудукка карай басты. Алардын артынан билинбей Акүчү келатты. Ушул кезде Токтоайым кудуктун жанындагы таш үстүнө отура кетти. Ошол кезде эптүүлүк менен Акүчү баатыр Хамиракунду бөйрөк тушка уруп калды. Канкор үн чыгарбай жерге кулап, Акүчү дагы жүрөк тушка канжар урду. Анын бир пастан кийин үнү чыкпай калды. Ал жарык дүнө менен кош айтышты окшойт. Денени терең кургап калган эски кудукка таштап үстүнө топурак чачып, калың кылып чөптөн үйүп салышты. Эч нерсе байкалбай калгандай болду. Акүчү эртеси токойго кетти. Алар түз эле качса, бир нерсени шектенип калышмак. Эки күндөн кийин туугандары Хамиракунду издеп жүрүштү эч жерден табылбады. Аны издеп Токтоайымдын үйүнө да келди. Күйөөсү өлгөн алсыз аялдын үйүнөн эмне табылмак. Ошондон бир жума өткөндөн кийин энени ээрчитип, баланы азыгын алып, Желжетпес турган токойго келишти. Акүчү «Желжетпес» деп үн салды эле жаныбар кайдадыр калың чөптүн арасынан үн салып чыга келди. Бекем каткан чөптүн арасынан ээрди алып чыгып токуп, алдына өзү минип,

Токтоайымды учкаштырып, баланы куржунга салып, аргымактын оозун коё беришти. Аргымак кубанычтуу үн салып, айлуу түнү Теңир Тоого карай учуп жөнөдү. Кетеерде бала ыйлады.

Акүчү айтты:

– Атасы өлгөн жер менен армандуу коштошуп жатат, ал сөзсүз ыйлайт болчу- деди.

Желжетпес шамал менен жарышып кетип баратат. Кокон шаары итапкан эле артта калды.

Акүчү ойлонду «Асман менен учпай жер менен бастырайын канаттуу жаныбар бат эле чарчап калат»,– деди. Таштак жолдо ат келатат. Бала куржунда келатат. Баары келатат. Бир гана арман Төрөкочкор баатыр келбей артта калды. Ошондо чөлдөгү топ бөрүлөр атты кууду. Күлүк бир заматта канатын жайып асманга учуп кетти. Учуп жүрүп отурду Токтоайым эне:

– Буудан чарчап калат андан көрө жер менен бастыралы алар жол арытып, сапар картып келатты. Кайдан-жайдан белгисиз топ кабыландар пайда болду, алар тиштерин арсайтып күлүктү кууп калды жаныбар бат эле канатын жайып учуп кетти эле кабыландар артта ал эми карга, кузгундар аргымак менен тең жарышып келатты. Канаттуулар чарчашты окшойт уча албай артта калды.

– Курган карга, кузгундар биздин артыбызда калды алар бизге жетмек кайда;– деп зоңк зоңк этип күлүп койду,– Акүчү.

Аргымак энени жана баланы алып закымдап кетип баратты. Мезгил да токтобой өтүп жатты. Эртеси агарып таң атат анан күн өйдө көтөрүлүп түшкү маап келет, анан күн тоолордун же түздүктөрдүн ары батып коңгуроо кагылып кеч келип, кайрадан көз ачып жумганча жымыңдап ай тоодон чыгып түн келет. Ушинтип эле бири өтсө бири келе берет. Ушинтип эле адамдар да жаныбарлар да карый берет. Ушинтип эле бөбөктөр төрөлүп, адамдар улгайып, пенделерди муңга салып карыялар тиги дүнөгө жол кетет. Ушинтип эле жер күндү айланып, ушинтип эле күндөр өтө берет, өмүр токтобой өтө берет.

Жолочулар жер менен кошо айланып сапарын улантып жолдо келатат. Аларды көргөн адамдар айтты:

– Касиеттүү Мүйүздүү эненин тукумдары бараар жерине жетип кайра келатыптыр.

– Куржунда эркек баланын башы чыгып, ыйлаган үнү угулат. Бул бугу уруусунун тукумун улайт. Өмүрү узун болсун.

– Бугу уруусунун талыбас аргымагы Желжетпес абада учуп баратат. Бул талыбас аргымак бул уруунун атагын чыгарат.

– Аргымак үстүндө Акүчү баатыр жана эне сапарлап баратат.

– Булардын сапары байсалдуу болуп, каалаганы аткарылсын.

– Жараткан Теңирим адамдарга бейкуттук жана тынчтык арнасын.

Аргамак аркайган тоолордун үстүнөн арыбай канатын кагып учуп өтүп,

талааалардан, түздүктөрдөн чарчабай кайкып өтүп, баратты аларды тоонун кыраан бүркүттөрү узатып жатты. Ал эми кыраан шумкарлар, куштун пири буудайык коштоп жүрүп отурду. Алардын баары сапар бараткан жолочулардын колдоочусу болгон. Ошол жердеги торгой көкө көтөрүлүп жолочуларды карап сайраса, бак башына конуп күкүк күкүктөп салтанаттуу ырын төгүп жатты. Ушундай күүнүн, ушундай салтанаттын аркасында биздин жолочуларыбыз өзүнүн атаконушуна бат эле жете келди.

***

Берeги көлдүн чыгышындагы бугу уруусунун адамдары «биздин жолочуларды качан келет» деп чыдамсыздык менен күтүп жатты. Ак элечекчен энелер, ак калпакчан аталар, абалар, апалар биздин жолочуларыбыздын жолун карап күтүп жатышты. Чабандес Акүчү атты элге жеткирбей токтотуп, баланы колуна алып, Токтоайым эне башына кара жоолук салынып, токтобой армanданып ыйлап, көзүнөн буурчак-буурчак жаш төгүлүп, сыздап кошок кошуп келатты. Башында муңун арманын кошок менен айтып жатты.

Акүчү баатыр баланы койнуна катып «тууганыман айрылдым» деп, ыйлап, боздоп келатты. Алардын ыйын угуп, Акүчүнүн чепкенинин ичиндеги бала дагы бар-бар этип «атакелеп» ыйлап боздоп, армандуу өлгөн атасын жоктоп келаткандай болду. Кыскасы баары ыйлап, баары боздоп ар-

манданып жакын кишисин жоготуп кайгылуу келатканын жарыя кылды. Ошондой кылды. Эмчек эмген бала «бар-бар» этип ыйлап көпкө басылбай сыздап турду. Аны сооротсо да ыйык энелер эмчегин берсе да эмчек эмбей басылбай боздоп жатты. Анын үнүн угуп, жер үстүндө муңдуу чөп ыйлап, кайын ыйлап, тал ыйлап,карган жандын баары ыйлап жаткандай болду. Аны атасын жоктоп ыйлап жатат» деп карыялар, энелер айтты. Бала качан чарчап бүткөндө ыйын токтотуп тынч уйкуга көшүлдү.

Ак элечекчен энелер, ак калпакчан аталар качкындарды ыйлап боздоп тосуп алышты.

Ошол кезде күн ачык эле туруп жаан себелеп токтобой жаап жатты. Булардын ыйын көрүп жаратылыш эне да ыйлап, муңканып жаткандай болду. Ошол ошол болду. Төрөкочкор ата басып өткөн, балалыгын өткөргөн Каркыра жайлоосунан, көлдү тескей-күңгөй тоолорунан сууктун илеби келип, муздак жел денени үшүтүп муңдантып турду.

Ак элечекчен эне баланы бетинен сүйүп, аны кийинки байбичеге берди, ал дагы баланы өпкүлөп ал кийинкисине берет. Ошол кезде бала бир эненин колуна барды, баркырап ыйлап, катуу булкунуп ыргып кете таштады. Эне чочуп:

– Апей, көтөк, татай бул кандай бала эле жөн бала болбойт го,– деп кудайга жалынды.

Бала энелерди аралап жүрүп отуруп, карыя баланын бетинен өөп, аны кайра энеге берип сөз алды:

– Айланайын журт, Мүйүздүү бугу эненин тукум өлгөн

жок Төрөкочкор өлгөн жок андан уланып тукум калды. Баатыр өлсө да анын жолун улаар баатыр калды. Бала сапар жолдо куржунга салынып өз жерине аман-эсен келди. Уулубуздун атын Төрөкочкор айткандай Сейит коёлу.

– Сейит болсун!

– Сейит!

– Сейит!

– Алыс жактан аман-эсен куржунда келди, эркелеткен атын Куржун болсун , -деп да чакыралы.

– Мейли эркелеткен аты Куржун болсун ,-деп чакыралы.

– Куржун!

– Куржун!

– Куржун!

Ошентип берекелүү карыя небересинин атын эл алдында койгон экен.

Андан башкача болбоду. Куржун атанын: Бешенбай, Ырыс, Торгой, Чолпоке, Султангазы, Түлөсүн деген алты баласы болуп, андан башка ай чырайлуу күн десе күндөй, ай десе айдай үч кыздуу болуп, алардан тукум уланып кете берди. Бул баян биздин ата-бабаларыбыздын уламасы экен. Ага жомок да чындык да аралашып жана санжыранын өзү ошондой болот экен. Ошол иш ошол болду. Андан башкача болгон жок. Бирок а дей электе эле жомок-санжырабыз бат эле бүтүп калып жатпайбы. Анда айла жок Алла Тааланын жардамын күтүп, башка жомок санжырага өтөлү

**КУРЖУН**

Куржун деген атанын,
Айта кетем атагын.
Куржунга салып ташылган,
Кужулдагы чуу жарган.

Ошентип Жамангул баатыр көчкүнүн алдында калып каза болду. Ал беш балалуу болду. Белек, Итбай, Төрөкочкор, Кыдык жана Бооке беш эркек андан башка атанын койможуган кара көз арасы эки жаштан төрөлгөн ай десе айдай, күн десе күндөй үч кызы бар эмес беле.

Бир кезде Коконд хандыгы бүтүндөй көлдү, Нарынды каратып, зекет садага алып кыргыздарды эзип жиберди. Хан ордого деп, канча сулуу кыздарыбыз жашын төгүп ыйлап кетип жатты. Ошол эзүүчүлөргө каршы ар кандай наарazычылыктар жарала берди. Кыргыздар да башка элге оңой менен багынбаган эл эмеспи. Хандыктын камчы чабарлары колу жетип тындырбай зекет жыйноого аракет кылат. Бугу уруусунун билермандары зекет төлөбөйбүз деген сөздөрдү айтып жатты.

– Андай болбойт барымтага киши бергиле аны ордого кармап турабыз, зекет чогултуп келип анан адамдарыңарды ала бергиле.

– Барымтага киши бере албайбыз, барымтага берген кишибиз Төрөкочкор кана таап бергиле,– деп кокондук сарбаздарга каршы чыгып жатты.

Алар бугуларга көп каршылык кыла албай калды.

Мезгил өтүп бала кичне чоңоюп калды. Ай десе айга келбей, буй десе буйга келбей билинбей убакыт өтүп жатты. Бапа дагы Белек, Бооке баардыгы аңчылыкка кызыгып, куш салышчу. Алардын үйүнүн жанындагы туурда сөзсүз куш байланып турчу. Талаа, суунун жээгинде илбеесинден көп неме жок аларды куш салып кармаса эң сонун. Бир четинен көңүлүн ачат, бир четинен жей турган тамагың даяр. Төрөкочкордун боз кушун Белек кээде салат, көпчүлүгү байланып туурда отурат. Токтоайым эне аны ачка кылбай багып турат. Кушту бош койсо деле эч жакка кетчү эмес. Учуп а түгүл азык кармап жеп, анан бир кезде тууруна конуп отурчу. Копчүлүгү ал Куржундун бешигин аягына барып конуп отурчу. Үйдөгүлөр буга көнүп калган, куш кайда отурат, аны менен эч иштери болгон эмес.

Жай айы сонун болуп жаадырап тийип турат. Эне чаканы кармап аркы жактан суу алганы кеткен. Ошол кезде боз үйгө бир кара чаар жылан жакындай берди, бала болсо бешикте уктап жаткан. Ал боз үйдүн эшигине улам жакындады. Үйгө кирсе эмне болот бешикте магдырап уктап жаткан баланы чагып албайбы. Уулу кара чаар жылан экен. Жыланды көрүп куш дагы чаркырап тынымсыз үн берип жатты. Эне жыландын боз үйгө жакындап калганын сезип, чакасын таштап кыйкырып чуркап келе жатты. Эмне окуя болуп кетер экен. Ошол кезде баланын бешигин аягындагы конуп отурган куш жыланга атырылып качырып кирди. Жылан соймоң-

доп кушту чагып алганга аракет кылды. Куш ага жакындабай айланып качып турду, эми куш менен жылан кармашка өтчүдөй болду. Оңтоюу келе калды окшойт, куш жыланды куйруктан тиштеп, асманга көтөрүлуп учууга аракет кылды. Жылан абада салпактап, ары-бери кыймылдап кетип баратты. Кайда кеткени белгисиз. Эне бул көрүнүштү баарын өз көзү менен көрүп туруп таң калып, кичне эс алып:

– Ой, жаратканым, асылымы жылан чагып ала таштады эле атасынын кушу аман алып калбадыбы,– калтыраганын токтото албай кудайга жана кушка жалынып жатты.

Коңшулар бат эле жетип келип болгон окуяны көрүштү.

Ошол күнү куш кечиреек келди кайда барганы белгисиз. Келип ал баланын бешигинин аягына конду. Белек бул окуяны угуп, үйгө келип колуна кушту кондуруп, анан тумшугунан өөп койду:

– Жарыктык акылман куш баланы жыландан куткарды, бул куштун пири буудайык болуш керек, акылдуу ыйык жаныбарым,– деп жонунан сылап койду.

Ошол күнү бир кой союп, Төрөкочкор атага куран окутушту.

Элдин баары бул баланын колдоочусу Боз шумкарбы, – деп ойлошту.

Эне кудайга жалынып:

– Айланайын боз шумкар баламын колдоочусу боло көр сенден балага бир жакшылык нерсе сезилип турат,– деп кудайга улам-улам жалына берди.

Жай айы болчу. Эл жайлоого көчүп өздөрү каалаган жерине отурукташып, бээ саап кенелеп калган учур эле. Токтоайым эне бир аял менен бээ сааганы кеткен эле, ошол кезде кошуна кыз эне турган үйдөн илегенге очогун тутанткана очоктон күйгөн тезектен алып кетет. Ал кетип баратып, күйгөн тезекти чийдин түбүнө түшүрүп салып кете берет. Чий күйүп бара-бара боз үйдүн бир капталы күйө баштайт. Ошол кезде Боз куш ай асманга атып чыгып кайра келип чаркырап үн чыгарып айлана баштайт. Эненин жүрөгү бир жаманчылыкты сезип, «Куш мындай кылбайт эле» деп боз үйгө карай чуркайт. Чуркап келатса, көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, боз үйдүн кыз түшүрүп кеткен тезектен чий менен керегe жалбырттап күйө баштаптыр. Эне кыйкыра өкүрүп келип, чакадагы сууну от күйгөн жерге жаба төктү ага дагы боло турган эмес, ошондо эне жерге салган көлдөлөңдү ала калып, өрттү басып өчүрүп салды. Жалын бетин, чачын аймалап кетип маңдайкы чачы күйүп калды. Бирок алышып жатып өрттү өчүрдү. Бешикти ачып караса, эч нерсени билей Куржун уктап жаткан экен. Курган эненин араң дегенде жүрөгү оордуна келди. Катуу улутунуп, өзүн эң жаман сезип жатты. Кушту карады, канаттуу туурунда конуп тынч отурат, чаркырап жатып чарчап калган окшойт.

Эне кушту канатынан сылап:

– Жарыктыгым, сен болбосоң эмне окуя болот эле баламын коргоочусу, акылманым,– деп кушту куйругунан сылады. Куш эненин кыймылын жактырган жок окшойт, ал бе-

шиктин аягына конуп алып тынчтанып калды. Аңгыча боз үйдүн ичине адамдар толуп кетип өрттөнгөн боз үйдүн керегесин, чийин карап жатты:

– Жарыктык куш бул сенин балаңын коргоочусу экен.

– Касиеттүү куш баланы сактап калды.

– Өрт бешикти каптап кетсе эмне болот эле.

– Атасынын кушу, атасынын арбагы наристени сактап калды.

– Куш болбосо, баланын тагдыры эмне болмок.

– Жаратканым жакшылыгыңды бере көр.

– Бир гана жараткан Теңирим ыйык.

Эртеси эне тогуз токоч бабеедин жасап, кудайдан жардам тиледи. Бапа ата ак боз бээни сойдуруп Төрөкочкор атага дагы куран окутту.

Мезгил өтүп бала чоңоё берди.

Күндөрдүн биринде аксакал карыялар Токтоайымдын үйүнө кирип келишти. Эмне үчүн келгенин эне айтпай эле билип турду. Ошондо эң кары ак сакалчан карыя айтты:

– Айланайын Токтоайым балам, сөөгүң сарбагыш уруусунан болгон менен кан-жаның бугулук биздики болуп калды, тагдырдын буйругу ошол экен Төрөкочкор уулубуз бизди таштап жол кетти. Жазуу буйрук ушул экен. Жеке сен эле эмес биздин ичибизден да кан өтүп ушул кезге чейин өзүбүздү токтото албай жегенибиз желим, ичкенибиз ирим болуп турат. Өлгөн өлөт экен, өлбөгөн калат экен эмне кылабыз. Ата бабабыздын салты ушул. Күйөөсү өлгөн аялды бирөөгө баш

байлап коюу парз. Ал үйгө бирөө ээ болуп, ургаачы ошону менен бир жашаш керек тура. Бул күйгөн очок ээн калбасын дегени экен. Анын балдары атасы жок жетим калбаш керек окшойт. Ал ата-бабанын салты экен. Ошол үчүн сени Кыдыкка баш байлайлы,-деп чечтик.

Эне бул сөздү угуп бышактап ыйлап жиберди. Дагы бир карыя:

– Кой, Токтоайым балам, эстүү адамсың, эстүү адам өзүн токтоо кармаш керек.

– Ал менден жаш го

– Эч нерсе эмес, жаш болсо жетилет жашоону көрөт. Сенин үйүңдөн эркек танаа кирип -чыгып турсун. Балам сен дагы бирөөгө жармашып түтүн булатып, эл-журтуң менен бол!

Ошентип молдо нике кыйып, ак боз бээ союулуп эл бата берди.

Мезгил өтүп, куржун эс тартып, кайрат күчкө чыңалып чыкты. Ал жаш чагынан эле мекенчил элин сүйгөн пенде болуп чоңоюуп келе жатты. Канча кылса да акылман баатырлардын тукумунан эмеспи аларды тартпай койбойт экен. Ал атасы Төрөкочкорду эстегенде арманы башынан ашып түшүп эмне кылаарын билбей калчу. Ошол үчүн бала кезинен эле балдар менен күрөшкө түшүп, айрыкча жаа тартып, аны түз атканга аябай үйрөндү. Өзү жааны эң сонун кылып жасап алчу. Ал асманда учуп бараткан канаттууну түз атканга аябай үйрөндү. Бул үчүн ага көп эмгек талап кылынды.

Далай жолу аракеттенип машыкты, акыры жааны көздөгөн жерине атып калды. Буга ал аябай сүйүндү. Бала бой жетип, баатыр чалыш болуп чыга келди. Эл аны Төрөкочкорго окшош, ошонун эле кичирейтип койгон түрү деп айтышчу. Ошол үчүн аны энеси Токтоайым дайыма үйрүлүп ага көз салып аман-эсен болушун каалаган.

Андан бери кыргыз жерине эчен жолу кыш келип, эчен жолу жаз кетти. Убакыт биринин артынан бирин куушуп өтүп жатты. Далай жолу ак кар басып кыш келип, эчен ирет жаз келип, жер түрлөнө көркү чыгып жатты. Жаштар чоңоюп бой тартып, карылар аларга орун бошотуп берип жатты. Жашоонун заң закону ошондой болуп, анан адам пендеси эмне кылмак.

Кокон хандыгынын эзүүчүлөрү дале бугу уруусунан алык-салык зекеттерди жыйып алып кетип жатты. Баягыдай эле хан ордосуна кыздарды алып кете берди. Анын эсине төмөндөгүдөй бир окуя эстен кеткис болуп калыптыр. Анда баланын жетидеги чагы эле. Азыр мезгил өтүп жыйырмага чукулдап калбадыбы. Ошолордун айлына жакын жерде сару уруусунун боз үйлөрү бар эле. Алардын Кундуз деген кызы болгон. Кундуз кундуздай эле аябай сулуу экен. Куржун экөө ар дайыма жолугуп, сөз бекитип келечекте үйлөнөбүз деп,жакшылыкка бел байлап жүрүшкөн. Кырдач мурунy бетинин аппактыгы мойнунун узундугу, көзү бакыракай олоң чачын беш көкүл кылып өрүп, татынакай ак жүзү жаратлышынан жигиттердин эсинен кетпей өтө сулуу кыз болгон. Ошол

сулуу кыз да Куржунду жактырып, аппак жүз аарчыга гүлдүн жана жүрөктүн сүрөтүн жип менен сайма кылып, белек катары берген. Жигит аны аарчынып булгабай эле анда-санда ошол жүз аарчыны карап дайыма караса кыздын элесин көз алдына келе берчү. Анын атасы катуу оорудан өлүп, эки бир тууганы жана сүйүктүү энеси бар эле. Кокондон келген сарбаздар ошол кызды алып кетебиз дешти. Кыздын энеси буга такыр көңүлдөнбөдү «андан көрө мени өлтүрүп кеткиле» деди. Кыз да айтты: « Мен барбайм» деп болбой койду. Бирок Кокондук жигиттер кызды сордуктап арабага салды. «Мейли» деп кыз көңүлдөндү. Анан чоң шаркырап аккан сууга келгенде кыз арабадан түшө калып сууга денесин таштады. Эки сарбаз жигит артынан сууга кошо кирди. Катуу кирген суу үчөөн тең таштан-ташка уруп дайынсыз агызып кетти. Кийин кыздын денесин суунун ортосундагы аралчадан таап келип жайына беришти. Куржун атасын эстеп, андан кийин бул арман анын көңүлүндө түбөлүк каар болуп жашап калды. Ал Кокондук сарбаздардан кандайдыр бир жол менен өч алууга даярданып жүрдү. Анын эсинде кетпес кек, каар жашап калбадыбы. Бирок такыр билгизбеш керек билсе чыр чыгып, сепилден кишилер келип бүткүл айылды балакетке салат. Бой жетип калган жигит бул жагын да аныктап чыкты.

***

Ошентип мезгил өтүп, ак булуттар тоого көчүп жатты. Күн ысып желеге жакын жерде башын кыймылдатып, бее-

лер ылоолойт. Уйлар сайгактап, суугa карай качып, кара жаны менен алек болот. Чөпкө тойгон койлор жуушаш үчүн көлөкө жерге ык коёт. Тоолордун башындагы булуттар гана аскаларга байланып тургансыйт. Карыялар мындан ары күн ачык болот деп божомолдоп жатышты. Тоо чабалакейлери тынымсыз саз өрдөй сызып абада баратып чымын-чиркейлерди кармап жейт. Суу тарптагы көлмөдөн биз дагы барбыз деп каз-өрдөк каркылдай үн берип жатты. Түркүн-түстүү калдыркан көпөлөктөр гүлдөн гүлдү тандап, коoздук тарaтып учуп жүрүшөт.

Тоонун этегиндеги шар аккан суунун жээгинде бугу уруусунун баатыры Белектин үйлөрү. Аялдар бээ саап, май сызгырып, курут жаят. Балдар козу кайтарып, энелер кийиз бышырып, төшөк каптайт. Байбичелер ийик ийрип бошошпойт. Кыскасы ар бир киши өзүнүн иши менен алек. Ошол күндөрдүн биринде чептен боз үйлөргө ала топу, сары чапан кийген белине жоолук курчанган үч сарбыз келди. Жана дагы байланган канжарлары салпактап жүрөт. Белек баатырдын элинен салык алып кетмек болуп келишти. Белек баатыр:

– Салык бербейбиз силер биз үчүн эмне кылып жатасыңар. Жада калса тирек болуп, калмактардан да коргой албай жатасыңар,-десе, Ала топучандар: – Анда биз силерден күчкө салып барымтага ак үйгө адам алып кетебиз,-деп чыр чыгарды.

– Силер менен биз алыша албайбыз уулубуз Төрөкочкор

эмне болду,-деп аксакалдар кайрылат. Ошондон кийин Кокон хандыгына элдин жүрөгү сууп калган эле. Ал кезде кокон хандыгы бир-бирине каршы болуп өз айласын таппай жаткан учур болчу. Алардын негизги максаты элден салык жыйнап алуу болгон. Куржун атасынын куну үчүн үч сарбазды садага чаап жок кылгысы келди. Анын жүрөгүндө Кундуз сулуунун элеси уялап алган эле. Кыздын жаркын элеси жүрөгүндө түбөлүк кетпей калгандай болгон.

Салык жыйноочулар саруу уруусуна карай жол тарткан. Күн так төбөгө келип, мезгил чак түш болуп калган. Алар эч кимге көрүнбөгөн бадал чердин арасындагы булактын жээгине отуруп, тамак ичкенге киришип, баштыгынан нан, эт, жер жемиш алып чыгып тамактанууга отурушту. Куржун атасынын кунун кууш үчүн аларды аңдып келатат. Колунда учкул жаңы жасалган жаа, кылыч, канжар. Сарбаздар аттарын тушап, тамакта тоё ичип, уктап эс алганга кириштi. Куржун да ушул маалды күттү. Ушул кезде Куржун жаасын октоп, алардын ичиндеги эң чоңун меелеп атып калды. Ок тийгенде алиги адам чалкасынан кетип жыгылып калды. Экөө аны тегеректеп кармалап жатты. Куржун дагы мээлеп туруп, бирөөн атты ал дагы алы кетип сендиректеп барып жерге жыгылды. Үчүнчү сарт кылычын алып атты карай чуркады. Куржун дагы аны атты эле, ал ичин кармап жерге карай өбөктөп жыгылды. Куржун ага жетип барып, кылыч менен кежигеге тартып-тартып жиберди. Ал жерге жыгылып күм-жам болду. Берки экөөнө келсе, бирөө кыймылдап жа-

ткан экен. Аны кылыч менен моюнга чаап бир жолу тындым жасады. Ал отуруп демин ичине тартып эс алууга өттү. Бул окуя көз ачып жумганча болуп өттү.

Ал эс- учун жыя албай отуруп калды. Анан бир аздан кийин эсине келди. «Бул окуяны бирөө көрүп айтып коюушу мүмкүн»– деди да адамдардын сөөгүн бир жерге жашырыш керек экендигин түшүндү. Ал суунун жээгинен чуңкур жерди издеп, андай жерди тапты. Жаны жок денелерди ошол жерге сүйрөп келип чуңкур жерге жаткырып, жардын топурагын уратып көөмп салды. Сарбыздардын денелер өөр экен аны сүйрөгөндө чарчап калды. Атардын ээрин алып калың чердин арасындагы адам барбас жерге катты.

Жылкыларды адам барбас коктуга айдап барып салды. Куржун шашып- бушуп энесине болгон ишти айтып берди. Токтоайым калтаарып коркуп,-«Кокуй билип калса анык балакет болот,– деп болгон ишти Белекке баяндады. Белек жанына бир сырдаш досун ээрчитип, эки күрөктү алып, Куржун үчөө баягы суунун жеегине келе жатышты.

Үчөө суунун жээгине келип сарттардын денесин адам таппкыс чуңкурга көөмп, үстүнө ача алгыс кылып таш бастырып салды. Ал эми аттарды түн ичинде айдап келип союуп алышты. Булар калмактардан айдап келген жылкылар болчу дешти. Чүйдөн беш сарбыз келип, жок болгон береги үч адамды таба албай жүрүштү. Кайдан табылат. Кекенген бала атасынын кунун кууду.

Эми ошол окуя болгондон бери бар канча кылым өттү.

Бирок бабалардын санжырасы унутулбай айтыла берет. Бир гана аны унутулуп калбас үчүн кагазга түшүрүп коюуш керек. Ошол иш ошол болду. Мезгил болсо закымдап өтүп жатат. Бирок кагазга түшкөн санжыра эч убакта унутулбайт. Аны кийинки муун кагаздан окуп аны санжыра-жомок кылып айта берет.

## ТОРГОЙ БААТЫР

Берен Торгой атанын
Баатырдыгы дакталган
Аты болуп улама,
Артында өлбөс ыр калган.

Куржун атанын улуу баласы Торгой Жараткан Алаанын ырайымы менен беш уул, үч кыздуу болду. Алар Беккулу, Майназар, Бектемир, Муса жана Бекназар эле. Торгой кудайга жалынып «Ушул капсаландуу заманда элди эр жигиттер коргоп, журт жоонун колуна түшүп калып, кор болбосо экен»– деп келечекке өй жүгүртөт. Жер айланып, убакыт жылып, Торгой атанын беш баласы бат эле чоңоюуп, бой тарта келишти. Алар Чоң Нарын, Кичи Нарын, көл өрөөнүндө бир жерден экинчи жерге мал менен көчүп-конуп жүрүшкөн.

Жашы өтүп калган Торгой ата көп нерсени ойлонот, анын калмак чапкынында түшкөн он кулу болуп, баардыгы жан-

этин жеген иштемчил жандар эле. Атанын үй-бүлөсү да ошону каалаган.

Тоо капталындагы булуттар улам өйдөлөй жылып, аскаларга илинип, анан калың катмарды пайда кылып, далай жолу кара нөшөр жамгырды сабалата төгүп кирет. Жаандан таштын бетине жайнап түркүн гүл өсүп, алар караган, пенденин көз жоосун алып турду. Адамдар быйылкы жай өтө жаанчыл болгонун кеп кылып айтып калышат.

Биз эми өткөн бир уламаларга кайрылалы. Куржун ата алты балалуу болду дебедикпи. Анда Торгой атанын бешиктеги чагы экен.

Бул убак беш оона айынын орто чени эле. Айлана салкындап, бат эле күн улуу тоолордун артына жашынып кеч келди. Анан жыбыт-жылгага күүгүм түшүп, караңгылык акырындап аралай баштады. Андан кийин алоо жана балбылдап алтын табактай болуп, жер бетине текши нур тарата түн сулуусу калкылдап ай чыгып турду. Айлуу түндө жалгыз ат кишенеп кайсыдыр бир тарапка кетти окшойт. Алыстан түн жырткычы үкү шектүү үн берди, жамангабы, жакшылыкабы ким билет? Арыдан кой мекиренип козусун чакырып жатты. Козу маарай чуркап келип энесинин эмчегин какшыта эмген шекилденет. Бобереги келишкен боз үй Куржун атаныкы. Ата аялы экөө жылуу төшөктө жатат. Төрдөн ары бешик, бешикте Торгой мемиреп уктап жатат. Бир кезде кандайдыр шектүү дабыштар чыкты. Ошол үндөн экөө ойгонуп кетип, чыккан үнгө кулак төшөп калышты. Сак жаткан адам-

дардын уйкусу эрте эле каныпп калат эмеспи. Түндүк жабуу чала тартылып калыптыр, айдын үч бурч шооласы жердеги көлдөлөңгө чачыла төгүлүп турду. Ошол алакандай нур үйдүн ичин жарык таратып турат. А бешикте бала мемиреп уктап жатканда күтүлбөгөн окуялар башталып кирди. Эшик аяр ачылып, чаар ала күрсүйгөн чоң жолборс күркүрөп кирип келди. Жаныбар кирип келатканда боз үй ала салып кетчүдөй болуп, карс-курс эте үн чыгарып жөн турбай кыймылдап турду. Катуу шамал башталып жаткандай элес сезилет. Түшкөн ай жарыгынан баардыгы даана көрүнүп жатат. Жолборстун күрүлдөгөн үнүнө чыдай албай, үзүк, туурдук, уук, керege, шамал сокконд ой үч көтөрүлө делпилдейт. Эне корkkонунан кыйкырып ийгиси келет. Ата аны колу менен катуу басып тынчтандырып үч жолу келме келтирди: « Кул хувал-лоху ахад, бисмиллахи вассалоту вассаламу ахад. Шүк жат, бул касиеттүү жаныбар баланын коргоочусу,-деди аялына Куржун ата эскерте шыбырап.

Касиеттүү айбаттуу жаныбар бешиктин жабуусун ачып баланы тили менен сылап жаткандай туюулду. Анан коломтодогу күйүп бүтө элек отту алдыңкы буттары менен асман-айга чапчып чача баштады. Чаңдан үйдүн ичи будуң чаң алай-дүлөй тартып, эч нерсе көрүнбөй калды. От учкундары боз үй ичине жылдыз болуп учуп жатты. Жолборс баарын кыйратып сыртка чыгып кеткендей болду. Бирок кетип баратканда жолборстун күрүлдөгөн үнү кадимкидей угулуп турду. Короодогу кой кыймыл салып ары үрккөндөй сезилди.

Иттер бир тарапты карай чуркап ажылдап үрүп жатты.

Эненин денесин токтобой калтырак аралап турду. Куржун ата аялына:

– Үн чыгарбаганың жакшы болду, арбак жардам берди. Добуш берип кыйкырсаң, баланын коргоочусу карматпай качып кетмек. Кудайым чоң колдоду, колдоочу келгенде, бир нече жолу келме келтирип, тынч туруу керек. Ал адам баласынын тынчтыгын сүйөт. Экөө үйдүн ичин карады. Чын эле коломтодогу күл эшиктен бери айланасына чачылып калыптыр. Коломтодогу күлдө кадимкидей жолборстун бадырайган изи калыптыр. Боз үйдүн эшиги бир ыптасына кыйшайып ачылып жатат. Жолборстун боз үйгө киргени чын эле белгилүү болду. Экөө туруп бешикти ачып баланы карады, ал эч нерседен капары жок наристе тердеп-кургап пейпил уктап жатыптыр.

– Баланын коргоочусу жолборс тура,– деди ата.

– Болсун ден соолугу сак арбак колдоп, аман-эсен чоңойсун, быйыл жолборс жылы эмеспи, айбаттуу жаныбар биздин үйгө кирип, ырыскысын чачып кетти,– деп эне жаадырай беш энеси төгүлө кубана жылмайды.

Алар бул сырдуу аянды көз тиет деп эч кимге айтпады. Эртеси эне тогуз токоч бабеедин жасап, жаратткандан жардам сурады. Касиеттү Куржун ата ак боз бээ чалып, журтту чакырып бата алды.

Ошол иш ошол болду.

Андан кийин далай убакыт зымарап өтүп, келгиндер учуп

келип, кайра учуп кетип далай кыш, далай жаз бири-бири менен алмашты.

***

Ошентип Торгой атанын колдоочусу эч нерседен кайра тартпас баатырлыгы ашкан жолборс болду. Чын эле ошондой болду. Бир четинен душмандарына өтө сүрдүү, элге өтө күйүмдүү болду. Ал учурда күч алып турган калмактарга Торгой кадимкидей баатыр жигиттерди курап нечен жолу чабуулдарды коюп, калмактардын эсин оодарып мизин катарып таштады. Далай жолу калмактар көч көчүрүп баратканда көчүн ашуунун белинен чечебиз деп чабуул коюуга камынды. Айласы кеткен калмактар Торгой атага тизесин бүгүп, ылдый жүгүнүп, «бизге ырайым кылып кой» деди. Калмактар кандай эл эле Жунгарлар деген чоң өлкөнү түзүп, айланасындагы кытайларга, уйгурларга, кыргыздарга, монголдорго чоң эзүүсүн жүргүзүп жаткан журт эмес беле. Алардын каардуу эзүүсүн кыргыздар, казактар эч убакта унутпайт.

Уламада «Кыргыз кайың саап» деген сөз бар эмеспи. Калмактардын эзүүсү улама, санжырада арман болуп кала берген. Алар биздин көлдү, Ала Тоону ээлеп алып, калкыбызды башка жакка сүргүсү келген. Ошондой эле болгон. Кыргыздын баатырлары калмактарды башка жакка айдаган, айласы кеткен калмактар Россияга кайрылып, азыркы Калмакстан деген жерди алып бизден такыр башка жакка сүрүлгөн. Манастагы Коңурбай менен хан Жолойдун баянын эсте эмеспи.

***

Ошол мезгил токтобой өтүп жатканда касиеттүү Торгой ата Чүй жерине барып келгиси келет. Ошол жакта анын Атабек деген белгилүү бай кудасы бар эле. Ал кенен Чүйдүн атактуу бай кишиси эле анын миңге жакын жылкысы, короо-короо койлору, тоодо тооздору, созулуп жаткан талаасында жүздөгөн адамдар иштөөчү экен. Кудасы атайын Торгойду бир канча күнгө конок болуп эс алып кет деп чакырган. Ошол кезде Чүйлүк баатырлар жигиттерин топтоп өзүнчө кошуун курап, басып алуучуларга каршы күрөшүп биринин артынан бирин сүрүп чыгарып жаткан учурлары эле. Торгой да ошолордун кошуунун тартибин үйрөнүп, жигиттерин алардай кылып уюуштургусу келген.

Атабек атаны көп жерге ээрчитип барды, ал эл – жерди коргоп уюштуруп жаткан жигиттерин көрсөттү. Алар Талас жерине чейин барып, далай аймакты кыдырып көрүп, акыры ата көлгө кайтаар учуру келди. Торгой дагы Атабекти орумжыйым бүткөн эмки күз мезгилинде сый конокко кел» деп чакырды. Алар бир-бирине ыраазы болуп коштошту. Торгой ата конокко үч кишиси менен барган эле. Үчөөнө келишкен үч жорго мингизип, келишиимдүү ичиктерди кийгизип ыраазы кылып узатты. Алар бир топ күн болуп, эс алып, кайра кайтып келатышты. Негизи Атабек куданын сыйына ушунчалык ыраазы болушту. Алдыда созулуп жол жатат. Күн аябай ысык. Аларды жолдон бир чаар кулун болбой ээрчип алды. Кулунду жигиттер айдап отуруп, үйгө желенин жанына ай-

дап келди. Муну көрүп Атабаек:

– Ой, котур болгон немеге карабай эле кете бергиле, бул өзү талаадан биздин жылкыларыбызды ээрчип келди. Бул эмнеге жарамак эле маа десе талаада калып, карга –кузгун жеп өлсүн, ансыз деле ушунча малды бага албай эзибиз ооп отурат.-деди.

Жолочулар аттарын желдирип жол жүрүп келатышты.

Көптөн бери жаан басылбай жаап кара таштын бетине да гүл өскөн. Жол боюнда жалбыз, кызыл гүлдөр, жоогазын гүлү көзгө жугумдуу көрүнөт. Ары жакта коко тикендүү аймак созулат ал жерде беш-алты төө жайылып жатат. Саздуу жээктерде бой керип өсүп келаткан камыштар. Тигинде торгой куш көккө көтөрүлүп сайраса, калың бактуу жерде күкүк бир ырын токтобой төгүп жатат. Ал эми бобу карагайлуу черде кол башындай жапан куштар өзүнчө бир керемет ыр төгүп жатат.

Жолочулар токтобой жол келатат. Күн ысыгына ымшып тердеп кетишти. Алар артын караса, баягы чаар кулун дале токтобой ээрчип келатат. Жолочулар:

– Ой, бобу чаар кулун эмнеге бизди токтобой ээрчип келатат.

– Тим кой, ага биздин эмнебиз кетип жатты эле бир кезде баса албай артта калып өлүп, карга кузгунга жем болот.

– Биз эмне ушуга карамак белек, алыска жол жүрүп айлыбызга ылдам жетишибиз керек.

– Өлсө өлө берсин ага биздин эмнебиз кетип жатты эле.

– Кой ылдам кетели жол жүрбөсөк болбой калды.

Алар тынбай кетип баратты.

Баягы кулун артынан калбай ээрчип келатат.

Үч жолочу жол жүрүп келатат. Үчөө тең элдик санжырага жакын эле айрыкча Торгой ата санжыра дегенде жантыгынан жата калчу. Ал кишинин үнү өтө коңур келип, кепти маңыздуу баштап, анан улап жүрүп отурчу. Эч убакта бир сөздү кечке кайталап адамды чарчатчу эмес. Анын санжырасын укканкиши «дагы айта берсе» деп самоочу. Ырас Атабек куда да, санжыраны арбын билип кебин ушунча уккулуктуу айтат экен. Торгой ата ал кишиден солто, кушчу, найман, черик, нойгут урууларынын санжырасын кызыгып угуп алды. Айрыкча ал Солто, Курманбек, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Үчкө, Түлкүлөрдүн санжырасын сай медиреп айтса жөн эле бир укмуш ширин. Атабек менен Торгой далай түндө уктабай санжыра айтып чыгышты. Экөө кээ бир жеринен талышып да кетип жатты. Торгой ата бул жактан дагы көп санжыраны үйрөнүп алды. Атага Атабек куданын сөз сүйлөгөндө чечендиги укмуштуудай жагып калды. Ал куйма кулак бир сөзүн кайта кайталабаган кепти мааниси менен айткан чоң санжырачы болчу.

Үчөө сапар улап кетип баратат, асмандагы күн да кетип баратат. Булардын баардыгы өз өмүрүн өтөп жаткан жолочу болчу. Ал үч жолочуну чаар кулун да ээрчип келатат. Сапардагылар жолдон калбай ашыгып самаган жерге батыраак жетели деп аттарын текирең таскакка салып, жолду бир топ

арбытып алышат. Канчалык ылдам жол жүрсө да баягы даакысы түшө элек чаар кулун болбой эле ээрчип келатат. Жолочулар кулунду баса албай жолдо калып өлөт деп ойлошкон, бирок жаныбар өлбөй, карга кузгунга жем болбой басыгы тың аттар менен тең келатпайбы. Алар жолдо келатып, эл жок жерге түнөп калышат жолдо тулга асып чай ичип, тердигин жая салып, ээрин башына жазданып, көрпөчө, чепкенин жамынып, чарчаган адамдар терең уйкуга кирет. Чаар кулун аларга жете келип, айланада оттоп эс алат. Эртеси кайра таң агарып, жолочулар сапар арбытканга камынат. Антпесе өмүр токтоп калган жатпайбы. Эми жолочулардын көңүлү чаар кулунга түшө баштады. Ар бири «Артыбыздан чаар кулун калбай ээрчип келе берсин»– деп самап калышты. Баардыгы кулунда бир касиет бар экенин билишти. Жолочулардын минген аттары артын карап кулунга карай кишенеп дабыш берет, кулун да ичке назик үнү менен кайра кайрылып жооп берет. Жаныбарлар бири-бири менен үн алышып жүрүп отурду. Эгер кулун артта калса, анда жолочулардын минген аттары артына кайрылып үн берип чакырат. «Ылдам бас, артта калба, бизге жете келгин», деп добуш берип жаткансыйт.

Жолочулар тынымсыз жол жүрүп отурду. Торгой атанын жанында Карбоз деген жигит келаткан, анын колунда жаасы бар эле, жолдон чер камыштын арасынан бырпырап кыргоол учуп калат ал аны атып алып, токтогондо ошону шишкебек кылып бышырып жеп ырахаттанышат.

Алар өтө кеч калып бир чоң боз үйгө келишти. Үйдүн адамдары өтө боорукер жакшы адам экен: «Жол жүрүп келаткан кудай конок экенсиңер түнөп кеткиле» деп бир козу союуп коноктойт. Жолочулар ырахмат айтып, ал үйгө конуп, эртеси жолго чыгат. Ошол үйдү жети жашар эркек бир баласы бар экен. Ошол бала кечке эле кулунду карай берет. Торгой ата:

– Эмне сага кулун керекпи ушул кулунду кармап байлап ал,– дейт.

Ошентип ошол кулун ал жерде калып калат. Эс алган жолочулар эртеси жол улантып чыгышат. Алар бир күн бою тынбай сабалата жол жүрүп келаткан болот. Баары бир демеси калгансып эмнегендир артын карап келе жатышты. Анысы аз келгенсип алардын минген аттары да артын карап кишенеген болот. Баары артынан бир нерсе келеби деп күтүшкөндөй болушат. Сапар тартып кетип баратышты, асмандагы ыйык күн да сапар тартып жол улантып келатат. Баардыгы тынымсыз жол улантып калган. Алар сапар улабаса өмүр токтоп калган жатпайбы. Өмүр уланбаса анда жер бетинде жашоо токтоп калган турат. Жолочулар эмнегендир бир нерсесинен айрылгандай болду, алар артын карап калышат. Эмнени карап, эмнени күтүп жатышат. Бүгүнкү жол анча уланган жок, жол түз болсо да аттар чарчап адамдар да чаалыгып калгансыды. Алар сапар жүрүп отуруп, бир чоң таштын түбүнө түнөп эс алып эртеси жөнөмөй болушту. Тамактанышып, чарчаган адамдар бат эле уйкуга кирišти.

Түн ортосу болуп, тарапка айран төгүп салгансып ай сүттөй жарык, жердеги өскөн өсүмдүктөр адамдын көзүнө даана көрүнөт. Жолочулар дагы эс алмакка камынып кызуу уйкуга киришти. Бир кезде эле карышкыр, чөөлөрдүн улупуңшуган үндөрүн угушту. Жапайы жырткычтар бир нерсени жеп жаткандай болду. Адамдардын үндөрү, кыйкырыктар угулду. Анан эле баягы кулундун ичке сызылып чыккан үнү жаңырды. Ал дабыш басылып, анан күлүктөрдүн чуркап келаткан жер жарган үндөр чыкты. Бир топко адамдардын күлүктү сүрөгөн үндөрү басылбай турду. Анан кулундун кишенеген үнү угулуп, Торгой ата Карбоз жигитине санын укуп кайрылды:

– Барып карачы баягы чаар кулундун үнү угулат, эмне ал ушул түндө бизге жете келдиби,– деп кеп салды. Жигит бир топ жерге көз жүгүртсө, аттардын жанында баягы чаар кулун турган экен. Чоң жылкылар кулунду тегеректеп алып, аны эркелеткенсип жүнүнөн жалап жуктап жаткан экен. Карбоз кайра келип, чаар кулунду аттардын жанында турганын айтты. Баардыгы таң калышты. Түндөгү жырткычтардын үнү кайдан угулду, бул жерде арбактардын мүрзөсү жокпу деп шекшиништи. Үн жок алар бир нерсе жөнүндө ойлонуп жатышты.

Сопу-садык өтүп, түн жарымы башталып, жылдыздар суюлуп кирди. Анан эле бир аз туруп толук караңгылык кетип, жер ак шам болуп, чыгыш жак алоо жаркырап күн чыкканга камынды. Эртеси жолочулар эрте туруп караса чаар кулун

жылкылардын арасында турган экен. Алар кулун жөнүндө эч нерсе айтышкан жок. Кулунда бир касиет бар экенин сезишти. Тамактанып, тиш какшаткан муздак булактан суу ичип сапар жолго аттанып кетип баратышты. Ошентип бир канча күн-түн тынбай жүрүп отуруп Түпкө жете келишти. Артынан баягы даакысы түшө элек чаар кулун ээрчий келди. Туугандар солтолордун сыйына аябай ыраазы болду. Алар солто эли элдин тогу деп мактап жатышты. Торгой атанын Бакал деген күлүктөрдү таптаган саяпкери бар эле ал жылкы сырын мыкты билген адам болчу. Анын атасы да саяпкер болуп, бул ыйык кесипти ошол атасынан үйрөнгөн экен. Ал жылкы таптоонун көп өнөрүн билип аны башкаларга айтчу эмес. Торгой атанын да мыкты күлүктөрү бар эле. Мисалы: «Желжетпес», «Торкашка», «Торуайгыр», жана башка күлүктөрү болгон. Ал эми «Алатуяк», «Арчатору» деген жорголору дубанга таанымал эле. Саяпкер чаар кулунду карап аябай таң калып кубанды:

– Торгой аба солтолордун белегине ырахмат сизге ченемсиз күлүк берген тура.

– Эмне берген жорголорунан күлүк чыгабы?

– Жок кеп андан эмес, мен бобу даакысы түшө элек чаар кулун жөнүндө айтып жатам.

– Ал эмне экен, ошондон кантип күлүк чыксын даакысы түшө элек бир жүдөө жаныбар тура – деп Торгой ата таң калды.

– Жок аба бул убагы келгенде буга эч бир күлүк караан-

дабайт, бул жаныбар чөл жылкысы менен көл жылкынын ортосундагы аргын жаныбар тура, мындай күлүккө эч бир баатыр оңой менен ээ боло койбойт.

– Анысын кайдан билдим, мен бир жөн эле жүдөө кулун экен деп ойлогом, артка калтырсак да калган жок бизден калбай ээрчий келди. Жарыктыктын сызылып чыккан үнүчү. Мен муну талаада өлүп, тарпын каргы-кузгун жейт го деп ойлогом.

– Мен күлүктөрдүн сырын жакшы билем. Манас баатыр жаралганда ага тагдыр Аккула жаныбарды, Алманбет баатыр жаралагнада уй куймулчак Саралыны, калмактын ханы Коңурбай бул дүйнөгө келгенде канаты бар Алгараны, Жолой дөө бул дүйнөгө келгенде Ачбууданды, Төштүк баатыр бул дүйнөгө жаралганда сүйлөйүн десе тили бар, адамдан артык акылы бар Алла Таалам Чалкуйрукту берген экен. Күлүк аты жок баатыр мекен чегин коргой албайт. Балким сизге жаратканым ушул даакысы түшө элек жүдөө тайды ыйгарса керек,– деп экөө тең боору эзиле күлүп калышты. Эртеси Торгой ата өзүнүн Чүйгө аман-эсен барып келгенине жана чаар кулунга арнап ак боз бээ чалып, эл чакырып бата алды.

Он күндөн кийин саяпкер Бакал даакысы түшө элек кулунга кам көрө баштады. Анын даакысы түшө элек жүнүн жулуп таштап, котуруна дары сыйпап айыктырды. Аны эл көрбөс тоонун түбүндөгү үңкүргө алпарып таптап жатты. Эки жылдын ичинде эле береги жаныбар ат жетпес укмуш

күлүккө айланды. Күлүккө «Закым» деген ат койду. Ал жөнүндө элде мындай ыр жаралды

Көп жолу түштү эң алыскы жарышка,
Адамдан эстүү акылман жаныбар.
Марыбай чуркап берген алыска,
Маңдайында күйүп турган шамы бар.
Чаар бууданга бүт калайык көз салган,
Баатыр жанга кайыбынан кабылган.
Ойноок атты «Закым» деп атады,
Ошол бойдон «Закым» болуп аталды.

Закым күлүк кайып болгон жаныбар,
Анын эки капталында канат бар.
Алыс жерге закым болуп тез бараар,
Анын даңкы бүт ааламды аралаар.

Карылар айтчу экен «Кээ бир баатырга энчини төрөлгөндө эле берилет экен. Торгойго Жаратканым энчини өтө кеч берди», деп, анткени ал «Закым» деген күлүккө өтө кеч жетпедиби. «Закым» деген күлүк мезгил менен жарышып закым болуп турду. Анын саяпкери дагы аябай талантту адам эле. Ал ат тапаганда өзүнүн ичкен ашын жерге таштап салчу. Ал адам күн-түн тынымсыз иштеп жатты. Ошонун натыйжасында көп жылдар боюу «Закым» деген күлүккө ат жетпей турду. Чоң аш тойлордо эл алыс жактан «Закым» күлүктү көрүш үчүн атайын келишчү экен. Элде «Закым деген күлүгү бар Торгой баатыр» деген анын ысымы алыска та-

раган тура. Даңазалуу байлар биринчи келген күлүккө көп жылкы, беш жүз койду берген күндөрү болуптур. Ал тиягы Нарын, түндүгү Казактарга чейин барып башкы мөрөйдү утуп келген күндөрү болгон экен.

***

Эми калмактар кутура баштады. Алар кыргыз жерин көлдү ээлеп алгысы келди. Ошол үчүн тынымсыз ууруга же чабуулга өтүп жатты. Торгой ата элди коргоодо Чүйлүктөрдөн көргөн ар кандай өнөр менен ыкмаларды жигиттерине үйрөтүп аларды чабуулга даярдай баштады. Эмки кезек калмактарга келди. Күчү кетсе да бирин-экин кыргыздарды чаап жүдөтүп жиберди. Ошондо Торгой баатыр ар кайсы жерден чоң кошуун курады. Аларга кылыч чаап, найза сайганды, жаа атканды эң жакшы үйрөттү. Акыры салгылашууга калмактан Кутунай дөө баштаган кошуун келди. Салгылаш Каркыра жайлоосунун жанында чоң дайранын түндүк тарабында түз жерде болмой болду. Эки жоо бир-бирине кек сактап катуу турду. Айрыкча калмактардын көңүлү жаман кыргыздарды көлдөн сүрүп салып, касиеттү жерди ээлеп алгысы келет. Эки кошуун бир-бирин карап турат. Бир кезде калмак тараптан бир жигит Торгой баатырга чаап келип:

– Торгой баатыр Кутунай жекеге чыгууну каалап жатат,– деди.

– Макул ошондой болсун баатырыңарды камдагыла!

Калмак тарап кичине буйдала түштү да, анан Кара аргымагын каргытып бирөө чыкты. Кебетеси дөө сыяктуу чоң

адам, аты да ыргыштап токтоно албай турат. Кыргыз тарап кичине сестене түштү.

– Калмактын кайсы баатыры, денеси эң эле чоң экен?

– Каапыр кебетеси суук, такыр башкача тура.

– Бул ким ия?

– Ой, бул калмактарды баштап келген Кутунай алптын өзү тура.

Кыргыздар кимиси чыгаары белгисиз жымжырт болуп калышты.

Калмактар катуу кыйкырып:

– Жабуу, жабуу, жабуу,-деп үн чыгарып жатышты.

Ошондо Торгой баатырга Шыгай баатыр аты менен келип:

–Торгой аба Кутунайга каршы мен чыгайын,– деди найза кылычын кармалап.

– Кой болбойт тиги тараптын кошуунду баштап келген баатыры чыгып жатса, мен быякта турганым болбойт, мен силерди баштап келгем мен чыгам.-деди да, аттан түшүп, басмайлын, көмөлдүрүгүн бекемдеп, кылыч, найза, чокмор, калканын кармап жаныбар Закымга минип, Кутунай тарапка куюундаткан тейден кетти. Кырыгыздар:

– Кыргыз!

– Кыргыз!

– Манас!

– Манас!

– Торгой!– деп үн чыгарып жатты.

Эки баатыр кармашканга өттү. Алар бир пас сүйлөшүп

калышты.

Торгой баатыр Закым аттын үстүндө туруп, кезекти Кутунай алмай болду. Кутунай баатыр Кара аргымагынын үстүндө Найзасын мелжите мээлеп, Торгой баатырга каршы келатты. Торгой баатыр калканын белендеп, найзасын Кутунай тарапка каратты. Кутунай күч менен урууга камынды, ошол кезде калмактын найзасын калканы менен тосуп, албарс кылыч менен найзаны чапты эле найза кылычка туруштук бере албай бөлүнүп кетти. Анын үстүнө Закым жаныбар да буйт берип секирип кетти. Кутунай багытынан адашып, найзаны жакшы ура албай калды. Эмки кезек Торгой баатырга келди. Кутунай дөө кара аргымактын үстүнөндө куралдарын белендеп турат. Торгой баатыр найзасы мелжите мээлеп катуу чаап келатты. Кутунай калканын жакшы тоскон эмес экен найза калкангы тийип, анан сүрүлүп барып, Кутунайдын оң каруусуна сайылды. Калмак аз жерден аттан кулап кете ташталды. Анан барып боюн түздөдү. Бирок калмактын оң колу жакшы күч бербей калганы байкалды. Торгой баатыр ошону билип эми чабуулга катуу өттү. Калмак дагы алынын келишинче коргонуп жатты. Бир кезде Торгой калмактын оң колун кыя чапты да карууга катуу уруп калды. Калмак ат үстүндө тура албай тоодой болуп кара аргымактын үстүнөн кулап түштү. Торгой баатыр калмакты аяп тийген жок. Ошол кезде кыргыз кошуун «Манас!», «Манас» деп ураан чакырып чабуулга өттү. Кутунайдан айрылган калмактар эмне кыларын билбей качып калды. Кыргыздар жете келип калмак-

тарды ат үстүнөн торойто чаап жатты. Иши кылып кыргыздар далай калмакты аттан оодара сайып, аябай алын кетирип салды. Калмактар жан айласы кылып качып калышты. Ошол майданда бир топ калмак каза болуп, далайы катуу жарадар болду. Береги чабуулдан кийин калмактар такыр баш көтөрө албай калды. Анын үстүнө алардын биримдиги жок сандалган калмактар ар бир коодо өз турмушун өтөп жаткан эле. Ошол майдан ошол болду.

Эмки кезек казактарга келди окшойт. Чек арада турган казактардын жигиттери кутуруп, кыргыздарга каршы аттанып, жылкыларын айдап кетип турду. Бир канча жолу Торгой баатыр: – Бир тууган элбиз, биз силерге тууганбыз, тилидилибиз бир,– деп далай жолу эскертти. Бирок казактардын көпкөн жигиттери көнө турган эмес ансайын күч ала баштады. Ошондо Торгой баатыр кырк жигити менен жылкыны кайтарууга алды. Ай караңгы түн. Торгой баатырдын жигиттери көрүнбөй жылкы четинде куралдарын алып даяр турушту. Бир кезде аркы жактан топ караандын келе жатканын көрүштү. Жигиттер бир-бирине кабар беришти. Казактар үн сала жылкыларды кууп киришти. Даяр турган жигиттер чокмор менен казактын жигиттерин торойто чаап аттан кулатып жиберишти. Жыйырмадай жигит келиптир анын жетидей эле түн жамыа качып житип жоголду. Торгой баатыр жылкыларды кайра адап келип, казактын колго түшкөн жигиттерин чыккыс кылып бекем жыгач үйгө камап салышты да кароолду бекемдеп койду. Эртеси эле түштө бир айгыр

үйүр жылкыны айдап казак баатыры Элдос Торгой баатырга келип, башын ийип кечирим сурады. Торгой баатыр:

– Канча жолу айттым, силер эмне калмак болуп кеттиңерби, тили- дини бир эл экенбиз, бирөө укса эмне дейт,-деп Элдос баатыр тарапты уяткарды. Жыгач үйдөгү жигиттерди бошотту. Пейли кенен Торгой баатыр жылкынын этин салып Элдос баатыр тарапты жакшы коноктоп, айдап келген айгыр үйрүн албайбыз деп кайра берди казактар ырахмат айтып уят болуп кайра кетишти. Ошентип баардык эл менен достукта жашап кыргыздардын жашоосу жакшы өтүп жатты. Ошол иш ошол болду. Андан башкача болгон жок.

***

Күндөрдүн биринде Торгой ата ойго батып, санаасына бир нерсени салып жүрдү, «жЖашым да өтүп баратат, кокус көзүм жумулуп кетсе, балдарым мал талашып элге-журтка кеп болбосун»– деп балдарына анча-мынча жыйган дүйнөсүн бөлүп берүүгө шашылды. Күндөрдүн биринде ал балдарын жанына чакырып кемпиринин көзүнчө айтты :

– Төрөкочкор чоң атам өлүп, андан жалгыз Куржун төрөлдү, атам мени канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай жакшы өстүрдү анысына ырахмат. Атам мени акылдуу уулум дап эң жакшы көрчү. Бир олуттуу иш жасаарда менин менен кеңешип калчу жарыктыгым. Ал балдарын «Бөлтүрүктөрүм» деп эркелетер эле. Элде «Карынын кебин капка сал, улуунун кебин угуп ал» деген асыл макал бар эмеспи. Колумда бирин-экин байлык турат, көзүм өтүп кет-

се, балдарым мал талашып элге-журтка уят болот. Жашым улам өйдөлөп баратат ошол үчүн энчи бөлүп берейин,– деп демиккенин басып токтолуп калды. Анан бир паска эс алды да:

– Мына баарыңар арай-чарай бул жерде отурасыңар, бизде Чолпон ата туягы үч короого жетет, Камбар ата саны төрт үйүр, топоз, уйдун саны жүздөн ашат. Аларды баарыңар бирдей бөлүп алгыла, колумдагы ак жоргону улуу балам Беккулу сен ал, аны менен кошо Ак шумкарды алып кең талаада жорго салдырып жүрө бер. Экинчи балам Майназар сага «Алааяк» күлүгүмү анан аң улаганга кызыгасың, сага мылтыгымы, жана бүркүтүмү берейин.

Карыя бир азга сүйлөбөй эс алып алды. – Андан кийинки уулум Муса сен дагы бар эмесиңби, сен капкан салганга маш элең мен сага экинчи кара мылтыгымы жана «Качырбас» деген шумкарымы берем. Буларды алып улуу тоолордо аң уулап жүрө бер. Андан кийинки балам Бектемир сен мында турасың. Сага Кашка жоргому, Боз ылаачынымы жана кийик кууган эки тайганымы берем. Улгайган ата балдарынын баардыгына энчисин ойлогондой кылып бөлүп берди. Ата бир азга эс алды да анан:

– Балдарым мен улгайып калдым таарынбайсыңарбы?

– Таарынбайбыз ата ыраазыбыз.

– Сиз баарыбызды нааразы кылбай ойлодуңуз.

Майназар:

– Ата калмак кулдарды эмне кылабыз?

– Баса мен аларды унутуп баратыпмын, Менде он кулум бар эмес беле. Улуу балам Беккулу Каабын кулду жана дагы үч кулду сен ал, Майназар балам сен дагы үч кулду ал, калганың төртөөң эки экиден бөлүп алгыла,-деди.

Кулдарга өтө этият болгула, бир балакет кылып, калмактарга карай качып кетпесин. Тынымсейит туугандардын Алжанбайын билесиңерби аны өлтүрүп калмак кулу калмакка карай качып таптырбай кетпедиби. Беккулу сен Каабынга өтө сак боло көр,– деди ата катуу эскертип.

Ал демигип калды окшойт азга эс алып, алдындагы турган кымыздан кылкылдата жутту.

Анан карыя эс алып, бир топко сүйлөбөй отурду. Сырттан бир келин сорпо алып келип суна баштады. Карыя такыр сүйлөгөн жок. Ал эмнегендир өткөн өмүрүн эстеп жаткандай туюулду.

Бир азга эс алып анан асыл карыя сөз сүйлөй баштады:

– Балдарым силерге айта турган осуят сөзүм бар баягы Торгойдун балдары ынтымагы жок деген сөз айтылбасын. Жана дагы күздүн ортосунда биринчи кар түшкөндө эл калың кийинип калгада тиги дүйнөгө кетет окшойм. Мага жаратканым ошондой аян таратты. Сөөгүмдү Нарындагы Ала Мышык тоосундагы Кара Үңкүрдүн маңдайына койгула. Денем Бугу энем баскан тоонун аймагында турсун. Кары адам осуят –керезин көпкө сүйлөп койду окшойт демигип алы кетип калгансыды.

– Ата эс алчы, баары силер айткандай болот,– деп аны бал-

дары тынчытты.

Баардыгы жай-жайына кетти. Торгой атанын башына жаздык коюп үстүнө карышкыр ичикти жапты. Карыя бат эле коңурук тартып уйкуга көшүлдү.

## ТОРГОЙ АТАНЫН КАЙТЫШ БОЛУШУ

Анжиянга кеткен соодагерлер ишин жакшы бүткөрүп, кайра аман-эсен кайтып келишти. Бала бакырага мейиз, набат, кант, шайы кийимдер, маасы, көлөч деги койчу баарын алып келишти. Баарынын үстү-башы жаңырып эле жатып калды. Айрыкча аялдардын кийми жашыл, кызыл, сары түскө бөлөнүп, тулку боюу жаңырып жыргап калышты. Бекулу атанын сүйгөн жары Ак келин, Сулуу келин, Наз келин деп аттарынан айтпай эркелетип айтышчу эмес беле. Бул келиндердин үстү-башы жаңырып, ого бетер сулуу тартышты. Ишмер энелер үй-бүлөсүнө түркүн кийимдерди тигип киришти. Ак келин менен Наз келин кийимди келиштирип тиккен ишмерлер эле алар Торгой атага кымбат терилерден келиштирип тебетей жасап беришти.

– Асыл ата муну кийип алыңыз,– деди атасына сылык түрдө.

Ооруп жаткан касиеттү ата тебетейди кийип күлүп шаттана:

– Кагылайын келиним, мени он жылга жашарттың го, сени Бугу эненин арбагы колдосун,-деп эки алаканын жайып сонун батасын берди.

Бирок Торгой атанын ал-абалы күн өткөн сайын начар-

лай берди. Кыраакы адам алдыны даана билген пенде эмесси, кайтаар күнү баягы өзү айткан күнгө туш келип баратты. Муну сезген Беккулу туугандарына айтты:

– Атабыздын абалы начарлоодо, өзүнүн кереези боюнча, Ала Мышык тоосунун маңдайындагы Алсейит, Тынымсейит аталар коюулган Арчалуу Булакка коёлу дешти. «Кокус карыя кайтыш болсо, сөөктү унаага жүктөп, убара болобуз». Ошондуктан атаны жоош күлүк жоргого мингизип, көчүп жүрүп отурушту. Малды балдар айдап, көчкө Майназар, Муса, Жолчоролор көз салып келатты. Алар Ала Мышык тоосуна жетип, шамалы жок ыктоо жерге көчтү кондурушту. Кыраакы Торгой ата мунун баарын билип турду. «Баягы менин айткан кереезим боюнча көчүп келди» деди.

Көчүп келген күнү бийик дөбөгө чыгып, карыя эки жакты ойго батып телмирип карап турду. Жарыктык бул жерде өткөргөн ата-бабаларынын өмүрүн, өзүнүн мурунку жаш чагын, дагы кайтып келбес убагын эстеп жаткандыр. Алсыз карыянын бети колу ызгаар суукка үшүп, денесине кан жүгүрбөй калгандай сыяктанды. Ал эки колун жеңине катып, үшүгөн кулагын колу менен мыжыга кармалады. Анан ал Ала Мышык тоосун карап кобуранып койду, анын көзүнө бир нерселер үрүл-бүрүл күүгүмдөнө көрүнгөнсүдү. Он алты айры мүйүздүү бугу эненин элеси тартылды. Бирде бугу бирде элечекчен эненин элеси көз алдына даана көрүнгөнсүдү. Касиеттүү баатыр карыянын көз алдына ошондой элес көрүнсө көрүнгөндүр. Же бугу эне өз тукумун «чарча-

дың эми биз менен бол» деп ээрчитип кетип жаткан элестир. Ал Алсейит, Тынымсейит аталары жаткан жерге барып куран түшүрдү. «Карганымда балдарымы кыйнабай кете берсем» деп ойлонду

«Элге журтка жыгылып калып уят болбойлу» деп Майназар атасын карап жатты. Жоош ак боз жоргону минип, ата үйүн карай келаткан экен. Баласы карыяны аттан түшүрүп, боз үйдүн эшигин ачып үйгө киргизди.

– Бабаларыбыз жаткан жерге куран түшүрүп келдим,– деди карыя.

Ошол күндөн баштап атанын ден соолугу болбой баратты. Туруп-туруп эле демигет. Бир жөтөлсө бир далайга жөтөлүп, тынчы кетет. Балдары ага кайнак жылуу суу уурттатып турду. Көзү үргүлөп кетет да, «Куржун, Кыдык, Белек, Бооке» деген сөздөрдү элес-булас сүйлөп жатты. Анан эле көзүн бакырайта ачып, « Кайрандарым мени чакырып жатпайбы» дейт. Угуп тургандар жакасын кармап таң калышты. Анан бир кезде көзүн чоң ачты да:

– Балдарым, менин сөзүмү уккулачы, менин кетеер күнүм жакындады айтаар кебим ынтымактуу болгула! Мүйүздүү эненин арбагын сыйлап, жер үстүндө жакшы өмүр сүргүлө, бирге болбосоңор ырыскыңар кетет. Башка эл силерди бат эле каратып алат. Айланаңарда кара кытайлар, уйгурлар, өзбектер жана башка элдер турат. Карыя сүйлөп жатып, алы кетип демикти. Көзү анан илинип уктап кетти. Ошентип бейшембинин күнүндө, жуманын түнүндө белдүү

карыя жалган дүнөдөн чын дүнөгө узап кете берди. Санжырачы карыялар күн санатын сүрүп келсе, бугу эненин узаган күнү менен тушма- туш келгенин баамдап чыгышты. Ошонун эле түнүндө кыламык кар жаады. Бугу эне да кетеерде ушундай кыламык кар жааган эле. Ошол түнү наристе балдар түшүндө бугу энени көрүшүп анын үнүн угушуптур. Адамдар шашып-бушуп Торгой атаны чоң боз үйүн тигишти. Карыяны майрам суугa алып, кыбыланы баштантып жаткырышып, балдар боз үйдүн тегерегинде «атакелеп» өкүрүп жатышты. Чабагандар, чар тарапка чапкылап, «белдүү адам өттү» деп кабар таратып жүрүштү. Кемеге оюулуп, чоң тулга коюулуп, келиндер боорсок бышырып, бата кылып, мал союулуп жатты. Атанын узатуу ариетин кылып алыс жакын тараптан тааныш адамдар, сөөк жакындары, кудалар баардыгы келип жатышты. Үчүлүк, жетилик, кырк ашын берип, сакалын ак баскан молдо дайыма куран окуп турду. Анан башка жылуу жактарга көчүп кетишти. Кийинки жылы күзгө жуук тартканда, мыйзамдын гүлү учуп турганда, мал семирип нык тартканда арбакты эскерип бир жылдык ариетин өткөрүштү. Баардык ариетти өткөрүүдө Торгойдун баласы Беккулу тикеси менен тик турду. Эл ага аябай ыраазы болду. Ошондон мындай деген ыр калыптыр:

Торгой чалдын ашында,
Беккулу турду башында.
Толгон күлүк чабылды,
Далай аттар байге алды.

Жарды жалчы этке тоюп,
Үйүнө кайтты топоюп,
Ашты жакшы өткөргөн,
Балдарына ырахмат.
Өкүм болуп токтобой,
Өтөөр мезгил ыраактап.

Ошондо ат үстүндө жар чакырган ырчылар жамактап ушул ырды ырдаган экен. Бул ошол узун ырдын бир үзүмү гана экен. Ырдын калган бөлүгүн карт тарых унуттуруп салыптыр.

**БЕККУЛУ АТА**

Беккулу деген атадан,
Үч шумкар өсүп жаралган.
Үмүт жанып алдыга,
Үчөөнөн үч жол тараган.
Беккулу деген атанын,
Үч уулу чыгарды атагын.
Үчөөнөн үч жол таралып,
Алыска кетти жол алып.

Касиеттүү Торгой ата Беккулудай уулду болоордо бир түш көрүптүр. Ал кезде Торгой ата Кичи Нарын жерин жердеп турган экен. Ата талаадагы малын көрүп, келип аялына кайрылат:

– Мал деп жүрүп, чарчадым го, балдарым болсо ошолор карабайт беле,– кейиди.

- Сен эмнеге кейийсиң, кулдарың бар эмеспи, ошолор деле карап жатпайбы.

– Балага жетеби алар малдын ээси болот да.

Ошол күнү күн бүркөлүп, чагылган уйгу-туйгу түшүп, айлана даңгыр-дүңгүр болуп, жаан тынымсыз чакалап келип куйгандай болду.

Чарчап келген ата тамакты чала-була ичип, « чарчадым» деп тынч уйкуга көшүлдү. Уктап жатып ошол түнү бир кызык түш көрдү. Бой керген өтө бийик эки тоо анын ортосунда, созулган көз жоосун алган кооз өрөөн. Өрөөндүн ичинде алмабы, алчабы, анарбы иши кылып бир сыйкырдуу дарак өсүп турат. Түшүмү жөн эле төгүлөт адамдын көз жоосун алат. Жердин баарында мөмө-жемиш жөн эле жайнайт. Дарактын айланасында ак калпакчан аталар, ак элечекчен энелер, ат минип күлүк чапкан жигиттер, келишимдүү келиндер, сулуу кыздар жүрөт. Күн жаадырай тийип, кандайдыр бир өлбөстүктүн элеси келип тургансыйт.

Ата аларды карап таң калып:

– Булар кимдер эмнеге жүрөт,-дейт.

Анан эле жеерде ат минген бир киши чыга келип салам берет. Ата андан:

– Кадырлуу мейманым бул эл ким болот?-деп сурайт.

– Бул сенин тукумдарың болот ошону билбей турасыңбы,-алиги киши кетүүгө камынат.

Ата тиги кишиге кайрылат:

– Сен ким болосуң?-дейт.

– Мен Кыдыр алейсаламмын,-деп көздөн кайым болуп жоголот.

Ата касиеттүү Кыдыр алейсаламды сыйлап конок кыла албаганына катуу өкүнөт. Бирок аны көрүп, жолукканына жана сүйлөшкөнүнө аябай сүйүнөт.

Ошол көргөн түшүн энеге айтат эне турмуш менен алышып жүрүп көргөн түшкө анча маани бербейт. Бирок ошол көргөн түшүн ата өмүр боюу унутпай эсинде эстеп жүрөт.

***

Акылман Торгой ата тиги дүнөгө узады. Нааразы кылбай балдарына өз энчисин бөлүп-бөлүп берди. Балдары атанын калыстыгын баалашып энчилерин бөлүп алышты. «Балдарымын үй-бүлөлүк жумушуна кулдарым жардам берсин» деп аларды да бөлүп берди. Чоң калмак Каабын кул Беккулу атанын энчисине тийди. Каабын өтө күчтүү, сом билек, узун бойлуу, колдору шадылуу, денеси тарамыштуу, бир беттешкенин бербеген кара өзгөй адам болчу. Адам менен алышканда бир адамдын алы такыр жетчү эмес, аны менен күчтүү эки-үч киши кармашканда ошондо араң алы жетчү. Анын ойлогон оюунан кайра тартпаган кара бет ак санабаган эң жаман мүнөзү бар эле. Ал ойлочу «кыргыздар мени кул кылып жумшап жатат»– деп элдешпеген жаман жактары болгон. Анын мээсинде кыргыздарга шакардай кайнаган кастыгы кетпей туруп алды. Адам өзүн чебердеп, жакшы жүрүш-туруш менен алып жүрбөсө андай жаман сапат аны өлүмгө алып келиши мүмкүн эле. Анын акыл эсинде кыргы-

здарга элдешпес сезим пайда болду. Беккулу ата да Каабындан чочуп «бир нерсе кылбаса экен»– деп ойлонот. Каабынды аңдыш үчүн Майназардын кичүү уулун тыңчы кылып койду. Бир күнү Каабын берки жолдоштору менен биригип «кыргыздарга бир балакет шойкомдуу иш кылып, калмактарга качалы» -деп кеңешип жатты. Бирок калмак балдар анын оюуна көнө турган эмес.

– Беккулу ата жакшы качып кайда барабыз.

– Калмактар бизди такыр карабайт.

– Тирүү болсок ушул эл менен бирге эле бололу.

– Мени менен качпасаңар силерди жок кылып коём өзүңөр билгиле-деди Каабын түнөрүп.

Алар Каабын күчтүү болгондуктан, андан коркушуп, унчугушкан жок.

Айланага күздүн кабары жакындап, мезгил өтүп булуттар ката баштады. Чөптөр саргыч тартып, баягы алтын жай артта кала өтүп кетип, күз ата келатты. Эртең менен тарапты кыроо басып, түнкүсүн бир топ эле суук боло баштап, суунун үстү кичинеден айнектей болуп тоңо баштады. Быйылкы жай жакшы эле болду, малдын жонунан жылуулук өтүп, жаанда өскөн чөптөр жетиштүү эле болду. Төрт түлүк мал нык семирип, жаз менен жай берекелүү тартып, эл журтка жугуму тийчидей болду. Байртадан бери ата-бабаларыбыз мал менен жашап, мал менен келатпайбы.

Эми биз санжыра жомок баяныбызды уланта берели. Адамдардын турмушу жай өтүп, ал эми санжыра жомок ба-

ян бат айтылып ылдам эле бүтүп, турмуш өзгөрүлө берет эмеспи.

Беккулу атанын балдары кеңешип, үч жумадан кийин суук түшө электе кой айдап, түштүккө барып соода кылып келмей болушту. Түштүккө Каабын кул да кой айдамай болду. Ал кескин каршылык көрсөтүп, калмактарга качып кетүүнүн жолун ойлоп жатты. Каабындын ойун баардыгы айттырбай шекшимел болду. Айрыкча Майназар мунун баарын байкоого алды. «Баардык аттарды айдап кетип жөө калабызбы»-деп жылкыга мыктап кароол койду. Анын кыймылын Майназардын кичүү баласы аңдууга алды.

Малчылар жөнөөрдө ата катуу эскертти

– Бул калмак дөбөткө ар дайыма сак болгула, бир балакет иш кылбасын,-деп табыштады.

Каабындын мээсине шакардай кайнап катуу кастык туруп алды. Ал дөөгүрсүп күчүнө таянды. Акылы жок күч баары бир эмне кылат. Андай кем акыл ой адамды өлүмгө алып келиши ыктымал.

Күзгү күн ысып, малчылар тердеп-кургап кетти. Бирок жылыш керек, малды сатып, суук түшө электе, Ысык-Көлгө өз жерине барыш керек. Жолдо анда-мында сапар улаган салт атчан жолочулар. Ар кандай чоңдуктагы коңулдан чыгып алып, томурандап чуркаган кемирүүчү жаныбарлар. Малчылар малын жай айдап кетип баратат. Малды катуу сүрдүктүрүп айдаса кызыл эт болуп калаары белгилүү эле. Тээ ободо жай каалгып сызган булуттар. Алар өз жашоосун

өткөрүш үчүн кайсыдыр бир жакка ашыгып жаткансыйт. Алар ошентип шашпаса турмушу өтпөй калчудай.

Торгой атанын тукумдары кулдары болуп он бештей киши баратат. Бирин-экин каракчылар жолугуп калабы деп, кылыч, жаа, а түгүл бир атма мылтыктары да бар. Аларды коштоп күчтүү сак ажаан иттери келатат. Соодагерлер малын сатып пулдап кайра үйлөрүнө кайтышмак. Мал айдоочулар Жалгыз Булак деген жерге келип конуп калышты. Жалгыз Булак атына окшош жер экен. Булак жайкалып агып жатат. Жээгинде тал, жийде ар кандай бак дарактар. Жайкалып өскөн шибер чөптөр.

***

Турмуш, жашоо өтө жай жылат, ал эми жашоо жомок бат айтылып бат жылат эмеспи.

Түн ичинде бирөө аттарды кайтарса, бирөө уктап жаткан кишилерди кайтарат. Алар бири-бирин кайтарат. Ошол он беш киши кайсыдыр бир адамдан шектенет. Алар кимден шектенет. Эмне үчүн шектенет. Ушундай улуу жолдо, баратып баардыгы бир жаманчылыкты күтүп жаткансыйт. Алар эмнени күтүп жатат. Булардын арасында кимдир бирөө баарысынын душманы болуп жаткансыйт. Ошол душмандын элеси кайсы тараптан келет? Эмне үчүн келет? Ошол табышмак болуп жатпайбы. Баарынын элесинде буларга каршы бир душман келаткансыйт. Ал душман ким?

Түн ортосу болуп калган. Алыстагы улуу тоолор сүрдүү болуп көрүнөт. Ай жарыгы жерге күмүштү чачып ийгенсип

кереметтүү көрүнүп жатат. Анын нуру жердеги чөптө, гүлдөрдө чачыла шаң таратып жүрөт. Бир караан туруп акырын эки жакты карап, баарына көз жүгүрттү. Эмнеге көз жүгүртү экен. Акырын туруп, ал аттарга карай уурдана басып баратты. Ат кайтаруучунун оюуна бир жаман нерселер келип, балакет болуп, аттарды айдап кетеби деди. Жылкыларды ылдам айдап, уктап жаткан адамдарга жакындатты. Калмак акырын келип, атын кармап аны токуп, ошондо Майназардын уулу бир балакет болоорун билип, уктап жаткан кишилерди карай чапты. Ал үнүн бийик чыгарып ашыга айтты:

– Жолчоро, Каабын кул атын токуп жатат.

Баардыгы оорундарынан жапырт туруштү да аттарын карай чуркады. Майназардын уулу арыда турду эле Каабын кул атчан чаап келип аны шылк этме менен аттан оодара чапты. Ушул кезде жигиттер бат атма мылтык менен Каабынды атып калды. Ок калмактын үстүнөн кайып учуп өттү. Сестенген калмак атчан ары карай качты. Жигиттер шашып-буша калмакты карай чабуул коюп калышты.

– Каабын куралыңы ташта, биз сени эчтеке кылбайбыз. Сен биз мененсиң, караңгы түндө кайда барасың? Качпа! Атам сени дайым сыйлоочу, өз баласындай көрчү эле, атанын үмүтүн жерге таштаба! А кишиге шек келтирбе капа болуп калат.

Каабын сөз укпады, курал жарактарын шалдырата, түн аралй качып, анын артынан куугун калбай баратты. Торгой атанын тукумдары Каабындан такыр эч нерсени үмтөтө

албай калды. Калмак Желгара аргымагы камчылана жүрүп кетти. Эки жигит чапкылап отуруп үч күндө айылга келип, Каабындын жоругун айтышты. Жигиттер ат минип сак болуп калышты. Караңгы түн келип, айдын шооласы жерге араң төгүлөт. Жолчоро баатыр эки жакты карап, айылды күзөтүп турат.

Адамдардын баардыгы бир жаманчылыкты күтүп жакткансыйт. Каабынга керек болсо, төрт жигиттин да алы жетпейт, ошол үчүн сактаныш керек болуп калды. Айрыкча Каабынды багып чоңойткон Беккулу ата шектенип турду.

Атанын ар бир тукуму Каабындан жаманчылык күтөт. Ал кимди жок кылат, кимге азап келет ушуларды ойлоп ар бири ойго батат. Караңгы түн келди, ай асманда жок, баардык тарап караңгы. Жел сокhistoricalондо бадалдар гана шектүү шыбырт берет. Анда – мында уйкусунан ойгонгон куштар үн салат.

Жолчоро жакын жигитине:

– Алыста бир атчан келатат ким болду экен.

Жигиттер чуркап барып аттарын миништи. Тиги келаткан атчан бир нерседен шек алып калды. Атчан атын тык токтотуп, эки жакты абайлай карады. Ал аяр берилей боз үйгө карай жакындады. Ошол кезде Каабындын аты тык токтоп кишенеп жиберди. Жаныбардын үнү жай чыгып сызыла, анан басылды. Анын үнү Каабындын кара атынын үнүнө окшоду. Баардыгы ошол атчандын Каабын экенин билишти. Түн жарымында келип, боз үйлөрдү чаап, аттарды айдап, каалаганын иштеп кетмек болгон. Көп өтпөй жигиттер-

дин аты кошкуруп, аны аңдып жаткан адамдар бар экенин сезип, жылкынын башын шарт артка буруп качып жөнөдү. Куугун анын артынан калбай баратат. Бир калмактын артынан беш жигит түштү. Качкын караңгыда из жазгырып, кетти. Ал бул аймакты коёндун жатагына чейин билчү. Негизги максат кандай да болсо аны жок кылуу болчу. Же болбосо кекенген калмак кыргыздарга дагы көп кырсыктарды алып келмек. Түн өтүп, жерге жарык төгүлө баштады. Чыгыш жактан кашкайып күн чыгып келүүгө камынды. Чаначка сүзмө жана эт алып алыптыр, аттан түшүп, тамактанышып анан качкынды издей башташты. Качкын дагы артынан куугун келатканын билди. Эч жакта шыбаа билинбейт, куйту калмак күндүз изин жашырып, түн ичинде акырын билинбей качып кетүүнү ойлогон окшойт. Каабындын артынан Жолчоро, Абат, Кичимолдо, Үсөнкул жана Шыгай келатат.

– Бул Байкалмак карай тарапка кетти,– деди Шыгай.

– Анда кайсы тарап менен өтөт.

– Саяк Айрык тарап менен кетеер,– деди Үсөнкул колун жаңсап ошол жакты көрсөтө.

– Балким Таш Кыядагы чоң таштардын түбүнө жашынып жатпасын.

– Ай ким билет кыйды калмакты кантип колго түшүрөбүз.

– Аны колго түшүрүш керек эмес, атын атып, өзүн жарадар кылыш керек.

– Ал бүгүн болбосо да эртең келип бизден өч алам деп келет, ошол үчүн ал эч бирибизди аябайт.

– Аны эмне жок кылышыбыз керекпи, ошондой кылыш керек го.

– Анда аны чоң ашуунун түбүнөн аңдып жатып колго түшүрүш керек.

– Ошондой кылалы.

– Бизге ниетин бербеди го.

– Муну жок кылыш керек же болбосо кол жыйып келип бизди чабат.

Беш атчан дүрбү менен чар тарапты карап, Чолок- Төр тарапка келатышты.

Күн чайыттай ачык, тоо суулары небак тартылган учур. Тамак издеп учуп жүргөн каргалар, курк-курк этип жол улап бараткан кузгундар. Тээ берегi тик тарашадан таш кулады. Топ кийиктер Ашуу Төрдү карай токтобой закым салып кетип баратат. Тээ береги Кашка Сайдын жанындагы жылгадан эрбейип кетип бараткан жалгыз атчандын карааны көрүндү. Жолчоро дүрбүнү жанындагы Абатка берип:

– Жарыктык Желгара тулпардын үстүндө дардайып кадимки Каабын кетип баратат.

Абат дүрбүнү карап жатып айтты:

– Ошонун дал өзү экен.

– Артынан куугун түшкөнүн билген тура.

– Кыйды неме колго түшөөр бекен.

– Түшөт биз куугунду жакшы уюштурушубуз керек.

– Кой, муну туугандарына жеткирбей жок кылалы.

– Беккулу ата буга кандай болушуп, кандай көтөрчү эле, ар дайыма сыйлап анын алдынан өтчү эмес, эми кылып отурганын карасаңар. Ал Беккулу атанын үч баласын жок кылгысы келет.

Бешөө көрүнбөй кычыкты айланып өтүп, Каабынды астынан тосмой болушту. Качкын эч кимден шек санабай, бешөөнө жакын келди. Каабын артымда эч ким жокпу деп тарапты кылчак-кылчак карап коёт.

Абат шашма киши эле:

– Атып салалы муну эмнеге маанаке-саанаке кылабыз, биз элдешкен күндө да бир балакет кылып, бизге такыр ыркын кошпойт.

– Коё туралычы акыркы сөзүн угалычы.

– Эмне деер экен качкын калмак.

Ошол кезде Каабындын аты жылкылардын дабышын алды окшойт тык токтоп, шыңгыр кишенеп жиберди.

Жолчоро үнүн бийик чыгарып:

– Эй, Каабын эми каякка качасың эсиңе кел, биз сага душман эмеспиз, эсиңе кел. Биз сага душман кылгандай эмне кылдык эле? Дитиңи бизге бер! Каабын башын көтөрүп, таштын ортосунда турган куугунчуларды карап жиндене:

– Ал менин ишим, кыргыз канчыктары.

– Биз итбизби, же сенби?

– Силер итсиңер бир кишинин артынан көп киши куугун куубайт.

– Эсмңе кел Каабын биздин нанды жеп, тузубузду татыдың эле, сага биз жаман иш кылган жокпуз го.

Каабын өзүн токтото албай зиркилдеп үнүн жоон чыгарып ачууланды:

– Мен силерди баары бир жок кылам калмактарга жетип, кошуун курап келем.

Ошондо Жолчоронун жаны күйүп кетти:

– Эсиңе кел Каабын Беккулу атанын тузун татыдың, биз сага жаманчылык кылбайбыз. Кара ниеттик кылсаң өзүңө жаман, түбөлүк оңбойсуң.

– Жетим калган бала чагыңан бери Беккулу ата кор кылбай бакты, бизден эч бир жаманчылык көргөн жоксуң.

– Эй, кыргыздар, силерди мен жок кылам, коё тургула калмактар башынан күчтүү алар силерди чабат.

– Азыр сени жок кылыш керек итке иттей мамиле кылабыз.

– Силер бешөөсүңөр мага асылбагыла, андан көрө баатыр болсоңор, жекеме-жекеге чыккыла. Мен жеңсем силер унчукпай кете бергиле.

Жолчоро буга макул болду.

Абат үнүн катуу чыгарып айтты:

– Ой, Жолчоро аба антпей эле атып салалы, калмакка биздин алыбыз жетпейт, ал күчтүү бизди майып кылып салат. Акыры түбү душман, жерине барып күч курап келип бизди чабат.

Жолчоро айтты:

– Канча кылса да биз менен бирге өсүп калды эле эми буга жоодой мамиле кылбайлы, баатырлар кыл чайнашып күрөшөт дейит, буга биз баатырдай мамиле кылалы.

Беш баатыр түзөңгө түшүп келишти. Каабын туктүйө найзасын айбалтасын алып, кана киминер эр сайышка түшөсүңөр дегенсип, теңине албай күтүп турат. Кечөө эле тууган эле эми душман болуп чыга келбедиби. Тагдыр деген ушул экен. Колуна түшсө бир дагы киши аячудай эмес. Териси тарып, жедеп душмандыгы күчөп башынан ашып түшүптүр. Ат үстүндөгү Каабындын элеси өтө коркунучтуу сезилип, беш баатырдын жүрөгү сыздап кетти. Күчтүү кул биздин башыбызга кандай балеени алып келет деп санаага батты. Бирок берки баатырлар да оңой эмес эле.

Күн ачык асманда жору кузгун айланып турат. Ар кайсы жерден майда куштар үн салат.

Бешөөнүн заманасы куруп кандай тагдыр болоор экен деп турушту.

– Жолчоро аба эр сайышка мен чыгайын,-деп Абат.

– Жок сен жашсың, эр сайыштын ыкмасын жакшы билелексиң. Эр сайыш менен ойноого болбойт, жаңылган кишинин башы өлүмгө кетет.

– Анда мен чыгайын,-деди Үсөнкул кыңырылып.

– Жок сен алдырып жибересиң Каабынга күчүң тең келе бербейт.

Үн жок тымтырс. Ошондо токтолуп туруп, Жолчоро сөз баштады.

– Мен чыгам,-деди Жолчоро баатыр.

– Абат Тору кашка атыңы мага бер.

Тору кашка жаныбар көп эр сайышты башынан өткөргөн албуут, оңтоюу келгенде эр жигитти кутултуп ойт берип кетме жери бар. Бир таканчык берсе ушул жаныбар таканчык берет. Оңтоюуна салып жоонун атын капталы менен уруп өтмөйү бар эле. Жолчоро Тору кашка жаныбарды минип, кылыч, айбалта, найзасын алып ат үстүндө дардайып турду.

– Манас баатырдын арбагы колдосун!

Төрт баатыр кыбыланы карап кудайга жалынып жиберишти.

– Атаңдын көрү бул кулду сүнөткө отургузуп алганда бир жолу биздин динге өтүп, кастык кыла албай калат эле,– деди Абаат аябай өкүнүп.

– Торгой ата өз дининде тим койгула дебедиби, муну ошентиш керек болчу. Эми карачы, ээ- жаа бербей кулдун кутуруп турганын.

Эки баатыр аттарын бастырып, түзөңгө келишти. Экөө тең бир-биринен кем калбаган баатыр эле. Чоңдугу боюнча Каабын олбурлуу болчу. Ал Жолчорону теңине албай мен-менсинип күлө карап шылдыңдагансып турду. Жолчоро ичинен ыза болуп « Коё тур кургурум, колума түшсөң, башыңды жеп тынам».

Жолчоро:

– Калмак качкыны эмесиңби ал кезметиңди, ким жаңылса, ал оңбой калат,– деди.

– Антпе, кыргыз каның төгүлөт, мен силерди өлтүрүп, каныңарды ичем.

– Каабын аны кезектеги кармаш чечет, эгер жеңилсең мен сени жөн койбойм.

Жолчоро куралдарын кармап, кармашка даярданып турат.

Каарданган Каабын Жолчорону оңтоюу келсе күм-жам кылып жок кылууну самайт. Каарданган Кабын Желгарага камчы уруп, чыгышка карай чаап барып, кайра кайрылды. Ал атын камчылап, найзасын Жолчоронун жүрөгүнө мээлеп, тоголото уруп, башын кесип кетмей болду. Жолчоро душмандан калканы менен коргонууга камынды. Торгошка ат Каабындын Желгарасынын кыймылын түшүндү окшойт, токтоно албай алдыңкы эки буту менен асмандай секире айга жанып алды. Эки баатыр бир-бирине жакындады. Ошол кезде Жолчоро үн салып катуу кыйкырып жиберди да, Каабындын найзасын ай балта менен кагып калды. Темирге-темир келип тийгенде айбалтадан «чаңк» деген дабыш алыска-алыска тарады. Айлана бул дабыштан сестене түштү. Эгерде Каабындын куралын Жолчоро айбалта менен тоспогондо катуу соккуга учурап, аттан кулап түшмөк, анда Каабын эң жаман иш иштемек. Эмки туруп берүү кезеги Каабынга келди. Жолчоро Торгашканы каргытып келип Каабынды найза менен уруп калды. Желгара ошол кезде буйт берип, сактап калды. Тоодой болгон калмак ат үстүнөн эңшерилип кете таштады. Эмки сайыштын кезеги Кайра Каабынга келди.

Каабын Желгараны каргытып келип Жолчорону урмак болгондо айбалта менен коргонуп калды. Жолчоро жини келип аябай өкүндү. Каабын туруп берди. Жолчоронун найзасы Каабындын жүрөгүнө тийбей оң ийнине тийди. Каабындын көзүнөн от чагылыша түшүп катуу жарадар болду. Эми эки баатыр кылычташа түштү. Каабындын оң колу жарадар болуп, такыр күч бербей жатты. Ал жеңилеерин билип, атынын башын буруп качты. Каабын кайрыла калып эки жолу жаа тартты. Бул силер менен элдешпейм, өлүгүм талаада калсын деген белги эле. Биринчи огу Жолчоронун башынан алыс кетип, экинчи огу кашка аттын жанбашына келип сайылды. Кашка ат жаанын сайылганына чыдай албай кетти окшойт, эки бутун асмандата ай чапчып кишенеп жиберди. Жолчоро оң колу менен жаанын огун сууруп салды. Каабын качып баратат. Жел кара аргымак көзгө илешпей закым болуп баратат. Жалгыз калмак кете берсин деп ойлогон. Бирок ал эртедир-кечтир келип кыргыздарга бир бүлүк салаары белгилүү эле. Ошол үчүн анын жок кылыш керек болуп калды. Каабын жол оңутун билип, тезиреек кутулуп кетишке Жаман Эчки тарапка чу койду. Ал ошол жактагы суюк токойго кирип таптырбай кетүүнү ойлоду. Калмак ар дайыма куралдарын өзү менен ала жүрчү. Ал жаа тартуу жагынан да мыкты чебер эле. Ал асмандагы кушту атканда жанына топ этип келип түшөт. Аны кутултуп жибербеш үчүн анын артынан кугунчулар катуу келатты. Тоодон ылдый кулаган шар суу нечен кылымдан бери өзүнүн ырын ырдайт. Жол таштак

өр. Айлана бейкуттукка чөмүлөт. Анда санда тоо чымчыгынын үнү угулат. Ар кайсы жерде кой таштар кезигет. Жогору жакты карасаң бийиктикте аскалар ылдый салаңдап, кичине эле тийип койсоң кулап кетчүдөй болуп жүрөктүн үшүн алып турду.

Каабындын кара аты мындай жолдо жедеп такшала чуркап өткөн коёндой ылдам секирип, аттап-буттап кетип баратты. Куугунчулар артынан калбай куугундашып, Жолчоро бат атма мылтыгы менен меелеп туруп атты эле, ок качкындын башынан кайып өтүп ташка тийип «чыр» деген үн чар тарапка жаңырды. Дагы эки жолу атты эле ок жетпей барып, кара жер топуракка сиңип кетти. Качкын кара атын кара терге түшүрүп, кутулуп кетүүнүн айласын жасап баратты. Учкан кушка жеткирбес жарыктык Желкара жаадай сызып алдыга баратат. Бул Желгара кайсы жердин малы эле. Ал окуя төмөндөгүдөй болбоду беле. Эс тартып калган Каабын бир күнү Беккулу атага кайрылат:

– Ата мага ат берсеңиз мен дагы балаңыз элем,– деп атага кайрылат.

Эч нерсе жаманчылыкты сезбеген айкөл ата ага ушул канаты бар кара аргымакты кармата берген. Чын эле атага берилбес бул адамдын ниети кара экенин ал кезде кайдан билинет. Атка шыктуу Каабын аны аябай таптайт. Өзүнө курал жаракты топтоп, бир күнү качып кетүүнүн жолдорун ойлонуп келген эле. Бала чакта анын атасы ат таптаган мыкты саяпкер болчу. Аттын жөнүн ал ошондон үйрөнүп кал-

ган. Калмак талаадагы, желедеги жылкылардын баарын карап чыгып ушул жүдөө кара тайды жактырып калып:

– Беккулу ата мага бобул эле жүдөө кара тайды бер деген.

Аргымак сырын билген Беккулу ата да ушул кара тайга көзү түшүп жүргөн. Кара тай чаалыкпаган жаныбар болот,– деп ата да баамдаган. Бирок «кулум деле менин жакыным эмеспи мине берсин, кара тай сенден айлансын»– деп айкөл ата Каабындын тири карактыгын түшүнүп, күлүк жаныбарды андан аяган эмес эле. Бала кара тайды үйрөтө баштайт.

Ошондо саяпкер Нурсейит:

– Беккулу ата бул бала тегин эмес экен ат күлүгүн билет тура,– деген.

– Ой, бул бала, калмактын атактуу байынын баласы болгон кыргыздарды чаба берип такыр тынчтык бербей койгондо, биз аны кешигин кетире кыйратып, оокатын, малын талап алып урук тууганын кул кылып алганбыз.

Калмак таптаган атын «Желгара» деп коёт. Желгара далай сызып байгелерди ала баштайт. Муну көргөн Беккулу атанын жакындары:

– Ата буга эмне кара күлүктү бердиңиз,– дешет.

– Ой эми, бир тай экен ошону койчу, күлүк керек болсо момунча жылкыдан күлүк тандап ала бербесиңерби,– деген.

Атанын айтканына алар макул болушкан.

Калың журт дагы Беккулу атанын марттыгын өтө жактырган. «Март болсо Беккулу байдай болсун тигине кулу күлүк чаап жыргап жүрөт»– дешкен.

Желгара жаныбар укмуш ат болду. Ал Манас жомогундагы Алгара сыяктуу болуп калды. Балдар дагы Желгара жаныбарды Баатыр Коңурбайдын Алгарасына окшоштуп төмөндөгү ырды чыгарышкан.

Минген кезде жарашат,
Каабындын кара аты.
Капталында бар эле,
Калдайган эки канаты.

Каабын кара тору кара мурут, куш мурун тултугуй бет балжайган жигит эле. Ал дайыма кундуз тебетей кийип сыланганды жактырган.

Качып баратып Каабын армананданды « Атаңын көрү бекер кылган экем, атанын эле айтканы боюнча болгонумда эмне? Мындай азап-тозокко учурабайт элем. Булар мени соо койбой калды» – деди оюнда.

Жолчоро:

– Беккулу атам ушул кара атты Каабынга бекер берген аны өз баласындай көрчү эле.

Куугунчулар Каабынды кууп жүрүп отурушту. Бат эле түн кирип, жылдыздар жымыңдап чыкты. Акыры эч нерсе көрүнбөй калганда, куугунчулар чоң таштын түбүнө келип, эс алып тамактанышты. Бирөө атка сак болуп кайтарып жатышты. Калганы эки жактан эптеп кургак отун чогултуп, жаа менен атып алган кекиликти куйкалап жешти. Калгандары эки жакты Каабын келип калабы деп акмалашып сак жатты. Таң ата элек караңгы жылдыздардын нуру жерге төгүлүп,

куугунчулар тамактанып бүтүп, аттарын минип куугунга камынышты. Тээ сайдын ары жагындагы чоң таштын түбүнөн жылтылдап күйгөн от көрүндү. Жолчоро:

– Тетиги от мергенчилердики же алардыкы болбосо Каабындыкы. Ал түндө ашуудан ашып кете алмак эмес. Ашуудан бүгүн ашат.

Алар аттарын минип бат эле отту карай ашыга жете келишти. Бешөө от жакты караштЫ. Бир адам от жагып жаткан экен. Жакшылап караса, Каабын экендиги байкалды. Ал оттун алоо жарыгында коломтонун жанында отурган дөөнүн элесин берип турду. Качкын бир нерсени куйкалап бүтүп, ашыга апылдатып жеп жатат. Аябай ачка болгон шекилденет.

–Каабын экен ылдам барып колго түшүрүп алалы.

– Колго түшүрүүнүн кереги жок аны ушул жерден жок кылыш керек, ошондо биз келишпес жоодон кутулуп тынч уктайбыз. Билесиңби анын эмне деп айтканын ал Беккулу атанын үч баласын өлтүрүп тукум курут кылып кетем,-деген. Биз аны ушул бойдон тим койсок ал баары бир бизди чаап, уйпалап кеткенге аракет кылат.

Бул сөздү угуп баардыгы шалдайып калышты.

Ошол кезде келаткан аттын кабарын алдыбы, Каабындын кара аргымагы кишенеп жиберди. Каабын келаткан кишилердин кабарын алып, даяр турган киймин кийип, бат эле жолго чыкты. Куугунчулар анын артынан кууп калышты. Качкын кара атын камчылап ашууга карай бет алды.

Жылдыздар асманда жымындайт. Аркайган ашуу тараптан сууктун илеби согуп адамды ичиркентет. Ар кайсы жерде атам замандан берки таштар сороёт. Азырынча теребел тынчтыкта. Каабын атын камчылап, ашууга карай жол тартты. Ал артынан куугун калбай катуу келатканын билди. Качкынды Жолчоро мылтык менен атты. Ок Желкаранын оң бутуна тийип, аксап баса албай калып, жарыктык жаныбар жадам сурап аянычтуу кишенеп жиберди. Качкын аттан түшүп, куралдарын алып качып баратты. Бир аз чуркап кача албай демигип күйүгө, жыла албай калды. Ошол кезде ал жаасын, мылтыгын алып кыргыздарды атууга камынды. Каабын да оңой мерген эмес эле. Жолчоро меелеп туруп атып калды. Ок калмактын сол капталына тийип, тоголонуп жатып калды. Куугунчулар бат эле жете келди. Качкын катуу жыгылып, денеси бир далайга дир-дир этип кагып турду да, анан оозунан кара кочкул кан агып, бат эле жан берип жатып калды.

Жолчоро:

– Бизге дитин бербеген качкын шыбагасын ушинтип алды, тууган болуп көңүлүн бербесе да, көп жылдан бери биз менен бирге жүрүп калды, сөөгүн тетиги жерге алпарып жакшылап көөмп коёлу. Денесин таштап карга, кузгунга жем кылсак биздин мойнубуга күнөө жүктөлүп, тынч жашай албай калабыз. Баатырлар унаасынан түшүп, аттарынын ооздугун чыгарып, отко коё беришти. Качкындын курал жарак, буюмдарын алып анан кудайга жалынып, сөөктү кыбылага карата кийими менен казылган чуңкурга салып, топурак жа-

на майда таштар менен көөмп киришти. Денени тапшырып бүткөндөн кийин ит-куш жеп кетпесин деп, чоң таштарды үстүнө үйүп киришти. Бир азга ошол жерде эс алып отурушту да анан туруп, колдорун агып жаткан булактын суусуна жуушту. Ушуну менен байкуш Каабындын иши бүттү. «Бизге тынчтык бербедиң эле эмне кылабыз, тагдырдын иши ушундай эле дешти». Аттарынын минип, Желкараны акырын жетелеп келе жатышты.

Айлана кулак кескендей жымжырт. Такыр эчтеке болбогондой элес келет. Жерге күн нурунун жарыгы толук төгүлүп, күз күнүнүн элеси.

Качкындын сөөгү чоң таштын түбүндө алыс калды. Кара ат жетелеп келаткан беш жолочу. Созулуп жаткан жарыша кеткен жолдор. Бетегелер катуу тартып ката баштады. Чоң таштын түбүндө шылдырап тунук булак ыр ырдап агып жатат. Ал өмүрдүн элесин жакшы жышаана кылып ыр таратып жаткандай.

Бүгүн күн ачык, тээ береги карт аскада илинип боз булуттар турат.

Ак элечек кийген касиеттүү эне айтып калаар эле:

– Үч баламын кыялы үч башкача болду. Улуу балам курумшу мал жанга ынак болуп, айрыкча Камбар ата тукумун берилип жакшы көрөт. Ал малын көбөйтүп, бизди жыргатып, сасыган бай болот го.

Эне бир тынымга токтоп калды да анан сөзүн улантты;–

Үчөө аман –эсен чоңойду, үйлөнүп да алышты, эми бала-чакалуу болуп жаманчылыгын көрсөтпөсө болду, журтубуздун саны арбып, тукумубуз көбөйсүн,– деп кудайга жалынып бата тилеп койду. Анан эле эне жанындагы кемпирлерге кой десе болбой дагы сүйлөп кирди,– Ортончу балам Бүтөбай болбоюуп эң эле жоош, эчтеке менен иши жок, барбы, жокпу баарына кайыл. Бирок ата-энесинин тилин аябай алып, биздин сөзүбүздөн чыкпайт. Ал атасын айрыкча жагат. Атасы менен жаны бирге. Ал бүркүт салып, куш агыткан менен ынак жакшы адими кийинип, тайган коё берип ошол иши менен алек. Анан комузга өтө жакын өрүк комуз чертип, кыз келин, элге ырдап берип, ошолордун батасын алганга умтулат. Атасы сыяктуу эч нерсе менен иши жок. Ортончу балам, Шоңко күлүк таптап, ат чыгарып, Камбар Ата тукумуна ынак болуп калды. Күлүк чаап байге алып, ошонусу менен чоң атакка жеткиси келет. Күлүк минип алып, айылдан-айыл аралап, сулуу кыз издеп үрөөнөк иттерди абалатканга маш. Эне айылдагы Кермекаш деген бир куудул келиндин ырын айтып берди:

Шоңшоңдоп унаа желдирип,
Шоңко жигит атын чаап.
Кабанак иттер арт жагынан,
Калбай келет такымдап.
Кара атына камчы уруп,
Каткыра күлүп арылай.
Кара аты желдей учуп,

Кабанак иттер жете албай.

***

Ошол Ысык -Көлдүн чыгыш жагында турганда түштүк тараптан бир белгилүү аттуу, баштуу сынчы келип калат. Беккулу атанын оюу ошол сынчыга кетет. Ал алдыңкы келечегин көп ойлоочу эле. «Үч баламы сындатып көрөйүн, касиеттүү сынчыдан жакшы сөз угаар бекем»– деп, үмүтү асманга жылдызданып учуп туруп алат. Акыры ак боз жоргосун минип чыгып, саруулардын айлында ошол сынчыга жолугат. Сынчыны коштоп жүргөн адамдары менен үйүнө ээрчитип келет. Үйүнө алып келип жакшы коноктоп, эки-үч күнү баштан өткөн окуяларды сүйлөшөт. Акыры сынчыга мындай сөздү жөнөтөт:

– Касиеттү сынчым менин бир өтүнүчүм бар эле үч балам бар ошолордун келечегин сындап бериңиз,-деп кайрылат.

Сынчы бул ойду эчак эле баамдап турган. Ата сыртка чыгып, бир жигитке үч баланы ээрчитип келгин,-дейт.

Көп өтпөй жакшы кийинген үч бала кирип келип сынчыга салам айтып, ирεге жакка тизилише отурушат. Алар чай ичип, бир азга турушат да.– Мына булар менин балам,-дейт.

– Буюрса жакшы экен уучуң узарып, бактылуу карыя болот окшойсуң.

– Эмесе сынчым ушулардан кандай жышаан көрүнөт ошону айтып бере аласызбы?

Сынчы балдардыкарап анан бир азга ойлонуп калат да, оң чөнтөгүнөн таза чүпөрөккө оролгон далыны алып чы-

гып, жана жерге чүкөлөрдү калчап кондурат. Төлгө таштарды алып аны ак чүпөрөккө жаят. Үчөөнүн колундагы бырыштарга көз жүгүртөт. Сынчы үч баланы толук карап бүтүп, анан,– Эми сыртка бара бергиле,-дейт. Үч бала ээрчишип сыртка чыгып кетет.

Анан бир аздан кийин сынчы далыны жана теспени бир карап сырдуу сүйлөй баштайт.

– Үч балаңан көптөгөн тукум тарайт тура. Балдарың жаратканымын талы колдоп, өзүнчө жер, сайлуу өзөндү конуштап, сенин атыңы чакырат экен. Улуу уулуң чатакчыл, ортончу уулуң токтоо, ал эми кичүү уулуң шумураак шок көйрөңүрөөк жагы болот. Маңдайында жазуу бар ат таптап, дубанга белгилүү атактуу болгусу келет экен. Бий болуп эл бийлегенге аракет кылат. Ал үмүтү да акырындык менен аткарылат окшойт. Маңдайында ошондой жазуу турат. Ортончу балаңын тукумдары токтоо тартып, андан дагы көптөгөн уулдары болот. Үчөөнөн тукумдар таралып көптөгөн жерди конуштайт. Тукумдарыңын арасынан жалпы элге белгилүү адамдар чыгат. Алардын аты башка журтка таралып кетет экен. Айрыкча кичүү уулуңдун даңазасы, бийликтеги ошонусу арбын жерге айтылат окшойт. Балдарыңан адамга моюн бербеген өткүр, бийликке умтулган далай адамдар чыгат. Үч балаң өзөн бойлоп конуп, андан көптөгөн билермандар таралат,– Касиеттү сынчы ушуну менен керемет сөзүн аяктайт. Беккулу ата сынчыны жылуу жүзү менен карап:

– Касиеттүү сынчым айткан сөзүңүз келсин, жакшы сөз

сүйлөп менин жанымды эриттиңиз, балалуу болбой жүрүп балалуу болдум эле, сиздин айтканыңыздай уулдарым, неберелерим айыл-айыл болуп өзөн бойлоп конуп, менин наамымы чыгарса экен,– деп дагы көптөгөн сөздөрдү сүйлөп жаратканга жалбарып бата кыла жашып, кайра кайратын жыйды.

Колунда бар Беккулу ата сынчыны эки күнү жакшы коноктоп, сынчыга суусар тебетей кийгизип, үстүнө бейкасам чепкен жаап, бир ак боз жорго мингизип сыйлап узатты.

– Беккулу балам, тим эле койсоң болмок мынча ашык сыйдын эмне кереги бар эле,– деп касиеттүү адам тартынат.

– Антпеңиз жарыктык сизди тилинде мөөрү бар берекелүү адам дейт. Сиздин айтканыңыздын баардыгы келечекте келеер, анан мен сизди жөн эле кантип узатмак элем, ардактуум биз таанышып алдык ары-бери өткөндө тартынбай келип-кетип туруңуз. Үйдү көрүп алдыңыз,-деп сынчыны сылыктык түрдө узаткан экен.

Ошондон бери көптөгөн санат жеткис жылдар өткөн экен. Ал сынчынын айтканы кандай болуп аткарылды, кайсынысы аткарылган жок аны өзүңөр жыйынтыгын чыгарып тактап көргүлө.

***

Балдарынын ичинен кичүү уулу Шоңко эң эле берешен, эң эле эрке колу ачык болуп өстү. Ал кичүү бала болгондуктан каалаганын кылгысы келген эле. Узак жылы балалуу болбогон ата балдары өз эркинче койчу. Ошонун да негизи бардыр. Ошол кезде аш той көп өтүп, ал баланын делебесин

козголуп, күлүк чаап баягынын күлүгү деп бүткүл дубанга белгилүү болгусу келген. Ал эмне болсо да бүткүл журтка күлүк чаап даңктуу болгусу келген. Беккулу атанын элге белгилүү үч күлүгү болгон алар дагы жалпы дубанга атагы чыккан. Алардын Айкашка күлүгү кереметтүү мал эле. Ал бүткүл дубанга белгилүү жаныбар болчу. Бул күлүктү атанын кичүү уулу Шоко өзү чабандес болуп чапчу. Ал күлүк таптоонун сырын да жакшы билип алган. Мүнөзү шар токтолбогон жагы бар болчу. Бир нерсени бат эле туура чечип алат. Анын эң эле асыл сапаты кайырчыларга, турмушу начарлар бир нерсе сураса алдындагы малын ата-энесинен сурабай эле кармата берген. Бир жолу бир короо койду айдап келатып, чоочун айылдын аягына келет. Ошол жерде үч жарды үй бүлөө болгон. Үй бүлөнүн балдары суунун жээгиде ойноп жаткан болот. Балдары арык буттары, чийдей болгон денеси, кийимдери жок жылаңач турганын көрүп, Шоңконун көңүлү ооруйт. Эмне кылып жардам берээрин билбейт. Анан эле бир нерсе эсине кылт этип келе калат. Балдарды чакырып, он койду козусу менен бөлүп, балдарга айдатып боз үйдүн жанына барат да ал жердеги балдардын ата-энесине:

– Бобул малдын жарымын силерге берем, мал кылып жашооңорду өткөргүлө,– дейт чоң кишиче.

Улгайып калган адамдар таң калат:

– Кой садага бул кылганың жарабайт, Беккулу аба нааразы болот го,– дешет.

– Мен берип жатам, ага жообун мен берем,– дейт.

Беркилер Шоҥкого ыраазы болуп жаадырып алкышын айтат. Ошол окуя бүт жерге тарап кетет. Эне уулуна наараазы болуп:

– Балам бул эмне кылганың, малдын баарын таратып жибербе.

– Эчтеке эмес эне бизге калганы деле жетет. Алар такыр эле ачка болуп жатпайбы. Биз кымыран ичсек да жашайбыз.

– Балам туура айтат, биздин эл жарды жашаса биздин бай турганыбыздын кимге кереги бар,– деп Беккулу ата коштоп кетти.

Беккулу атадай Шоҥко да колу ачык болгон экен деп уламаларда айтылат.

Ал адам жөнүндө төмөндөгүдөй ыр жаралыптыр:

Беккулун Шоҥко уулу,
Жарды адамды аяган.
Башкага аты тараган,
Баардыгына таанымал.
Шоҥшойгон Шоҥко уулу,
Колу ушунча берешен.
Ысмына шоола себилген,
Ыйык сапат энчиленген.

***

Айкашка күлүк эң кереметтүү мал эле, ал дубанга белгилүү мал болчу. Жарыктык жаныбардын денеси бүтүндөй кап-кара маңдайында жаңы ай чыккандай тегерек шооласы бар эле. Ошол үчүн ал жаныбарды «Айгашка» деп атап ка-

лышыптыр. Айгашка күлүк Айгашка болуп турганда далай жолу биринчи, экинчи байгени алган. Шоңконун жылкыны сүйүп калган жагы ошол Айгашка күлүктөн башталды. Ал бала кезинен эле түн ичинде жылкы кайтарып, « Бекбекей» ырын созгонго кызыкчу. Ошентип жүрүп, жорго мингенге кызыга баштады. Бир күлүк жоргом болсо деп үмүттөнүп жүрдү.

– Уулум кайдагы жоргону айтасың, жорго колуңда эле турбайбы- деп ата нааразы болду.

– Ата мен ал жоргону караанын көрдүм.

– Кайда экен ал жоргонун кабарын айтчы?

– Ата ал жоргону мен акыры таптым, ошол жоргону сатып берсең эле болду.

Касиеттүү адам ары ойлонуп, бери ойлонуп турду. Бу балам жоргонун даңкындай атак-даңкты издеп жүргөн бала экен. Мейли эми сатса, сатып берейин, – деп ойлонот.

– Ал жорго кайда экен мен аны кайдан таап берем?– баласына суроолу карады.

Шоңко атанын сөзүн угуп сүйүнө:

– Биздин туугандарыбыз Тынымсейит уруусунда Нарбото деген байында бар экен. Ошол Акбоз жоргону сатып берсеңиз эле болот. Мен аны эки жолу түшүмдө көрдүм жорго салышта биринчи орунду ээлегенин даана көрдүм. Мен алдыда боло турган ишти түшүмдө көрдүм. Түшүм чындык.

Ата ары ойлонду, бери ойлонду. Балама ошол жоргону алып берейин бир жолу мунун өтүнүчүн аткарайын деп ой-

лонду. Түштөгү иш сөзсүз өңдө болот.

Андан бери бир топ күн өттү.

Быйыл жаз эрте келип, чар тарап бат эле көркүн ачып жашара келди. Малдын кара эти толуп, нык семирип бат эле эттенип чыга келди.

Ошол жайдын сонун күндөрүнүн бириңде, ата жоош Акбоз жоргосун минип, баласына жомоктой түштөгү жоргону издеп Кичи Нарындагы Тынымсейит уруусундагы Нарбото деген байды боолголоп жолго чыккан экен. Ата жанына бир жигитти ээрчитип конуп-түнөп жүрүп отурду. Өзү торгойдой, аты ыргайдай болуп жүрүп отурду, жүрүп отурду. Ал жолдо ак калпакчан кара мурут жигиттен сурады:

– Кагылайын сапардагы жолочум Нарбот деген байды билесиңби?

Берeги жигит ойлонуп-ойлонуп калды да андай адамды уккам бирок кайсы жерде экенин анык элестете албайм, анын сизге эмне керeги бар эле?

– Ошол Нарбото байдын акбоз жоргосу бар экен ошол жоргону кичүү балама сатып берейин деген элем ошол жоргону издеп сапар жолдо баратам.

Берeги киши атаны таң кала карап калды да анан сүйлөп кирди:

– Уулуңуздун кызматы үчүн балага жорго издеп чыккан экенсиз, жээ балаңызга канат издеп чыгыптырсыз, ал сөзсүз табылат. Талыбай жол уланта бериңиз. Ак үмүтүңүз акталат. Ата болуп ал жоргону таап берсеңиз сиздин уулуңуз жорго

минип жолго чыгат. Сапарыңыз байсалдуу болсун,– деп жаш да болсо алиги жигит атага жакшы батасын берди.

Ал тынбай жол жүрүп баратты. Аз жол бастыбы, көп жол бастыбы, иши кылып жол жүрүп келатты. Жолдон учуп бараткан карга, кузгундарга жолукту. Канаттуулар андан сурап калды:

– Жол жүргөн жолочум кайсы жакка жол улап бараттың эле?

– Мен кичүү уулма жорго издеп баратам.

– Анын жакшы адамым сен балаңа камкордук кылып чыккан турбайсыңбы талыбай сапар тартып кете бер акыры издегениңи табасың.

Ал жол жүрүп отурду, жол жүрүп отуруп канча жол басканын да билбей калды. Кечүү кечти, жайык аралады, кычыктан айланып өттү, ага жараша күн дагы жакшы болгон жок бирде ысып, бирде каарданып бороон согуп турду. Ата менен анын ат кошчусу талбай жол улап келатты. Ат кошчусунун аты Бакыт эле:

– Бакыт уулум биз издеген атыбызды таба алабызбы?– дейт.

– Табабыз ата, сиздей эл- журтка керектүү белдүү адам турганда сөзсү табабыз,– деп атага ишенимдүү жооп берет.

– Туура айтасың Бакытым мени жанымда ат кошчу болуп Бакыт баратат демек мен издегениме жетем.

Атанын ат кошчусу Бакыт ат кошчу да болуп кетет, жана колдоочусу да болуп кетет. Бакыт атанын артында баратып,

бирде жок болуп, бирде бар боло калат. Бирок атаны жалгыз таштабайт, атаны кабалаң ар кандай жаман окуядан колдоп жүрүп отурат. Атаны Бакыт деген колдоочусу өмүр боюу коштоп жүрүп отуруп, анын ушундай өлбөстүккө алып келген.

Алар өздөрү торгойдой аты ыргайдай болуп кетип баратты. Жолдон алар жеерде ат минген улгайып калган ак калпакчан бир адамга жолукту. Биринчи жеерде атчан атага келип салам берди. Ата алик алды.

– Жолочум эмне издеп жол улантып баратасың?

– Үч балам бар эле Кенже балам Шоңкого акбоз жорго издеп баратам.

– Аныңыз жакшы экен балаңызга таалай издеп чыккан адам экенсиз табаарыңызга жакын калыптыр. Ушул жол менен жүрүп отурсаңыз ошого жетесиз,– деп айтып жолочу жол жүрүп көздөн кайым болуп жоголот.

Ата менен ат кошчу Бакыт экөө кетип баратты. Кетип баратты. Канча жол басканын өздөрү да билбей калды.

Алар жүрүп отуруп, үч айрылыш жолго келди. Үч айрылыш жол кычыктан чыгып үч тарапка кеткен экен. Ата менен ат кошчу кайсы жолго түшөөрүн билбей башы маң болуп катып калды. Ата мелтиреп кайсы жолго түшөөрүн билбей телмирип ойго батып карап калды. Бир кезде анын кулагына үн жаңыргандай болду. «Ортоңку жолго түшө көр, ошондо сен издегениңи табасың». Ата ошол жаңырыкты эшитип ортоңку жолго түшкөн экен. Ал ошол жол менен кетип баратты. Кетип баратты. Бакыт атага жылмая карап:

– Ата биз издегенибизге жетип калдык окшойт. Мен Акбоз жоргонун элесин өңүмдө көргөнсүп турам. Ошол Акбоз жоргону сиз жетелеп бараткандай болуп турасыз.

– Айтканың келсин уулум сен Бакыт деген уулумсуң да сени менен бирге кеткен кишинин жолу сөзсүз ачылат жана таалайга жетет.

Алардын өңүндө жылмайган кубаныч бар. Экөө ар кайсы окуяны сүйлөшүп жүрүп отурду. Анан эле алар келатып, бир чоң белден ашкандан кийин укмуштуудай сыйкырдуу чоң өрөөн ачыла келди. Ата менен Бакыт ал өрөөндү карап таң калды. «Биз издеп отуруп ушундай кереметтүү чоң өрөөнгө келдик бизге келечек ачылат» деп ата кубанды. Өрөөндүн ортосунда ала-сала тоодон келген дарыя мелмилдеп агып жатат. Өрөөн малга жык толгон ар кайсы жерде кардай аппак чоң канат боз үйлөр өрөөндү көрктөндүрүп турат. Аймак бүтүндөй ар кандай мөмө берүүчү дарактарга толгон. Бул жерде жапайы жаныбарлар мал менен кошо жайлып жүрөт. Тигинде керемет бугулар оттоп жатат. Ата менен Бакыт бул жомоктогудай көрүнүштү көрүп таң калды.

– Ата биз кайда келгенбиз, бул жер жомоктогудай жер го.

– Балам жаратканым жардам берсе, бизге ушундай тагдыр ыйгарат.

– Ата биз ортодогу жолго түшкөнүбүз сонун болгон экен. Эч бир адашкан эмес экенбиз. Кудай буюрса жолубуз ачылды окшойт.

– Ооба Бакыт балам туура айтасың, бизди да жаратканым

энчиден кур койгон эмес экен.

Ата Акбоз жоргосун жорголотуп кетип баратты. Атанын артынан ат кошчусу Бакыт кетип баратат. Бирин экин адамдар жолугуп колун бооруна алып атага салам берип жатты. Ата атын токтотуп, бир ак калпакчан баладан сурады:

– Нарбото байдын үйү ушул өрөөндөбү?

– Ооба ата ал киши тетиги дайранын боюундагы калың бактын арасындагы чоң боз үйдө турат.

Ата менен Бакыт ээрчише ошол жакка кетип баратты. Кереметтү калың бакча, анын ичинде эмне деген гана жер жемиш жок баардыгы бар экен. Тигил жерде алма, алча, жийде, анан иши кылып жер үстүндөгү баардык өсүмдүктөр өсүп турат. Бактын ичинде түркүн жаныбарлар жүрөт. Тигинде маймыл дарактан-даракка секирсе, бул жерде тоту куш адамды туурап отурат. Экөө атчан Нарбото байдын үйүнүн жанына келип аттарын тык токтотту. Жигиттер чуркап келип экөөнүн атын алып үйгө киргизди. Үйдө төрдө ак сакалчан бир карыя отурган экен. Анын жанында топ балдар. Чыктан жакта балпайган бир эне отурат. Беккулу ата карыяга ийлип салам берип анын жанына отурду. Үйдөгү кичинекей балдар сыртка чыгып кетти. Карыя менен ата ар кайсы окуяларды сүйлөшүп отурду. Сырттан бир келин кирип көнөктөн кымыз куюуп меймандарга узатты. Эки карыянын сүйлөшүп отурганы бир топ убакыт болду. Бир кезде Нарбото сүйлөп калды:

– Ко..ш.. Беккулу балам эмне жумуштап келдиң эле?

– Урматтуу карыя менин үч балам бар эле, ошол балдарымын кичүүсү Шоңко деген болот. Ал сиздин жорго чабышка салган Акбоз деген жоргоңуз бар экен ошого менин балам ашык болуп калыптыр.

Шербото эмне деп сүйлөөрүн билбей ойлонуп калды. Үйдүн ичин бир аз тынчтык аралады. Анан бир кезде:

– Жакшы балаңыздын көзүнө менин жоргом түшүп калыптыр.

– Ал мага тынчтык бербей койду Ошентип сиздин Акбоз жоргогуңузду издеп жолго чыктым.

– Ал издеп таап кел десе мен беришим керек. Баланын да самаганы бар эмеспи, балким анын келечегине укум-тукумуна ошол жорго керек болуп жаткандыр. Ал жорго өзүнө эмес анын укум-тукумуна керек болбосун.

Ата укум-тукумуна деген сөздү угуп таң калып калды. «Касиеттү адам эмнени сүйлөп жатат», деп ойлонду. Шербото келинине бир нерсе айтты эле ал сыртка чыгып кетти. Көп өтпөй жылкылардын дүбүртү чыгып, боз үйдүн жанына келип токтошту. Беккулу ата менен касиеттүү Шербото карыя эшикке чыгышты. Сыртта он чакты буудан турган экен. Арасында келишкен куйрук жалы төгүлгөн Акбоз жорго турат. Беккулу ата жаныбарды көрүп сүйүнүп кетти.

– Болуптур касиеттү жоргону сага берейин ат арытып, жол карытып алыс жактан келипсиң,-деди.

Алар кайра үйгө киришти. Жанагы келин аталарга чарага эт тартты Шербото, Беккулу, Бакыт үчөө отуруп эт жей ба-

шташты. Досторкондун үстү ар кандай жемиштерге толгон адамдар тамакты көңүлдөнүп ичип жатты. Алар тамак ичип бүтүштү. Анан Беккулу ата төш чөнтөгүнөн ак чүпөрөккө оролгон алтынды алып чыгып Нарботого сунуп жатып:

– Касиеттүүм момуну күлгүгүңүздүн акысы аз да болсо көптөй көрүп алып коюуңуз.

Касиеттүү алтынды көрүп чочуп кетти:

– Кой аны мага көрсөтпө, мен жорго үчүн алтын алсам анда адамга келчү ырыскы, берекке жанып кетет. Бул сага балдарыңа берилген энчи эми ушул энчиңи жоготпой, булгабай таза алып жүрүшүң керек. Тукумуңун ичинен бирөө эле жаратканга шек келтирип жаман жолго барса анда Акбоз жоргонун касиети кетип сынынан тайып жорго болбой жөн эле бир чобур болуп калат. Ошол үчүн жаратканым балаңа Акбоз жорго мингизип жатканда аны касиеттеп күтүп алыш керек. Бул болсо силерге берген жаратканымын бир белеги. Алар тамак ичип бүтүштү. Нарбот акылман бата кылды. Силер касиеттүү Мүйүздүү жэненин тукумусуңар, алардын ичинен Алсейит атанын балдарысыңар, эми сенин атың да чакырылат. Ошол үчүн жаратканым жар болуп силерди колдосун деп сакалы белине жеткен Нарбото карыя өзү бата кылды. Беккулу ата карыяга ыраазы болуп:

– Касиеттүү акылманым батаңызга түбөлүк ыраазымын. Сизди жараткан өзү колдосун,– деп ата терең кубанганын билгизди.

Ошентип Ата менен анын ат кошчусу Бакыт экөө Ак-

боз жоргону жетелеп жолго түшкөн экен. Алар тынбай түн жүрүп, күн жүрүп отуруп өз жерине жарым ай болот деген-де жете келди. Өз жерине келип ата көп күнгө эс алды. Ат арытып, жол карытып жүрүп аябай чарчап калган окшойт. Андан кийин Акбоз жоргонун башын майлап жылкы союуп, эл чакырып бата алды. Эми Шоңконун жаны тынбай калды басса-турса Акбоз жоргосун айтып, аны минип алып талаа аралап жорголотуп көңүл ачып жүрдү. Өзү дагы эрке талтаң неме эле эми ого бетер эркелиги күчөй баштады. Муну көрүп атанын берки уулдары жини келип көрөлбастык кыла баштады. Айрыкча Бүтөбай өтө жоош эле эчтеке менен иши жок болгон. Эне үчөөнө тең бирдей эле тамак берсе, Шоңко колундагы тамагын жеп жиберип, Бүтөбайдын колундагы тамакты жулуп алып жеп кирчү. Эчтеке менен иши жок Бүтөбай колундагы тамагын жулдуруп ийип ыйлап калчу. Эне жини келип:

– Ой, сен Шоңкодон улуусуң аны чаап жибербейсиңби десе, ыйлап, -Өзү эле тийишип жатат,-дечү экен.

Эне Бүтөбай уулун боштугун көрүп:

– Байкушум кантип оокат кылаар экен эң эле бош араң эле жаны бар, буга тың аял алып бербесе, оокат кыла албайт,– деп кейип калчу.

– Ой, эмнени айтасың баарынан ушул тың болот,– деп кеп салчу экен ата.

Ошентип кой десе болбой убакыт өтүп жатты.

Бир күнү Бүтөбай энесине тырыңдай баштады:

– Мага атам комуз жасатып берсин мен комуз чертем.

Анан эле бир жактан Курумшу тыраңдай баштады:

– Мага атам, жоокер киймин жаа, кылыч, калкан, мылтык сатып берсин,-деп катуу добушу чыкты.

Ата жини келип «Балакет эми башталды ушул Шоңконун шойкоңу эмне кылаар экен чыгарбаганды чыгарып турат,– деп ичинен кеий берди. Ал эки баласына каалаганын таап бербесе болбой алды. Эртеси ата Акбозун жорголото минип Түпкө жөнөдү ал жакта Барак деген белгилүү комузчу бар эле. Ата Баракка жолугуп, өзүнүн келген максатын айта баштады:

– Оо Баке, кандай жакшы турасыңбы?

– Жакшы, жакшы комузуму кылдыратып, мал-салды багып жашоому өткөрүп жатам.

– Ошонуң жакшы, өнөрлүү өлбөйт деген кеп бар эмеспи, өнөрүңү уланта бер, ал да болсо кудай берген ырыскы.

– Менин сенде жумушум бар эле ошого жардам сурап келгем.

– Келгениң жакшы колдон келген иш болсо мен эмнеге аянмак элем.

– Балдар чоңоюп ар өнөргө талпына баштады, бирөө жорго таап бер десе, бирөө комуз жасатып бер дейт, дагы бирөө кылыч калкан таап бер,-деп кыйнайт да турат.

Барак үнүн чыгарып катуу күлдү.

– Балакет башталган тура Бекеми улгайып калганда кыйнап, деги мен эмнеңе жардам берем, жогуңу табышып берей-

ин,– деп каткырды.

– Ортончу уулум комуз чертем дейт, ошол үчүн ага комуз керек болуп жатат.

– Анча-мынча черте алабы?

– Жок жаңыдан эле кызыгып жүрөт, үйрөтсө үйрөнүп кетчүдөй.

– Канча кылса да, белдүү куда эмеспизби, мен өрүктөн үч комуз жасаган жатам, буюрса, тоодогу малымы карап келип анан толугу менен киришем. Бат эле жазап бүтөм.

– Ошентсең жакшы болот эле айланайын куда, эмгегиңи деле билем.

– Бирок комузду бирөө үйрөтүш керек комузу болуп аны чертпесе. Анын кимге кереги бар.

– Анда ырас болбодубу, аны сен үйрөт.

– Мейли шыгы болсо бат эле үйрөнүп кетет.

– Эми кандай кыласың комуз жасап бүткөндө мен келейинби?

– Силер жакта менин жумушум бар, ошондо аны ала барайын.

– Ырас болду анда мен кетейин.

Ошол иш ошол болду.

Эми улуу баласы тыраңдай баштады. –Мен эл коргойм, мага курал жарак жасап бер,– деп.

Ата Акбоз жоргосун жорголотуп Каркыра жайлоосундагы темир уста Сыдыктыкына барып баласына калкан, кылыч, найза, жаа жана башка куралдарды жасатып жатты. Курал

да, комуз да жасалып бүтүп, ата буюмдарды балдарына таратып берди. Ошентип Беккулу атанын балдары бири жорго таптап чапса, бири созолонуп комуз черте баштады. Дагы бири кылыч калканын алып, өсүп жаткан дарактарды чаап, найза сайышты үйрөнүп мекенин коргоого аттанды.

Андан бери далай-далай убакыт зымырап өттү. Атанын ишинин баардыгы жакшы болду. Атанын байлыгы күндөн күнгө артып көбөйө баштады. Беккулу ата бул кезде токсонго чукулдап калган эле. Суук тийдиби иши кылып бир күнү катуу ооруп жыгылды. Ошондон баштап касиеттүү адам оңоло албай койду. Анан күздүн акыркы күнүндө ата балдарына бактырып кор болбой бир күнү таза туруп эле жалган дүнөдөн чын дүйнөгө акырын аттанып кете берди.

**БАЯСТАН АТА**

Ойлогонун ишке ашырган,
Бүтөбайдын уулу Баястан.
Баардык иште жол тапкан,
Баястан эмес Бай арыстан

Турмуш жай өтөт, ал эми жомок өтө бат айтылып ылдам өтөт. Ал көз ачып жумганча, ар кандай болуп өзгөрүлүп, жүрүп отурат. Эмесе биз токтоп турбай баянды андан ары улап кете берели. Касиеттү Чоң Жергес Жери, Кичи Жергес Жери биринин артынан бири уланып жайкалат. Аскасы бар бийик тоолордун башына булут түнөп, ал бат эле жогору көтөрүлүп жаанга айланат. Кыргыз калкы башынан мал

менен киндиктеш болуп, бир жерден экинчи жерге көчүп жүрмөй адаты бар эмеспи. Быйылкы кар жетинин айында түшүп, анан бештин айында кайта-кайта жаап туруп алды. Жылкылар кыйналбайт. Кар тээп оттойт, баарынан койго жаман ал чөп карап ачык жерди издейт. Колдо тоют жок бирдин айында денени калтыраткан ызгаар суук согуп жут башталды. Бирин-экин малды суук жалмап кетти. Баястандын малы анча чыгымга учурабады. Ал башынан камдуу эле анын үстүнө Бүтөбай аба ырайынын өзгөрүшүн жакшы билет жана түнкү жылдыздардын өзгөрүшүн да байкай алат. Эмне үчүн куштар түштүккө эрте кетип, эмне үчүн жалбырактар эрте түшөт? Демек кыш эрте келет. Эмне үчүн булуттар топтолот? Өсүмдүктөрдүн гүлдөшүнөн, ачылышынан ал көп нерсени баамдай турган. Баястан Тоң тараптын жери кардан курган болот деп ошол тарапка ооп кеткен. Ошол аймакта солто элинен Дандаке деген орто чарбалуу адамы бар эле. Анын өтө акылдуу кеп десе кеби бар, өң десе өңү бар, Бүбүайым деген кызы болгон. Аны Баястанга үйлөндүрүп, калыңына мал берип, Бүтөбай ата мындан көп жыл мурун эле карызынан кутулган. Бүбүайым берекелүү жердин кызы эмеспи көңүлү ток, бир айткан сөзүн аткарган башы оор токтоо ургаачы эле. Баястан ушундай колуктуга туш келгенине сүйүнүп турду.

Бүбүайымдын бактысы ачылып, бир-биринен кем калбаган жети эркекти төрөп салды. Анын андан башка дагы кыздары бар эле.

Андан бери зымырап, далай кыш, далай жай өтүп, жаадыраган жай келди. Малдын кара эти толуп семире баштаган. Ошол күндөрдүн биринде Беккулу атанын уулдары жер которуп, бийик тоолуу тарапка көч көчүрүп калды. Тоолуу жердин жайы суук керек болсо жайында деле кар түшүп калат эмеспи. Кар токтобой лапылдап жаап, күн суук болуп туруп алды. Ошол сөөк какшаткан ызгаарда Бүбүайым эне суукка урунуп, Баястан ата аябай кейип, семиз койду союуп, күчтүүлөп тамак бердирди. Ата кейип аялын карап:

– Суук катуу тийиптир кыймылдабай жатып тыңып кет, балдарыңа өзүң ээлик болсоң экен,– деп сабылды. Аялы капаланып:

– Мен өлсөм эчтеке эмес бобу балдарды бага албай кыйналасың го, же бул балдар башка аялга түркүнчүк болот,– деп кейиди.

Суук ургаачыга катуу тийген окшойт эне кыймылдай албай тунжурап ойго батат. Бул тунжуроодо катуу сана бар эле. Жаман айтпай, жакшы жок, кокус Бүбүайым жаза тайып, кетсе, балдардын тагдыры эмне болот. Баястан байбичесин «оңолуп кеткей эле» деп кудайдан жакшы тилек тилейт. Ал жылгадан ары Молосу бар кыядагы Абаат деген табып бар эле ошого айтып, көрөйүн деп жээрде атын минип эпендете желдирип баратты. Алыбек, Көлөй, Язбек чоңоюп, балдардын баары бой тартып келаткан. Үч кыздын экөө турмуштанып, бирөө жетилип келатат. Жээрде атчан кетип баратат. Санаасы жайында болбой көп нерсени ойлоп кетип баратат.

Ал бийик тоодон түзгө түшкөн. Убакыт жайдын капортосу болуп бараткан. Бышкан түшүм талаада, сулуу кыздай ыр ырдап, анын үстүнө бытпылдык учуп турган заман болуп, өскөн эгинден токчулуктун элеси закымдап урат. Ар кайсы жерде жалбырактары майда жылгындар кездешип, алардын түбүндө ар кандай кескелдирик, арыс чычкандар уялашып, чыйк-чуйк этип үн салыша ары-бери чуркашат. Жолдон ары боюу бийик дан өсүмдүгү буудайык, жалбыз жана башкалар кездешип соккон желге секин термелет. Суурдун ийнинде чакчыгайлар чакылдап кирип-чыгып турат. Баястан ата кетип баратып, өмүрүнө күз күнүнүн жакындаганын ойлонуп кичине арманга батты. Ал көп нерсени ойлонгон адам болчу. Ал жашоого эмне бердим, эмне калтырдым, же көчүп-конуп жүрүп эле өмүрүм өтүп кеттиби? Баардык кыргыздардын турмушу ушундайбы. Ал бийик тийип турган күндү карады. Күн жалган түштөн өтүп, чак түш болуп калыптыр. Жолочу калың чөптүү жерге атты тушап коё берип, чепкенин жая салып, намаз окууга өттү. Күн ободо жылып баратат. Жээрде ат нымдуу өскөн чөптү күрт-күрт чайнаган дабышы кулакка даана угулуп турду. Тээ арыда даракка сагызган конуп шакылыктаган ырын ырдап жатат. Баястан намазын окуп бүтүп, чепкенин күбүп, үстүнө кийип, жеерде атынын ооздугун салып, басмайлын бек тартып, жолочу жолун улантты. Агын суудан өтүп, молосу бар кыядагы молдонун үйүнө карай баратты. Түзөң жерде эки боз үй тиглип турган экен. Чоң боз үй Абаат молдонуку экенин биздин адамыбыз даана баамда-

ды. Короону кайтарган даакы жүнү түшө элек сарала дөбөт оордунан туруп үрүп чыга басылды. Боз үйдөн бир бала чыгып, биздин адамыбызга салам берип, аттан түшүрүп, үйдүн эшигин ачып, үйгө киргизди. Үйдө Абаат кемпири жана кичинекей неберлери менен чай ичип отурган экен.

– Амансыңбы, Молдоке!

– Аманчылык балам, кел төргө өт!

Биздин адамыбыз төрдөгү көлдөлөңдүн үстүнө көчүк басты.

– Уулум кандай аман-эсен жүрөсүңөрбү, эмне шашып бушуп.

– Аманчылык Молдоке өзүңүз кудай деп жакшы жүрөсүзбү?

– Баягы балдарың жерден боорун көтөрүп келатабы?

– Жакшы кудай деп чоңоюп келатышат, алдыңкылары үйлүү жайлуу болуп бала чакасы бапырап өсүп калды.

– Иним көп келчү эмес элең, жөн-жай эле келдиңби?

– Аялым ооруп жатат ошону көрүп береби,– деп келгем.

– Көрөйүн бирок бирсүгүнү, эртең баягы Алдияр молдону билесиңби ошонун ашы болот экен.

Баястан Абаат молдодон жакшы сөз угуп кайра үйүнө кайтты. Айтканындай эле Абаат молдо Баястандын үйүнө шаршемби күнү келип түштү. Молдо оорлунуунун тамырын кармап, канынын кагышын текшерди. Аялдын өңү керсары тартып, айыгаар-айыкпасын билбеди, сыртындагы оору ичине түшүп кетиптир. Айыкса да көптө барып айыгаарын

боолголоду.

– Суук тийип аябай оошуп кетиптир, момуяны эзип ичирип, тамак ашты күчтүүлөп эле бергиле, ысык эмес суук экен. Суук кичине тийгенде эле жылууланып, өзүн караса эмне? Өтө күч алып кеткен тура. Эми аябай жылуулагыла.

Молдо чай ичип келген жагына кетти. Бирок Бүбүайымдын ден соолугу күн сайын төмөндөй берди. Түн кыскарып, күн узарып келаткан маал эле. Асман ачык ай жарык, жан-жаныбар макулуктун баардыгы бул кезде эс алып жатат. Көктө жымыңдаган жылдыздар түн суугуна үшүп кайыгат. Арыда ак элечек оронгон касиеттү тоолор сүрдүү тартат. Үйдө оорудан азап тарткан эне. Баястан атанын көңүлү бейтап болуп кичине боз үйгө чепкенин айкарасынан жамынып, уйкуга кирип, бирок чексиз санаадан уктай албай түйшөлүп жатат. Түн бир оокумунда көзү илинип кетип тынч уйкуга көшүлдү. Ошол дүйшөмбүнүн түнүндө түш көрдү. Колунда ак кушу экен мурун куш салчу. Тээ береги Жайылманын сазында, көп өрдөк көлдө сүзүп жүрүптүр. Ал ак кушун өрдөккө салды. Кыраан өрдөккө жеткенде ал чоң каргага айланып, ак кушту буйдамга келтирбей жалмап салыптыр. Ошентип ак куштан кабар келбеди. Ата кушун жоктоп капаланып кайгырат. Эртеси ак шам болгондо капалуу ойгонду. Аякка суу сусуп «түндөгү көргөн түшүм түн менен кетсин, жаман санааны адамга бербесин, түнкү жорткон жел менен кетсин, мага жолобо!» Аяктагы сууну ырым кылып батышка карай чачып жиберди.

Жаратканымын буйругун ким тосо алат, анык тагдыр экен, Чоң Жергес жеринде Баястан атанын үйүндө энени жоктогон өкүрүк чыкты. Бүбүайым энени жоктоп, таяк алып балдары боз үйдүн тегерегинде сабылып ыйлап жатты. Балдарынын алды небак эле үйлөнүп бой тартып калган. Кыздары турмушка чыга элек эле. Тагдыр экен ата Бүбүайым эне менен жаны бирге болуп калган эмес беле. Сөөктү коюуп келгенден кийин атанын көзүнөн жаш мончоктоп акканы адамдын зээненин кейитип турду. Ыйлабаганда эмне кылат сиркедейинен бириккен, чуркап ойноп келишкен асыл жубайлар эмес беле. Эл ага кайрат айтып жатты. Ал кайраттуу адам эмеспи акыры кайратын жыйып, балдарын жетилтүүгө аракет кылып жатты. Өлгөндөр өлөт экен, өлбөгөндөр турмушун улантууга мажбур болот экен.

Алыбек, Көлөй өтө токтоо солк этпеген уландар эле. Алыбек узун болуу кебетеси таякелерин тарткан шекилденет. Ал эми Көлөй ар бир сөзүн баамдап сүйлөгөн, башы оор, баардык нерсени жагдайына карап салмактап чечкен жай сүйлөгөн адам эле. Анын ар бир окуяга жооп бергени тозок, бирок айткандары жөндүү болгон. Балдарынын ичинен өнөргө шыктуу ушул Көлөй болду. Бүтөбай чоң атасындай комузду бабына келтирип чертчү экен. Санжыраны да токтоо тартып саймедиреп атканда адамдар угуп эле турчудай болуптур. Баястан ата бир нерсени иштеердин алдында ушул Көлөй менен кеңешип калчу. Ал өзү сом темирдей болуп токтоо, бекем жана көрүп жүргөн кишилер анын ушул жа-

гын үйрөнүүгө ашыгышкан. Ал эми Язбек көзгө чапма, чыдамы жок бир нерсени тез эле чечүүгө аракет кылган бирок курч батыл адам болгон экен. Бат эле жини келип, кайра бат эле жазылып кетчү экен. Көлөйдүн ымтырап турганын жини келип кээде жактырбай кетип турчу. Ал бир нерсени шар баштап, шар бүтүрүүгө аракет кылган экен. Ошондой ополоң-тополоң заманда ушундай мүнөз да керек болгон. Анын тайманбай шар жүргөнү көп жагынан оң утушка ээ болгон. Ошондуктан Баястан ата бир иш иштеерде Көлөй, Язбек, балдары менен акылдашып эң аягында Көлөй уулунун тилин алган. Алардын ичинен чоң санжырачы, сөз билги чечен адамдар болгон экен. Алар элге чоң жыйындарда санжыраны саймедиреп айтып беришчү дешет. Кыргыздын кутту сөздөрү алардын оозунан чубуруп түшүп, ар бир жанды толкундаткан.

***

Чоң Жергес жери жайкалып, жаадырап күн тийип турат. Талаа түзөңдө ыргалып өскөн өсүмдүктөр, алардын аңкыган керемет жыты жыттанат. Тоонун этегинде бөрү карагат, кайың талдар өсүп турат. Токой жыш, айланада түркүн дүйүм чөптөр. Карагайдын арасында желип-жорткон бөрүлөр, кой-козунун башын тоголотуп, бөлтүрүктөрүн машыктырып жаткан шекилденет. Бөлтүрүктөр кой-козунун башын талашып, ырылдаша кетет. Чоң эркек карышкыр кой-козунун башын тиштеп карагай аралай качты. Анткени ары жактан бир шектүү караан келе жаткандай болду.

Карагайлуу тоонун этегинде Алымбайдын өтөгүндө Баястан ата эки жылдан бери конуштап келатат. Анын балдары чоңоюп, аяк-башын жыйып бир топ тыңып калды. Бирок ата алиге үйлөнө элек. Аны балдары айрыкча келиндери кор кылбай жакшы багып жатат.

Ушул күндөрдүн биринде Баястандыкына Курумшунун баласы Койсойбос келип түштү. Күн илеби ысык жаз күндөрүнүн бири болчу. Үйдө көр тирликтен чарчап, Баястан ата эс алып жаткан. Сырттан келген мейманды үй ээси салам берип, тосуп алып, төргө отургузду. Эки тууган сүйлөшүп жатты.

– Качан үйлөнөсүң, балдарыңа убал болуп кетти го.

– Аны деле ойлонгон жерим жок, бобу балдардын турмушу менен көр тирилик өтүп жатат.

– Анан эмне кыласың тагдыр ошондой жазып койгон да.

Ата сүйкүмдүү жарын эстеп көңүлү чөгө түштү.

– Атаңын көрү биринчи курган шаарым бузулуп калбадыбы,– ал аялы жок күдөрүн арман менен эстеди.

– Бирок кудайга тобо! Баардыгы жараткандын буйругу менен болот. Балдарың жетилип канатын керип келатат.

Койсойбос:

– Мен муну Шоңко, Курумшу атанын балдары менен кеңешкем. Чукулда дагы келебиз анан баарылап чечебиз го.

– Мели өзүңөр билгиле, эмне десеңер да силердин оюңардан кантип чыгам.

Мейман келген жагына карай кетти.

Бир топ күн өткөндөн кийин Баястан атаныкына Койсойбос, Сүйөр, Айман, Адылдар келишти. Меймандар үй ээси менен саламдашып анан келген себептерин айтып киришти. Айман ата үнүн көтөрүп бакылдап сүйлөгөн киши эле:

– Баястан өлөөр келинибиз өлдү эми кайра тирилбейт.

– Эми үйлөн балдарыңа убал болуп кетти,– деди Адыл капалана.

– Үйлөнбөсөң болбойт бой жүргөнүң бу куракта жакшы эмес, эки жакты байкап көрөлү, деги алчу немең барбы?

Ата башын жерге салып:

– Түйшүк менен жүрүп, аны деле байкай албадым.

Сүйөр жоон үнү менен барк-барк этти:

– Байкашымча саяк туугандарда бир келин бар экен ошону байкаштырсак кандай болот.

Эмне деп айтаарын билбей баардыгы жымжырт болуп калышты.

– Аягын деле караштыралы бирок бул жердеги черик тукумундагы Сейит деген токтоо адам бар ошонун Акбала деген кызын байкайлы.

Баардыгы унчукпай тымып калышты. Баястан ата:

– Эмне болсо да балдарды какыс-кукус кылбай үй-бүлөгө тың эле адам болсо болду.

– Биз да ошону ойлоп жатабыз.

– Жакаң агарып, үй- турмушуң жакшы эле болуп калат эле.

– Эми кечке эле сүйлөшө бербей ошол жагын байкашты-

рыш керек.

Баардыгы сүйлөшүп отуруп, черик тукумунун кызы Акбалага токтолушту. Кеңешип келиш үчүн Койсойбос, Сүйөр, Алымбекти Акбаланын атасы Куттуксейиттин үйүнө жөнөтмөй болушту.

Куттуксейит карыянын боз үйү эки суунун башындагы түзөң жердеги жылгада экен. Конок расмиси боюнча, чай берилип, анын артынан кымыз ичишти. Үй ээси келгендерге кой союуп бермей болду.

– Жок кутман карыя биз бул үйдөн эт жебей жүрдүк беле.

Куттуксейит карыя,– Сөзүңөр болсо айткыла,-деди.

Койсойбос Баястандын кабарын айта баштады.

– Ырас айтасыңар Акбала деген кызым бар. Калмактар менен кармашта бир кызы менен күйөөсү өлүп, арманга батты. Азыр колубузда турат. Эгер кайгылуу окуя болбосо, биздин үйгө кайдан келмек эле капсалаң кызымын тагдырына арманды салып кетпедиби,– деп карыя капаланып башын жерге салды.

Алар көпкө аңгемелешти. Карыя:

– Силерди чанмак билем, черик уруусунун көп кызы бугу туугандарга чыгып жатпайбы, иши кылып ыйлабаса эле болду. Барган жеринен бак айтса мага ата катары ошол эле жетишет.

Сүйлөшкөндөр акыры бир бүтүмгө келишти. Туура жарым айдан кийин каада-салтын кылып, Баястан ата төшөк жаңыртып Акбала энеге үйлөндү. Сейит эки жашка чыккан-

да Акбаланын боюна бүтүп дагы эркек бала төрөлөт. Наристеге ат коюуш керек эле. Береги айылга сакалы ак чалган бир думана келип түнөп калат. Үйдөгүлөр баланын атын ким коёбуз деп кеңешип калат. Ошондо Айтбүбү эне:

– Ой, сакалы ак чалган думана жүрбөйбү ошого койдургула,-дейт.

Кемпирлер баланы бешикке жаткырат. Ошондо касиеттү думана жылдыз толгондо балага ат койгон экен.

Көп жерди кыдырып, көптү көргөн пенде эмеспи, ырды жамактатып куюулуштуруп айтып жатты:

Алоо акбар, алоо акбар,
Алпейим дайым сактаар.
Теңирге адам келди,
Ааламга адам келди.
Асан айтып, атын коём,
Теңир берген затын коём.
Уул экен, уул экен,
Эли болсун түмөн бай,
Аты болсун Түмөнбай,
Аты Түмөнбай, Түмөнбай, Түмөнбай,
Оо, жаратканым баланы колдо ай,
Оомийин,-дешти

Отурган адамдар колун жайып, жаңы төрөлгөн балага бата жолдошту. Андан кийин Баястан ата Кулет, Медет деген уулдары жана кыздуу болгон экен.

***

Тээ ыраакта улуу тоолор шаңкаят. Көлдүн бир жагында Тескей, бир лыптасында Күңгөй тоолору бой керет. Экөөнүн ортосунда көбүк чача шарп-шурп эте толкун серпе кереметтүү Ысык Көл жайкалат. Тескей Ала Тоосунун башынан Жыргалаң суусу атам-замандан бери өзүнүн нугун кубалап ага берет. Мына тарапка жаңы эле кулжа айы башбакты, айдын башталышы менен тоолордогу ак мөңгү карлар эрип, өзөн сайлар бууракандай кире баштады. Суу дайранын нугунан ашып, жайылманын каптап жатты. Быйылкы суунун кириши бир укмуш анткени быйыл кыштай кар көп жаабадыбы. Кардын, көк муздун эришинен суу шыргалаң тартып кире берип, өзүнүн өлбөс күүсүн чалып Жыргалаң суусу агып жатат. Суу күргүчтөп кирип, тайдын башындай болгон таштарды окторулта сүрдүктүрүп, ылдый карай агыза жөнөйт. Ушул Жыргалаң суусунун жакын жериндеги түзөңдө Баястан атанын боз үйлөрү тигилген. Күн тийип турса да өткүн бир топ жаап салды. Айлана таза абага толкуп, ошондон тарап жашара түштү. Талаада ойноп жүргөн балдар боз үйдүн эшигин түрүп салып, сыртты суктануу менен карап турушат. Ушул кезде субай жылкылардын тобу, тору айгыр үйрү менен сууну кечип аркы өйүзгө өтө качты. Үйүр жүрүп отуруп, Түпкө андан аркы ачык талаага кетиши мүнкүн эле. Ата Язбек менен бирге жашайт. Ал карызга берген малын өндүрүп алуу үчүн коңшу айылга жөнөп кеткен. Жаны тынбас карыя Тору айгырдын үйрүн айдап келиш үчүн жээрде атты алып келип токуй баштады. Сары тору ат

болгондо эмне ал чоң сууну оңой эле кечип кетмек. Бирок аны Язбек минип кетпеди беле. Карыя мал жанга камбыл эле, уулуна көп жардам берип, адамдын көз карашын дайыма туюуп турчу. Ошол үчүн балдарына барктуу болуп, ал жада калса небере жасоочу жумуштарды да жасап жиберчү. Ошол үчүн келиндери:

– Атаке жөн эле койчу, муну биз эле кылабыз,– деп аяшкан.

– Койчу балам жумуш колго жугуп калмак беле, силер жетише албай жатпайсыңарбы.

Карыяны балдары жакшы көрчү, аны дайыма балдары ээрчип жүрөөр эле. Жашынан эле бала жандуу болуп, анын ушул сапатын балдары да жакшы көрчү. Анын жанында дайма балдар ойноп жүрчү. Келиндери:

– Атамын жанында периштелер ойноп жүрөт аны коргоочулары ошолор дечү.

Баса бир окуя адамдардын эсинде калыптыр.

Ал кышта карышкырлар күч алып турду. Язбек бир жумуштары менен кайдадыр бир жакка жөнөп кеткен. Ошондо карыя тору атын минип, жылкы күзөтүп келүү үчүн жөнөп калат. Бул кезде жылкыларга сак болбосо болбойт. Кашабаң жылкыга ит болуп жакындап келет да анан тигинин душман экенин билбей жыттагылай берет. Анан кекиртектен алып, жаныбарды шылып кирет. Ушул кезде ата жылкычылар менен жүргөн. Ал чоң таштын түбүнө жылыныш үчүн от жагып жаткан. Улуу от алоолонуп күйүп жатат. Отко күн-

дүз атып алган канаттуулардын этин куйкалап жеп алышат. Ошондо карыянын жанында эки эркек баланын ойноп жатканын өз көздөрү менен көрүшүптүр. Жылкы башы Сакыбай айтты: -Баястан атанын колдоочусу эки эркек бала окшойт. Экөө эгиз экен. Бир жолу жай айында ата дөңдө уктап жатканда карасам, эки эркек бала анын тегерегинде ойноп жүрөт. Буттары жылаңач, ак көйнөкчөн балдардын чочогу көрүнүп турат. Башында ак калпак. Мен балдарга жолугайын деп дөңгө чуркап бардым балдар жок ата коңурукту катуу тартып уктап жатат. Мен аны көп эле көдүм бул адам тегин адам эмес. Ар бир пенденин колдоочусу болот. Кээ бир адамды ата бабаларынын бирөө колдосо, дагы бирөөнүкү арстан, жолборс же ажыдаары болот.

Эми биз жанагы башталган окуяга кайра келели. Ошентип Тору айгырдын үйрү аркы өйүзгө кечип кетпеди беле. Ата атты минип, үйүрдү айдап келиш үчүн аракет кыла баштады. Ошондо ак калпак кийген бала атаны ээрчип алды.

– Ата мени дагы өңөрүп алчы мен дагы аркы өйүзгө барайын.

– Жок балам, суу катуу кирип турат бизди агызып кетет.

Ата атын минип агын суугa келди, бирок ат такыр суугa жолобой туруп алды. Келиндери атаны карап турду. Алардын көзүнө бир укмуш элес көрүнүптүр. Эки эркек кичинеке бала. Атаны суугa жолотпой аны алдынан тосуп туруп алды. Ат дагы кечүүнү каалбады, же такыр кечпей койду. Айласы кеткен ата атынын башын буруп үйүнө келди. Ке-

линдери атанын колдоочусу эки эркек эгиз бала дечү, алар атанын колдоочусун өз көздөрү менен көрүштү.

Дагы бир мындай окуя эсте калыптыр. Ата үйүнөн ары бир жерге чепкенин чечип коёт. Ата атын алып келип, чепкенин кийип бир тарапка аттанмак болот. Чепкени турган жерге басып келаткан болот. Ошол кезде атанын небереси бир ташты алып, чепкенди уруп калат. Ошол таш тийген жерден чоң кара чаар жылан сойлоп качат. Эгер ата чепкенди кармап кийе баштаганда жылан аны чагып алат беле ким билет.

Биз уламада Баястан атанын аз гана окуяларын айтып өттүк. Ал токтоо, чечкиндүү, бир нерсени калыбет чечкен адам болуптур. Ал жалпы эле Беккулу атанын балдарынын баарына кеңеш берген айкөл адам болгон дешет. Ал адамдын асыл сапаттарын биз өтө аз билебиз. Ал жакшы жагы толук айтылбай калбадыбы. Ошол үчүн ыр санжырада:

Баардык ишке жол ачкан
Баястан эмес Бай арыстан,-деп ырда ырдалып жатпйбы.

## КАРА КӨЙНӨК

Бул күлкүлүү бир четинен армандуу икая Баястан атанын биринчи аялы жарык дүйнө менен коштошуп кеткенден кийин болуп өттү. Анын төрт эркек эки кызы энеден жетим калып, уландары менен ата өз турмушун өткөрүп жатты. Кыргызда бир үйдүн жарыгы экинчи үйгө тийбейт деген макалдын чындыгы бар экен. Туугандар аялы өлгөн үй-бүлөгө жардам берет, бирок дайыма эле кол кабыш кыла бербейт,

анткени анын өз турмушу өз жашоосу бар эмеспи.

***

Быйылкы күз жылуу тартып анан жылымыктап туруп эле куштар түштүккө эрте кетип, дарактар жалбырагын эрте күбүдү.

Көлөй ата жаратылышка байкоо жүргүзгөндү жакшы көрчү. Ал жай куунак үнү менен айтты:

– Жаратылыш өтө сырдуу күн жылуу тартып, куштар түштүккө эртелей кетип жатат. Дарактар жалбырагын күбүдү. Текечер жылдызы быйыл эртелей көрүнүп туруп алды. Бул белги кыштын суук аяздуу болоорун айтып жатат. Баласынын айтканын Баястан анча этибарга албады. Муну кыялы чапчаң Язбек да жактырган жок:

– Анын андай болоорун сен кайдан билесиң, же сага бирөө келип, кыш ызгардуу болот,-деп шыбырадыбы.

Берки балдар боору эзилип күлүп калышты.

– Менин чоң атам Бүтөбай жаратылышка байкоо жүргүзгөн адам эле ал ар бир чөптү, ар бир жаныбардын сырын жакшы билген адам болгон. Мен ошол аркылуу билгем.

Берки балдар жооп кайтарбады. Ошол окуя ошол болду.

Баястан ата жаш балдары менен Тоңго же Кочкорго кантип көчмөк. Ошентип ал ызгаар кышты Кичи Жергес, Чоң Жергес жеринде тосмой болушту. Айрым үй-бүлөөлөр камдуу болуп Тоң тарапка көчүп кеткен.

Бүтөбай айткандай чын эле кыш эрте келип, жетинин айында кар олчойто жаап салды. Анан кар бештин, үчтүн ай-

ларында кайра-кайра көз ачырбай жаап жатты. Тоонун, кырдын какыраган денени үшткөн суугу тынбай согуп, тирүү адамдын сезин алат. Катуу суукка чыдай албай арык-торук малдар четинен өлө баштады. Анын үстүнө камдап алган жем-чөп да өтө аз эле. Тоюуттун жоктугунан бодо мал анын артынан майда мал да четинен өлүп жатты. Жылкы жаныбар төш таянып кар теep оттогон болот. Айрыкча кой, эчки, уйга убал болду. Кой жарыктык чөөп таап береби деп ээсин аянычтуу карап маарап четинен өлүп жатты. Ошондо Баястан ата айтты:

– Атаңын көрү Көлөйдүн айтканы туура чыкпадыбы, Тоң тарапка көчүп кеткенде эмне? Майда малдын баары кырылып калды. Эми чиедей балдарымы кантип багам,-деп каңырыгы түтөп кейиди. Ал кезде ата жаңы эле үйлөнгөн болчу.

Анын кыштан семиз багылган үч бээси, эки аты, үч уюу, анча-мынча коюу аман калды. Баягы бир короо саан койлор, семиз ириктер, шаа мүйүз эчкилер кайда? А түгүл далай бодо малын дагы ызгаар суукка берип отуруп калбадыбы. Баягы түздүктү каптаган малынан такыр колун жууп кейип жүрөт. Дагы кудайга тобо! Бирин экин малы бар балдары кымыран ичсе да жашай берет.

Бирок кыш катуу болгон менен жаадырап жаз эрте келди. Жалган куран айынын ортосунда аба жылымык тартып, калың кар ала-шала эрип, өзөндөрдүн нуктары, муз менен карга толуп шарактай, жайылманын баарын тентек сууга толуп кетти. Чын куран айынын башында түштүктөн салам

берип, жылкычы чымчык, кара чыйырчык бутттарына жаз байланып, ашыга учуп келишти. Саз жерлерде, аңыздарда буу көтөрүлүп, аба нымданып, туман пайда болуп, жылымык тартты. Булут каптап турганда күн жылуу, ал эми булуту жок ачык кезде чыкылдап караандай суюктун согуп турганын айтпа. Кар алдынан чөптөр менен өскөн назик гүлдөр көрүнө калып жатты. Көл үстү менен айлана учуп, канат күүлөй, аккулар машыга улуу сапарга даярданып жатты. Алар айланага коштошуу ырын ырдап жаткандай. Бат эле көк чөп өнүмдөп кой, эчкилер көк чөп кууп кирди. Баястан атанын ошол кыштан аман калган кара бээ менен кула бээси бар эле. Жылкы тукумуна ынак кыргыз баласы айтты:

– Теңирим колдоп эки бээм аман калды, ушулардын сүтүн ичип, балдарым ачка болбой, жашоосун улантып кетет,– деп ата сүйүндү.

Ата бирин-экин малын карап, балдарынын жашоосуна көңүл буруп, кечке көр-тирлик менен алек. Анткени менен балдары бой тартып кыйынчылыкка моюн бербей чың кайраттуу болуп чоңоюп келатты. Кыздары ийдиш-аякка аралашып, тамак бышырып, ары боорукер, ары кичи пейил эле.

Ошол жылкы жуттан көп мал кырылып калды. Малы жок эл уурулук кыла баштады. Ата балдарын жокчулукка учурап калбасын деп бирин-экин малына көз салат. Анын малы уйлары жана эки жылкысы ары сазда жайылып жүрөт. Ата аларды дайыма карап, боз үйлөрдүн жанына жакындатып айдап келип көз салып турат. Ошол бир күнү саз жакты эрте

туруп караса балакет болуп, жылан сыйпагансып, эки бээсинен дарек жок. Ата жеерде быштысын мине сороктотуп, ары чапты, бери чапты кула бээ менен сары бээден кенедей да дабыш билинбейт. Жылга жакка сиңип кеттиби деп, жылганы карай чапты, андан таба албады. Адырга карай сиңип кеттиби деп адырга карай сороктоп чапты, мындан арга болбоду. Кула бээ менен сары бээ табыла койбоду. «Эки бээни көрдүңбү» деп карыдан сурады «жок» деди, жаштардан сурады аларда «жок» деди. Ошентип «көрдүм» деп эч кимиси айтпады. – Атаңын көрү эки бээм кайда сиңип кетти,– деп Элебай өтөктөн Элебестин өтөгүнө чейин жылганы сыдырып, талааны кыдырып баарын карап чыкты. Мында да табыла койбоду. Курган Баястан атаны аяп тааныштары аябай кейип турду. Акыры алар бул ишти ууру колдуу болгонун шекший билип калышты. Алыбек, Көлөй, Язбек из чалып, жер-жерди кыдырды. Балдарынын ичинен Язбек кыраакы эле:

– Кула бээнин изи жөнөктөн ары түзөңдү карай кетиптир. Аны денесинен чыккан тезеги айтып турат.

Алыбек:

– Язбек туура айтат эки бээнин изи саяк уруусунан тараган Алдакенин үйүнө келиптир. Анын короосунун жанында жылкынын жаңы тезеги бар экен.

Эки бала Алдакеге кайрылып турду:

– Алдаке аба, кудайдын буйругу менен атамын сары, кула бээси бар эле биз ошол эки малды жоготуп жатабыз. Из сиздин үйүңүзгө келиптир.

Чөөдөй сары, жеерде сакал Алдаке эч нерсени билип, көрбөгөндөй айтып турду:

– Ал эмне бээнин изи экен таң билбейм. Көп эле жылкы ары чубайт, бери чубайт, бээңердин белгиси же бутунда баскан изинин белгиси бар беле?

– Обо эки бээбиз жоглуп жатат, -алар баштыкка сала келген жылкынын тезегин көрсөтүп.

Чөөдөй сары жээрде сакал киши күлүп:

– Бул эмне жоголгон бээңин богубу, эмне жыттап көрүп богунан тааныдыңарбы, же силердин жылкыңар башка малга окшоштпой башкача бокточу беле,– деп дагы күлүп калды.

Язбек жини келип:

– Алдаке, аба андай дебе энем жок бөбөктөрүм жаш, бээни бериңиз, бербесеңиз бийлерге даттанабыз.

– Андай дебе уулум, мен уурумунбу, далилиңи айт.

– Далилим ушул из сиздин үйүңүзгө келиптир изи турбайбы.

– Сезсең сезе бер, көп эле жылкы ары чубайт, бери чубайт, мен сенин жылкыңы кайдан билем.

Язбек менен Алыбек Алдакенин үйүнө кирип аңтарып карап жатып, жаңы союулган этти кабы менен сууруп чыкты.

– Бул эмненин эти.

– Ой, ал менин жээрде атымын эти аны элдин баары билет.

Эки бала дагы үйдү толугу менен аңтарып-теңтерип чыгып болгон эттин баарын алып үйүнө карай кетишти. Алдаке кол салып сабайын, деди эле анын таягын Язбек жулуп

ары ыргытты. Эки бала Алдакенин жоругуна аябай ыза болуп калышты.

Андан кийин он күн өткөндө Алдакенин бир семиз өгүзүн этин ташка корумдап, билдирбей Баястандын балдары жеп жатышты. Алдаке кашка атын алчактата желдирип, «ким колдуу болду» деп жердин астын бир сыдырып, жердин үстүн бир сыдырып карап жатты. Акыры кашка атын камчылай желдирип отуруп Баястан атанын балдарына жетип келди:

– Жогумду бергиле, силер эле колдуу болду окшойт.

– Биз эчтеке билбейбиз өгүз эмес өгүздүн жампасын да көргөн жокпуз.

Алдаке:

Силер эле колдуу болду, бийге атып айбыңарды үч эсе тарттырам,– деп үйүнө карай узап кетти. Алдаке чапкылап отуруп болгон окуяны бийге барып айткан экен.

Бий Баястан атаны чакырып:

– Алдакенин өгүзүн союуп алганың чынбы?

– Бий аке аялым кайтыш болуп, жети бала төрт кызды бага албай жаңы үйлүндүм эле, жүдөп жүрөм, бобу ак көйнөгүм кап-кара кир болду,– деп кир баскан көйнөгүнүн жакасын көрсөттү.

Бийдин көңүлү турмуштан чарчаган Баястанды аяп турду.

– Аялыңын каза болуп кайра жаңы үйлөнгөнүң ал да тагдырдын буйругу жана балдарыңы кор кылбай жакшы бак.

Алар эртең эле боорун жерден көтөрүп, малыңы малга, жаныңы жанга улайт. Сени эми эч ким айыптабайт, саяк Алдаке өгүзүн башка жактан издеп таап алат, – деп чечим чыгарды.

Бий дагы мыскылдуу күлүп:

– Турмуштун оордугунан ак көйнөгүң кара көйнөк болуптур. Сени Беккулунун тукуму деп, атайлы, ага кошуп «Кара көйнөк» деп аталасың,– деди бий шаттуу күлүп. Бийдин жанындагы старчын, жасоолор баардыгы тең жыргап күлүп жатышты. Ошондон баштап Баястандын тукумдарын ал жердеги эл атынан айтпай «Кара көйнөк» деп чакыра башташты.

Баястан ата балдарын карап:

– Уулдарым турмуштун айынан «кара көйнөк» аталдыңар,-деп каткыра күлүп калаар эле.

Бул ысым жеке эле Бүтөбай атанын балдарына берилбестен жалпы Беккулу атанын тукумна берилип эркелеткен кошумча ат болуп калган экен.

Унутулбай улам айтылат,
Кара көйнөк атыбыз.
Бирөө бизди чакырса,
Бийиктей түшөт даңкыбыз.
Канча заман көп өттү,
Кылым сызып, ай жылаар.
«Кара Көйнөк» деп аталган
Качанкы өткөн бабалар.

## КӨЛӨЙ

Көлөй жети бир тууган,
Көлдөй болуп толкуган.
Ортоңку айыл тараган,
Ордосу кеңип байыган.

Орустардын келиши менен кыргыздар башка жактарга сүрүлө баштады. Падышачылык Россияда Столыпиндин реформасы деген пайда боло баштады. Анын буйруктары жасаган иштери, айланасындагы бүтүндөй элге таасир берип жатты. Орус элинин алдыңкы көз караштагы адамдарын башка жерге көчүрүүнү ишке ашырып кирди. Алардын негизги максаты башка жерге орустарды көчүрүп барып, Россиянын аянтын кеңейтип, алсыз аз элди өзүнө каратып, алуу болгон. Чын эле ошондой болду. Эзели орус буту баспаган жердин баары Россия өлкөсүнө көз каранды болуп калды. Столыпиндин реформасы кыргыздарга да таасирин алып келди. Кайсы учурда Түптүн айланасын да, андан берки Ак Суу жеринде орус бар эле. Бул жакка орустар келип отурукташа баштады. Караколдун айланасындагы Түп, Ак Суу аймагындагы кыргыздарды Нарын, Ат Башы, Ак Талаа жана башка жерлерге көчүрүү маселеси башталды. Каракол шаары борбор болуп, генерал губернаторго баш ийип калды. Орустар кыргыздарга каршы катуу эзүүнү киргизип кирди. Губернияда иштеген кыргыздар орустарга көз каранды болуп, алардын айткандарын кыңк этпей аткарып жатты. Ошолордун бири

кадики Тилекмат акенин баласы Чыныбай болду ал Караколдо жер иштери боюнча иш жүргүзүп жаткан. Түп, Ак Суу тараптагы кыргыздарды алыс жакка көчүрүү башталды. Алдуулар калып, алсыздар көчүп кирди. Белек баатырдын тукумдары аларга каршы болуп, моюн бербей койду. Төрөкочкор атанын тукумдары жана Тынымсейит атанын тукумдары алыс жакка кетиш үчүн түбөлүк туруктуу жер издей башташты. Куржун атанын тукумдары Кичи- Жергес, Чоң Жергес жерин мекендеп турган алардын түбөлүктүү турагы ушул жер болмок. Бирок тагдыр бизди алыс жакка айдап сүрө баштады.

Биз эми бул баяныбызды токтотуп Көлөй атанын анча-мынча баянына кезек бере кетели. Калган баяндарды анан айтып берелик. Көлөй ата чоңоюп калганда биздин бабалар Ак Суудан сүрүлүп отуруп Жети Өгүзгө келишти. Ошентип алардын турмуштары ушул аймакта өтө баштады. Ушундай капсаландуу учурда Беккулу атанын тукумдары бир-бирине жардамдашып ынтымактуу жашап келишти. Тогу арыгына жардам берип, биригип жашоого аракет кылышты. Көлөй эс тартып үйлөнгөнгө убактысы жетип келатты. Баястан ата Көлөйдү жакшы көрчү анткени ал бир сөздүү келип, айтканын аткараар эле. Жана бир нерсени көркүнө чыгара жасоочу. Ар бир ишти жасап жатканда шашчу эмес. Комузду көркүнө чыгарып, кубулжута чертчү. Комуз, бешик, ээр боз үйдүн жыгачтарын жасап элдин алкышына нечен ирет ээ болбодубу. Анысы аз келгенсип, күлүк таптап, куш сал-

ганга ылайыктуу саяпкерлик жана мүнүшкөрлүк сапаты да жетиштүү болчу. Ал эртең менен апак-шапак маалында туруп, кечке чейин тынбай кибиреп иштей берээр эле.

Күн ачык болуп теребел жашарып айлана эң сонун болуп турду. Бул жерге кээде-кээде гана нөшөрлөп жамгыр төгүп кетип, анан кайра ачылып кетет. Кечинде күн алоолоно батып, эртең аба ырайы ачык болоорун билдирип турду. Ушул күндөрдө Көлөй жыгач жонуп, ар кандай буюмдарды жасап башкаларга берет. Анын денеси ар кандай жонулган жыгачтын күкүмү болуп жүрөөр эле. Айланадагы эл Көлөйгө бешик, комуз, соку, сокбилек,кашык, чыны жасап бер деп келе берген.

Бир күнү аны ошол жердин байы Алдосбайдын баласы үйүнө чакырып келди. Алдосбай ошол жердин даңазалуу байы эле. Өз жумушун бүткөрүп, Көлөй анын үйүнө кечке жуук келди. Байдын үйү түзөң жерде жаратылыштын көркүн чыгарып аппак болуп турат. Көлөй байдын байлыгынан жана өзүнөн сүрдөп «мени эмнеге чыкырды»,-деп ар кандай ойлорду ойлоп анча жактырбады. Ал тартынбай эле чоң боз үйгө кирип келип байга ийлип салам берди. Бай Көлөйдү жактырып жанына отур,-деди. Бай Көлөй менен ар кандай окуяларды аңгемелиш отурду да, анын «Ортончу балам бар эле ошонун аялы төрөп, ага бешик жасап бер»,-деди. Көлөй ошону менен үйүнө кетип ал бешик жасоонун камылгасына киришти. Ал токойду аралап, керектүү жыгачтарды таап араалап үйүнө алып келип, балта менен жонуп жасоого

киришти. Аны жасоо оңойго турбады, бир топ тер агызып эмгектенди анткени ал жөнөкөй адам эмес экенин түшүндү. Акыры бешик эң сонун жасалып бүттү. Оймо-чиймеси менен жасалгаланды. Аны терметкен эне ошол эле бешикти карап тургандай болду. Көлөйдүн энеси Акбала өтө ишмер, өтө акыл эси тунук жакшы ургаачы эле. Көлөй атын минип, бешикти өңөрүп, Алдосбай байдын үйүнө келди. Эшиктен аны жигиттери тосуп алды. Бир жигит бешикти көтөрүп, Көлөйдү үйгө киргизди, үйдө эки келин байдын байбичеси отурган экен. Бешикти көрүп бай сүйүнүп кетип:

– Ой, эң сонун жасалган тура, оймолору да өтө көөз экен, деги сен жыгач менен качантан бери илешип жүрөсүң?

– Мен эң биринчи коргошун куюп ийик жасоодон баштагам, анан комуз, анан барып боз үйдү жыгачтарын жасай баштадым, азыр баарын тартынбай эле жасай берем.

– Сен комуз жазасаң, комуз да черте алат турбайсыңбы?

– Ооба комузду көп эле аш- тойлордо кыз узатуу жерде чертип ырдап жүрөм.

Ошол кезде Алдосбайдын эки кызы боз үйдүн ичинде отурган эле экөө тең бир-бирине окшош сулуу кыздар экен. Аларга Көлөйдүн көзү чагыла түштү. Кыздар да Көлөйдү жактыргансып калды.

Алдосбай:

– Кана эмесе андай болсо, бизге комуз чертип берип көңүлүбүздү ач, – деп жүктүн бурчундагы комузду алып Көлөйгө берди.

Көлөй комузду бир сыйра байкап карады да, анан кулагын толгой шыңгыратып черте баштады. Анан бир кезде кулагын толгоп бүтүп, чоң күүлөрдөн чертип кирди. Үйдүн ичиндегилер тымтырс бир гана комуздун күүсү. Комуз үнү ай-ааламга кербен тартып кеткен кербенчидей алыска кетип бараткан жолочуларды элестетсе, бирде мал айдап бараткан адамдын элесин берет. Бирде түзөңдө ыргалган назик гүлдүн элесин даана берсе, бирде назик булактын шылдыр үнү чагылат, бирде жаап жаткан жамгырдын үнү угулса, бирде баланын назик добушу жаңырат. Бир паста күү чертилип бүттү. Үйдөгүлөр тымтырс мемиреп отуруп калды.

Сөздү бай айтты:

–Ырахмат балам комузду бабына келтирип черттиң, сен бул күүнү кимден үйрөндүң эле.

– Атам жакшы күүлөрдү чертет ошондон үйрөнгөм. Андан башка күү черткен комузчулар бизде көп эмеспи.

– Жакшы, жигитти өнөр сактайт деген кеп бар эмеспи.

Ошол кезде боз үйдүн эшигин бери туурда отурган эки кушту көрдү.

Көлөй куштарды көпкө карап калды.

– Беркиси, жүнү жылтылдап турат куштун кыраааны ителги тура, мунун кармалганы канча болду, жаш эле окшойт үндөккө жакында эле келиптир, шумкардан шумкар туулбайт, ителгиден шумкар туулат,-деп кадимки мүнүшкөрлөрчө кеп куруп кирди. Алдосбай балага суктанып:

– Мүнүшкөрлүк жайың да барбы дейм?

– Ооба ата чоӊ атам чоӊ мүнүшкөр эле. Ал куш салганда жанына ээрчип алчумун. Кийин атамын кушун өзүм салып жүрчүмүн.

– Азыр муну салган эч ким жок. Мен эшиктеги бүркүттөр менен алек болуп жүрөмүн буга да көӊүл буруш керек. Эгер сен кааласаӊ акыӊ үчүн ушул куштун бирөөн албайсыӊбы?

Көлөй бир азга ойлонуп калды да:

– Мейли ата сиз берсеӊиз алайын, мен куш салган өнөрдүн баарын билем бул кыраан канаттууну көр кылбайм.

– Бизге соку, сок билек керек эле ошону да жасап бер.

– Макул ата бул кыраан экен. Мунун баасы кымбат болот. Бул кушту кармап аны таптаган үчүн канча убакыт кетти, баарын билип турам, айткаыӊызды жасап берейин.

– Анда кушту качан алып кетесиӊ?

– Чоӊ атамын мээлейи бар эле ошону таап алып, эртеӊ келип алып кетейин.

Көлөй байдын үйүнөн тамак ичип анан кетти. Жакшы башы оор токтоо, өӊдүү бойлуу жигитти бай эмес байдын кыздары да жактырып кагансыды. Ошол иш ошол болду. Эртеси көлөй мээлейин кийин келип, жеерде аттын үстүндө кушту колуна кондуруп кетти. Алдосбайдын өӊдүү түстүү татынакай улуу кызы Эркеайым аны боз үйдөн аркы кичинекей алачыктан жигиттин ар бир кыймылын суктануу менен карап турду. Ошол иш дагы ошол болду. Башкача такыр болгон жок.

***

Ошол жерде Теккара деген бай бар эле. Ошол байдын Гүлдана деген кызы Тагайберди деген адамдын баласына турмуш куруп, кызды эмки жумада узатат экен деген кабар чар тарапка тарап кетти. Чоң тойго даярдыктар көрүлүп жатты. Малы союулуп, боорсок бышырылып, узатуу үчүн келин кезектер, жигиттер камылга үчүн ары-бери чуркап, алыс жакын тааныштарга кабар айтылып жатты. Дөңдөн ары чоң боз үй тигилип, кыз-күйөө ойну ошол үйдө болмой болду. Селкинчек үчүн жыгачтар орнотулуп, ырчы, комузчулар үчүн ооруntuктар жасалды. А түгүл оюнга манасчылар да келип элге Манас айтып бермей болду. Анан акырын эки жума өтүп, ошентип кудалар келип той башталмай болду. Теккара да колунда бар бай эмеспи баардык камылганы жай-жайы менен бүтүрүп тойду улантуу гана жөрөлгөсү калды. Комузчулар, чоорчулар чакырылды. Айылдан жакшы комузчуларды издей башташты. Жүрүп-жүрүп отуруп эле Баястан уулу Көлөйгө барып такалды. Теккаранын бир жигити келип Көлөй менен саламдашып, ал жайды сурашып, тойго барып комуз чертип берүүнү өтүнөт. Көлөй макул болду. Айылдын байы чакырып жатса кантип макул болбойт.

Бул учур мал семирип нык болгон алтын күз эле. Эки жактын камылгасы толугу менен бүтүп, эртең той башталып, иш толугу менен шайма-шай болду. Той шааниси менен бир жумага созулат.

Ошентип шаан шөкөттү бай Тагайберди жакын туугандары менен күтүрөп, кудасыныкына келип түштү. Кыз менен

күйөөгө арналып чоң боз үй тигилди.

« Алты бакан селкинчек», « Жоолук таштамай», «Ак чөлмөк», « Токту сурамай» жана башка оюундар ойнолуп жаштар чоң кумардан канды. Кыз жигиттер бир-бири менен таанышып кезектешип ырдап жатты. Ыр чыны узатылды, ким ырдай албай калса ал уят болот. Көлөй комуз кайрыктарын эң сонун чертип берип жатты. Ал ырдагандарга да комуз чертип ырдалган ырга эле күү кошуп чертип берет. Ал комуздун кайрыктарын эң сонун жаңылбай чертип калган эле кыз жигиттердин баары анын черткен өнөрүнө таң калып жатты. Улгайган адамдар сурап:

– Бул комузчуңар кайдан келген неме ченде жок өнөрчү го,– деп таң калат.

– Ой, бул биздин эле тууган Бугу эненин тукуму Бүтөбай атанын тукумдары Көлөй деген жигит экен.

Энелер суктана башташты:

– Атаңын көрү өнөрүңөн айланайын баланын колу алтын экен. Күйө бала кылып алчу эле жигит тура,– деп касиеттү энелер сугун артышат.

Ошентип той баардык шааниси менен уланып жатты. Балдар үчүн эки бай тең байлыгын аябады. Боз үйдө элечекчен энелер, ак калпакчан аталар узун маек сөзгө киришип, бирбирине каалоо тилешет.

Жаштардын иши өзүнчө болуп, алар түн боюу ак чөлмөк, токту сурамай деги койчу ар кандай оюундарды ойношту. Көлөй бул тойго Эркеайым сулуу келдиби деп көз са-

лып жатты. Эки күндөн кийин кеч курун Эркеайым сиңдиси менен келди. Тойдо кыздардын арасында отурган Эркеайымдын көзү Көлөйдүн көзүнө урунуша түштү. Алар бири-бирин жаземдебей таанышты. Кыз күйөлөр жаштар баардыгы чоң боз үйгө чогулуп ыр кезени уюуштурушту. Ырды той башчы жигит ырдап кезекти бир кызга берди. Ал укмуш ырдаган кыз экен. Кезекти токтобой эле Көлөйгө сунду, ал бир аз Эркеайымды карап алып, сүрдөп кетти да анан өзүн токтотуп, комузун күүлөп, улуу акын Арстанбектин « Тар заман» деген термесин жамгырдай куюулуштуруп төгүп кирди. Терме ырдалып бүттү, комуз да чертилип бүттү отургандар эмне кылаарын билбей бир тынымга тымтырс болуп калды да анан шатырата кол чаап кирди. Тойду алып баруучу жигит:

– Уул болбогсоң коё кал, өнөрдү баары ушул жигитте тура,– деди жапалактай мактап.

Калгандар кол чаап киришти. Той уланып, ыр бир кезде барып аяктады. Эми жаштар ырдай берип чарчады окшойт эс алып ары бери басып келүүнү каалашты. Көлөй Эркеайымга келип:

– Кичине басып келбейлиби.

– Мели эс алса, эс алып келели.

Экөө ээрчишип алып арыдагы суу жээгиндеги талдардын жанына келишти. Тоонун кичине суусу шылдырап агып жатат. Кереметтүү айдын толгон учуру. Жердеги чөптө айдын күмүш нурлары ойноп жатат. Арыда өскөн талдын жанын-

да шылдырап булак агып, айлуу түн жаштарга кандай керемет. Айланада жаштардын үнү шаңк этип чыгып жаткан кыз күлкүсү. Көлөй менен Эркеайым эч нерсени сүйлөшпөйт эмнегендир бир-биринен сүрдөп жаткан шекилдүү кыздын жүрөгүнүн түрсүл какканы жигитке угулуп жаткансыйт.

– Үшүгөн жоксуңбу,-деди жигит.

– Жок үшүбөй эле турам.

– Түн жылуу болуп турат.

– Ооба, мындай айдын чыкканын биринчи жолу көрүп турам.

Көлөй күлүп:

– Мен биринчи жолу кыз менен айлуу түндө жолугуп турам.

Экөө тең кыраан каткы күлүп калышты.

Кыз күлүп, оң ийни жигиттин денесине жабыша түштү. Жигиттин боюу бийик колу-буту шадылуу эле, ага жараша кыз дагы ошондой болчу.

– Кечке туруп чарчап кеттиңби, жүрү тетиги жалпак ташка отуралы.

Экөө отурушту. Таш муздагыраак экен.

– Денеңе таштын муздактыгы өтпөйбү?

– Жок жылуу эле экен биз бир азга эле отуралы.

Алар жакын отурушту. Эки дене бир-бирине тийип ортодо кандайдыр бир жалын жанып жаткансыды. Ал экөө ушул жерде жанаша узакка отура бергиси келди.

Бир кезде ары жактан кыздын жаңырган үнү чыкты:

– Ой, комузчу жигит барсыңбы кайда кеттиң?

Экөө ылдам туруп, боз үйгө карай басышты.

– Ой, эмне кечиктиңер же үйлөнүп алдыңарбы?

Ал жерде турган жаштар жапырт күлүштү. Экөө адымдай той өтүп жаткан жерге келишти.

Ошентип той шаанисиэң жакшы өттү.

Ушул түнү Көлөй менен Эркеайым биринчи жолу ай чыккан түнү жолугуп, биринчи жолу бетме-бет кезикти. Ушул түнү Көлөйдүн ыры анын черткен комузу айланага сүйүү ыры болуп жаңырды. Ушул түнү Эркеайым назик сүйүү ырын айланага созду. Ушул түнү береги эки жаштын кереметтүү тоюу болуп жатты. Ушул түнү жашоо да, сүйүү да токтобой уланып жатты.

***

Көлөй бул жерде өзүнүн жашоосун жакшы өткөрүп жатты. Кечке жаны тынбайт, же жыгач менен иштейт, же куш таптайт. Анын мурун эле жакшы көрүп келген бир иши бар эле ал күлүк таптоо.

Күндөрдүн биринде ушул жердин бир Аладакы деген бай кишиси бар эле ошого уук, керегe жасап берди. Аларды эң сонун келиштирип жасады. Бүткөндөн кийин Аладаакы карыя,– Кана уулум эмгегиңе эмне аласың,– деп тигиле карады. Аладаке бул жердин орточо байы эле. Көлөй ойлонуп калды да.

– Камбар ата тукумунан кайрылсаңыз болот эле,– деп башын жерге салды.

– Анда бир бээни кулуну менен ал.

– Мели байым, айтканыңыздай болсун.

– Тигине жылкылар турат барып тандаган бээңи ала бер,– деди.

Көлөй жылкыларды эки үч жолу аралап, акыры бир тайды, анан бир бээни алмай болду.

Ал байга келип:

– Байым мага бир тайыңыз жана бир бээңиз жагып калды,– деди.

Бай экөө жылкычларга басып келди. Көлөй жылкы менен тайды көрсөттү. Бай ойлонуп калды да:

– Кулундуу бээ албай калдыңбы, мейли тиги тайдын энеси эки-үч жылда анда-санда тууйт бирок кулундары күлүк болот. Ал эми бээ дайыма жорго кулун тууйт, ай болбостур, «Кара көйнөк» тукуму тандаарын тандапсың эми ала бер, бирок менин жумушум чыгып калса, дайыма бүткөрүп бер,– тандаганыңы алып кете бер,– деди.

Ошентип Көлөй тайды чоңойтуп аны күлүккө таптап жатты. Жаш болсо да чабандестиги бар эле, анан ага күлүк да жарап берди. Чукулда саруу уруусунун байынын ашында күлүгү чыгып келип элүү кой, эки бээ байге алды. Ал ошентип акырындык менен байлык топтой баштады. Бээси чукулда кулун тууп анысы чуркаса жорголоп чуркап артынан чаң чыгат. Ага эми бир гана үйлөнүү жагы калды. Ал өзү жакшы көрүп калган Эркеайымга көп жолу жолукту, Эркеайым да сага турмушка чыгам деп убадасын берди. Алдосбайга да-

лай адамдар куда бололу деп келди. Бирок убадасын берген жок. Анткени анын кызы Эркеайым «мен турмушка чыксам Көлөйгө гана чыгам»,– деп туруп алды. Бай аялына нааразы болуп айтты:

– Ой бул кыз жыгач жонгон жардыга жармашып алды, быякта байлардын баласы турса, ушул жардыдан эмне чыгат. Жыгач жонуп отуруп бул качан байыйт.

– Бул карабет кыз айтканын бербейт андан көрө ошого турмушка берели, бирок бала да ары өнөрлүү ары эмгекчил экен буюрса, бат эле байлык чогултчудай болуп жатат. Ушул жагын ойлойлучу,-деп аялы орундуу сөздү айтты.

Бир аз убакыт өттү Эркеайым айтканынан кайтпады. Акыры ата кызынын айтканына макул болду. Ошентип замандардын заманында, жылдардын бир жылдарында Көлөй менен Эркеайым баш кошуп жашоонун ак жолуна аттанган экен. Ошол иш ошол болду. Андан башкача болгон жок.

## «КӨНӨЧӨК»

Бүтөбай ата балдарын үйлөнтүп өстүрөм десе эки көзү төрт болчу эле.Кыргыздар ары жылып, бери жылып, калмак, кара кытай, уйгур, казак чапкынында калып, алар менен кармашып, бирде бөксөрүп, бирде көбөйүп жүрүп отурду. Ошентип ар бир кыргыз тукум калтырып, кыргыз элин жок кылбай сактап калсам деген ойдо болду. Алар байыркы ата-бабаларын жерин сактап, конушун коргоп,«биздин журт жер үстүнөн жок болуп кетпесин» деп ойлонду. Беккулунун

уулдары конуштаган Чоң Жергес, Кичи Жергес жери артта калды. Адамдар ал аймактын жайнаган жерин бөксө тоолорун, токойлорун, шаркырап аккан сууларын түштөрүндө гана көрүп калды. Балдары тай минип чаап бараткан жерин, көпөлөк кууган аймактарын, козу улак кайтарган жерин түштөрүндө көрүп, төмөндөгүдөй ырды сызылтып ырдап калышты:

Көктөн учкан жагалмай,
Жагалмай канат кага албай.
Жетимсирейм жалдырап,
Жергес жерге бара албай.

Ушул армандуу ыр алардын жүрөгүндө жаралып өзүнчө бир арман болуп калды. Жигиттер ата бабасы өскөн жерин сагынып куса болушту. Туулган, өнүп өскөн аймак деген оңой эмес экен. Бүтөбай ата төрт уулду болбодубу, алар: Баястан, Мамай, Садык, Карач.

Биз мындан аркы баяныбызда Карач атанын балдары жөнүндө бир тамашалуу түбөлүк эсте кала турган ары күлкүлүү ары армандуу, Беккулу атанын тукумдарынын ар биринин эсинде калган бир икаяны эске сала кеткибиз келип турат. Аны биз эске салбасак анда биздин баяндаган санжырабыздын тузу кем болуп калышы ыктымал. Карач атанын: Жантай, Талканбай, Төрөкелди деген балдары бар экен. Карач ата тагдыр берген ушул балдарымы эл теңдүү чоңойтуп, өстүрөм десе эки көзү төрт болуптур. Ал бир күнү талаада кой кайтарып жатып бир түш көрөт. Түшү мындай

экен. Беккулу да, Бүтөбай да куш салчу эле. Өзү да түшүндө куш салып жүргөн экен. Анын үч кушу туурунда отуруптур. Ал ойлонот «куштарым туурда отура берип чарчады, обого учуп канат кагып сергип келсинчи» деп ойлонот. Үч кушун байлоосунан чечип, «кайра мага аман-эсен кайтып келгиле»-деп асманга учурат. Үч кушу канат кагып, теңир обону карай сызып кетишет. Бара жатып айбаттуу үн берет. Бир кезде асманды караса куштардын кайтып келе жаткан карааны көрүнөт. Ата «куштарын сергип кайра өзүмө келаткан экен» деп кубанат. Ошол сапар кеткен куштардан экөө аман-эсен кайтып келип бирөөнөн кабар жок. Эки кушун туурга кондуруп коюуп, үчүнчү кушун күтүп жатат. Куштан дарек жок такыр келбейт. Күтөт. Күтөт такыр келбейт, ал бир кезде ойгонуп кетет. Анан эле түшүн ойлоно баштайт. Эмне үчүн? Карач ата койлорун айдап үйүнө келип көңүлсүз үңкүйүп отурду. Аял эринин көңүлсүз отурганын көрүп:

– Эмне болду деги малың аман-эсенби?

– Аман эле бирок талаада жатып, бир түйшөлө турган түш көрдүм.

Аялына көргөн түшүн айтып берди. Экөө тең ойлонуп калышты. Жантай менен Талканбайдын балдары бар. Ал эми Төрөкелдичи… Али үйлөнө элек. Экөө баласынын бойдок жүргөнүнө бушайман болуп калды.

Эртеси ата жампая тартып жеерде атын минип, бойдок баласын үйлөндүрүш үчүн эки жактан кыз издеп чыкты. Тамыр таанышынан, агайын сөөктөрүнөн бойдок баласы-

нын жөнүн айтып жүрүп отурду, жүрүп отурду. «Төрөкелдим эле үйлөнсө санаам тынган турат. Ал үйлөнүп аталык карызыман кутулайын»,-деди. Жол жүрүп отуруп ал жатакчы Жаамбай аяшыныкына келиптир. Жатакчы Жаамбай эми эле талаадан кайтып эс алып отурган болчу. Жаамбай элүүдөн чукулда эле ашкан кара-тору адам эле. Өмүрүндө оозунан жаман сөз чыкпаган, адамга жаманчылыгы жок, жайдары башкаларды куудул сөзү менен күлдүрүп жүрчү.

– Ой кел, Беккулунун тукуму «Кара көйнөк» арпа өнгөн талаада эмне издеп жүрөсүң, азыр арпа быша элек, бышкыча көп бар,-деп күлүп калды.

Карач ата да ага тамашалай жооп берди:

– Эмне издемек элем курсак ачты, алым качты, кара аяк толтура жарма ичип, карт-карт кекиргим келет.

– Ошол эле болсо эчтее эмес, эгин өсүп турганда жарманын иши оңой.

Экөө тең жарпы жазылып күлүп калышты. Карач чери жазылып, барбаландап:

– Эмне издемек элем. Жанакы үч баланын экөө үйлөнүп, небере жумшап калдым, Төрөкелди баламын колуктусу жок ошого аял издеп чыктым жашы да өтүп баратат. Ошол үйлөнсө санаам тынып жакшы болуп калат элем.

– Баланы үйлөндүрүш атанын милдети ошол милдетиңен кутулайын деп чыккан турбайсыңбы, эл журт турат, сага ылайыктуу келин табылат. Табылбай коймок беле.

Экөө көп нерсени сүйлөшүп отуруп акыры бүркүтчү

Солтонкелди карыянын тал чыбыктай ийилген эстүү Шаакүл деген кызы бар эле. Алар ошого токтолушту.

– Каке дагы бир күнү экөөбүз Солтонкелдиникине баралы бүгүн кеч кирип кетти,– деди.

Ошол ошол болуп, Карач ата кой короого келген маалда үйүнө келатты. Ал аралдагы койду короого кошо айдай келди. Аялы «эмне сөз айтаар экен»,-деп күтүп жатты.

– Буюрса уулуңа колукту табылды, бүркүтчү Солтонкелдинин кызы Шаакүлдү келин кылып алмай болдук.

– Ой, анда жакшы ал энемин тайлары болот. Ырас мен тайэжеми келин кылып алат экем,– деп кубанды.

Ошол ошол болуп андан үч күн өттү. Карач жатакчы Жаамбайды ээрчитип, Солтонкелдинин үйүнө түштү. Үйүнүн сыртында бүркүт, куштардын түрү конуп отурат. Бул адам кыраандардын тилин билген мүнүшкөр адам эле. Турмуш ошондой болуп жатпайбы, бир иш менен эмгектенбесең сен кантип жашамак элең.

Мүнүшкөр карыя шибеге, көгүн алып бүркүттүн томогосун жамап отурган экен. Үйдө ат алчу бала жок экен экөө аттан түшүп чылбырды казыкбош чалып мамыга байлап, карыяга сылыктык менен салам беришти.

Келгендер боз үйгө киришип чай ичишип, ар кайсы көрүнүштү, аба ырайын, элдеги окуяларды сүйлөшүп отурушту.

Бир кезде Карач:

– Солтонкелди аба балдар, кыздар чоңоюп колубуз узарып

келатат го.

– Ал жагы жакшы кудайым ушулардын жаманчылыгын эле көрсөтпөсө болду.

Сөзгө Жаамбай жатакчы аралаша баштады:

– Аба тамакты даамдуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз,– дейт.

– Касиеттүү аба сиздин Шакүл деген ай чырайлуу кызыңыз бар экен ошону биз бүлө кылып алалы дедик эле,– деди Карач жайдары кубана тигил кишинин көңүлүн алып.

– Аны эми өздөрү билсин эки баланы жолуктуруп көрөлү мамилеси келсе, үйлөнсүн күйөөгө бербей мен аны жигит кылып алмак белем. Атанын оюу кызым бактылуу болсо эле,– дейт да.

Булар бир четинен сөз бектип, экинчи четинен балдардын каалосуна коюушту. Ошол иш ошол болуп, андан башкача болгон жок.

Эртеси Карач атанын аялы Төрөкелдини ээрчитип алып, Солтонкелдинин үйүнө келди. Кан куда Карач атанын аялынын жакын тайлары экен. Алар туугандык жол менен жакшы аңгемелешти. Кыз дагы Төрөкелдини жактырып калды, эми калыңы үчүн Карач кудага мал айдатып, анан бара-бара алыш-бериш бүтүп, кыз узатуу иши гана калмак. Убакыт жылып, он күн өттү. Төрөкелдини күйөөлөтүп, кайнатасынын үйүнө жибермей болушту. Күйөө баланын кийминин баарын жаңылап, чакчайта кийиндирип, минген атынан өйдө жараштырып, башына чакчырылта калпак кийги-

зип даярдашты. Бир гана жаман жери күйөө бала өтө жоош сөдү сүйлөөнүн да жөнүн билбейт. Бирдеме десе эле кой, уй, жылкы кайтарганын эле сүйлөп туруп алат андан башка сөздүн жөнүн билбегендиги жаман болуп жатпайбы. Ата-эне ойлонуп, буга тамашөкөй күйөө жолдош тапкысы келди. Антпесе Төрөкелди кызга кайындарына эмнени сүйлөп бермек, «Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик жагы билинип калбаса экен» деп эне байкуш кабатыр болуп турду. «Эптеп келин кылып алсам экөөн өзүм тарбиялап алаармын» деп жакшы ойго термелет. Экөө ойлонуп-ойлонуп өтуруп күйөө жолдош да тапты. Ал Талканбайдын жакындары Шакенди табышты. Шакен ары сөз билги, ары куудул, ары тамашөкөй, ары элди бириктирип сүйлөгөн элчилик жайы да бар эле. Төрөкелдиге энеси:

– Балам сага күйөө жолдош табылды.

– Ал ким экен.

– Талканбайдын кайнагасы Шакен.

– Ал мени менен барып эмне кылат. Андан көрө өзүм эле барсам эмне болот. Мен аяктан эмне иш кылам.

Ата менен эне боору эзилип күлүп калышты:

– Сен эмне кылмак элең, күйөө бала болуп созолонуп жүрөсүң.

Ата менен эне дагы күлүштү.

Ошентип эртеси күйөө жана күйөө жолдош жолго чыкты.

Алар Солтонкелдинин үйүнө кечкурун келишти. Күйөө жолдош менен күйөөнү кичинекей боз үйгө киргизишти.

Кыз келиндер күйөө баланы көрөбүз деп келип жатышты. Күйөө жолдош көзүн ирмеп шыпылдап сүйлөсө жөн эле тилинен чаң чыгат. Ал эми күйөө бала кыз келиндерди карап эси ооп калгансып, улам-улам эстеп оозун ачып аңырая отурат. Ошол кыздардын арасында бир шумпай кыз бар эле:

– Жездеке, кулагыңы бери тосчу мен жездемин кулагын кызарта чойгум келет,– деди бир шумдукту баштап.

Төрөкелди эч нерседен капарсыз башындагы калпакты ары коюуп, кызга башын тосту. Баардыгы кыраан каткы күлүп калышты. Кыз жездесинин оң кулагын кармап чоё баштады. Ал кулакты катуу чоюп жиберди окшойт:

– Кокуй акырын чойгун, кулагым катуу ооруп жатат. Баардыгы кыраан каткы күлүштү. Күлбөгөн киши жок. Кыз жездесинин кулагын коё бербей дагы катуу чоё баштады.

– Ий, ооруп кетти акырын чойгун дебедим беле,-деди жезде баардыгы дагы күлүп жатышты.

Кыз кулакты чойгонду акырындатып калат, ал кезде Төрөкелди кыйкырбай токтоп калат. Кайтадан катуулатат күйө бала кыйкырып кирет.

Ошентип жезде менен шум кыз элдин көзүнчө мышык-чычкан ойношту. Шаакүл күйө баланын абалын көрүп жылдызы жерге түшө баштады. Муну билген кыраакы жеңе: – Кызыке эмнеге капалуусуң, күйөө бала кол бала экен ичинде такыр арам кири жок жаш баладай экен муну өзүңө тушташтык кылып тарбиялап ал. Күйөөң кызыл камчы болсо эмне кылат элең, жаман болмок. Анын үстүнө кудагый

атамын жакын жээни экен, ал сени эч убакта кор кылбайт. Сага ошол эле керек. Келиндин акылдуу кебин угуп, Шаакүл тынчып кайра жайдарылана баштады.

Кыздар, келиндер күйө баланын сырын билип ошол түнү түн ортосунда тараштты. Эртеси болду. Эртеси үйдө экиүч эле киши калды ага менен жеңе бээ сааганга кетти эле ошол кезде шум Шакен дагы бир жорукту ойлоп таба койду. Ал Төрөкелдиге арыдагы илинип турган көнөчөктү алдырып келип, – Кел каймак жейли, курсак ачты,– деди. Эч нерседен капары жок бала кыял Төрөкелди колу менен ууччап каймакты жеп жатты. Бир кезде Шакен –тиги бычакты алып кел,-деди да – Көнөчөктү оозун кесип жибер,-деди. – Ой, кокуй ээси урушпайбы,– деди. –Жок урушпайт, күйөө бала салт боюнча ушундай кылыш керек,– деди. Экөө кесилген көнөчөктөн каймакты аябай жешип аны чыктандын түбүнө коюуп койушту.

Жеңе бээни саап келип чыгдан жакты караса эле кесилген көнөчөк. Жердин баары каймак. Эмне балакет болду, ит кирдиби,– деп ойлоду.

Жеңе Шакенден сурады:

– Ой, күйө жолдош көнөчөктөгү каймакты жепсиңер аны кеспей эле жебейсиңерби, ошол дагы болмок беле,-деди жылмая күлүп.

– Күйөө балаңар ачка болуп көнөчөктөгү каймакты жеп жатып, көнөчөктөн колу чыкпай калганда мен араң дегенде бычак менен көнөчөктү тилип чыгардым,– дейт. Келин чо-

чуп кетип:

– Койчу күйөө жолдош ошол дагы болмок беле.

– Чоң киши калп айтмак беле, муну жеңеке эч кимге айта көрбө күйө балаңар жөнүндө лакап тарап кетет,-дейт куудулдана.

Шум Шакен баарын жасап коюуп билмексен болуп калат.

Ошентип күйөө жолдош менен күйөө кайра өз үйүнө кетишет.

Кыз менен жигит үйлөнөт. Чоң той болот. Ал тойго көп эл катышат. Үйлөнгөндөр бактылуу өмүр өткөрөт. Кыз жоош күйөөнү өзүнө жаккандай кылып тарбиялап алат. Алар узак жыл бактылуу жашаган экен.

Бирок баягы окуя жөнүндө жеңе элге айтып жиберет. Ошондон улам күйөө баланы «көнөчөк күйөө бала» деп аташат. «Көнөчөк» деген ат жалпы Беккулу атанын тукумуна тарап кеткен экен. Мурун « Кара көйнөк» деген атыбыз болсо, эми балакет болуп, ага « Көнөчөк» деген ат жармашты да кетпей калды ошол бойдон такыр кеткен жок. Мейлм эмне десе да ошол ыйык ат бизге жармашып келе берсин. Жалпы элибиз аманчылыкта ден соолукта, журт аман-эсен эле болсо болду. Андан башка эмне демек элек. Малыбыз көп болуп, көнөчөктө каймагыбыз толо болсун биз аны кол менен эле жыргап жей беребиз. Көнөчөктөн колубуз чыкпай калса аны тилип туруп чыгарып алабыз.

Жесең ширин татыган,
Көнөчөктө каймак бар.

Мээрим чачкан Беккулу эл,
Меймандостук жагы бар.
Көп элге эчак таанылган,
«Көнөчөк» деген аты бар.
Ушундай ыйык заты бар.
Башка элдер биз кургурду,
«Көнөчөк» деп чакыраар

## САПАР ЖОЛ

Ошентип падышачылык Россиядагы жер реформасы жүрүп, кыргыздар Россия империясынын карамагына кошулуп, алардын сөзүн угууга аргабыз калбай калды. Ал кезде түндүк кыргыздардын душманы өтө көп болду. Жакын эле жерде калмактар кыргыз жерин басып алып өздөрүн башка жакка сүрүп айдап жиберүүгө аракет кыла баштады. Өзүбүздүн туугандарыбыз казактар да тынч жатпай койду. Союл ала калып түн ичинде жылкыны айдап кетип, «Ысык Көлдү ээлеп алабыз» деп ыдык көрсөтүп кирди. Ал эми кытайларды айтпай эле коёлу алар «согушпай эле элибизди жайгаштырып койсок, кыргыз жери биздики болот» дешти. Түштүктө өзбектер Кокон хандыгы чыкты «баардык кыргыз алык-салык төлөсүн хан ордого сулуу кыздарын берсин» деп, ала топусун кийип чыгышты. Ошентип эки ортодо ынтымагы жок кыргыздар ары-бир, бери-бир сүрүлүп кайда бараарын, ким менен бирдиктүү болоорун билбей калды. Ошол кезде биринчи жолу кыргызда Боромбай тарап

орус губернаторлугуна кайрылды: Бизди карамагыңарга кошуп алгыла, силер көпсүңөр, биз силер менен бололу деген ойлорун билдиришти. Россия өзүнүн аянтын чоңойтуш үчүн аракет кылып жатты эле, бул сунушту кабыл алып, орустар көлдүн айланасына кирип келип, үстөмдүгүн жүргүзө баштады. Анан алакандай ынтымагы жок кыргыз эмне кылмак эле.

***

Эми калган сөздү коё туруп өзүбүздүн бабаларыбыздын баянына өтөлү. Ошентип Беккулу атанын тукумдары Ак Суу жеринен сүрүлүп, Жети Өгүзгө келди. Ошол Жети Өгүзгө келгенде биздин туугандар өздөрү өскөн Чоң Жергес, Кичи Жергес жерин сагынып куса болушту. Анын үстүнө ал жер койнун ачып кенен аймак эмеспи. Алар чыгыш тарапты карап, армандап ыр чыгарышат.

Кичи Жергес, Чоң Жергес,
Көз алдыман түк кетпес.
Айдыңданып эске келет,
Анда өткөн миң элес.

Дартымы менин козгойсуң,
Өскөн жерди ойлойсуң.
Элес сиңип жаштыкка,
Эсимен кетпейт окшойсуң.

Беккулу атанын тукумдары Жергес жерине келип, өздөрү өскөн жерин көпөлөк кууган айдыңдарын көрүп кетип ту-

рушту. Бирок ал тарапка барууга такыр болбой калган. Эми Жети-Өгүз жеринен жер бөлдүрүп алабы. Жок Саруу уруусунун адамдары жана башка уруулар менен мамиле түзө албай жатышты. Кийинки учурда бул жердин байы Байтейит Беккулу атанын тукумдарына жүз үйүрбөй койду. Ошол жердин байлары менен каршылык күчөй берди.

Койсойбос:

– Бу биздин жолубуз болбойт го.

Балбак:

– Атаңын көрү дүйнө баягы биздин Жергес жерибиз кайда?

Алар өздөрүн жаман сезип жылдыздары жерге түшүп турду. Ата бабабыз өскөн ошондой ыйык жерди кайдан табабыз.

***

Көп жылдык отоо чөп сары кычан талаага жыш өстү. Гүлү майда ак канат кылкан сыяктуу сары баш өсүмдүктөр жол жээктеринде, ачык жерлеринде жыш өсөт. Боз булуттар тоонун башын карай ашыга жөнөшөт. Күндүн жылышы менен келгиндер эрте келип, курт-кумурскалар, жыландар ийнинен эрте эле чыгып, ары-бери сойлоп өз азыгын издеп жүрөт. Тээ берегиде үч кыраан учуп жүрөт. Экөө чоң, бирөө кичинекей. Ата-эне бүркүт өзүнүн балапанын аңчылыкка үйрөтүп жүргөн шекилденет.

Ошол күндөрдүн биринде Беккулу атанын тукумдары жер чалып, конуш издеп, келиш үчүн иш билги Баястандын уу-

лу Түмөнбай, Балбактын уулу Абадан алыс сапарга аттанмай болушту. Түмөнбай узун бойлуу чымыр булчуңдуу, кыл мурут койгон алдуу, күчтүү улан эле. Абадан да ошондой зор денелүү ар бир нерсени баамдап чечкен акылы жетик жигит болчу. Узак сапар жолдо алар ийдиш аягын, башкалардан сактаныш үчүн курал жарагын алып, эки бир тууган чоң сапарга аттанды. Тааныш эмес жолго өздөрүнө турак издеп чыгыш оңойбу. Кимдир бирөө караңгыда союл менен жонго чаап, атын тартып алса өзүн карышкыр өтпөс кайчы жолго, түлкү өтпөс түнөк жолго таштап салса, булардын күнү эмне болот? Бала чакасы туулган туушканы бар эмеспи. Туугандары менен коштошуп эки атчан сербейип кетип баратты. Түмөнбайдын мингени Чаар айгырдын тукуму Каракүлүк орточо семиздикте, чуркаганда оңой менен атка жеткире койбос. Теминип койгондо омуроосу менен душмандын атын коюп кетмейи бар. Жакшы багылгандыктан куйрук, жалы, жүнү күнгө нурдана жылтылдап, адамдын көзүнө түшчү жаныбар. Абадандын мингени Адылдын уулу Томпойдун жеерде аты. Бул менменсинген өкүм жылкы тукумунан чыккан. Балбак менен Адыл уулу башынан жылкы жаныбарына жакын, кандай чобур ат болсо да таптап отуруп, күлүк кылып алмай адаты бар. Алар:

– Ат адамдын канаты,– деп көп айтышат.

Түмөнбай менен Абадан ат үстүндө желе жорто сапар тартып келатышат. Алар көп жерди көрүп, кайсы жерге Беккулу атанын тукумдарын көчүрүп келүүгө боло турганды-

гын ойлонуп келатышты. Алардын сапары Тоң, Котмалды, Нарын, Ат-Башы, Ак Талаага жетип кайра кайтмак. Жолочулар жөн ишти аркалап бараткан жери жок, ушул чачкын учурунда Беккулунун тукумдарын бир жерге жыйнап чогултуп отургузуу үчүн баратат. Түбөлүк конуш турак жай издеп кетип баратат. Күн эртең менен чыгыштан чыгып, батышка батат. Жолочулар тынбай кетип баратат. Алар бош жерди издеп, жер оңутун издеп кетип баратат. Жакшы ылайыктуу жер болсо, малы жайылып, өзөн суусу жакын болуп, эл кыйналбагандай болуп, жер сугарып, эгин айдаса, короосуна кайың –тал өстүрсө. Жолочулар кечинде бир жерге түнөп, күн уясына батып кетет. Эртеси кайра күн уясынан чыкканда жолун улантат, жолочулар да жолдо кетип бараткан болот. Күн да, адамдар да өзүнчө кетип бараткан жолочулар. Жүргүнчүлөр жүрүп отуруп, Тоң жерине келишти. Бул жерге келген Кыдык атанын тукумдары бар экен. Алар менен аңгемелешип, жүздөшүп, андан ары жолун улантышты. Алар бат эле Котмалдыга Арык туугандарына жете келип, Байболот менен таанышты.

– Ой, Төрөкочкордун тукуму кайда жол тартып?

– Кайда бармак элем Чыныбай жана оёзной Итбоку Ак Суудан кет,– дейт. Жаңы конуш издеп жер чалып баратабыз. Кайсы жерден ылыйыктуу конуш табылат ал кудайдын бир барманы келечегибиз эмнегендир бүдөмүктөнөт.

Байболоттун казан аягы кенен сыйчыл киши экен. Эки жолочуну кондуруп, эртеси аларды аттандырды. Эртеси экөө

берешен кишиге ырахматын айтып, сапар жолго чыгышты. Турак издеп эки жлочу кетип баратат. Сапар тартып ыйык күн дагы сапарын улантып кетип баратат. Баардыгы тең өз жолун улантышат. Эгер сапар токтоп калса, анда жашоо токтоп калмак.

Экөө Кочкордон өтө бергенде, дөбөнүн артында эки атчан пайда болду. Эки жолочунун көзүнө эки атчан кандайдыр шектүү туюлду. Эки жолочу тең алдуу күчтүү экен. Түмөнбай экөөн карап, булардын колунан эч бир жакшылык келбей турганын сезишти. Алардын көздөрү Түмөнбай менен Абадандын аттарына түшүп турду. Биздин жолочулар булардын талаа жеринин каракчысы экенин сезишти. Булардын колуна түшкөн адам талаа жеринде таланып жөө калаарын сезишти. Түмөнбай дагы Абадан дагы узун бойлуу тарамыштуу, оңой менен башкаларга моюун берип жеңдирип ийчү адамдардан эмес. Түмөнбай куржундагы шылк этмесин алып, өтүгүнүн кончуна салды. Куржунда таягы, а түгүл кичинекей кылычы, жаасы да бар эле. Түмөнбай Абаданга:

– Даярданалы шектүү немелер окшойт, атты бүт баардыгын алдырып, ай талаада өлөбүз жалгыз калабыз. Булар бизди аёчу түрлөрү жок.

Эки атчан эки жолочу жакка карай жакындады. Биздин адамдар эки жолочуга салам айтты. Бирөө Түмөнбайдын колдон алып, аттан оодара тартууга аракет кылды. Ошондо Түмөнбай аны колго муштап жиберип тездик менен кончундагы шылк этмени алып башка катуу чапты. Ал аттан кулап

жерге сулады. Экинчи каракчы Абадан менен алышып жаткан экен. Аны капталынан келип, Түмөнбай каруугa катуу уруп калды. Атчан алы кетип ат үстүндө шалдайып калды, Түмөнбай шылк этмеси менен моюунга берип калды. Каракчы аттан кулап боз топурактын үстүндө жатып калды. Эки каракчы тең алы кетип боз топурактын үстүндө жатат. Биздин жолочулар эки аттын чылбыр, октосун түйүп башына байлап, из жашырып тескери жакка күн батышка карай « чу» коюушту. Ошентип биздин жолочулар ары сапар жолун улантышты. Түмөнбай да, Абадан да чыныгы баатырлардан эле алар күрөшкө жана башка мелдештерге катышып денелерин аябай чыңап алган баатырлар болчу. Кетип бара жатканда каракчылар кыйкырышты:

– Таштагыла аттарды, ай талаада жөө калабыз.

– Туугандар аттарды таштап кеткиле!

– Иттик бизден кетти.

Бирок биздин жолочулар аттарын катуу желдире көздөн кайым болуп жоголушту. Экөө эчен белди, эчен дөбөнү аралап жол келет. Андан бери үч-төрт күн өтүп кетти окшойт. Береги дөбөнүн этегинде кичинекей боз үй жана жалгыз алачык турат. Алачыктан бериде таруу эгилген жер. Андан ары арпа, буудай ыргалып өсүп турат. Быйыл жаанчыл болуп өсүмдүктөр жакшы өскөн экен. Чоң таштан ары шылдырап күү алып назик булак агып жатат. Анын жээгинде бөрү карагат, жапан тал ыргалат. Тээ арыда созулуп саз жатат. Асманда ары-бери тынч албай учкан карлыгачтар. Алардын

жашоосун жаратканым абадан жазап коюуптур, ошол үчүн алар азыгын издеп тынымсыз абада сызып калган. Жакын эле жерде күкүк кушунун сайраган үнү жаңырат. Ал бир күүнү кечке эле кайталай берет. Бирок адам баласы анын үнүн эмне үчүн кайра-кайра уккусу келет. Алар бат эле ошол кичинекей боз үйгө жете келишти. Жолочуларга даакысы жаңы түшкөн боз тайган үрүп каршы чыкты боз үйдөн бир бала чыгып, тайганды чакырып аны жибине байлады. Анын артынан орто курактан өтүп калган кара жоолук салынып бир аял чыкты. Жолочулар айымга салам айтышты. Алар жөн жай отурп учурашты.

– Бар болгунуң айым!

– Өзңүздөр да бар болуңуздар.

– Бул кимдин үйүй?

– Бул кешиги жок Калдайдын үйү.

Жолочулар бул сөздү укканда оңтойсуз абалда калышты.

– Түшкүлө түшүп даам татып кеткиле.

Аял баласына кайрылды:

– Санжы абаларыңын атын ал.

Бала жолочулардын атын мамыга байлады. Алар кичинекей боз үйгө киришти.

Аял кыргыз расмиси боюнча кошок кошту. Ал бир топко кошок кошту. Жолочулар эмне кылмак эле бир топко түнөрүп отурушту.

– Касиеттүү айым кудайдын буйругу экен кайрат кылыңыз.

– Кайрат калбасаң болбойт.

– Жаратканым ага ушунча өмүр берген тура ага каниет кыбасаң болбойт.

Айым оордунан туруп келген коноктorго чай берди.

Бул үйдү ээси Калдай деген жатакчы экен. Эки жылдан бери ооруп жүрүп, чукулда каза болгон экен. Бир кара уюу, он коюунан башка малы жок. Кыркылыгына мал соёлу десе эч нерсе табылбай жатыптыр. Дасторкон үстүндө Түмөнбай арбакка куран окуп бата кылды. Алар көпкө сүйлөштү. Эки жолочу арбакка багыштап, бир атты союп, куран окутуп кетмей болду. Экөө тең жылкы сойгонго камбыл эле, бат эле союп бүтүштү. Үй ээси аябай ыраазы болуп:

– Абалар силерге ырахмат, байкуш күйөөмүн өлгөнүнө мына эртең кырк күн болот. Колдо болбогондон кийин жарытылуу эч нерсе соё алган жокпуз, эми анча-мынча туугандарды чакырып бата алалы. Абалар шашпай арбакка куран окуп, эт жеп кеткиле!

– Жок кыгылайын карындашым, биз алыс сапар баратабыз, шашып баратабыз.

– Түмөнбай, Абадан байке силерге ырахмат, силер кайсы уруудан болосуңар?

– Бугу уруусунанбыз, Жети өгүздө турабыз, карындашым жакшы кал! Балким кайтып келе жатканда сага келе кетеербиз.

– Келе кеткиле абалар, каалаган тилегиңерге жеткиле,-деп кара жоолук салынган аял жолоочуларды жалооруй карап

узатты.

Жалгыз атты жетелеп эки жолочу келатты. Алар көп жерди кыдырды, эч бир жерде отурууга ылайыктуу жер жок экен. Алар түбөлүк орун алуучу жердин шартын абайлап карап келатышты. Бир жеринде суу жок, суу болсо кыштакка ылайыктуу жери жок. Ошонун баарын байкап келатышты. Кээ бир жер кыштакка ылайыктуу жер экен, ал жердин билермандары аларды кондурганга макулдук бербейт. Алар бирде ар кайсы үйлөргө консо, бирде адамдарды кыйнабай, ай талаада жылдыздуу түндүн алдында конуп келатышты. Жашынан экөө тең жаа тартканга ылайыктуу болгон жолдон ар түрдүү канаттууларды атып алып куйкалап жеп сапар тартып келатышты.

Бүгүн күнгө жума. Күн ачык анын ыйык нуру жансыздан топуракты, таштарды, жандуудан чөптөрдү, гүлдөрдү, жаныбарларды жылытып, магүрүм жер үстүнө жашоо себилип турат. Күн нуру адамдын жашоосуна чоң кубанычка бөлөп, пенденин турмушу күн менен коштошуп аяктайт. Эки жолочу эрбең-сербең ээн талаада кетип баратат. Алар көп өтпөй кап көтөрүп, бала ээрчиткен бир адамга жолукту. Ат жетелеген эки жолочу буларга бат эле жете келишти. Эркек киши эки жолочуну элейе карады. Алардын кийими суу болгон.

Бала ээрчиткен жигит таң кала жолочуларга салам берди. Алар учурашты.

– Тоо тараптан келатам, жалданган адаммын.

– Кимге жалдандың эле.

– Сакалы жок көсөө Оңолбай байга, туура бир жылы кой бактым, бир жылга төрт кой берем деген. Бир эле кой берди, тамак ичтиң,– деп калганын бербей койду.

– Жөө келатасыңбы?

– Ооба атым бобу дөбөнүн түбүндөгү сазга тыгылып калды чыгара албай койдум.

– Өлдүбү же өлө элекпи?

– Билбейм.

– Билбейм, эртең мененден тартып чыгара албай койдум, кой кайтарып жүрүп, алым кетип калыптыр.

– Ме бобу атты минип ал.

Эки атчан желдирген тейден дөңдү ашып, сазга тыгылып калган атка келсе араң эле жаны калыптыр.

Түмөнбай, Абадан экөө күчкө салып тыгылган атты чыгарды.

– Ой, туура эмес жерден өтүпсүң тее-тетига ылдыйкы кургак жеден өтсөң болмок экен. Эми бул атты минбе, эпеп айдап отуруп үйүңө алпар. Кимдин баласызың, канча бир тууганың бар.

– Атым Айкулет, Кулкишинин баласымын. Бир атадан жалгызмын.

– Өзүң кайда турасың?

– Тээ береги кара тоонун ары жагында.

Эгинчилик кылып, таруу арпа, айдайм.

– Канча малың бар?

– Беш кой, беш эчки, Бир уюм бар, атым аз жерден өлүп

калаардасилерди кудай айдап келбедиби.

– Анча-мынча малың бар экен канча балаң бар?

– Бобу эркек адгы эгиз эки уулум бар.

– Жакшы ушул уулдарың чоңойсо колуң узарат.

– Бул атты көптөн бери жетелеп келатабыз, ушуну балдарыңа таштап кетебиз, -деди Түмөнбай.

Берки адам эки жолочуну карап таң калды. Чын эле ушундай да болобу? Мага кыдыр адамдар жолуккан экен деп ичинен таң калып жатты.

– Үйгө жетелеп кетсек болбойт беле,– деди Абадан күлүп.

– Ой, койчу басыгы өтө начар чобур сыяктуу мал экен мынтип отурсак качан үйгө жетебиз, унааны ылдам бастыра албай, жолубуз арбыбай жатат.

– Мейли,– деп Абадан макул болду.

– Атың ким,– деди Түмөнбай жоон үнү менен.

– Элебес.

– Элебес сага бобул атты ээри менен таштадык. Жал куйругу начар экен,-деп курч бычагын алып чыгып, куйрук жалын тааныгыс кылып кесип таштады. Ат такыр эле башка жылкы болуп калды.

– Эмне багып турайынбы.

– Ал ала бер, сага бир жолу бердим.

– Жакшы адамдар деги силер кимсиңер?

– Мен Баястандын уулу Түмөнбай,

Бул Балбактын уулу Абадан.

Башынан баатыр жаралган

Тийшип жүргөн кишини,
Тишин жулуп таштаган.

– Чоң атабыз Беккулу деген киши.

– Ырахмат Беккулу атанын балдары. Жолуңар байсалдуу болсун!

– Сен кайсы урпактансың?

– Тынымсейитмин.

– Тынымсейит менен Алсейит бир тууган эмпспи билесиңби?

– Билем Мырзакул атанын балдары эмеспи.

– Ошентип жети ата тегиңди биле жүр, биз көлдөн келатабыз.

– Үйгө барбайсыңарбы, бир кой союуп берейин.

– Бир койду союуп берсең төртөө эле калат анда жарды болуп аласың го,– деп Түмөнбай барбалактан тамашалай күлдү.

– Эми Элебес баатыр кыргызда «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген элде сөз бар эмеспи биз кеттик,– деп Түмөнбай атын катуу камчылады.

Элебес эки адамды жакшы көзү менен карап:

– Жакшы баргыла, сапар жолуңарга кудайым жардам берсин, – деп алкады.

Жолочулар аттарына камчы уруп закымдай кетип баратышты.

Элебес «бул мага ат берген Кыдыралейсалам эмеспи деди да: – Ии…аллах Мухаммад… рассуллах,– деп кудайга жалы-

нып койду.

Эки жолочунун бактысына көптөн бери күн ачык болду. Тоо башында булут жок, аба ырайын жакшы билген кыраакы Түмөнбай ушул учурду тандап алган эле. Алар Кочкор жерин жакшы эле кыдырышты эки суусу бар кенен жерге туш келишти, бирок ал жердин манап, бийлери бул аймакты Беккулу атанын тукумдарына ылайык көрүшпөдү. «Бул жерге өз тукумубуз отурат» деген сөздү айтты. Алар Кочкордон ашып, Тоңдун үстүнкү өрөөнү менен кыдырып кайра Жети Өгүз тарапка кетмей болушкан. Сапар жолдо келатып экөө байыркы санжырадан кеп уруп келатышты. Абаданга Касиеттүү Кара Үңкүр жөнүндө, Бугу эне жөнүндө санжыраларды айтып келатты. Экөө санжырага аралашып узак жолдун кантип кыскарганын билбей калышты. Алар үстүнкү өрөөн азыркы Ала-Баш, Коңур Өлөң жерлерин көрүштү бул жерди өзүнчө аймак экен деп жактырып да калышты. Бирок ал жердин саяк манаптары өзүбүздүн жер укум-тукумбуз отурат, байыркы учурдан бери отурукташып келатабыз» деп такыр сөзгө келбей койду. Алар азыркы Тогуз Булак, Жер Үй аркылуу биз турган жер Касиеттү Көңдөйдүн бош турганын көрүшөт. Ушул жерге отурукташып, кыштак курууну самашат. Ал кезде саздын аянты чоң болуп, камыш, төө кирип кеткенде көрүнгүс чий бар экен. Талаада түркүн куш сайрап, тоолордо кекилик чил батпайт. Коён, элик ары-бери чуркайт. Чийдин арасында коркулдап каман жүрөт. Тиги жерде кашкулак чуркаса, бу жерде оролуп жы-

лан жатат. Арыдан тоодак безеленип чуркаса, бу жерден кыргоол канат кагып көрүнбөй черге кирип кетет. Жер Үи суусунун алабында калың черде булбул таңдан кечке, үн безеп чыгат. Ал эми берки сазда, эчки маарак үн салса, ызгыт куш учуп жүрөт, каз-өрдөк каркылдайт. Өрөөн тынч тири укмуш жаныбарларга бай экен. Түмөнбай менен Абадан ушул жерди жактырып калды. Кышкысын эки тоонун ыктоо тартып, чөбү малга оттуу келет. Кышкысын кар аз түшүп, кургак келет экен. Тоого жайылып, мал чөптөн кор болбосун дагы билишти. Тоо бүтүндөй бадалга ширелип, калдайган колотто токой өсүп созулат. Бул жерге мындай өсүмдүктүн кайдан келгени дагы белгисиз. Топурагы кап-кара өсүмдүк айдаганга ылайыктуу болуп, тоонун ортосунда шылдырап булак агып жатат. Кыш, күзү конуштаган жери жакшы экен эми жайкысын мал бакканга жери кандай болду деп, Кичи Тепши, Чоң Тепши, Чоң Ташка чейин жетишип, Андан ары имерилип Ат Жайлоону көрүп, кайра артына кайрылып келе жатышты. Алар жаа менен кекилик чил атып алган эле. Күн кечтеп калгандыктан аттарын отко коё берип чоң таштардын түбүнө түнөмөй болушту. Аттарын тушап коё беришип, күндүз атып алган кекилик, коёнун куйкалап жеп, курсагын тойгузуп жатты. Ээрин жазданып, көрпөчө чепкенин айкара жамынып, чарчап келген адамдар коңурукту кош тартып чоң уйкуга кирмей болушту. Асмандагы жылдыздар шоола чачып жымыңдайт. Күркүрөп аккан чоң суунун үнү аларга байыртан атам замандан бери тааныштай сезилип, ата-баба-

ларынын санжыра-жомогунан баян айтып жаткандай өңдөнду. Күркүрөп-шаркырап агып жаткан суунун үнү аларга ак элечекчен энелериндей бешик ырын ырдап жаткандай туюум болду. Анан эле жолочуларды таңданткан кандайдыр бир үндөр, элестер келип-кетип турду. Бейтааныш, тааныш да үндөр кулактарына угулуп турду. Алар бул күтүлбөгөн кереметке туш болуп, кандайдыр кооптонуу сезимине кабылышты. Балдардын назик үндөрү, аялдардын кереметтүү ырлары, энелердин, карыялардын добушу баардыгы угулуп турду. Ошол үндөр ушул эле жакын жерден чыгып, бир аркан боюу эле жерде адамдар жашап, өмүр өткөрүп жаткандай көрүнүш келет. Койлордун маарап, жылкылардын кишенеп, койчу, уйчу, жылкычынын үндөрү угулуп, алар кайсы бир атам замандан калган элдик ырларды ырдап жаткандай туюлду. Ошондой болду. Эки жолочу таң калды. «Биз кайсы жерге келип алганбыз, бизге эмне керемет үндөр угулуп жатат» деп сезтеништи. Ошентишти. Эки жолочу түн ичинде сүйлөбөй ойго батып ошол керемет үндөрдү тыңшап жатты. Тоо түбүндө ар кайсы өтөктөрдөн ай, жылдыздын жарыгында боз үйлөрдүн карааны закым болуп көрүнөт. Боз үйлөрдөн үл-бүл эткен оттор жанып адамдар бир нерсени бышырып жатканы эшилгенсийт. Эшикти ачып адамдар кирип- чыгып өз жумушу менен алек болуп, бүтпөгөн жашоосун бүткөрүп жаткансыйт. Ошол үндөрдү угуп, ошол көрүнүштү угуп жолочулардын элесине канча бир заман, канча бир кылым өтүп жаткандай болуп туюулду. Алар өздөрү баса элек, өздөрү

көрө элек жерден кийинки Беккулу атанын тукумдарынын үндөрүн угуп жаткандай сезилди.

Ошол көзү ачык адамдарга, бизге конуш издеп эки бабабызга ушул жерде өтүүчү биздин турмушубуздун үнү угулуп жаткан жок бекен? Аларга бабалардын урпагынын келечектеги турмушунун элеси көрүнүп жаткан жок бекен? Ошондой болгон жок бекен? Ошол түн аларга бир сыйкырдуу, бир укмуш элестер менен жанып өттү. Алар эртеси түндөгү сыйкырдуу көрүнүштөр жөнүндө сүйлөшкөн жок.

Чарчаган жолочулар өз үй, өлөң төшөгүндө бут серппей тынч уктаган экен. Эртең менен улар, кекилик, мукам добуш салып, суурдун аңкуштаган үнү биздин сапар келаткан жолочуларыбызды ойготту. Алар көп түн, көп күндөн бери тынымсыз өздөрүнө конуш издеп келатып аябай чарчаптыр. Өмүрүндө ушунчалык керилип уктаган эмес. Кадимки эле үйлөрүндө жаткандай эч капарсыз магдырап уктаган экен. Эки жакты караса, өтөктөрдө, тарашаларда, апай беттерде аркар-кулжалар койдой болуп жайылып жүрөт. Алар асман жакты карады кыраан бүркүт бутуна бир чоң жаныбарды илип алып, аскалар жакты карай ашыга учуп баратат. Ошол жакта анын уясы бар шекилденет. Ошол иш ошол болду.

Эртеси туруп дагы эт бышырып жеп дагы көп жерди көрөлү дагы кандай жер бар экенин билгизи келишти. Алар эртеси Чоң Ашууга чейин Коргонду Булакка келип, кайра эле баягы эки тоонун ортосундагы көндөйгө карай жол улашты. Экөө көп жерди басып келгиче бир топ убакыт өттү.

Керели кечке жол жүрүп чарчаган экен.

Абадан Түмөнбайга кайрылды:

– Кайсы жерге жатып конуп алалы.

–Тетиги кызыл дөбө турат ошонун ары жагында шибер чөптүү, бадалдуу колот бар экен ошол жерге конолу.

Экөө ошол коктуга келип, аттарын тушап коё беришип, майда барат кургак отун чогултуп атып алган кекилик, чилдерин куйкалап эт жегенге кирип бат эле уйкуга киришти. Чарчаган жолочулар ылдам эле тынчтыкка көшүлүштү. Ошол түнү Абадан ата бир укмуш түш көрдү. Андай түштү ал өмүрүндө көргөн эмес эле. Касиеттүү адамдын көргөн түшү төмөндөгүдөй болчу.

Берегиде бүгүнкү өздөрү көргөн дөбө турат. Беккулу ата ошол дөбөнүн айланасында бир жумуш кылып жүргөн экен. Ары жакта суу агып жатат. Атанын жанында кайың, тал ар кандай өсүмдүктөр ыргалып турат. Анан эле бир жактан атага үч боз үй алып келет. Беккулу атанын балдары жанында турат ата:

– Балдарым бекер басып жүрбөй жерге тал тиккилечи,– дейт. Ал талды алып берет. Балдар тал тиге баштайт. Анан эле ата үч баласына үч боз үй берип:

– Бобул боз үйлөрдү тетиги түзөңгө тигип оокатыңарды кылгыла,– дейт. Балдары боз үй тигип киришет. Өрөөн бүт боз үйгө толуп кеткен экен.

Эртеси күн жаадырап чыга келип, жолочулар өтө кеч ойгонду. Алар аттарын токуп чоң сапарга аттанмай болушту.

Бул жерден кетеерде жалпы ата бабанын арбагына багыштап куран окушту.

Алар Жер Үй жакта Абдыраман деген киши бар экенин уккан ошого карай сапар улады. Абдырамандын чоң боз үйү Жер –Үй суусунун жээгинде экен. Ошонун үйүнө келип эки жолочу жакшылап учурашып, аларга ал-абалын келген жайын карыяга айтып беришти. Карыя:

– Силер деле касиеттүү уруудан экенсиңер, бул жер бизге караштуу эле, бирок мен силер сурасаңар берем, келип отурукташа бергиле, түз жол менен жүрүп отуруп, Бор дөбөдөн бурулсаңар Калматай деген ажы бар. Ошого барып жолуккула андан дагы бир ооз өтүнүч сурагыла,– деп биздин жолочуларды жакшы маанайда узаткан экен. Эки жолочу карыяга аябай ыраазы болуп жол тартышты. Карыяга ырахмат айтып Бор Дөбөгө карай келатты. Жол жүрүп келатып Кулгунанын аркы түшө калышында өгүз минип келаткан бир балага жолукту. Бала сылыктык менен атчандарга салам узатты. Жолочулар:

– Алматай деген ажы кайсы жерде турат.

Бала ажынын үйүн көрсөтүп берди. Атчандар атын камчылап ошол жакка карай ашыга баратышты.

Алматай ажы касиеттүү киши экен. Биздин адамдарыбызды жакшы тосуп алып сыйлады.

– Мен ал жерди Абдыраманга көз салып тур дегем, силер деле биздин жакындарыбыз экенсиңер көчсөңөр көчүп келгиле бир эл, бир журт болуп жашайлы,-деп жакшы кеңешин

берди.

Экөө Алматай ажыга ырахматын айтышты. Көчүп келиш үчүн Жети Өгүзгө карай жөнөдү. Алар эки күн болот деген-де өз туугандарына аман-эсен келишип, өз баштарынан өт-көн окуяны баардыгын айтып беришти. Эмки сөз ошол жак-ка көчүү жөнүндө болуп жатты.

Адыл:

– Ал жакты билем, мал жайганга тар болуш керек.

– Ар кайсы жерге көчүп-конуп эле жүрөбүз, ал жерге көчүп барып жакпаса башка жакка көчүп кетеби. Биз Жети-Өгүздүктөргө кор болдук андан көрө кете берели анан кал-ганын көрөбүз.

– Ошол жакка кетели Саруулуктар бизге ыдык көрсөтүп жатат. Беккулу атанын тукумдары бир жерге чогулса жакшы болбойт беле,– деп Табылды айтты.

Ошентип баары кеңешип отуруп баары көчмөй болушту. Бирок ар бири өз шартына карашты. Барскондун тоо жагын-дагы өтөктө акбоз бээ чалынып кудайга жалынып бата тиле-шип көчкөнгө камынып киришти.

Бул кез 1850- жылдардын ар жак бер жагыбы ким билет. Биз көп эле адамдардын сурадык бирөө дагы анын жообун так айта албады. Бул учур Столыпиндин жер реформасынан кийин болгон болуш керек. Бир киши да айта албайт Бекку-лу атанын тукумдары баардыгы бир кезде көчүп келип оту-рукташкан деп, эч ким айта албайт. Алардын ар бири ар кан-дай шартта көчүп келап жай алышкан. Андагы кездеги сан-

жыраны ким билет совет маалында санжырага көңүл бурчу эмес, болгону биз карылардан гана угуп калчубуз. Санжыраны кеп салса улутчул, өзүмчүл деп айтылган. Кээ бир санжыра жөнүндө кеп козгогон окумуштуулар ишинен куулуп көрбөгөн кордуктарды көрүп, айрымдары итап болуп айдалып кеткен. Биздин айылда санжыраны мыкты билген адамдар болгон алардын сөзүн учурунда баалабай укпай калбадыкпы. Бирок балалыкта алардын кээ бир сөзүн тышаганбыз ошол кереметтүү санжыранын бүркүмдөрүнүн кээ бири жоголуп кетпей биздин эсибизде калган экен. Мен силерге ошонун кээ бирин баяндап берип жатам.

## КӨЧҮҮ

Улуу даражалуу география коомунун жетекчисинин кабыл алуу бөлмөсү. Кенен ары жарык. Дубалдарга ак шам илинген. Тигил жерде Россия империясынын желеги жана герби турат. Андан бери сүрдүү эң сонун чеберчилик менен жасалган бүркүттүн статуясы орун алган. Дубалдын оң жагында даңазалуу падыша Улуу Пётрдун сүрөтү. Анын жез атчан сүрөтү Россия өкүмдарынын улуу сүрүн элестетет. Пол жылтылдап катуу кымбат жыгачтар менен жасалгандыгы билинет. Бөлмөдө стол, стул, жумшак мебелдер жайгашкан. Комната жөнөкөй ошонусу менен шаңдуу. Ашык эч нерсе жоктой сезилет. Өлкөнүн генерал губернаторлору, генералдары, чек арасына байланышкан адамдар кирип келишти. Төштөрүндө тагынган сыйлыктары жаркырайт. Алардын колдорунда ар кандай папка, кагаз салынган

сумкалар, докладдар. Алар менен бирге кочкор мурун, узун бойлуу, чачтуу, аскер кийимчен киши отурат. Бул адам Россиянын география коомунун мүчөсү. Ал бир канча жолу Ыраакы Чыгышка, Борбордук Азияга, Кытай жерине барып келген. Анын жардамчысы чоң картаны дубалга илди.

Орустар көп жерди колония кылып каратып алуу саясатынын араандай оозу ачылып турган кези. Алардын ойлогон жери Ыраакы Чыгыш жана Борбордук Азия жана башка жактар болгон.

Европадагы Англия, Испания, Португалия, Франция өлкөлөрү кандай жер каратып, колония кылып алса, Падышачылык Россиянын да максаты алардан айырмаланган эмес.

Баардыгы тымтырс болуп география коомунун жетекчисин жана падышанын ишенимдүү адамын күтүп турду. Бүгүн бул жерде Н. М. Пржевальскийдин баяндамасын түбүнө жеткире талкуулап анан аны падышанын алдында талкуюуга коюушмак. Бул жерде Россиянын саясатын жактаган менмендеген төрөлөр, улуу адаммын деген пенделер отурат. Бир кезде жетекчи да келди. Эми булардын кызуу талкуусу башталды. Чогулушту алып баруучу Александр Иванов генерал губернаторго сөз берди. Ал ыраакы чыгыштагы абалды баяндап айтып берди. Деңизге чейин жетүү керек, Россиянын чек арасын кенен мухитке чейин алпарын ар жагы Аляска, Американын түндүгүн ээлеп алгысы келет. География коомунун жетекчиси ар бир кишиге сөз берип жатты. Сүйлөгөндөрдүн оюу төмөндөгүдөй болуп турду. Жа-

рыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн сөзүнүн мааниси: Жаратканымын алдында Россиянын чек арасын кеңейткиле, Сибирде якуттар, чукчалар, хакастар, алтайлыктар жана башка толгон майда элдер бар. Ошолордун жерин алып андан ары жол улантуу болуп калды. Америка, Британия, Франция жана башка элдердин алдында чек ара боюнча тең келе албай калсын, чек араны кеңейтүү эмне оорбу, жапайы элдер эч убакта каршылык кыла албайт. Аларды кааласаң атып сал, кууп такыр жок кыл, алар кире албас кылып чеп сал, Россиянын желегин илип, солдаттарды кайтартып кой, Ыраакы Сибирь жак талкууланып, экинчи маселе Борбордук Азияга келди. Борбордук Азияны кыдырып чыккан саякатчы М. М. Пржевальский сүйлөй баштады:

– Улуу даражалуу сиздердин өтүнүчүңөр менен жана сиздердин урматыңыздарга Борбордук Азия чөлкөмүн кыдырып чыктым. Кытайга чейин андан ары, Далай лама турган Лхасага чейин барууга аракет кылдым. Тоолор, түздүктөр, өрөөндөргө маршурут жасап, 225 географиялык, геологиялык, экономикалык аныктамаларды киргизип чыктым. Алардын калкынын турмушун аныктадым,

Ал дагы көптөгөн мисалдарды келтирип аргументтүү түшүнүктөрдү берди. Анын айткандарынын баардыгы туура келгендей болду. Баян толук болбой калды окшойт бирөө сурап калды.

– Сиз барган Ошол Борбордук Азияда кимдер жашайт экен?

– Жөнөкөй кара кыргыздар алар жыгач жана жүндөн жасалган боз үйлөр менен бир жерден экинчи жерге мал менен көчүп жүрөт экен.

– Алардын курал жарагы барбы? Канча кылса да Чынгызхан жана башкалар менен күрөшкөн эл эмеспи.

– Ишенмдүү куралдары жок экен кээ бирлеринин гана мылтыгы бар. Аларды басып алыш үчүн биздин бир эле батальон жетиштүү окшойт. Же анын деле кереги жок. Аларды согушсуз эле тынчтык жолу менен каратып алууга болот экен.

Бул сөздү угуп баардыгы ичтеринен кубанып калышты. Буюрса Россия аябагандай көп жерди ээлейт тура. Дагы бирөө сурап калды:

– Алар балким бизге индеецтер сыяктуу каршылык кылбайбы?

– Улуу даражалуум, андай эмес, анын үстүнө алардын ич ара ынтымагы жок. Бийлик, жер талашып ансыз деле алардын алы күндөн-күнгө кетип жатат. Алар өздөрүнүн алын өздөрү кетирген эл экен. Алардв күч жок таш доорундагы адамдарды каратып алуу бизге эң оңой.

Казак орус Михаил Коружный мен сүйлөйүн деп кол көтөрдү.

– Улуу даражалуулар менин оюм мындай, аларга анча-мынча жер берип, Кытайдын аймагына сүрүп салуу керек. Ал эми борбордогу биздин түзүлүшкө каршы чыккан адамдарды ошол жакка көчүрүү керек.

Орто жандана түштү.

– Михаил Тимофеевич туура айтат. Сөзсүш ошондой кылуу керек.

– Бизге бул ойду Реформатор Столыпин да айтпады беле.

– Кайталап айтчы сен саякатчы катары ал жакта кимдер жашайт экен.

– Ал жакта элдин эч маданияты жок, кара кыргыздар алар бир жерден экинчи жерге көчүп, көчмөндүк менен оокат кылат экен. Алар болгону мал менен алек болот.

– Жапайы таш кылымдагы кыргыздар.

– Демек ал жакты жөн эле каратып алууга болот тура. Бул маселе жөнүндө эч кандай тынсызданган болбойт.

Баардыгы ушул ойго келишип, Улуу Даражалуу падышага ушул такилипти билдирмей болушту. Демек кең Россиянын айланасы дагы кеңимей болду. Алар кыргыз жерлерин башкаруу үчүн ар бир губернияга бөлүп башкармай болушту.. Токмок-Пишкек өзүнчө бөлүк болуп, ал жакка генерал губернатор болуп Ф. Кауфман. Ал эми Верный, Нарын, Олуят Ата, Талас, Ысык Көл Жети Суу Уезд болуп түзүдү. Борбору Верный аталды. Ошолордун арасында көптү көргөн, карапайым элге жакшылык каалаган Мирон Григоревич деген адам бар эле:

– Биз ал жакка кастык кылбай эле койсок не болот. Бизге Ыраакы Чыгыш Сибирь деле жетет эмеспи.

Казак орус Михаил Коружный Мирон Григоревичти кага сүйлөдү:

– Сиз качанка чейин эле сылыктык менен жашайсыз. Россия жерин Кытайга чейин кеңейтүү керек маселе ошондо болуп жатпайбы.

Мирон Григоревич эч нерсе сүйлөй албай калды баардык маселе эчак эле чечилгенин билди. Баардыгынын кыялында тоолор, дарыялар, касиеттүү Ысык –Көл өз жери болуп алар көлдө чабак уруп жаткандай болушту. Алар ошол жакты эч кандай күрөшү жок эле басып алганына кубанышты. Тоолордо күлүк чаап, куш салып, көңүл ачып, жүргөндөй болушту. Баардык жерде чиркөөлөр салынып, касиеттүү коңгуроолор кагылып ал ыйык жайда орустар менен кара кыргыздар кудайга сыйынып жаткандай болгон. Бирок кээ биринин алдына чоочун аттардын кошкуругу, өз намызын коргоп, орустарга каршы чыккан кыргыздар бар, бирок орустар көптүгүнө салып, кыргыздарды кырып жатканы, эне баланын ыйы, жигиттердин кармашы, жарадар адамдардын онтогону, ачкалыкка калып, Кытайга карай сүрүлгөн эл, жана башка көрүнүштөр элестеп жатты. Ушулардын баары алардын көз алдына келип-кетип жатты.

Ал кеңешмеге катышкан адамдардын көңүлү ачык, эмнегендир кээ бири кубанганынан ыйлаганын жашыра албай жатты. Ошол жакка барып, жер ээлеп, алтын издеп бат эле байыймын деген адамдар да болду. Жаңы жерлер алардын көңүлүнөн кетпей дегдетип туруп алды.

Кубанып шаттангандар:

– Россия жери кеңейсин.

– Энебиз кенен Россия, ал Америкага жана Аляскага чейин жетти.

– Россия энебиз ыйык.

Россия жерин кеңейтип, Россия илимине чоң салып кошкону үчүн саякатчы Н.Н. Пржевальскийге чоң сыйлык жана акчалай жардам берилип, анын аты орустардын тарыхына алтын тамгалар менен жазылып калды. Ошол күнү ошол адамдар үчүн чоң банкет уюушулуп, Россия мекен эне үчүн шампандар атылып, ичкиликтер ичилип, шыктанткан кайраттуу тостор айтылып, айрымдары кудайга жалынып инжилдеги ырларды ырдап ыйлап жатышты. Ал эми улуу даражалуу падышага жалынуу чексиз болду. Мас болгон кээ бирлери анын ден соолугун жана узун өмүрүн каалап, өлүп калбасын деп кайгыланып ыйлап жаткандар болушту.

Бул болсо колонияны көп жерди биздин жерибиз деп каратып алган Россиянын борборундагы окуя экен. Ал эми ошол жакты кыргыз жерин каратып алабыз деген жерде эмне окуялар болуп жатты ошол жакка келеличи.

***

Кыргыздардын ичинен эң биринчи Россиянын карамагына кошулган ушул бугу кыргыздары болгон. Боромбай Россияга элчилигин жөнөтүп, ошол сунушту колдогон. Антпесе бугу кыргыздары бүтүндөй азап кордук чабуулдардын ортосунда калбадыбы. Бир жагынан калмактар чабуулун баштаса, бир жагынан казактар тынчтык бербейт. Ал эми ала топучан Коконд хандыгы өзүнөч эле бир балее болду. Алык-

салык алып кыргыздарды кууратып жиберди. Анын үстүнө өз ара ынтымак жок кыргыздар бир-бирине от чачып, өлүм менен ойноп туруп алышты. Ормон хан менен Балбайдын согуш же Сарбагыш менен бугулардын ортосундагы согуш эмне деген балеени алып келди. Бугуларды өз бир тууганын кууп жиберип, көлдү сарбагыштар ээлеп алгысы келген. Ормон хан өлөөрүндө айтпадыбы « Көлдү үч айланта, чаап тынчтык бербегиле» деген. Ушундай алааматтар болду, анан көлдүк кыргыздар Россияга кошулбаганда эмне кылмак эле. Жакын туугандар бир-бирине душман болуп, бир-биринин башын жеп кирбедиби. Бир-бирине душман болуп, айгак болуп, ит кыялын баштабаса, адам болбой калган жатпайбы.

***

Эми биз сөзүбүздү Беккулу атанын уландарынын Чоң жана Кичи Жергес жеринде турганынан баштайлы.

Убакыт бугу айы бүтүп, кулжа айынын ортосу эле. Түштүктөн куштар небак эле келип,тоо-талаа мээ кайната ысып, түркүн куштар небак эле уя салып, балапандарын чыгарып, ата-энеси аны учууга үйрөтүп жүрөт. Ак Суу өрөөнүндө түркүн чөптөр, көпөлөк, калдыркандар көкөлөп канат кагышат. Ыйык жаратылыш күчүнө келип турган учуру экен.

Уч кыйырсыз созулган узун жол. Жолочулар ушул жолдо келатат. Алдыда жеерде ат минген семиз адам келатат. Анын билерман бийликтин адамы экенин кийген кийиминен бакылдап үн чыгарганынан эле сезилет. Анын артында топ ат-

чандар. Бул адам Тилекматтын уулу Чыныбай. Ал уездин жер боюнча өкүлү же болбосо борбордун ишенимдүү адамы. Топ адамдарды ээрчитип, Ак Суу болушуна сапар тартып баратат. Чыныбай болуш келет экен деп Байсерке болуш тай союуп эчак эле кам көрүп койгон. Ак Суу болушу аларды жакшы ырай менен тосуп алып сыйлап жатышты. Сөз арасында Чыныбай:

– Ак –Суу, Каракол, Түп болуштарынын аймагына эл толуп кетиптир, бул жердеги адамдарды бөлүп-бөлүп Тоң, Котмалды, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа тарапка көчүрүш керек. Верный шаарынан ошондой көрсөтмө келип жатат. Бул жактын жери кара топурактуу, көлгө жакын жылуу аймак экен. Ошол үчүн орус кристияндары жактырып жатпайбы.

Байсерке болуш:

– Ээ, айланайын бул жердегилердин баары бугу эненин тукумдарыбыз. Эми тентип каяк жакка барабыз.

Чыныбай тиги кишини акырая карап:

– Бул өкүм меники эмес, генерал губернатор Калпаковский төрөнүн буйругу болуп жатпайбы, ал тууганчылыкка карабайт экен. Ал эми бул чечим ичкери эле император тарабынан келген экен. Ыйык адамдын буйругун биз кантип бузабыз. Улуу Россия чоң экенин силер билесиңерби.

Чыныбай семиз курсагын кашылап, кара мурутун сылап, жини келе айтты:

– Көчкүлө деп айтып жатам, чукулда бул жакка жасоол Чокубоку келет Жергес жериндеги бугуларды башка жакка

көчүрөт, ал мендей жумшак эмес.

Эл бул жардыкты Чыныбайдан угуп, эмне кылаарын билбей дендароо тартып калды. Бул жардыктан кийин элдин башы маң болуп, эмне кылаарын билбей оор азапка тушугуп турушту.

Башы маң санаасы бир жерге токтолбогон Байсерке айтты:

– Элге айтайын алар эмне деер экен.

– Эмне демек эле борбордон келген жардыкка ким каршы чыга алат.

Ошентип Тилекматтын уулу Чыныбай келген жагына кеткен. Андан бери туура жарым жылдай мезгил сызып өттү.

Көп өтпөй Жергес жерине оёзной Иванов пристав, полиция, ыстарчындар менен келет деген кабар тарап кетти. Ошондо Жергестин айыл аксакалдары Алдаке, Бейшенбай, Чалый, Муңдук, Күзеке жана башкалар кеңешип, эми карганда каякка барабыз деп пара берип ушул жерде калмай болушту. Көп жашка барып калган Алдаке айтты:

– Ата бабанын өскөн жеринен кайда барабыз, баарыбызды ким батырат.

– Бул жерде ата-бабаларыбыздын сөөгү жатат, аларды таштап кайда тентийбиз.

– Бул аймакты таштап кайда кетебиз, бул жерде ыйык бугу энебиздин изи калбады беле.

– Бул гениралдардын буйругу экен жанагы Ибаноп менен Чоңбокуга ит көнөбү?

– Пара берсек баарысы көнөт Жада калса, асманда жыл-

дыздарды аралап бараткан куш жердеги тамакты жеймин,– деп келет.

Отургандардын баары жымжырт болуп жерди карап калышты. Алардын негизги максаты ушул жерде кала берүү болгон.

Ошентип бугу уруусунун адамдары алтын, акча, мал чогултуп, эптеп пара менен ушул туулган жеринде кала берүүнү амал кылып жатты.

Талаада түркүн чөптөр ыргалып, түзөңдө шыраалжын, уйгак, жолдо каз тамандар жайнап өсүп жатат. Аппак чийлер аңыздарды каптап, шыбак чөптөр өзүнчө жыт тарата каңылжаарды жарып, талаа жери көрккө бөлөнөт. Суу жээгинде жапалак талдар менен кара жыгачтар канча кылым болгону белгисиз атам замандан бери ыргалып жаткансыйт. Жол боюнда коко тикен сороёт.

Капталда ээ-жаа бербей тоо суусу агып жатат. Кичине киргени басаңча тартып калган экен. Бирок болбой эле күрүлдөп-шарылдап агып жатат. Бул суу атам замандан бери агып жатат. Мындан кийинки биз жок заманда деле өзүнүн жолун улап ага берет. Ал суунун аба жарган кереметтүү үнүн биздин бабалар угуп келген, мындан кийинки муундар деле ушул суунун үнүн угуп, биздей тунжурап ойго батып, алар өмүр жөнүндө ойлонушуп, мурунку ата-бабаларын эстешеер.

Тээ берега чаңдуу жолдо бир атчан боз үйлөрдү карай салып-уруп келатат. Аны көргөн адам « Соо болгой эле дагы

кимиси келатат, же бирөө өлгөнбү» деп шекшинет. Кара атчан кара атын кара терге түшүрүп таштуу жолдо катуу чаап келатат.

– Катүгүн тетиги келаткан ким, карагылачы? Дагы эмне болуп кетти?

– Биздин жерлик эмес башка киши экен го.

– Деги тынччылыкпы ким болду экен?

Кара атчан боз үйлөрдү жанына келип:

– Эй, тоолуктар ай, тоолуктар кадыр барктуу оёздун кишиси келатат. Күтүп алгыла! А мен оёзнойдо иштеген приставмын. Кабар таратып баратамын. Оёзой кетип баратканда баарыңар жатып башыңарды жерге тийгизип таазим кылгыла.

– Ой, оёзнойдо иштеген ким келатат?

– Ким деген эмнеси мырза Токарев жана оёзнойдун ишенимдүү адамы Чоңбоку ачендик өзү келатат. Улуу мырзанын урматына жол боюнда туруп башыңарды ийгиле, -деди пристав ары чапкылап, бери чапкылап жол боюнда элге кыйкырып жүрөт.

Көп өтпөй тээ алыстан үл- бүл эткен караан көрүндү. Эки атчан катуу чаап келатат. Алардын артында эки ат чегилген трашманке зымырай закымдап келатат. Эки атчан бат эле жете келди. Алар кыргыз экен. Кебетеси оёзнойдо жасоолдор шекилденет. Тачанкада коңгуроо шыңгырап, эң эле салтанаттуу келатат. Баардыгы ошол жакты карап кандайдыр бир жаман сезимге чулганып турду. Тачанканын алдында бир жа-

соол жол боюнда турган адамдарды камчы менен май куй-рукка чаап: -Жолдон ары кет, оёзной шашып келатат,-деп кыйкырат.

Элдин баары тачанканы анын алдында келаткан жасоолду таң кала караштты. Тачанканын алдында эки-үч жигит аты менен аны ээрчип чаап баратат.

Ошол кезде бир жигит бир нерсени байкабай аты менен жолго чыга калды эле алдыда келаткан жасоол жигит аны аркага камчысы менен чаап:

– Жолдон четте, жолго турба,-деп кыйкырды.

Корккон жигит аты менен жол четине карай качты.

Бир кары адам:

– Оо, кокуй ушундай да болобу,-деп кыйкырынды.

– Караңгүн булардын көздөрү эле оолжуп жыбылжыйт мас немелер го.

– Тачанкада катынпоз, сыйды жакшы көргөн паракор ачендик кетип баратат.

– Анын капталында бир нерсе салпактап кетип баратат тапанчасы окшойт.

– Атаңын көрү булардын күчү ошол капталында салпактаган тапанчада тура.

– Ооба чоң ачендиктердин күчү ошол тапанчада. Керек болсо анысы менен атып салышат. Орустарга таянып, кем акыл Чоңбоку тырактап жаман көптү го дайыма жүргөн жеринде бүлүк салып, бир балакетти баштаганы баштаган.

Элдин баары ушул жаман жагымсыз көрүнүштү көрүп

жүрөктөрү үшүп калды. Элге орустар жүргөн жерде бир жаман окуя болчудай сезилип кады. Тачанкадагылар узап кетип, алардын артында уюулгуган чаң калды. Ошол топтун арасында бөрк ал десе баш алган Чоңбоку сырактап кетип баратат. Тачанка сууну кечип, бурула берип, чоң боз үйлөрдүн жанына келип токтоду. Меймандарды, билермандар, аксакалдар тосуп алды. Тачанкада оёзной Токарев, анын жардамчысы Михалков, жана тилмеч Нигматуллин, ошону менен аларда иштеген Тилекматтын уулу котормочу Чыныбай келди. Айыл аксакалдары меймандарды кол созуп тосуп алышты. Меймандарга тамак аш күн мурун даярдалып коюулган. Үстөлдүн үстүндө эмне деген гана тамак аштар жок. Жылкынын чучугу, казы, карта, койдун куйкаланган эттери, боор, куйрук, май жайнаган жер-жемиштер. Меймандар жай алып, ачка кагансып, тамак аштарды апылдатып жей башташты. Тамак жеп жатып ичкиликти кылкылдата жутуп жатышты. Токарев жылкынын чучугун бүтүндөй кармап ырахаттана жей баштады ал арактыкөп ичкендиктен сөздөрү билинбей былдырттап чыкты:

– Ой, конный чочок как вкусный. Жанындагылар чучукту чочок деп айтканына күлүп калышты.

Нигматуллин

– Василий Акенович это не чочок а чучук.

Токарев оң колу менен чучукту соройто көтөрүп:

– Это не чучук настоящий чочок, большой чочок, это конный сала -деп айтты ырсалактай күлүп. Беркилер ого бетер

ыкшып күлүп жатып, этти да арақты да калтырбай аймап жатышты

Анан Токарев, Михалков, Нигматуллин, Чыныбай төртөө кумар ойноп киришти. Кумар ойну көңүлсүз болуп кетти окшойт бир кезде оюундарын токтотушту. Мас болгон адамдар айылдан кичине ары барып, таш моло коюп мылтыктары менен ата башташты. Орустар аябай кызуу болуп калышкан. Михалков Чоңбокунун артына мине калып, Ну…ну.. ат кылып темине баштады. Чоңбоку кызарып, татарып, Михалковду күлүк ат болуп көтөрүп жүрдү. Буларды көрүп адамдар боору эзилгенче жыргап күлүп жатышты. Бир кезде оёзнойдун башына бир сезим келдиби, боз үйдүн үстүнөн чыккан түтүндү көрө калып, ошону атам деп оолукту. Дагы кимди атып салат,– деп Чыныбай коркуп кетти. Токаревдин мылтыгын талаага буруп:

– Тетиги аркандалган эшекти ат,– деди. Оёзной эшекти көрүп кубанып:

Мас адам тантыр-мунтур сөз сүйлөп:

– Ой, горный архар, надо стрелят,– аны көпкө мээлеп атып калды. Ок анын үстүнөн кайып кетти. Эшек такай менен үркүп ары качты, бирок арканы аны такыр коё бербеди. Токарев качкан эшекти көрүп аябай боору эзиле күлдү. Чыныбай мылтыкты алам деди эле мас адам мылтыкка жулунуп атам деп чыр чыгара баштады. Мас адам мээлеп туруп эшекти атты эле ок такайга тийип жыгылып тыбырап жатып калды. Токарев кубанып:

– Я горный архар стрелял,-деп мастыгы менен дагы көп нерсени кобуранып жатты. Анын мылтыгын Чыныбай алып боз үйдү карай басты.

Такайынын өлгөнүн көрүп боз үйдөн бир бала чуркап калды эле, энеси аны кууп жетип кармады. Бала ыйлап эшекке барам деп жулунат.

Энеси элге угузбай:

– Кокуй оёзной атып салат, ал желмогуз, мокочо сени Чоңбокуга берем, анын ажыдаардай тиши бар сени чайнап жеп салат,эне баласын коркутуп ыйлаганын басты.

Түн ичинде энелер балдарын Чоңбоку алып кетет,– деп коркутчу.

Чыныбай оёзнойлорду ээрчитип боз үйгө алып баратат. Токарев:

– Мне женшина надо я хочу гулай…– ал акыркы сөзүн такыр айта албай калды. Мас адамдын сөзү сандырактап ар кандай чыгып жатты. Бир жагынан Чоңбоку мас болуп жанындагылардын тынчын алат. Бирок бул жерде андан ашкан баатыр жок. Ал орустарга таянып, кыргыздарга кылбаганды кылып жүрөт. Ошол үчүн Чоңбоку деген атка эл кондурган чынында анын чыныгы атын эч ким билбейт. Жөнөкөй эл аны «Эшекбоку» деп атап алышкан. Бийлик дегенде ал бир тууганын саткандан да кайра тартпайт. Ал бир топ ичкен окшойт тамак менен ичкиликке тойгондон кийин анын көзүнө ойноктоп аялдар келе баштады:

Ой, сулуу кыз, сулуу кыз,

Кагылайын нурдуу кыз.
Алтын көзгө жалынып,
Ашык болдум мен сага.

Эрмек болуп ыр ырдап,
Дайым жүрчү жанымда.
Төшөк салып берейин,
Жата калчы жаныма.

Чыныбайдын жини келип:

– Таламандын тал түшүндө сага кайдагы катын. Кайсы кыргыз сага аялын бере коёт. Мен силер деп жүрүп атамын атын булгап элге-журтка жек көрүндү болуп баратам.

Чыныбай орустарды ичинен сөгүп жатты. Ал орусту жетелеп келатты. Семиз мас неме баспай келжектейт. Ал адам өзүнчө эле сүйлөп келжектейт. Аны эптеп боз үйдү ичине жетелеп келип отургузуп, казы картадан сугунтту, таза абага чыгып алкы ачылып калган окшойт, анан аракты удама-удаа ичирди. Бир кезде ал өзүн кармай албай кулады. Эт менен аракка тойгон пенде коңурукту кош тартып уйкуга кирди. Буларды арак менен этке тойгузуп, анан Чыныбай элге келди.

– Амансыңарбы эл журт жакшы турасыңарбы?

– Аманчылык акылман Тилекматтын уулу журтуң менен учурашканы келдиңби,-деди карыялар.

– Оёзной уктап жатабы?

– Ооба уктап жатат Чоңбоку да уктап жатат.

–Чыныбай уулубуз булар эмнеге келишиптир.

Чыныбай калпагын алып, чекесиндеги терин жүз аарчысы менен аарчып, ак чалып келаткан мурутун колу менен сылап койду. Бул пендени элүүдөн өтүп калган адам деп атоого болот. Семиздигинен сүйлөгөн сайын демигип турду. Ал сөзгө өттү турган эл эмне деер экен деп аны жалдырай карап турушту.

– Келген себебим бобереги оёзнойдун кишиси Токарев экенин билесиңер ал Верныйдагы чоң генерал губернатордун иниси бул киши ичсе ичкендей ичет, сүйлөсө сүйлөгөндөй сүйлөйт. Анын жанында орус киши Михалков тилмеч Нигматуллин жана эки кыргыз биз келдик. Орус жетекчилеринин айтканы боюнча көлдүн айланасына айрыкча чагыш ушул биз турган жакта эл толуп кетиптир. Жана тээ Россиянын борбору жактан бул жакка орустар көчүп келет экен. Анткени биз орустардын карамагына кошулдук аны билесиңер да. Ошол үчүн бул жердеги кыргыздарды Нарын тарапка Ат Башы, Ак Талаа жана бош жаткан жерлерге көчүргүлө деп жатат. Кыскасы 1000 түтүндөн бир болуштук түзүлмөй болду. Көл башындагы көп бугулар ошол жакка көчмөй болушту. Анан дагы бул кара топурактуу жерге орус кристияндары келет имиш.

– Ал кимдин буйругу экен,-деп бир абышка кайрылды.

– Бул жарым паша Иванов менен Колпаковский мырзалардын буйругу окшойт. Тил албагандар буйрук, курал жарактуу солдаттардын жардамы менен көчүрүлөт.

Эл арасынан сөздөр чыкты:

– Орус менен ойнобогула, орус менен ойногон ай балтасын ала жүрүш керек.

– Орус менен ойногондор от менен ойногон болот.

Дагы Чыныбай сөзүн улады:

– Орустар өз жерин кеңейтип келатат. Булар көп эл экен. Биздей эмес отурукташкан эл экен.

Ошондо бирөө:

–Кайран Арстанбек бекер айткан эмес тура. Көзү ачыктык менен айткан экен. Ал жамактатып улуу акындын казалын айтып жиберди.

Карылардан кеп уктум,
Уламадан сөз уктум.
Ошондо өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деди эле,
Алда кудай капыр ай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай.

Отургандардын баардыгы Арстанбектин көзү ачык алдыны көрө билген кыраакылыгына тан берип ойлонуп отуруп калышты. Сөздү кайра Чыныбай улады:

– Туугандар Ак Суу элин көчүрүүнү оёзной маселе карады.

– Кокуй алат кайда көчөбүз.

– Баарыбыз бугу тукумунан элек го.

– Бул жерде эл көп болуп жатпайбы, алыста биздин Ат Башы, Ак Талаа деген жерлерибиз турат. Алсейит, Тынымсей-

ит аталардын тукумдары ошол жерлерге барып жайлана берсе болот. Кийин ал жерди башка уруулар ээлеп алышса жер калбай калат.

Ошондо бир карыя кеп салды:

– Айланайын Чыныбай антпе, сен касиеттүү адамдын уулусуң, тууғандан-тууган, уруктан урук бөлүнүп эми кайда самсыйбыз. Бул жерди мүйүздүү энебиздин буту баскан. Көлдү ушул жагы биздин үйүбүз. Өзүң деле ушул жакта төрөлүп, ушул жерде өскөн элең. Сен биздин уулубуз элең го.

– Түшүнүп жатам урматтуу карыя, муну мен айткан жерим жок,тетиги мас болуп жаткан оёзнойго кайрылып көргүлө. Бул чечимди ал да чыгарган жок, бул чечим тигил эле Россиянан түпкүрүнөн келген чечим экен. Ак падышанын чечими тура. Аны булар дагы өзгөртө албайт. Ушунча чоң жерди орус каратып келатат. Казактарды улуу жүз, орто жүз, кичүү жүз деген хандыктар бар эмеспи, алар дагы орустарга баш ийди, чукулда буларга Кокон хандыгы да баш ийиет. Орустар көп көптүгүн салса дагы жеңип алат. Алар улуу эл.

Бирөө айтып калды.

– Улуу эл болгону үчүн арак ичип алып боз үйдө чалкасынан түшүп уктап жатпайбы.

Баары күлүп калышты.

Аялдар:

– Жүрөгүбүз түштү оёзной биздин боз үйдү атмай болду. Боз үйдөгү бизди атып салабы,-деп корктук, атып салса

өлмөкпүз.

– Жок ал боз үйдү эмес, боз үйдөн чыккан түтүндү атам,– деди. Баардыгы күлүп калышты.

– Түтүндү дагы атмак беле келесоо го.

– Оёзной ачендик такайды атып таштады. Эми анын этин жейт окшойт. Булар чочконун этин жешет дейт.

Баары күлүп жатышты.

– Мунун аты эшек аткан ачендик болду.

Баары кайра күлүп калышты.

– Абайлап сүйлөгүлө такайдай кылып бизди атып салбасын. Ортону күлкү аралады.

– Оёзной ичсе ичкендей ичет, атса такай аткандай атат, ырдаса ырдагандай ырдайт. Эт жесе казы, картаны жегендей жейт.

Кайрадан күлкү.

Миңжашар карыя сурап калды:

– Чынабай балам, тагыраак айтча биз көчүп кетсек бул жерге кимдер келет.

– Орустар кристиандар келип бул жерге жай алат.

– Алар деле биздей адамбы?

– Өңү, түзү ушулардай эле эл.

Орустар дегенде баарынын денеси ичиркене түштү. Алар келсе эле буларга кордук көрсөтөт деген сезим пайда болду. Аларга кор болбой кетели дегендер чыкты.

Бир карыя айтып калды:

– Айланайын Чыныбай балам, жердеги тамакка асмандагы

куш конот экен. Оёзнойго бирдеме берсек бизди ушул жерге калтырабы?

– Аны мен сүйлөшүп көрөйүн, бул маселени ал өзү чечет,– деп жоопкерчиликти ал өзүнөн алыстатты.

Эртеси оёзной тилмеч аркылуу эл менен аңгемелешти. Ошол эле күнү алар Караколго кайтышты. Чыныбай оёзнойго элдин оюун айтыптыр ал макул болгон экен. Муну кайра Тилекматтын уулу карыяга айтып берди.

Эки-үч карыя эл менен кеңешти. Эл да макул болуп колунда бар байлыгын чогултуп, карыялар Караколго келишти. Алар Чыныбайга жолукту. Чыныбай карыялардын көзүнчө чогулткан байлыкты оёзнойго берет.

Бирок туура бир жыл өткөндөн кийин пристав жасоолдору менен элге келип, Тынымсейит, Алсейиттин балдарын жана башкаларды бул жерден көчкүлө деп кыйнай башташат. Баягы берген параны эл алдатып жиберген экен. Кыдыктар Тоңго, Арыкмырза тукумдары Көтмалдыга, Тынымсейит уруусу Нарынга карай самсып жөнөштү. Эл башка жерге барыш үчүн жер чалып киришти.

Ошол жылы жаз эрте келип, жердин тоңу кар аралаш алашалбырт менен эрип, саздарда калың туман көтөрүлө, алгачкы көк чөп кылтая баштады. Көк чөп кууган кой, токтоло жайылып, малдын денеси күн нуруна жылынып, магүрүм жер үстүнө жылуулук толук келди. Ошентип бул жылкы жаз да башталып, жаз менен адамдар өз жашоосун улантып жатты.

Чыныбай иштен сүрүлүп кетпейин деп, бийликтеги орус адамдарына кошомат кылып жатты. Ал орустардын жерден көчүрүү саясатын жактап кала берди. Чыныбай көлдөгү Белек менен Теңизбайдын тукумдарына келип, «Бул жерден Нарын, Ат Башы жакка көчкүлө» деп айтты. Бул уруулар алдуу, күчтүү адамдар эле.

– Эй, сен ушул жердин адамы болсоң, биз дагы ушул жердин адамыбыз, тийишсең энчиңи алып каласың,-деп мойнобой коюушту.

Алардын арасында алдуу-күчтүү адамдар бар эле эгерде Чыныбай тийишсе, жазасын кайра берип коймок.

Кысымчылыкка Беккулу атанын балдары дагы калышты. Эл башка жакка конуш тандап жаткан соң, баары тынсыздана башташты. Аларга да жакшы конуш керек эле.

Ошентип Түмөнбай менен Абадан жакшы конуш таап келишти. Жаңы конушту жакшылап байкап келиш үчүн дагы бир топ аксакалдар, жигиттер ат минип Көңдөй жерине келип баш аягын байкоого алышты.

Боор эти менен бүткөн жерден кетүү баардыгына оор болду. Эркектер дөбө-дөбө түзөң жерлердеги тай минип чапкан жерин, көч көчүргөн аймагын карап коштошуп жатышты.

– Көчсө көчөлү, башка арга калбай калды.

– Эмне кылабыз колубуздан эч арга келбей калды.

– Тагдыр жазмыш ушул экен.

Беккулу атанын үч баласынын тукумдуры үч ак боз бээ чалып арбакка куран окутушту.

Алар көчтү баш аламан туш келди кылбай тартип менен көчүрүүнү ойлоп жатышты. Ыйык атанын тукумдары улуулата көчмөй болушту. Эң биринчи көчтүн башында Курумшу атананын, андан кийин Бүтөбайлардын көчү андан кийин Шоңколордун көчү уланмай болду. Ошентип көч көчүрүүчү күн да келатты. Баардыгы унааны белендеп, унаанын олоң-шалаңдарын бекемдеп, камбыл жигиттер көч көчүрүүгө аябай даярданышты. Көч көчүрүүчү күн да келип жетти. Жигиттер өгүз, төөгө жүк артышып узашты. Чалдар менен балдар майда малды айдап, астыга кетип баратышты. Элечек кийген энелер, ак калпак кийип, ак жоргочон аталар кетип баратты. Жолдогу элдер көчтү көрүп:

– Беккулу атанын балдары көчүп кетип бараткан экен.

– Көч байсалдуу болсун!

– Көч аягы кайсы жерге барып такалат.

– Тоңдогу эки тоонун ортосундагы көңдөй деген жерге баратабыз.

– Жакшы жерге баратыпсыңар, ал жак өтө суук эмес кар көп жатпайт. Түштөнүп кетпейсиңерби тамак ичип, курсак ачка болгондур.

– Жүк көтөргөн унаанын бели талыйт, барчу жерибизге ылдам жетип алалы.

– Анда жолуңар шыдыр, жолдошуңар кыдыр болсун Беккулу атанын балдары.

Көч андан ары уланып кетип баратат. Жолдон адамдар жолугуп аларга ийгилик каалашат. Беккулу атанын уландары

көч көчүрүп кетип баратат.

Убакыт токтобой уланат. Кыргыз көчү ушинтип кыр ашып, бел басып уланып келген мындан ары дагы улана берет. Кылымдарды арытып келген кыргыз көчү улана берет. Ал токтоп калбайт, алга уланып жатат.

Алар айрым жерлерге конуп эс алышат. Анан андан ары кайра көчтү улантат. Баягыдай эле көч кетип баратат. Унааны жигиттер сүрөөдө. Малда малчылар, койлордун, жылкыларды айдап кетип баратты. Жолдон жолуккандар:

– Беккулу атанын тукумдары көч көчүрүп баратат.

– Алар жаңы жер тапкан окшойт.

– Булардын жигиттери тың, кыздары ишмер келет.

– Беккулу атанын тукумдары Мүйүздүү энеден таралгандар.

– Ыйык эненин тукумдары.

– Беккулу атанын көчү байсалдуу болсун!

– Самаган жерине аман-эсен жетип алсын!

– Айтканыңар келсин!

– Кардыңар ачты окшойт, аттан түшүп чай ичип албайсыңарбы.

– Ырахмат сизге самаган жерге жетип алалы, бат эле кеч кирип кетет.

Көч узап баратат. Мезгил да жылып жатат.

Ошентип Беккулу атанын уландары Тоң жериндеги эки тоонун ортосундагы Көңдөй жеринин ар кайсы кокту-колотуна келип конушту. Алар бул жерден башка элден кысын-

бай эркин жашап калышты. Ар бир кокту –колотко жай алып өз өмүрүн өтөп жатышты.

## «КӨЗГӨ ЧАБААР» ТУКУМУ

Жарыктык Чоң Жергес жери жайкалат. Адыр-адыр белестер. Белестерди аралап ата-бабабыз баскан тарам-тарам жолдор кетет. Бул жолдор менен кимдер гана баспады. Карышкыр өтпөс кайчы жолдо, жолочу жол жүрдү. Түлкү өтпөс түнөн жолдо унааларын айдап соодагер өттү. Баары өттү. Кыргыздар бир жерден экинчи жерге көчүп көчмөндүк турмушта өкүм сүрүп келбедиби. Антпегенде эмне кылат. Далай жолу жоо менен кармашып, чачылып жок болуп кетеерде ата-бабалардын арбагы колдоп, эр жигиттер өз эркиндигин сактап жатышты.

Жалпы кыргыз эли менен бирдикте Касиеттүү Беккулу атанын тукумдары да өз эли менен болуп түтүн булатып, жашоосун өткөрүп келатышты. Санжыра баяныбызда Бек атанын үч уулу бар эмес беле. Алар элибиз сыяктуу ары бир сүрүлүп, бери бир сүрүлүп өз жашоолорун өткөрүп тукумдарын улантып келатышты. Ошол Беккулу атанын бир тукуму Курумшу болгон. Курумшу ата төрт уулду болду. Алар: Койсойбос, Ураалы, Байбото, Карача экен. Санжыра боюнча Беккулу атанын тукумдарын башка элдер « Көзгө чабаар» тукуму деп аташкан тура. Ошол аттын келип чыгышы Курумшунун экинчи уулу Ураалынын балдарына байланыштуу экенин санжырачылар эскерет. Биз ошол санжырачы карылардан укканыбызды баян кылып эскерте кетели.

Бобереги чоң суу Чоң Жергес жеринде жер жаралгандан берки атам заманда кышында тоңуп калып, жайында ала-сала казганактап кирип, өз агымын токтотпой буркан -шаркан түшсө, бирде жай каалгый мемиреп агууда. Ошол суунун үнүн ушул жерде жашаган адамдар угушуп, өз жашоосун улантып, өмүр сүрүп келишүүдө. Ушул суунун чыгаш алабында Курумшу атанын экинчи уулу Ураалынын балдары Шопок, Арт отуруктакшкан. Алар жылда ушул конушту мекендешет. Конуш жайлуу койду жайып жиберсең баардыгы алаканга салгандай көрүнүп турат. Мал дагы тээ берегги кар баскан бийик тоого жете жайылып, тоонун башындагы ширелүү чөптү жеп тоюуп анан кайра өздөрү эле кайрылышат. Ал эми уй жаныбар өйдөкү өтөктөрдү өрдөй жылып анан агып жаткан тоонун тунук сууларынан ичип суу жээктеп эс алып жайылышат. Кыскасы бул жер төрт түлүк малга эң эле жайлуу. Суунун өйдө жагында жайылма өтөктө Шопоктун үйү бар, ошонун эле ылдый жагында Арттын боз үйлөрү жайгашкан. Эки тууган бир-бирине кайрымдуу. Бирок кийинки учурда бир нерсе болдубу, же аялдарынан кеттиби, же балдарынан чыктыбы эки үй-бүлөнүн ынтымагы кетип бир-бирине анча каттабай калышты. Аялдары болсо бир жөн эле эркектери киришип-чыгышпай калганына жаман болгондой. Шопок узун бойлуу жотолуу сөөк-саактуу эңишке түшчүдөй адам. Дене боюу жагына Арт деле андан кем эмес, ары чымыр, ары сөөк саактуу. Жаратканым эки бир тууганга ал күчтү ченебей бергендей. Ошол жаратылыш

берген күчүнө таянабы, анча-мынча адамдарды теңине албай дөөгүрсүп кетмейлери бар эле. Шопок бир канча жолу эр эңишке чыгып жеңбесе, жеңдирген эмес. Арт дагы чымыр ал күрөшкө далай жолу түшүп чыңалып келатат. Арттын аялы эки айылды эриктирбеген, бир айылды бириктирбеген тилдүү неме. Аялы эмне десе күйөөсү ошонун тилин алган начар сапаты бар. Ал эми Шопок андай эмес бир нерсени баамдап чечип, чатакташса да ар бир ишти өз жөнү менен жөнгө салган жагы бар. Ошого жараша ал кечиримдүү кекчилдик жайы жок. Ортону эмне аралап кеткени белгисиз ошентип эки бир тууган такыр каттабай калышты. Убакыт жайдын толуп турган маалы эле. Шопокто Заңги Атанын тукуму өтө көп музоо, торпок, өгүз, бука, жана башкалар. Иши кылып мал салдуу. Ал эми Арт Камбар Ата тукумуна жакын. Эки желе бээ байлайт. Тайлары, өзүнчө үйүр болуп жайылып жүрөт.

Быйыл жаз эрте келди. Жалган куран айынын башында эле жер жылымык тартты. Кар суунун үстүндөгү тоңгон муз эрте эрин агын суулардын үстү улам ачылып, шар суунун үнү жаңырып алдай кайда алыс жакка угула баштады. Этинен түшүп калган мал чөп кууп оттоп бат эле тоюунуп кирди. Түштүк жактан келген келгиндер тал, кара чыгачтын башына конуп отуруп, өзүнүн ырын кайталап ырдай баштады. Дыйкандар эртелеп кетмен күрөгүн курчутуп, соколорун оңдоп айдоого камылга көрө баштады.

Ошол күндөрдүн биринде мындай бир оңтойсуз эсте ка-

лаарлык окуя болду. Окуянын баардыгы Шопоктун кызыл букасынан башталды. Кызыл бука жер челе өкүрүп отуруп, Арттын уйларына келет. Анын бир буту жерге тийбес качкы карала уюу бар эле, уй букадан чыга элек экен. Кызыл бука ошонун артынан калбай кууп алат. Балдар аны талаалатып айдаса да ошол уйдун артынан кууп жүрө берет. Уй качат бука анын артынан калбай шемшеңдеп кууйт. Айласы кеткен уй Арт тиккен алачыктын айланат, бука кууй берет. Буканын кууганынан алачык томолонуп кулайт. Карала уй кулундар байланган желени аралай качат, анын артынан кызыл бука кой десе болбой кетип баратат, кулундар үркүп, желенин казыгы суурулуп, баардыгы будуң чаң болот. Ошол эле болсо бир жөн уй чуркап отуруп, короодогу козулар байланган көгөндү карай келет, козулар үдүргүп, казык суурулуп, аякта калаймакан болот. Балдар, кыздар, эркектер баардыгы буканы кууп калат. Ансыз деле буулукан Арт кара атын минип, килейген жоон таякты алып буканы кууп калат. Бука карала уйдун артынан кууп жүрүп чуркай албай калган экен, жини келген Арт буканы күүлөнүп туруп күч менен мүйүзгө чабат. Буканын мүйүзү ыргып кетет. Арт кайра кайрылып үйүнө келет. Бука жаныбар илбип, бутун сүйрөп отуруп, Шопоктун үйүнүн жанына жетип-жетпей жан берет. Арт аны башка чапканда башынын катуу жерине доо кеткен шекилденет. Шопок мунун баарын көргөн экен. Ал аялына келип айтат. Аялы жини келе:

– Сенин малыңды өлтүрдү, эми аз күндө сени баканы ме-

нен келип өлтүрүп кетет, сен жоош байкушум, менин жанымда мени кайтарып отур – деп кагат.

– Эмне кылайын короосун будуң чаң кылбадыбы.

– Ий, өлүгүңдү көрөйүн жоош кургур сени ушундай кылат ал иниңе сенин алың жетпейт. Баарын өлтүртүп отура бер. Эми өлгөн буканы саарасы менен этин жеп жат, сенден башка аны эч ким жебейт жоош кой момун байкушум.-деп тилин тартпай дагы бир топ заар сөздү айтат.

Аялынын жаман сөзүнө уукан Шопок килейген кой айдаган укурукту алып, Арттын үйүнө келет. Шопок:

– Ой, сен менин букамы эмне өлтүрдүң, ал сенин аялыңын койнуна кирди беле ия?

Арт да бул сөздү угуп ал дагы жини келип чоң таякты алып, Шопок менен чабышканга өтөт. Экөө укуруктар менен качырышып келип чабышып кирет. Экөө кой ай дегенге келбей чабышып жатат. Жини келген эки тууган бири-биринин өлөөр-тирилеерине карабай чабышып жатты. Буларды көрүп турган Тынымсейит тукумунан Эсенгул деген киши чаап келип ортого түшөт.

– Ой, туугандар койгула, бети башыңар, кийминер айрылыптыр бириңерди-бириңер өлтүрүп салсаңар элге шерменде болосуңар.

Чын эле Шопоктун көзүнүн үстү шишип, кан жая агып жүрөт. Бети-башынын баары кан. Таяк тийген окшойт Арттын жаагы когала болуп, канап жатат. Балдары келип, экөөн тең ээрчитип кетти.

Ушул чатак ушул болду.

Ошону менен эки тууган көпкө элдешпей таарынышып жүрдү. Акыры Алсейит жана Тынымсейит атанын аксакалдары келип экөөнү элдештиргенге аракет кылды.

– Ураалынын тукумдары атаңарга шек келтирбегиле, бир бука алачыкты тепседи,– деп жүз карашпай каласыңарби.

– Касиеттү Курумшу атаңардын арбагы эмне,– дейт.

– Мал эмне өлбөй жүрүптүрбү, өлсө бир бука өлүптүр, бука үчүн ушунча чабышканыңар жетишет, арбакты сыйлагыла.

– Чабышып отуруп, бириңердин көзүңөр көрбөй калды, бириңердин жаак тишиңер сынып, эмдигиече айыга албай жатасыңар, ушул дагы жарайбы.

– Эл эмне дейит, баягы көзгө чабардын тукуму деп, бүткүл журтка шерменде болосуңар,-деп келгендер көп кеңеш берип кетишет.

Ошентип эки бир тууганды эл элдештирип тарап кетет. Эки бир тууган «мындан ары урушпайлы» деп ынтымакка келишет. Бирок баягы эл айткан «көзгө чабаардын» тукумдары деген кеп тарап кетет. Ошондон кийин Беккулу атанын тукумдарын айланасындагы эл « Көзгө чабаардын» тукумдары деп атап калышат. Ошондон бери Беккулу атанын тукумдарынын атына «Көзгө чабаардын» тукумдары деген ат жармашып балакет болуп кетпей калыптыр.

Бизди төрөгөн энелерибиз да, апаларыбыз да, жеңелерибиз да, келиндерибиз да «мен көзгө чабаардын тукумдарын

төрөп жатам» деп сыймыктанышат экен. Анан эмне кылат алар да кан-жаны менен көзгө чабаардын тукумдары болуп калбадыбы. Алар көзгө чабаардын тукумдарын арбытыш үчүн бүлө болуп келген эмеспи.

Бирок баарыңарга айтам урушсаңар көзгө чабышпай эле жөнөкөй элдешип ала көргүлө. Анан касиеттү ата –бабанын санжырасын унутпай анда-мында кобурашып айта жүргүлө.

Жана түбүлүктүү көзгө чабаардалрадын тукуму бактылуу болгула! Күндөн-күнгө санынар арбып, асты жаманчылык көрбөгүлө! «Баягы көзгө чабаарлардын тукуму кыйын чыкты» деп атагыңар жер-жерге угулуп даңкыңар чыксын!

## АСКАНЫН ЫЙЫ

Мен уулум менен кой кайтарып Тескей тоодо жатам. Бет алдымда нечен кылым жашап, көптү көргөн карт аска бой керет. Уулум экөөбүздүн атыбыз көк чөпкө тоюп ары жакта ысык күнгө үргүлөп уктоодо. Койлор аркы суунун жээгинде чоң-чоң таштардын түбүндө күндөн коргонуп жуушап жатат. Ободо каргалар, көгүчкөндөр айланып учуп өтөктүн ар кайсы жерине конуп жемин таап жеп жатат. Атам замандан бери карт асканын башын булут чалат. Асканын булут менен тең жаткан жерин каардуу бүркүт айлана үн салып шаңшыйт. Береги асканын үңкүрчөсүндө кыраан ар кандай чырпык, бадалдын сыныктарын чогултуп, уя салып алганы көрүнүп турат. Бул жерге уя салуу кыраан үчүн кубаныч

анткени ага эч ким жете албайт. Бир жетсе ага булут жетет. Соккон жел жетет жана башындагы куштар жетет. Кышкысын аскага шамал үйлөп, тынбай зуу-зуу , дуу-дуу деген дабышы жанып, өзүнүн ырын ай-ааламга даңазалап турат. Ал эми жайкалып таза жел аймалап жамгыр бетин тазалап, ысык күн какшыта тиет. Бул биздин ата-бабаларыбыздын карт аскалары далай болумуштун көп тарыхтын күбөсү. Бизден ары Сорок-Таш андан ары Ат –Жайлоо. Анан Чоң Ашуу андан ары Кара-Каман. Береги суунун аркы өйүзүндө соройгон эки таш турат. Төрөкелди атабыз ушул жерге кой кайтарып, ушул жерге эс алып, учтуу таягы менен береги таштарды тык-тык уруп калчу экен. Тээ берегиде биздин балалыгыбыз өткөн Ак-Эчки тоосу сороёт. Көпөлөк кууп жүргөн балам бир кезде менин жаныма келип отуруп:

– Ата тээ береги аскадан Сулайман ата учканбы.

– Ооба балам, Сулайман аскасы,-деп аталат.

– Сулайман деген ким болот?

– Илгери бир жигит ушул аскадан учуп каза болгон.

–Анан аска ошондон аталып калганбы.

– Ооба балам, ошондой болгон.

– Ошондой болгон балам мунун баарын сен чоңойгондо билесиң.

Балам бир жерге тура албай кайра көпөлөк кууп ойноп кетти. Менин эсиме тээ небак жылдарга сиңип кеткен элестер көз алдыма чубуруп келе берди. Кандай болду эле. Ошондогу элестер улгайып, көз алдыма закымдап чубуруп

келе берди. Келе берди. Мен тиги карт асканы карадым. Карт аска мени карады. Карт аска мени карап томсорот. Карт аска айтты:

– Айланайын балам, мен баардыгын көргөм бирок менде тил жок тил болсо баардыгын сага айтып бермекмин.

Андан бери түзөңдө ала-сала күркүрөп-шаркырап Чоң Таш суусу менменсинип агып жатат. Ал эмне деп агып жатканы белгилүү ата-бабанын санжырасын айтып агып жатат. Бул шар суу жөнүндө мындай ыр чыгаргам.

Мен ойлоном,
Чоң –Таш суусу шар агат.
Суунун үнүн толкунданып угамын,
Суу да агып мезгил сымал аркырайт,
Баардыгын тең ушул жерден туямын.

– Айтчы тууган шар суу агып жатабы?
– Ооба дайра ага берип күү курайт.
Өкүмдөнүп суудай улап өз жолун,
Өмүрүбүз күлүк минип жол улайт.

Менин көз алдыма өткөндөгү элестер закым болуп чубуруп келе берди. Мен бул баянды оюман чыгарган жокмун. Мурункулардан уккам. Ошол баян кечөө өткөндөй болуп менин жадымда калыптыр.

Беккулунун тукуму Баястан анын тукумдары тарап, Ыстам деген киши болуп, анын Ыбырай жана Сулайман деген эки уулу бар экен. Ата балдарына каниет кылып, «ушул

балдарым аман-эсен болсо келечегим алдыда» деп ойлонот. Ыбрай жаш кезинен эле мал бакканга ал эми Сулайман аңчылыкка, тузак салганга жана жан дили менен мергенчиликке кызыгат. Ал тузак тартып, кекилик, чил, улар, коён кармаганга аябай ышкыбоз болот. Кийин ал мылтык саттырып алат. Ал аңчылык кылып жүрүп, ар бир жаныбардын жашоо шарт тиричилигин өздөштүрүп алат. Бир күнү ага ата-энеси айтты:

– Балам, жаныбарларды сактачы алардын да убалы болот,– деди. Ал бир күнү эликтин чаарчыгын кармап алды. Жаныбар дайма аны ээрчип алаар эле. Бала жаралуу жаныбарларды аяган. Бир жолу мындай бир окуя болду. Каргалар, көгүчкөндөр чуру- чуу үн салып, асманга көтөрүлүп айланып учуп калды. Ошолордун арасында эки ителги пайда болуп көгүчкөндөрдү тээп жатты. Анан эле бир көгүчкөн калдалаңдап учуп келип баланын алдына түштү.

– Ата, көгүчкөн кармап алдым буту сынык окшойт

– Балам, аны өлтүрбө, айыктырып кайра тобуна жибергин.

Бала аны көпкө бакты анан тобуна кошуп жиберди.

Андан кийин көп убакыт өттү.

Мезгил жаз айы болчу. Небак жер жылып, көк чөп өнүмдөп калган. Бир күнү эне:

– Уулум бой тартып келатасың, үйлөнсөң экен, колум узарып келин жумшайын.

– Энеке, үй-турмушубузду оңдоп алалы, аң уулап тери са-

там.

– Үйлөнө бер уулум, куданыкын кудай камдайт.

Ошентип мезгил өтө берди. Алардын үйү Иймекте болчу. Саздан ары Жер- Үй суусу казганактап агып жатат. Ошентип Ыстамдар эл менен кошо Арпа-Тектир жайлоосуна көчүп келди. Эл бээ байлап кымыз ичип, тирденип калышты. Бир күнү Сулайман энеси менен кошо Күн-Тийбес жайлоосундагы жылкычынын үйүнө келди. Анын Айнагүл деген кызы бар экен. Жигиттин көңүлүнөн ошол кыз кетпей койду. Сулайман бир күнү эртең менен эрте туруп, Арпа-Тектирдин Күн-Тийбес тарабындагы аң уулап жүрүп, жылкы айдап келаткан баягы кызды көрдү. Жылкычы кыз күлүк үстүндө учуп-күйүп келатып анын жоолугу шамалга желбирттейт. Жоолугу кызыл, көйнөгү жашыл, өтүгү бир укмуш. Кыз кээде адамга, кээде чүрөккө окшошот.

Бир күнү Ыстамдын эки койу тоодон жоголуп кетти. Сулайман койду издеп атчан жылкычынын конушундагы малчыларга келди. Ал кымыз ичем деп жылкычынын үйүнө кире калды. Кыз кара тоголок тартып, учкул көздөрү балбылдап, жигиттин көңүлүн өзүнө буруп алды. Ал гүлгө да окшошот. «Ушундай гүлдү кайдан көрдүм эле» деп ойлонду.

Эне байкуш баламды көзүмүн тирүүсүндө үйлөнтсөм десе эки көзү төрт болот. Үйлөнүүнү эки тарап ушул күздүн аягына болжоп койушту. Жигиттин көңүлүн ошол селки ээлеп алды. Ал бир күнү өзү көргөн аскадан топ гүлдү көрүп, ошол гүлдөр кыздын элеси болуп көрүнүп туруп

алды. Гүлдөрдүн кыймылы бир укмуш бирде абада назик желбиресе, бирде абада тынч албай баягы жылкычы кыздай жылкы айдап бараткандай сезилет. Кыздын баягы жылкы айдап бараткан элеси анын жүрөгүндө көңүлүндө түбөлүк калып калгандай…

Ал бир күнү түш көрдү. Ал аскадагы гүлдү көрдү. Гүл Сулайманды үзүп алчы деп чакырып туруп алды. Жигиттин көңүлү ошол гүлдү үзүп алышта болгон.

Жакыр үй-бүлөлөрдүн бирин-экин малдары төлдөп сүткө жетип калган. Ыстмадын үй-бүлөсү тамак аш жактан кичине кыйналып турган чагы эле. Эки уй жакында төлдөйт. Уй төлдөсө болду сүт- айранга жетип жакшы жашап калышат.

– Жылкычыныкына барып кымыз ичип туралы.

Сулайман уурутунан жылмайып койду. Ата энелери сөз бекиткен. Буюрса ушул күздө эки бала баш кошмок. Куйдай буюрса ал учур деле алыс эмес.

Күн көптөн бери ачылбай, үстү-үстүнө суук болуп туруп алды. Айрыкча сөөк какшаткан шамал Ат-Жайлоо ашуусу тараптан тынбай байма-бай согуп жатты. Адамдар калың кийимин күпүйө кийинишип турмуштарын өтөп жатышты. Антпегенде эмне кылат бирин-экин тирдик бар эмеспи. Сулайман таң заарынан туруп, өйүздөн тезек терип келди. Антпесе болбойт суук кезде түтүн булатып туруш керек. Өздөрүнө жеткендей бирин-экин малдары бар. Эне күйүмдүү баласына жалынып:

– Кагылайын уулум бой тартып келатат. Үйлөнүп алса мени көр кылчу кебетеси жок.

Чай ичип бүтүп Сулайман энесине:

– Эне мен кекилик чил, уларга тузак тарткам, бир нерсе түшкөндүр көрүп келейин.

– Балам барбачы күн суук болуп аба-ыйрайы бузулуп турат, суукка урунуп каласың го.

– Барып келейин энеке, тузакка бир нерсе түшсө түлкү жеп кетет.

Ошентип Сулайман түштөн кийин тузактарын карап келгенге чыгып кеткен…

Анын ар кайсы жерде тарткан кылтактары бар эле. Сулайман жүрүп отуруп кычыкка келди. Бул жерге кекиликтер топ-тобу менен келип, жем жеп кетет. Ырас эле тарткан желеге эки кекилик түшүптүр. Аларды алып желени кайра тартып койду. Эмки сапарын ал Ак –Эчки тоосуна карай бурду.

Күн суук бирок үшүгөн жок кыймыл жасап келатпайбы. Анын үстүнө кубанычтуу келатат. Желеге эки кекилик түшүптүр үй-бүлсөүнө азык. Уларга тарткан желелер турат. Эч нерсе түшкөн эмес экен. Канаттуулар башка жактарга оттогону кеткен окшойт. Бирок бул жакка келбей койбойт. Ал желесин кайра оңдоп тартып сапарын Сорок- Таш жайлоосун карай бурду. Бул кезде тээ алыскы тараптар көрүнбөй айлана күүгүгө оронуп келатты эле. Жарыктык шамал энебиз басылбай согуп турат. Караандай суук денени какшатат. Күн дагы жылымык тартып жайдын сонун учурлары кел-

се экен. Анан күз сүйкүм кызына үйлөнүүчү учур келет. Анын эсине сүйгөн кызы Айнагүл келе баштады. Ал гүлгө окшош болчу, андай гүлдү кайдан көрдүм эле… Тигил аскадагы өскөн гүлчү. Баса ошол аскадагы гүлгө окшош. Ал кадамын ылдамдатып басып келатты. Аска кандай абалда экен. Тарткан тузагына бирдеме түштү бекен. Бат эле аскага жете келди. Ырас эле тарткан тузакка бир улар түшүптүр. Ал жерде ар түркүн сонун чөптөр өсчү. Уларды кармап денесин бек байлап баштыгына салып алды. Андан өйдө момуя бар чычкандын богунан алып, баштыгына салып алгысы келди. Энеси башы ооруганда ысык суугa кошуп ичсе айыгып калат. Момуядан ары ыргалып баягы сүйгөн кызы Айнагүлгө окшош гүл ыргалып турат. Өсө берсин, бирок жыты кандай болду экен? Гүлдү жаттагысы келет. Бирок ал өтө бийик жерде өскөн ага жетүү Айнагүлгө жеткендей эле кыйын. Ага убакыт керек. Качан убакыт келгенде Айнагүлгө да гүлгө да жетет. Баарысына жетет. Аскада бир тынымга туруп ушуларды эс алып, ойлоп алды. Сулайман ары жылып момуяны алгысы келди. Кичине эле үч карыш жерге жетпей турат. Кичине эле жылса жетчүдөй болот. Алдында бир урчук таш турат. Ошону кармап, анан момуяга жетиш керек. Ал эки жакты карады. үстүдө бой керген бийик аска башын булут челип жатат. Эң эле бийик, алдында чоң-чоң таштар. Ал эки жакты карап башы айланып кетти. Кой мындан ары жылууга болбойт. Андан көрө кетейин. Бирок аны момуя аскырып туруп алды. Ошону алгысы келди. Ал ошол азгырыкка бери-

лип туруп алды. Ал оң ийнин карады. « Кой, аракет кылбай эле кете бер, аны эмне кыласың, жетпей турган нерсеге жетем деп аракет кылба!» Сол ийнин карады «Эмне турасың алдыга жыла бер, акыры момуяга жетесиң, ал сага дары болот». Ал эмне кылаарды билбеди. Ал урчук таштарды кармап момуяга карай жакындай берди. Ал сүйгөн кызына окшош гүлдөрдү карады:

– Кайда баратасың, чеберде алдыңда чоң таштар турат, кулап кетип ага тийбе, карт аска менен ойнобо, сен ойночу нерсе эмес. Өмүрдүн даамын татпай каласың!

– Жок мен момуяны алайын, анын дарылыгы бар экен. Андай дары мындан башка көп эле жерде толуп жатат.

– Кичине эле калдым, астыга жылсам ага жетем.

Жигит алдыга карай жыла баштады. Кичине эле умтулса ага жетип бармак. Ошол кезде шамал дуу-дуу эте катуу согуп кирди. Ошол кезде бир жаман окуя болду. Шамал күчтөнө согуп, жигиттин кармаган ташы бош омкорулуп кетти. Ал сүрдүгө эс-мас ылдый карай кулап баратты.

– Аа…ааа..ааа.. деген жигиттин армандуу дабышы баардык жерге тарады. Ошол армандуу добушту ушул чөлкөм бүт укту.

Ааламда чоң асканын этек жагында бир жаман окуя болду. Жигиттин денеси ташташ-ташка урунуп анын онтогон үнүн шамал алыска-алыска коштоп кетип жатты. Аны менен таштар ылдый карай кулады. Айланага күңгүрөнгөн максатына жетпей калган армандуу добуш таралды. Жигиттин узун

чымыр денеси таштан-ташка сүрдүгүп тийип, жүрөгүндөгү бир асыл нерсеси үзүлүп кеткендей болду. Ал ташка башы менен улам-улам тийип эс учун жоготту. Эс учун жыйып ташты кармайын деди. Ага алы келбеди. Оозунан суубу, каныбы агып жатты. Өйдө турууну ойлоду, тура албады. Аскадагы өскөн жанагы гүлдөр, а түгүл аска да жигиттин абалына кайгырып ыйлап жаткансыды. Эмне кылат адам да, жаратылыш эненин бир бөлүгү эмеспи. Ал эс учун жоготуп, көмкөрөсүнөн ошол жерде жатты. Анан аны жаны бийик аскага карай көкөлөп өйдө учуп кеткенсиди. Гүлдөр да карт аскада шолоктоп ыйлап далайда басылды. Шамал такыр басаңча болуп калгансыды. Асмандагы булуттар кайдадыр бир жактарга айдалып, теңир көк ачылып, жылдыздар жымыңдап анын ыйык өлбөс нуру жерге чачыла баштады. Айлана тарапты түн толук басып эч нерсе көрүнбөй калды. Бир гана батыш тарап агарып эртең күн ачык болоорун айгинелейт. Анан эле үкүнүн кооптуу үнү угула баштады. Шүмшүк үкү бул коюу түндө эмнени кабарлап жатат. Өлүмдүбү же өмүрдүбү? Эмнен кабарлап жатасың?– деп андан сураган киши болбоду.

Суунун жээгиндеги өтөктө эки боз үй. Ыстам катуу ооруп аны Ыбрай Молдого жакага алып кеткен. Үйдө эне жалгыз. Анын санаасы бир жерге токтоло албай уйгу-туйгу болот.

– Балама эмне болду мынча кечикпейт эле го?

Ал кошунасынын үйүнө келди. Болгон окуяны айтты. Үйдөгүлөрдүн баардыгы бушайман боло баштады. Айрыкча ата

бушайман болуп балдарына:

– Эки жакка чыгып карагылачы, бир жерде болбосун, балким кечигип жаткандыр.

Кошунанын балдары көп жерди кыдырып чыгышыты.

– Сулайман кайдасың?

– Сулайман…

– Сулайман… Сулайман…

Ушул ат айланага тарап жатты.

Жооп жок. Бир гана мемиреген тынчтык.

Көп жерди кыдырып балдар үйүнө келишти. Кошуналар дагы, эне дагы уктаган жок. Балага эмне болду…? Качан келет…?

Эне үргүлөп уктап кетет. Элес-булас түштөр кирет. Бирде баласын көрсө, бирде карышкырды көрөт. Айтоор чалды-куйду элестер. Эне оордунан туруп, сыртты карайт. Караңгы түндө «балам келип калабы»– деп, эки жакты элеңдей берилүү менен тыңшайт. Баласын жаманчылыкка эч убакта кыйбайт. Эненин жүрөгү шекшимал тартып кандадйдыр бир нерседен коркот. Бирок көңүлүнө кайрадан үмүт жанат. Балким келип калаар. Ал тирүү эле. Тирүү.

Ошентип таң супа салып, жылдыздар сапарга кетип, ак чабарман келип жерге жарык нуру төгүлө баштады. Кошуна Алаштын, Ысабектин балдары эки жакка сапарлап чыгышты. Чоң чокуга барды баардык жерди кыдырып көрүштү. Акыры асканын түбүнө келип, муздап калган жигиттин сөөгүн табышты. Эне менен ата аябай кейип алардын күнү түн-

гө айланды.

Аскадагы назик гүл самаганына жетпей калган. Ал шамалда кыймылдап, дир-дир этет. Арманын айтайын дейт. Бирок арманын айта албай калган. Эне менен ата багат деген уулунан айрылып эсине келип-келбей турду.

Бул жердеги адамдар ошол жигиттин аты өчпөсүн деп асканы «Сулаймандын аскасы» деп атады. Улуу аска бой керип турат. Бул жерди кимдер гана көрүп өткөн жок. Ал биздин ата-бабаларыбыздын тарыхы.

Ошол аскадан учуп өлгөн мерген жөнүндө мындай бир ыр жаралган

Учуп кеткен жаш мерген,
Улар алам деп аскадан.
Жалбарыңкы тагдырды,
Жаратканым ыйгарган.
Жаратканым адамдын,
Кайгысын сезип ар чакта.
Жаш мергенди жоготуп,
Жашын төгөт карт аска.

## АТЫГАЙ АТА

Беккулу атанын тукумдары Тоңдун үстүнкү өрөөнүндөгү Кара Көңдөйдү конуштап, бул жердин сырын жакшы эле билип калгандай болушту. Бул аймак аларга түбөлүк ырыскыга берилген жердей болду. Же аталар мал багып, энелер бешик терметип, бешик ырын ырдашып, Беккулу атанын тукумдарын чоңойтуп, ушул жер шарындагы бир кичинекей жерин

байыр тутуп жашап калышты.

Түмөнбай айтты:

– Бул Кара Көңдөй жер биздин ырыскыбыз ушул жерден биздин кийинки тукумубуз таралат.

Кулет ата бакылдады:

– Кара Көңдөй бешикке окшош жер ушул жерден тукумдарыбыз таралат.

Канай бакылдады:

– Биз эми башка жакка кетпейбиз.

Ураалынын жээни Жаркымбай айтты:

– Көп эле жерди көргөм мындай сонун жерди көрбөгөм.

Аймандын уулу Абылай айтты:

– Жайлоолору эмне өзүнчө эле ыр ташкындап турат. Кийинки балдарыбыздын киндик каны ушул берекелүү жерде калат.

Беккулу атанын тукумдарынын ичинен Түмөнбай, Канай, Кулет, Абылай, Жаманак, Боштай ушул адамдар бир-биринен өткөн ата-бабанын санжырасын сүргөн адамдар эле. Койсойбостун уулдарынын ичинен Канай тың чыкты. Башка журттар менен алыш-беришти жөнгө салып турган. Бөргөтөн менен Эсенгул ары чечен ары акын чалыш болуп өстү.

Биздин эми сөз кылуучу баяныбыз Мамай атанын уулу Атыгай атанын акыркы тагдыры жөнүндө баян куруп кетмекпиз. Атыгай атанын жайкы жайлоолору: Тепши, Чоң-Тепши, Котур- Төр, Күн-Тийбес, Чоң-Таш андан аркы жайлоолор. Анын балдары, неберелеринин ушул жерде көпөлөк

кууган издери, кой кайтарган күндөрү эстен кеткис болуп калды. Атыгай ата сан жылкылуу, койдон күттү канчаны, уйдан күтүп канчаны күтүрөгөн мал жандуу болуп калды.

Бул күндөр улуу үркүндүн асты эле. Кыргыздарга жебирейил азап күндөр жакындады. Казак орус деген пайда боло баштады. Алар кыргыздарды таш доорунда жашаган маданятсыз жапайы эл деп эсептеп, жер үстүнөн кырып салып, турагын ээлеп алгысы келди. Америкадагы индецтерди актар кыра баштады. Алардын байыртадан бери жашап келген жерлерин тартып алып жапырт жогото баштады. Такыр кырылып түгөнбөй койгонда ал элге чечек ар кандай оорулардын түрүн таратып, аёсуз канкордук менен жоготууга өттү. Ушундай эле кыргын Австралия материгинде болуп жатты. Орустардын жери бир кезде аз эле болгон эми бүтүндөй Сибирди каратууга өттү. Ал жердеги кыргыздардын бир уруусу болгон алтайлыктарды, кахастарды, шорлорду жана башка элдерди кырып жок кылып, християн динине сордоп өткөрүп, а түгүл алардын атын такыр өзгөртүп, Иван, Алексей, Василий, деген орустун аттарына зордоп өткөрүп өздөрүнүн ата-тегин, байыркы санжыраларын такыр унута баштап алар чочко жеген орустарга айланып чыга келди.

Ушундай эле азаптар кыргыз жеринде болуп өттү. Улуу үркүндөн тарыхчылардын эсептөөсү боюнча кыргыздардын көбү кырылып жок болгон экен. Ал эми кытайга үркүп бара тканда кордук көрсөткөн калмактардын азабычы. Кыргыз

эли улуу үркүндүн учурунда бүтүндөй азап-тозокко учурады. Кыргыздар балдарын бир бадыбот талканга саткан күндөрү болбодубу. Бул азаптуу күндөн Улуу орус революциясы бошотту, же улуу В. И. Ленин бошотту. Улуу Лениндин нуру менен кыргыз өзүнчө эл болуп түзүлдү. Азыр кээ бир кыргыздар бул адамдын эмгегин унута башташты.

Биз эми сөзүбүздүн маанисин башка нукка буралы. Атыгай атанын ошол үркүндөгү тагдырын айта кетели.

Мамайдын уулу Атыгай Көңдөй жеринде өзүнүн акыркы өмүрүн өтөп ал чоң байлыкка жетет. Акыры адамдын башына карылык келет экен Атыгай атага да айттырбай буту, колун, кайрат күчүн алып карылык келди.

Карыянын көңүлү ачык, жүрөгү тунук бир гана буту колдо кайрат жок. Ал сүйөп, таяп басуу менен алек. Түн ичинде уктай албайт. Төшөктө жатты эле бир шектүү үн чыкты. Ушул чөлкөмдө үкү, бабырган, байлуу үкү учуп жүрдү эле, ошол үн берип жатабы? Түндүн канаттуу жырткычы ошол тамак издеп жүрөбү. Карт адам боз үйдө жатып ошонун үнүн эшитти. Булардын көзү түн ичинде жакшы көрөт. Эркеги экен ургаачысын чакырып жаткан шекилдүү. Тоолуу жерде жашагандыктан куштардын сырын жакшы билчү. Өзү деле далай жылы куш салып, тайган агытып аңчылыкты жакшы көрчү. «Жарыктык үкү жаныбардын түндүн кыраны. Ал эми бүркүт күндүзгү баатыр эмеспи. Үкү менен бүркүт башынан бир-бирине каршы, үкү бүркүттүн жемсөөсүн жарып салса, бүркүт үкүнүн мойнун жулуп алат. Үкүнү түн

ичинде аңчылыкка үйрөтсө болот. Бирок бутуна кичинекей коңгуроону байлап коюш керек адам анын каякта жүргөнүн ошол дабыш менен билсе болот. Үкүнү коёнго салса болот.

Байлуу үкү дале дабыш берип жатат. Дабыш өтө кооптуу жана сүрдүү туюулду. Карыя ойлонду, « Бул эмне менин өлүмүмдү кабарлап жатабы?» Ал өз өмүрүн эстедеи «Эмнени көрдүм, эмнени көргөн жокмун. Эмнеге жеттим, эмнеге жетпедим? Дос күттүм, тууган күттүм. Баарын күттүм. Тагдырым экен бала чакалуу болдум. Эл орустардан үркүп кытайга качып жатат ушундай оор кезде менин тагдырым эмне болот. Мени кантип эми Кытайга алып кетет. Балдардын кыйнабай эле алардын алдына кетип сөөгүм ушул жерде калса гана? Артымда эмне арманым калды. Балдары, неберелери уктап жатат. Байлуу үкү дале тынбай үн салып жатат. Анын үнү өтө кооптуу, өтө өкүнүчтүү сезилет. Ушул оор кезде балдарга жүк болуп, кытайга карай кетемби? Үкүнүн шектүү дабышы дале чыга берип, оорулуу карыяны миң сан ойлорго жетелеп турду. –Каапыр балапанын жоготконго, же түгөйүнөн ажырап калганбы, мынчалык үн салбайт эле го?

– Гүү…гүү…үүү …гүү…

Карыяга анын үнү ажал сыяктанды. Бир кезде үкүнүн үнү чыкпай калды алыс учуп кеткен шекилденет.

– Башыңы жегир куш эмнеге үн салат же ажалдын кабарыбы.

Анан эле ит улуду. Ал көп ойлорду ойлоп анан үргүлөп уктап кетти. Боз үйдүн түндүгүнөн жылдыздар жымыңдайт.

Анан карыя үсүл-кесил үргүлөп кетип, түш көрдү. Түшүндө боз үйлөрдү семиз букалар сүзгүлөп өрттөп жатыптыр. Карыя ойгонуп кетти. Аябай тердеп суусап калыптыр. Жатаарда жылкынын этин жеди эле ошондонбу!

– Түндөгү түшүм түлкүнүн богу болсун. Эл журттун башына көрүнбөсө экен. Анын оюунан жанагы түш кетпей турду. Бул эмне деген түш бала болсо унутуп калат эле. Улгайган адамдар түшүн кантип унутат. Карыя түшүн балдарына айтып берди.

Күн суук асман ала бүркөк. Тоонун суугу калтырата денеден өтөт. Ылдыйкы төө көрүнгүс калың чий анда ар кандай илбеесиндер көп. Жер –Үй жактан бир атчан катуу чаап келатат. Карыялар Кызыл-Дөбөнүн башында жай баракат маек куруп отурган эле. Атчан катуу келатат деги журтка тынчылык берсе экен.

– Бул кимдин баласы болду эмне мынча катуу келатат. Журтка тынччылык берсе экен.

– Жөн келаткан жок бир катуу кабарды айтканы келаткан адам окшойт.

– Ушундай учурда журт тынч жашаса экен.

– Арбак колдой көр атчандын жүрүшү эң эле катуу.

– Жакшыгабы, жамангабы?

– Берилеп келсин эмне кабар болсо дагы уга жатабыз.

Бир атчан анын артынан дагы бир атчан чаап келатат. Экөө тең кара атчан экен. Отурган карыялар оң даалаттан кетип эмне кылаарын билбей калды. Журт чайпалчудай болду.

Эмне кабар болду экен? Эки кара атчан элге жакындай берди. Кара атчандардын артында кузгун куркулдап, карга карылдап кошо учуп келатат. Аларды карга менен кузгун узатып келатты. Атчандар дөбөнүн этегине келип ыргып түшүштү. Шайдоот жигиттер чуркап барып аны тосуп алышты.

– Орустар, казак-орустар кыргыздарды кырып жок кылып келатат. Кокуй журт кытайга карай жаныңарды сактап качкыла, алар эч кимди аябай кырып келатат. Кокуй журт кытайга карай качкыла, же болбосо кырылып каласыңар. Баскынчылар Коңур Өлөң тушта келатат. Жакындап калышты. Чабаган эс алып, суусундук ичип, андан ары жол улантты. Көп өтпөй мал айдаган арбын көч чоң ашууга карай баратты. Бул жердеги Беккулу атанын тукуму өгүз, аттарын белендеп алар да көчүп жөнөштү. Ошентип чоң башаламан азап күн башталды.

Атыгай атанын абалы аяба начар болуп турду. Узак жашка келип, ушундай оорусуна карыя аябай өкүндү.

– Түш түш болбой калсын жанагы боз үйлөрдү сүзгөн өгүздөр кирди эле, эл чайпалып азапка батат экен ээ. Караң катыгүн. Балдарым мени алачыкка калтырып ушул эле жерге таштап кеткиле узак жолдо силерди кыйнабайын. Өзүм да кыйналам го. Өлсөм тынч өлүп калаармын.

– Жок ата, биз аман турганда сизди талаага кантип таштайбыз.

– Эл журт эмне,– дейт.

– Ушунча бай киши эмне талаада калмак беле. Кыргы-

здар орустар эмес кара кытай, калмактардын чапкынында деле калбады беле.

Атыгай атанын: Тына, Тынай, Акун, Акмат, Асылбек деген балдары бар эле ата балдарын колдон суурулма тың кылып үйрөткөн. Мал сал, жылкыларын айдап көчүп жөнөнштү. Тынайдын кабелтең жоош тору аты бар эле ошого мингизип жөнөп калышты. Алар көчүп, конуп отуруп көп жолду арытышты. Жолдо калмактар менен кагылышуу болду. Көчүп бараткандар алар менен кагылышып кээ бирлери шейит кетишти. Алар адам көрбөгөн тозокту көрүштү. Атыгайдын балдарынын көчү Балгарт суусун кечип, аркайган Ак- Өгүз ашуусын ашып, Туура- Суу, Шибелүүнү өрдөп, Тарбагатай тоолоруна келгенде карыянын абалы өтө оордоп калды.

– Оңоло албай калдым, Көңдөйгө да сөөгүм буюрбады, ата бабам көрбөгөн жерде сөөгүм калат го.

Балдарга оордук кылбай эле кете берсем дейит. Бирок тагдыр деген тагдыр да. Каралдыларымы оордук кылып жүдөттүм го. Бай ата ат үстүндө баратып үргүлөп кетет.

Башкалар Атыгай атанын балдарына:

– Атаңарды кор кылбай талаада таштабагыла, силердин эмгегиңерди кудайым көрүп турат. Жараткандын буйругу бар эмеспи. Ата-энесин мекеге деле көтөрүп баргандар деле бар эмеспи.

Канча кылса да карыянын балдары эстүү эмеспи атасын балдары абышканы кор кылып талаага таштабай алып кетип

баратышты. Карыя ат үстүндө өңөртүп, уйку соонун ортосунда кетип баратты. Кээде үргүлөп, кээде соо болуп эки жакты карайт. Кээде эс-учун жоготуп жөөлүп кетип жатты. Алар Тарагай тоолоруна келишти. Бул тоодо арча, кайың, карагай түркүн өсүмдүктөр өсөөр эле. Тоодон башталып өзөн суулар агып жатат. Атыгайдын көчү ушул берекелүү жерде орун алып калды. Атыгай ата ошол жерде бир кызык түш көрдү. Ата жер жайнаган жылкыларын Арпа -Тектир, Ат-Жайлоодо жайып жүрүптүр. Ал баягы Тору кашка күлүктү минип жүрүптүр, эртеси көңүлү ачык жайдары ойгонду да балдарын жанына чакырды.

– Балдарым, быякка көчөрдө эң жаман түш көрдүм эле, түндө жакшы түш көрдүм мен Арпа -Тектир жайлоодо Тору кашка атымы минип жүрүптүрдүм. Анан эле Бүтөбай атам «кыйналып кеттиң келгин» деп чакырып жатыптыр. Мен ушул жерден кетет окшойм, силер кайра аман –эсен жериңерге барат окшойсуңар,– деди карыя демигип, анан кашын бир сылап алды да, кайра кебин улантты: – Башымдагы бир арманым, сөөгүм касиеттүү Кара Көңдөйгө коюулса болот эле, андай болбой калды. Эмне кылам тагдыр ушул экен. Ичеер суум көрөөр күнүм түгөнгөн экен. Эми ушул оор капсалаң бүтүп, туулган жерге кайра барсаңар экен. Эл журт бириксе экен. Менин каалаганым ошол. Карыя демигип кетип айтаар сөзүн токтотту. Алар кудай арбакка жалынып бир тай союушту. Ошол эле күнү таң эртеңде сүйлөп эле отуруп Атыгай ата жол салып чын дүнөгө кете берди. Балдары Та-

рагай тоону жаңыртып өкүрүп, келиндери кошок кошуп киришти. Ошол жерде чоң дарактын түбүнө бир жалгыз мүрзө пайда болду. Көп өтпөй жакшы кабар келди. Ак падыша тактан түшүп оордуна башка жаңы падыша келиптир деген кабар келди.

Азап- тозокту көргөн качкындар кайра өз мекенине кайтып келатышты. Ошентип улуу тоолордун арасында бир мүрзө кала берди. Ал мүрзөдө жаткан адамды тукумдары кантип унутмак эле. Алардын тукумдары деле ата-бабанын санжырасын унутпай айтып келатышкан эле. Атыгай атанын тукумдарынан белгилүү элге-журтка тирек болоор тукумдары чыкты. Ошол Көңдөй жеринде Атыгай ата турак кылган Атыгайдын колоту деген колот бар ошол колот менен басып бараткан урпактар ошол атанын элесин ар-дайыма эстешет. Беккулу атанын тукумдары анын атын унутпай айтып келет.

## АК БАТА

Коңур –Өлөң деген жерде, саяк деген элде бир чоң бай аш берет деген сөз эки айдан бери Тоң элинин аяк-быягына тарап кетти. Ашта ат чабыш, жорго жарыш, кыргыздын ар түркүн оюндары болот деген аңыз көңдөйдөгү кара көйнөк тукумдарына да келип жетти. Кара көйнөк элинде ат таптап, жорго салдырган бай адамдар бар эле. Чабандестер аттарын таптап, жоргосун суутуп байлап, ашка катышканга кам уруп жатышты. Шоңко атанын тукуму Сүйөрдүн уулу Эсенгул ары чабандес, ары мүнүшкөр адам эле. Анын ат тап-

таган саяпкерлик өнөрү көп жерге белгилүү болгон. Ушул эле көңдөй айлынын белсемдүү адамы Түмөнбай эки күлүгүн камдап жатты. Анын Тору аргымагы кетмен туяк кең сору, көкүлүн көккө серпип, калың жалдуу куйруктуу жаныбар болчу. Экинчиси Акжелек кулжа моюн төгөрөк, бул жылкынын көкүл жалы узун, мойну боёп койгондой аппак ал эми көкүрөгү жону буттары чаар ала, сом туяк келген чоң жаныбар эле. Башы ак желекке окшош ыйык жаныбар марага чуркап келе жатканда бирөө желек булгап келаткандай шекилденип көрүнчү. Анын чуркап келатканы бир керемет укмуш. Ошол үчүн « Акжелек» деген ат ага ылайыктуу коюлган. Дагы бир көңдөйдүн байы Атыгай анын көп жылкысы болуп, алардын ичинен Кураргымак бар эле. Жаныбар Манастын Аккуласына окшошуп турчу. Анын карааны алыстан көрүнүп, бир караган адамды мыкты тулпар экен деп улам-улам суктанта карап турчу. Элде мындай бир имиштер айтылган. Ошол ат кулун чагында мындай бир окуя болуптур. Атыгай орто курак кезинде Кочкор жерине бир иштер менен Элебес байдын үйүнө барып калат. Бай менен жакшы ыкласта алыш-бериш соода кылат. Кетеерде ошол Элебес бай Атыгайга:

– Атыгай үйүмө келип, эки-үч жолу даам татып жакын болуп калдың, эми бобереги жайнаган жылкыдан бир жакшысын тандап жетелей кет, жөн кетпей,-дейт.

Анын жылкылары көп эле Атыгай үйүрдү ар жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, ылайыктуу жаныбарды ка-

рап жатты. Анын кыраакы көзү ары-бери тынбай ойноп турган бир тайды көрдү. Атыгай бирге жүргөн жигити менен үйүрдү жыйра айдап тайды кармап:

– Касиеттүү байым, сизден анча деле көп нерсени сурабайм, болгону бобу жабаганы мага ыйгарып койсоңуз болду,– деди сылык түрдө.

Бай көп жылкы күткөн менен жылкы күлүгүнө анча сынчы эмес эле, «сөлпөйгөн бир тайды алды, мынча болду керилген эле жылкыны албайбы» деп ичинен аяп турду.

– Ой, Атыгай башкасын эле алсаңчы, бул жолдо баспай сени мүшкүл чектирет го,-деп аяп.

– Жок байым, жылкыңдын ичинен ырым кылып, ушуну эле ала кетейин,-деди оң колу менен кара мурутун сылап.

Бирок кыраакы байдын атасы бул тайдын даңазалуу күлүк болоорун ошондо эле билип койгон. Байдын атасы ичинен өкүнүп:

– Ай болбостур мейли эми байкоостук кылдык ушунча жылкынын ичинен касиеттүү адамдан бир жаман тайды талашканда болбойт. Бирок бул кулундун куну ушунча жылкыга барабар,– деп өкүнгөн экен.

Ошол иш ошол болду.

Ошентип Атыгай Элебес байдын Кула кулунун менен айлына карай жол арбытып жүрүп отурду. Кула тай жолдо баспай кержейип азапка салып жүрүп отурду. Алар араң деген айлына жеткен экен. Андан бери токтобой жер күндү айланып, далай мезгил артта калып, ошол кержейген тай Кула ар-

гымакка айланды. Анан дагы бир мындай аян болуп өтүптүр. Атыгай ошол күлүктү таптап жүргөн чагы экен. Бир түнү түн ортосунда ээси эшикке чыкса, ак калпакчан бир карыя күлүктүн жал-куйругун сылап жатыптыр. Ээси аны таң кала карап турду. Анын карыя жумшак колу менен жылкынын ашказанын жай акырын сылады. Аргымак кыйналып-керилип чоюулуп, аянычтуу үн чыгарып каткан кыгын таштап жиберди. Ээси «эмне кылаар экен» деп карап турду. Ошондо күлүк тегин эмес колдоочу саяпкери бар экенин билди.

Эми кайрылып ошол ашка келели. Береги саяктардын ашына көңдөйдөн Эсенгул Кара торуну, Түмөнбай Акжелек менен Тору аргымакты, Жантай Карагер күлүктү, Атыгай Кула аргымагын алып чыкмай болушту. Балбан күрөш, улак тартмай жана башка оюндарга катышабыз деп жыйырмадай киши шатыра-шатман жөнөп калышты. Күлүк аттар менен бат эле аш берилүүчү жерге жете келишти.

Аш шааниси жакшы өтүп жаткан экен. Ак жууратттай болгон боз үйлөр. Эт бышырып ары-бери чуркап жүргөн жигиттер. Үнү заңкылдаган жар чакырып жүргөн пенделер. Бир аздан кийин аксакалдар кудайдан бата тилеп аргымактар коё берилди. Алыска талыбас куштай закымдап учкан аргымактар. Ээрге бекем минип, башына ак жоолук байланган тың чыкма чабандестер. Күлүктөр закымдап учкан куштай кетип баратат. Ал арада балбан күрөш, ордо атыш, төө чечмей, кыз куумай, улак тартмай дагы, дагы толгон оюндар болуп өттү. Күлүктөр эмне болду деп тынчы жок жер тыңшаар ма-

амыттар жата калып, тура калып жерди тыңшап жатышты. Аңгыча жер дүңгүрөй көчүп, бир топ убакыт өтүп, туяктар тапырата жерди сабаган тулпарлардын дабышы жакындап келатты. Жер тыңшаар маамыттар айтып жатты:

– Аргымактар келатат, буудандар келатат,– деп жарыя айта башташты.

Дүрбү салган адамдар дүрбүсү менен оң имерип бир карап, сол имерип бир байкап жатты. Алдыда Баатыркандын Кара аты кеалатат. Жарыктыктын буту жерге тийбей асмандап учуп күйүп келаткандай сезилет. Анын артында Байсейиттин Актуягы куйрук улаш келатат. Анан биринин артынан бири болуп ээрчише келаткан күлүктөр. Чаң уюулгуп улам жакындап аш берген жакка келаткандай. Күлүктөрдүн дабышынан жер дүңгүрөп тынбай көчөт. Жер тыңшаар Маамыт бутун тыбырчалатып, жата калып жерди тыңшап « Бирде кара ат алдыга чыкты десе, бирде Кула аргымак алдыга чыкты» деп жарыя кылып жатты. Чабандестер кызыган аттарын эми накта камчылап, жер өлчөмүн так аныктап, кээ бири атынын тизгинин тартса, кээ бири акырын солгундата тартып келатат. Кара көйнөктүктөр дүрбүсүн алып караса эч дарек жок. Алардын жан дүнөсүн кубаныч аралабай шаабайлары сууп калды. « Ушундай да болобу, жок дегенде бир атыбыз чыгып келбей калабы» деп, дендароо болуп турушту.

Баамчыл Түмөнбай менен Эсенгул:

– Балдар ат тизгинин коё береер чак келе элек экен.

– Ошондой кылсын азыр коё бергенде болбойт. Алар чар-

чап марада башкаларга алдырып жибериши мүмкүн.

– Бир аздан кийин ат тизгиндерин коё беришет.

– Балдар туура аныктап жатышат.

– Иши кылып Беккулу атанын талы колдоп, биздин күлүктөр чыкса экен.

– Ошондой десең, Беккулу атанын арбагы, Мүйүздүү эненин касиети жар болсун!

– Ой, ким билет Баатыркандын күлүктөрү тың сыяктанат. Анын жылкылары дабан жарган мыкты күлүктөр эмеспи.

– Байсейит байдын күлүктөрү да мыкты.

Түмөнбай, кара мурутун сылап, калпагын оңдоп кғийип, ойлоно айтты:

– Менин баамымда Баатыркандын күлүгүнүн үч сууту кем экен. Кандай болоор экен марага чукул алардын жүрүшү жайлайт го.

Эсенгул Түмөнбайдын баамчыл ары аяр, ары сынчы экенин билчү. Ал ичинен ойлоп жатты «Буюрса Түмөкемин айтканы эле келет го» деп.

– Ошондой эле болсун Түмөке Беккулу атанын талы колдоп биздин күлүктөр чыгып кетсе гана.

Экөө ойго батып унчукпай калышты. Бир топ убакыт өттү. Күлүктөр марага алып-учуп кирип келатат. Ат үстүндө чабандестер күлүктөрүнө удама –удаа камчы урат. Чечүүчү мезгил өтө жакын калды. Чаң чубалып, аш берген жакка карай келатат. Эң алдыда Түмөнбайдын Акжелеги келатат. Ал аш берип карап турган элге желек булгап келаткандай

чоң майрамдык шаани, кубанычты белгилеп тургандай болду. Үстүндөгү чабандес да кара көйнөк, ак жоолук байланган тың бала экен. Атына удама-удаа камчы уруп келатат. Анын артында Кула аргымак каалгый, туягын жерге мылгытып, көкүлүн көккө ыргытып сыймыктуу келатат. Кара байыр казанат, мактаса кеп жарашат талыбай чуркап алган экен. Экөөнүн ортосу эң эле жакын тизгин улаш келатат. Куланы минген Тынайдын баласы, тың чыйрак аттын кулагы менен тең ойногон бала, күлүккө олбуй-солбуй камчы уруп келатат. Анын артында Эсенгулдун Сарыторусу кыска моюн туу чукак жаныбар экен. Кулактарын жапырып, буту менен жерди сапырып келатат. Андан ары Баатыркандын Кара аты келатат. Тал жибектей куйругу шамаалга чубалат. Сай—сайлап жүнү бөлүнүп, аркардай көзү кызара келатат. Анын артында Жантайдын Кара аты келатат. Күлүктөрдүн келатканын көрүп кара көйнөктүктөр аябай жыргап, асманга секирип, эки алаканын бир-бирине ургулап кубанышат. Түмөнбай өзүнчө эле дердеңдеп, Атыгай ага күлө карады:

– Беккулу атамын арбагы колдоп Кула аргымак чыкса экен.

– Талашым жок кайсынысы болсо, ошонусу чыксын иши кылып Беккулу атанын күлүгү чыкса болду. Бизди атанын талы колдосун.

Бирок күлүктөр улам кызый чуркап орун которуштуруп жатышты. Биринчи болуп, Акжелек булгап, ашка чоң салтанат жаратып, Акжелек аргымак чыгып келди. Үстүндөгү ка-

ра көйнөк кийген бала марага эки колун көкөлөтө шандуу чыгып келди. Түмөнбай минген атын таштап. «А кудайлап чуркап барып, күлүгүн тосуп алды. Үстүндөгү кара көйнөк кийген бала шамдагай түрдө жерге түшүп, Түмөнбайды кучактап калды. Түмөнбай баланын оң бетинен, бир өөп, сол бетинен бир өөп баланы таштап, күлүгүн чуркап жетелеп сута баштады. Экинчи болуп Атыгайдын Кула аргымагы келди. Ал биринчи келмек эле эмегендир ашказанынан жабыр тартып калган шекилденет. Үчүнчү болуп капталында канаты бар, Баатыркандын Кара аты чыгып келди. Үстүндөгү бала кара атка окшошуп чылгый кара кийинген экен. Баатыркан күлүгүнүн артта келгенин кападар болуп турду. Ал саяпкерди жемелеп да жиберди.

– Жакшы тапталбай калыптыр, бу саам кара көйнөктүрдүн күлүгү кара тулпарымды артка сүрүп таштады,– деп капаланды.

Төртүнчү болуп, Шоңко Сүйөрдүн уулу Эсенгулдун касиеттүү Сарыторусу учуп күйүп чыга келди. Ушунча күлүктөрдүн ичинен анын төртүнчү болуп келиши да чоң кубанычты жаратты.

Эл бир ооздон кыйкырып:

– Беккулу атанын күлүктөрү бринин артынан бири чыга келди.

– Кара көйнөктүктөрдүн күлүктөрү дүбүрт таштап чыгып келди.

– Көнөчөктүктөр көнөчөктөгү каймыган жеп күлүк-

төрүн жакшы таптаган экен.

Чогулган эл кыраан каткырып күлүп жатышты.

– Буларды Бугу энесинин арбагы колдоду.

– Көзгө чабаарлар кыйын эл болот. Намысты оңой менен бербейт.

Элдин баары ыйык жаныбар Түмөнбайдын Акжелегин мактап жатты. Журттун көзү тиет деп жабуу жаап далдаа жерге жетелетип жиберди. Ошол даңазалуу чоң ашта негизги байгени Беккулу атанын тукумдары алды. Биринчи байгеге он жылкы, жүз кой, беш уй ыйгарылды. Калган байгелер да жакшы болду. Ошондо Атыгай, Түмөнбай, Эсенгул үчөө кеңешип, ошол аш берген жердин жүз жаштан ашкын үч карыясы бар экен. Байгеден алган үч бээни карыялардын алдына жетелеп келип, ийилип салам берип, «алгыла» деп өтүнүштү.

Карыялар:

– Ой, Беккулу атанын кулундары күлүктөрүңөрдүн арышы арбый берсин!

– Беккулу атаңардын талы колдосун!

– Күлүктөрүңөр дайыма чыгып аман-эсен жүргүлө!

– Колуңар ачык болуп, ырыскыңар ташысын!-деп бата беришти.

Беккулу атанын тукумдары:

– Айтканыңар келсин аталар!

– Дагы узак жашка чыккыла аталар!

– Аталар бата бергениңер үчүн силерге ыраазыбыз!

– Аталар тукумуңардын күнүн көргүлө!

Ошондо узак жашка чыккан бир карыя масeлдетип бата берип сүйлөй баштады:

– Жараткан кудайымын алдында аман-эсен болгула! Беккулу атанын күлүктөрү биринин артынан бири чыгып келиптир, талаа, түздөрүңөрдө камбар атанын тукуму көбөйүп, күлүктөрүңөр жарышты топ жарып чыга берсин! Ойсул ата жергеңерден кетпесин! Беккулу атанын тукумдарын калктын пири Калкаман ата колдосун! Бакыттын пири Кыдыр Иляс колдосун! Бүгүн дагы кара көйнөк кийген бала байгеде күлүк чаап чыгып келди. Балдарыңардан бакыт кетпесин! Жигиттериңер эл керегине жарап аман-эсен болсун! Карыяларыңар, ак жоолукчан энелер журтту жолго салган акылман болсун! Оомийин!

Ошол жерде турган элдин баары бата кылышты. Беккулунун тукумдары эт жеп, куран окуп бата берип, аштын ээлери менен жакшы ырай менен коштошуп, малын айдап, көңдөйгө карай агылып келатышты.

Жер Үй Суусуна жакындаганда Беккулу атанын тукумдары бир улак таап, эки жаатка бөлүнүп улак тартып, айылга кубаныч, шаң- шарапат менен кирип келмей болушту. Аларды жолдон санжырачы, төкмө акын, куудул, Боргөтөн менен Канай тосуп алды. Боргөтөн менен Эсенгул комуз чертип жамактатып ыр төгүп келатышты. Жигиттер көкбөрү тартып айылга кирип келишти. Улакты шарт боюнча Бекулу атанын эң улуу карыясынын үйүнөташташты. Карыяга алган бай-

геден бир бээ беришти. Элге ашта болгон жаңылыкты баян кылып айтып жатышты. Ошондо карыя алаканын жайып, кудайга жалынып:

– Оо кудайым, Чоң Жергес жеринен сабылып көчүп келдик эле, ушул эки тоонун ортосундагы кара көңдөйгө жай алдык, кудайым ушул жерден биздин элдин тукумун көбөйтсүн! Ушул жерде небере-чөбөрөлөрүбүз өсүп көбөйсүн! Жаратканым бизди кырсыктан сырткары кылсын! Жалпы журттун алдында ушинтип күлүгүбүз чыгып, балдарыбыздын атак даңкы жалпы кыргызга тарай берсин! Оомийин! – деп ак сакалы белине жеткен карыя бата берди. Баардыгы алакан жайып бата кылды. Эртеси Түмөнбай, Атыгай, Эсенгул үчөө үч бээ союп элден-журттан бата алды.

Ошол күнү чоң той болду.

Ошол күнү Беккулу атанын тукумдары кудайга жалынып жатышты.

Ошол күнү Беккулу атанын даңазасы дагы бийиктеп баардык элге жайылып жатты.

Ошол күнү күздүн эң сонун күнү тийип адамдар кубанып жатышты.

Ошол кубанычтуу күн ошантип санжырага айланып, жомок болуп кеткен экен.

***

**Автордун оюу**

« Ассалому алекум!» « Алейкума ассалам?» Жаратканым

бул китепти качан баштадым эле, суук болуп, Балыкчынын шамалы уйгу-туйгу согуп турган бороонду күздө баштабадым беле. Андан бери итабар мезгил өтүп, жылдар жылып, айга-ай жармашып, эсепсиз күндөр закымдап өткөн экен. Китепти жазган мен дагы ак чач адамга айланыпмын. Же болбосо карып улгая түшүпмүн. Жарыктык мезгил адамдарды ошондой кылып салат тура.

Менин алды жагыман,
Коён качты серендеп.
Чар тарапты карап коюуп,
Безип барат элендеп.
Бир кезде мен жаш элем,
Чачтарымды ак басты.
Гүл чачтым эми алчадай,
Жылдар дагы коён өңдүү,
Дайнын кетти таптырбай.

Мен бул китепти баштагандан бери далай суулар агып, далай мезгил өткөн экен. Ортодо эки хан алмашыптыр. Кайраттуу кыргыз эли эч убакта эзүүгө чыдай албайт, алар эч кимге баш ийбес улуу Манастын тукумунан эмеспи. Башка элдер бир эле хандын эзүүсү алдында турат. Ал эми кыргыз эли экөөнү тең сүрүп айдап, салп этек катынча жолуна салыптыр. Алар бир жерде чогултуп алган байлыгы менен өмүр сүрүп жүрсө керек. Баракелди кыргыз элинин түгөнбөс кайратына! Ошол замандын оорчулугуна чадай ал-

бай канча пенделер тиги дүйнөгө узады. Эл чачылды, тербиди, тентиди. Оор замандын капшабы далай сонун адамдарды тиги дүйнөгө алып кетти. Кечөөгүңкү эле мени менен бирге жүргөн адамдардын далайы тиги дүйнөгө узап кетиптир. Арман деген ошол экен. Мен алардын сүйкүм элесин ырларыма салбадым беле. Эми алардын жаркыраган элесин сыйпалап таппай отурам. Эмне дейбиз жаткан жери жайлуу, топурагы торко болуп, тиги дүйнөдө бейишке чыгып, артында калган балдары, жерге жээги аман- эсенчиликте болуп, уланбай калган өмүрдү улап кетсин. Туулган жерди араласам ошол сүйкүм адамдардын элеси менин көз алдыма тартылып келет. Аларды мен баардык кезде эстеп келем. Кээде уктап жатсам түшүмө кирет. Кантип кирбей коёт балалык күнүм ошол сүйкүмдүү адамдын тегерегинде өтпөдүбү. Тагдырдын жаратканы адамга ченелүү гана өмүр берилет тура. Эмне дейбиз.

Мен эки кол жазма китепти эчак эле тараткам. Ал тее- тетиги 1992- жылдар болуш керек эле. Анан китепти ошол боюнча таштап коюуп азыр кайра карап отурам. Оңдоочу жерлерин оңдодум. Бул китеп негизи үч адамдын кол алдынан өттү. Жалгыз эле мен жазып салдым десем тигилердин акыл эмгегин жеп кеткен болом. Китептерди Жүзөнова Айгүл, кызым Жылдыз тирмийип отуруп алып, баш ылдый оңдоп, уйкаштыгын келиштире оңдоп чыкты. Же алар толугу менен кайра жазып чыкты десем болот. «Туулган жер жөнүндө китеп экен элге уят болуп калбайлы» дешти. Эң эле осол жерле-

рин алып салышты. Анын ордуна башка ырларды жазышты. Мага караганда алар коп окугандык кылды жана орус тилин терең билгендиги менен айырмаланды. Балким дале осол начар жерлери бардыр аларды алып салаарбыз. Кимдир бирөө жазылбай калгандыр. Аларды чыгармага кийреербиз. Иши кылып туулган жер жөнүндө анча-мынча болсо да жазылаар китеп жазылды. Кудайга ошол каниет. Ыйык жерди кантип китеп кылып жазбайбыз, жазабыз. Туулган жер жөнүндө китеп жазып анан башка темага кайрылабыз. Өзүңөр билесиңер китеп ар кандай сюжеттик линияда түзүлөт. Чылгый эле мактоо болсо, ал китеп болбой калат. Эч кимдин деле окугусу келбейт. Китеп жаратылыштан, армандан, кошоктон, юмордон, жаштыктан, күлкүдөн, балалык, карылык жана башка көптөгөн нерселерден тураарын билесиңер да. Кээ бир жазуучуларды билем туулган жери жөнүндө бир эки эле ыры болот. Ал туулган жерин ошол эле эки ыры менен элестетет. Мынчалык терең жазыш үчүн көп окуш керек болуп жатпайбы. Фольклорду, чыгармачылык эстетиканы, логикалык ойлонуу, ата-журттун уңгусун,турмуштун өнүгүү темпин, көркөм аң-сезим, реалдуу ойлоо ыкмаларын, чыгармачылык профессионалдык жана башка толуп жаткан нерселерди билиш керек. Чыгармачылыкта эки куплет ыр эле көп нерсени чечип коюушу ыктымал. Бул өз жайы менен болсун. Мен эми көп алыс кетпей кайра эле өзүбүздүн турмушубузга келели. Туулган жерге сагыныч пайда болот. Биздин жайлоолорубуз кандай керемет ал жерлерге киндик ка-

ныбыз таапм балалыгыбыз калбады беле. Жерибиздин адамдары кандай ыйык. Мен туулган жерде бир-эки адамдан эле көңүлүм калбаса ал эми жалпы карапайым адамдардын биреөнөн да көңүлүм калбаптыр. Алардын ыйык элеси, сүйлөгөн карапайымдыгы баардыгы менин көз алдымда даана кино болуп тартылат. Мен аларды кантип ырга жазбай коём. Кандай гана чыгарма болбосун анда тарбиялык маани болуш керек. Тарбиялык маани болбосо, ал чыгарма болбой калат. Ал ошол үчүн адабий чыгарма да. Ошол тарбиялык чыгарма менен адамдык калыптануу келип чыгат. Албетте адамдардын арасынан ар кандай терс сапаттар жолугат. Мисалы: зулумдук, ач көздүк, көрө албастык, зөөкүрлүк, уурулук, мастык жана мындан башка адамдарда толуп жаткан терс көрүнүштөр бар ошолордон четтеш үчүн мен ырларымда жазып кеттим. Ал жагын жаман көрбөгүлө. Канчалык биздин эл жогорку маданияттуу болсо, биздин элде жашоо ошончолук сонун болбойт беле. Албетте андай жаман көрүнүш баардык элде кезигет. Мисалы падышадан тартып карапайым адамга чейин жаман сапаттар бар. Мисалы биздин качып кеткен адамдарыбыз жакшы адамдарбы алар дүйнөкор, талоончу болуп чыга келбедиби. Кечөөгүнкү эле жакшы деген адамыбыз жүзү толук ачыла келбедиби. Ушундай жерде кантип заман оңолот. Өзүңөр эле ойлоп көргүлөчү көп депутаттар, губернатор, акимдер чыкты, ушулардын деги биреө эл үчүн иштедиби? Жок элди тоноп алды да басып кетти. Эч бир элге жакшылыгы болгон эмес экен. Жал-

пы эл үчүн иштеген адамдар керек болсо онго да жетпейт. Мен аларды санап берейин. И. Раззаков, А. Масалиев, Шералы Назаркулов, Султан Ибраимов, Топчубек Тургуналиев, Дооронбек Садырбаев менин эсимде эл үчүн иштегендер ушулар эле экен. Ал эми депуттар, акимдер, губернаторлор жөн эле бир бийликке келип кеткен адамдар тура. Байып алат анан жылт коёт. Анан аларды кантип эл үчүн иштеди дейбиз. Алар атын калтырыш үчүн кээ бири тирүүсүндө эле мектептерге, көчөлөргө ысмын коюуп киришти. Деги ошолордун аттарын койгондой эмне эмгеги бар эле. Алардын аттарынын киге кереги бар. Жансыз элге эмгеги жок ашыкча нерсе болуп жатпайбы.

Эми саясатты коюуп кайра жазмага келели, биздин ишибиз ошол эмеспи. Жазаарын жазып бердим эми калганы силерден. Баса төртүнчү китеби да бар эмес беле. Кудай аны санаага жеткирсе айылга барып кыдырып көрүп анан байкаштырабыз.

Кагылайын айлымдын карапайым адамдары менин айтаарым ушулар.

Баарыңарга ден соолук, алдыңарга жакшы күндөрдү каалайм!

Ар бириңер жолукканча саламатта аман-эсен болгула!

Кудайм алдыбызга жакшы күндөр менен жолуктурсун!

Жаратканым өзүң колдой көр!

Бизди касиеттүү ыйык Бугу энебиз жана Беккулу атанын талы колодосун!!!

Буюрса кайра аман-эсенчиликте жакшы салам менен жолугалы!

«Ассалому алекум!» « Алейкума ассалам!»

# БАБАЛАРДЫН ТАРАЛЫШЫ

**Акбагыш**
Үрүмчү**--**Чоңбагыш
Сарыбагыш
**Долон бий –**
**Ак багыш –Ырыскан–**
Домбул бий

Куууул (Сол)
**Долон бий–Акуул (Оң)–**
Кызылуул (Ичкилик)

Койлон (Жедигер эли)
Адигене Богорстон ( Солто эли)
**Ак уул–Тагай –Кылжыр–**
Моңош Кара чоро
Наалы эже Тондуу балдары
Саяк
Азык
Черик
Коңурат
Чертике

(Бугу уусу тарайт) Арыкмырза

**Кылжыр–Орозбакты–Мырзакул–**

Дөөлөсбакты Карамырза .

(Сарбагыш уруусу тарайт) Токочмырза

Асанмырза

**Алсейит** ата үч аял алат

1.Биринчи аялы Токтобүбү эне 2.Экинчи аялы **Мүйүздүү эне.** Ушул касиеттүү энеден Беккулу атанын тукумдары тараган. 3. Үчүнчүсү Калмак Чок төрөнүн кызы **Чежимжан** эне.

**-–Мырзакулмырза– Алсейт**

Тынымсейит

Бейшембай

**Алсейит–Жамангул– Төрөкочкор—Куржун–Торгой–**

Боор Кыдык Чолпоке

Туумакашка Бооке Султангазы

Бапа Белек Түлөсүн

Итибий Ырыс

Бекназар

Майназар

**Торгой–Беккулу–**

Муса

Бектемир

Шоңко

**Беккулу атадан**—Бүтөбай

Курумшу

Айман Карача

Шоңко атадан–Сүйөр Курумшу атадан–Койсойбос

Адыл Уралы

Балбак Байбото

Мамай

Бүтөбай атадан–Баястан

Сыдык

Карач

**Торгой атадан таралган Беккулунун тукмадры.**

Санжырада Беккулу атанын: Курумшу, Бүтөбай, Шоңко деген үч уулу болгон экен.

## КУРУМШУ АТАНЫН ТУКУМДАРЫ

Беккулунун Курумшусунан: Койсойбос, Ураалы, Байбото, Карача деген төрт уулу бар.

**Курумшунун Койсойбос уулунун тукумдары:**

**Койсойбостун**: Канай, Чыны, Максүт, Сейит, Ормон, Чормук деген алты уулу болгон. Койсойбостун, Канай уулунан: Айтыке, Жоломан, Малай, Өмүрзак, Эстебес, Дүкөш,

Муңайтпас, Токтобай деген сегиз уулу бар. Айтыкеден. Шайыке андан Бабаш андан Намаз, Ишен, Токтогул, Дүйшөмбү. Жоломандан: Асанкожо, андан Курманбай. Малайдан : Чомор, андан Жусуп, Усуп, Төлөн, Мукамбет. Эстбестен: Төлөш, Төлөбай, Сатынды.

**Койсойбостун Чынысынын** он уулу бар. Акун, Шайыке, Желдең, Турдуке, Дөгдүр, Тогузбай, Маатай, Ырыскулу, Кулкөтөн, Акыл.

Шайыкеден: Апет, андан Тентимиш, муралы, Асаналы. Желдеңден: Чоопай. Турдукеден Төлөбек андан Мыктыбек. Дөгдүрдөн Мукамбет андан Шамил, Эмил. Тогузбайдан: Акун, Барыктабас. Барыктабастан: Бети, Байтур, Амантур. Бетиден: Саяк, Мырзабек, Бердибек. Байтурдан: Эркинбек, Жумгалбек, Абайбек. Амантурдан Туратбек. Маатайдан: Кукай, Ишенбек. Кулкөтөндөн: Садыр, Акыл. Садырдан Жакшылык. Акылдан:Дүйшөналы, Карагул, Темиралы, Абдыбай.

**Койсойбостун Максүтүнөн**: Кыйшыбай, Букара. Кыйшыбайдан: Бектурган, Сартуман. Бектургандан: Абдылда, Кыдыр, Акжолтой, Мукамбет, Үмөтбек, Ырысбек. Букарадан Кубат. Кубаттан: Талгар, Бактияр, Элдияр, Эрмек

**Койсойбостун Сейитинен** : Тапа, Тургунбай, Бейше, Мергенбай. Тападан: Асапакун, Усубакун. Турганбайынан Усуп андан Мукан, Жумагул, Бердигул, мураткул. Мергеенбайдан: Бейше, Кыдыр, Карыя. Бейшесинен Үчмурун.

**Койсойбостун Ормонунан**: Абыласан, Жоошбай.

Абыласандан: Сакен, Саты. Сатыдан: Бабакан, Казак, Касым, Мусабек төрт уулу бар. Сакеден Карагул. Бабакандын балдары: Кенжебек, Догдурбек, Таалайбек. Казактын балдары: Зарылбек, Жолдош. Касымдын балдары: Үмөр, Жунуш, Кубат, Эркин, Эсен. Мусабектин балсы Володя.

Ормондун Жоошбайынан: Токбай. Токбайдан: Болотбек андан Муса. Мусадан: Акен, Ысмайыл. Акенден Бекжан. Ысмайылдан Максат.

**Койсойбостун Чормугунан** Шыгай,андан: Мукаш, Муса. Мукаштан: Жекшен, Жолдошбек.

**Курумшунун экинчи уулу Ураалынын туумдары**:

Курумшунун Ураалы уулунан: Арт, Табылды, Шопок, Боромбай, Босток деген уулдары болгон.

**Ураалынын Арт** уулунан: Садабай, Жумабай, Кенжебай, Ордобай, Куланбай, Алышбай, Ачакей деген жети уул.

Садабайдан: Текебай, Ыбрай, Абдырай. Текбайдан: Чалакыз. Ыбрайдан: Сыртбай, Конок. Абдырайдан: Сарбагыш, Эшимбек. Жумабайдан: Абылмежин, Көбөк, Кемел. Абылмежинден: Койчуман, Саманчы, Чалгынчы. Кемелден Октябрь. Ордобайдын: Мукамбет, Төкөш, Курманалы. Мукамбеттен Мусаке, андан: Сагындык, Амангелди, Имангелди, Төрөкелди. Токоштон Бекен. Курманжандан: Токелең, Апылай. Куланбайдан Баяун андан: Кусмидин, Арыкбай, Бекен. Ачыкейден Чундук андан: Медербек, Алмакун, Алмазбек, Нурбек.

**Ураалынын Табылдысынан**: Айтак, Алаша, Орунтай,

Жолдошбай, Илепес деген беш уул болгон экен. Табылдысынан Айтактан: Рахмат, Осмон андан Жусуп андан Арык. Табылдынын Алаша деген уулунан Алтымышбай, Молдоакый. Алтымышбайдан: Жолочу, Ысмайыл, Мукаш, Искен төртуул. Жолочудан Ыйса, Ыйсадан: Замир андан Азамат. Ысмайылдан Малик андан Кубан, Обон. Мукаштан: Муратбек, Мухтарбек. Муратбектен: Улан, Мирболот. Мухтарбектен: Нурболот. Искенден: Мырзабек, Сапарбек. Молдоакыйдан: Жанкороз, Асанакун, Жамангул, Турсунбай. Жанкороздон Абыл андан Бакачы, Бакыт, Урмат, Максат. Жаманкулдан Рашид, Райымбек, Райымкул, Болот, Аскарбек, Белек. Турсунбайдан: Бакыт, Акылбек.

**Табылдынын Орунтайынан** : Түлөберди, Узакбай, Иляз, Жакеш, Турмалы беш уул. Иляздан: Дайырбек,Орузбек. Турмалыдан: Тынчыбек, Тыныбек.

**Табылдынын Жолдошбайынан** Тенти.

**Табылдынын Лепесинен**: Турдукожо, Орозакун, Саакы. Турдукожодон :Турдакун, Ырысман, Орозакундан Шарынбек. Мамакеден Татар.

**Ураалынын Шопок уулунан** : Алымбек, Алыке деген эки уул. Шопоктун Алымбегинен: Токбай, Токтогул, Токторбай, Байсын. Токбайдан : Самүдүн, Турпандык андан Сакый, Өнөктүк. Токтогулдан: Усубакун, кудайберген. Усубакундан: Үмөр, Жолдошбек. Кудайбергенден: Жанузак, Сарымсак, Өмүрзак. Байсындан. Асыбакун, Ыманбай, Асанбай. Ыманбайдан: Сару, Саалы, Төлөсүн. Асанбайдан: Ми-

дин, Зарыпбек, Азамат. Алыкеден: Майбаш, Сарыбаш, Байшери, Дүйшө. Майбаштан Акмат андан Досой. Сарбагыштан Молдобай. Байшериден: Турдубай, Асанбай, Турдукожо. Турдубайдан: Карагул, Түпүш, Сатар. Турдукожодон Муса андан Кудайбек. Дүйшөдөн Сайдин.

**Ураалынын Боронбай уулунан**. Маамыт андан Сагындык андан: Касым, Дүйшөмбү. Касымдан Алмаз андан Нурсултан. Дүйшөмбүдөн: Эрмек, Шарыпбек, Талантбек, Тилекмат, Нурбек.

**Курумшунун Карача уулунун тукумдары**.

Карачадан Бокбасар деген жалгыз уул. Бокбасардан: Мураталы, Тынаалы, Үмөтаалы, Акидей, Миңжылкы деген уулдар. Муратаалыдан: деркембай, Аккөз, Эшперди, Абдылда. Деркембайдан Мамбет андан Султанбай, Бексултан, Кыдыр. Аккөздөн: Жүсүрүн, Жапар. Андан Ысак, Ыса. Эшпердиден: Уруй, Шахмат, Расул, Жумаш. Уруйдан: Төлөн, Жекен. Төлөндөн Венербек, Медер. Жекенден: Рысбек. Шахматтан Эрнис. Расулдан Жолоочу, Жолдош, Жоро, Ынтымак. Жумаштан: Болот, Мелис, Марат. Муратаалынын Абдылдасынан: Токой, Шадый, Асангул. Токойдон Төлөнбек. Шадыйдан: Керезбек. Асангулдан. Медербек, Темирбек, Майрамбек. Бокбасардын Үмөтаалысынан Күрөңкөй андан Сулайман. Сулаймандан: Жокен, Жолоочу, Тойчубек. Бокбасардын Тынаалысынан: Баяман, Кутман, Майрык. Баямандан: Садык, Жумакун. Сыдыктан: Шахтыбек, Орозобек. Жумакундан: Дүйшөнбай, Ишенгазы. Кутмандан Карагул адан

Акжолтой. Майрыктан Жумалы. Акидейден Матай. Миңжылкыдан Турусбек.

**Курумшунун Байбото уулунун тукумдары**

**Курумшунун Байботосунан:** Таштаке, Аргыбай, Бөлөкбай деген үч уул. Таштакенин үч аялы болгон. Каалгыдан: Кыдыр, Токтосун. Экинчи

аялы Эренчеден: Итике, Кененсары. Үчүнчү аялы Айганыштан: Дулат, Белек. Кыдырдан: Асанбай, андан Кадырбек, Касымбек. Токтосундан: Акмат, Муратбек, Шыкый. Мукамбеттен Казыбек. Акматтан Байкабас андан Табылды, Замирбек, Мамырбек, Урматбек. Итикеден Амандык андан Сатынды. Кененсарыдан:

Сооронбай, Шабдан. Сооронбайдан Сулайман андан Турдубек. Шабдандан: Тентимиш, Сатыбалды, Жамангул. Белектен Асанаалы андан Дүйшөмбү.**Курумшунун Байботосунун** Аргымбайынан: Жанузак, Өмүрзак, Тогузак, Сегизак деген төрт уул. Тогузактан: Байкөбөк, Бекен. Сегизектен: Төлөн, Сагынбек, Сабырбек. Жанузактан: Чегир андан Өзүбек. Өзүбектен Азык, Сасыгул, Беримкул. Өмүрзактан Ашый. Бөлөкбайдан Алдаш андан Шаршенбай, Асанаалы. Шаршенбайдан Дөкүш, Асанкыра, Догдурбай, Майназар.

**Кыпчак уруусу**.

Ураалынын жээни болгон Жаркымбай кандайдыр бир себептер менен таякелерине келип жашап калган экен. Ошол бойдон алар Беккулу атанын тукумдарына аралашып аларга сиңип кеткен. Жаркынбайдан : Токторбай, Шаршемби,

Ажамбай андан Стам, жума, Керим. Стамдан Жаамбай, Жакып, Дүйшөмбү. Жумадан: Карагул. Керимден Сарт, Шамеш. Токторбайдан Орозо, Аалы. Аалыдан Аскербек, Амантур. Шаршембиден Казак, Кыргыз. Казактан Аскар, Медербек. Орозодон: Кыдырмыш, Канат, Капай. Кыргыздан: Жээнбай, Жээнтай. Аскерден: кубан, Октябрь, Жапар, Жанарбек.

## БҮТӨБАЙ АТАНЫН ТУКУМДАРЫ.

Беккулу атанын Бүтөбайынан: Баястан, Карач, Мамай, Садык деген төрт уулу болгон.

**Бүтөбайдын Баястан уулнан** Көлөй, Ниязбек, Кулет, Түмөнбай, Алыбек, Сейит, Медет деген жети уул.

**Баястандын Көлөйүнөн**: Ысабек, Алаш, Айдар. Ысабектен: Жунуш, Усубакун, Илияз, Жамаке, Акмат. Алаштан: Мукамбет, Абакир, Мыйса. Мукамбеттен: Бексултан, Кененбай, Кеңеш, Бекболот. Кененбайдан: Бактыбек, Төлөсүн, Тапы. Мыйсадан Жылкычы. Абакирден: Шаршен, Бейшен, Дүйшөн, Жолочу, Кадыр. Бейшенден: Барктабас, Камчыбек, Өмүрбек. Дүйшөндөн: Канат, Болот, Кумар, Кубан, Самат, Жолочудан: Талантбек, Алмазбек. Кадырдан: Кайсын, Автандил. Айдардан: Мамбеталы, Үсайыр андан Канат. Канаттан, Урмат, Андан Баястан. Мамбетаалыдан Ынтымак. Ынтымактан: Кубат, Токтогул.... Усубакундан Таажыбек. Жунуштан: Жыргал, Тынччылык, Тобокел.

**Баястандын Ниязбегинен**: Абыш, Айтымбет, Айты,

Курман, Шаабай. Абыштан: Абатай, Жолбун, Бейшенбй, Сарыбай, Алыбай, Мусажан, Мусур алты уул. Айтымбеттен: Касымбек, Алияскар, Жапар, Сыдыш, Шамалдай. Айтыдан: Аруун, Жусу. Шаабайдан: Абдылда, Шайылда,

Ыманалы. Сарыбайдан Кубанычбек. Мусажанжан: Мааткерим, Темир, Камчы, Кенжебек. Мусурдан: Кудабай, Таалай, талант, Аруундан: Жамансарт, Апсамат. Шайылдадан: Ишен андан Абыкай, Муратбек. Ыманалыдан: Ишенбек, Үсөнбек, Эсенбек. Курмандан Токтокадыр андан Токтобек. Токтобектен: Добуш, Турганбек, Шайлообек, Жаныбек, Бакыт, Максат.

**Баястандын Кулетинен**: Молдо, Бөкөбай, Темиркан, Ысмайыл, Турдубек. Молдодон: Тынччылык, Үсөнбай. Бөкөбайдан: Шакиржан, Байкабас. Темиркандан: Эркиндик, Барктабас. Ысмайылдан: Дүйшөнбай, Атчыбек. Турдубектен Сыртбай. Тынччылыктан: Догдурбек, Талантбек, Болотбек, Назарбек, Асылбек, Каныбек, Алтынбек. Үсөнбайдан: Кайырбек, Адырбек, Максат. Шакиржандан: Селпо, Бекбо, Райпо, Жанбо, Сүйүнбо, Акиспо. Байкабастан: Кубанычбек, Майрамбек, Жылдызбек. Сыртбайдан: Нурбек, Бакыт. Дүйшөнбайдан: Мелисбек. Эркиндиктен: Солтобек, Кыдыкбек, Кыргызбек, Иличбек, Нурлан, Эрлан. Солтобектен: Улан, Мирлан, Азамат, Бекназар. Кыргызбектен Ислам. Нурландан: Ыйман, Инсан.

**Баястандын Түмөнбайынан**: Орозбек, Мамбет, Айдыңбай. Мамбеттен: Абды, Шайык. Абдыдан: Саяк, Токуш, Ку-

даш, Ыдырыс, Жоломан. Шайыктан Жанаман.

**Баястандын Алыбегинен**: Токобай, Токобайдан. Манапбай, Акун, Чекир. Манапбайдан: Оторчу, Ыскак. Акундан: Соодонбек, Бегимат. Чекирден: Крыя, Эсентур, Рысбай. Эсентурдан. Азамат, Арзымат, Аскат, Адис, Марат, Алтынбек. Рысбайдан: Замир, Акжолтой, Өмүрбек, Нурлан, Улан.

**Баястандын Сейитинен**: Урманбет, Шамыркан. Урманбеттен: Жакыпбек, Жайлообек, Үсөн, Кадырбек, Көчкүн, Тобокел, Качкын. Шамыркандан Жакып Март. Кадырбектен Сүйүнбек.

**Баястандын Медетинен Акир**. Акирден Токтомуш

Бүтөбайдын Мамай уулунун тукумдары.

**Бүтөбайдын Мамайынан:** Атыгай. Атыгайдан: Тыны, Тынай, Акун, Акмат, Асылбек. Асылбектен Байдалы. Байдалыдан Большевик андан Эрнис. Тынайдан Мамбет андан Жамаке, Сапарбек. Акундан Совет, Сапарбай.

**Бүтөбайдын Садыгынан** Жараш. Жараштан Канымет андан Бердалы.

**Бүтөбайдагы Саруу уруусу**. Садырбай, андан Түлөберди андан Шаршемби, Жакып, Сукей, Кемел. Шаршембиден Ыйса, Төлөнбай. Жакыптан Бактыбек. Сукейден Кыдыр. Кемелден Кубан.

**Бүтөбайдын Карач уулунун балдары**.

**Карачтан.** Жантай, Талканбай, Чермиш. Жантайдан : Бакал, Жамгырчы, Аалы, Токтосун, Желдең . Талканбайдан: Шеримбек, Ыбыке. Бакалдан: Ашыбай, Тилек, Жамгырчы.

Жамгырчыдан: Жакып, Карып. Карыптан Асанкары. Аалыдан Садыр андан Качкынбай. Асандан Кудайберген, андан Айылчы. Жумаш. Токтосундан: Үсөн, Көкүш, Мырзабек. Үсөндөн Камчыбек, Шамшыбек. Желдеңден: Ысмайыл, андан Ишенбек. Такеш. Шеримбектен: Абылгазы, Султангазы, Ургазы. Абылгазыдан: Жапас, Сулайман. Султангазыдан: Эшен, Касен. Ыбыкеден: Намаз,андан Насирдин, Сүйүнбек. Сопу, Апил. Ашыбайдан Шейше андан Бактыбек, Калдыбек, Бердибек, Акылбек. Тилектен : Өмүш, Кулуке, андан Куттубек, Мыктыбек, Ыктыбек.

## ШОҢКО АТАНЫН ТУКУМДАРЫ

Беккулунун Шоңкосунан Айман, Балбак, Адыл, Сүйөр. **Шоңконун Айманынан**: Абылай, Сатыбалды, Калча, Черик, Сотобай деген беш уул бар. Абылайдан: Кетирекей, Калпак.

Кетирекейдин биринчи аялынан Күрөңкөй, Жийдебай, Тыныбек. Экинчи аялынан: Ысма, Абды, Асанбай, расул, Бөдөн. Күрөңкөйдөн: Муталып, Касен. Мулалыптан: Шалтабай, Турарбек, Аманай, Эсенай. Жийдебайдан Бакир андан Табылды, андан Сулайманбек, Искендер, Кубанычбек. Шалтабайдан: Кубан, Таалай. Турарбектен: Замирбек, Эмилбек, Дамирбек, Ринат, Фархат. Аманайдан Данияр, Бахтияр, Бакай. Эсенайдан: Нурбек, Мирлан, Афиандил, Нурислам. Тыныбектен Шакир андан Турдалы. Турдалыдан Жаңыбай, Жайнак, Талгар, Талантбек, Турсунбек.

Ысмандан Дайыр. Анын алты эркек бар. Төртөө согушка

кетип кайтпай калган.

**Аймандын Абылайынын Калпагынан** Манапбай, Эдикбай, Байсерке деген үч уулу бар. Манапбайдан Ыса, Ысмат, Чомор. Ысмандан Токтобек андан Токон, Тилебалды, Көчкүн. Токондон Майрамбек, Алтынбек, Болотбек. Тилебалдыдан Жылдызбек, Нуржигит, Нуркан, Нурсултан.

Манапбайдын Ысматынан Таштанбек. Андан Тынчтык, Бактыбек, Арстанбек, Адилет, Куттубек, Азамат.

Манапбайдын Чокморунан Саткын, Андан Талант, Калыбек, Улан, Марат.

**Абылайдын Калпагынын Байсеркесинен** Муратбек, Карыпбек, Каркыт, Төлөн, Болот,

**Аймандын Сатыбалдысынан** : Боогачы,Боштай, Мантике, Бапай.

**Сатыбалдынын Боогчыдан** : Сарыбай, Абдылда, Коёнаалы, Асанбек. Сарыбайдан: Шамырбек, Ырай. Шамырбектен: Муса, Ыйса, Кожоке. Мусадан : Жаштилек, Өмүрбек. Ыйсадан: Кубан. Кожокеден: Кулубек, Жаныбек, Куттубек.

Сарыбайдын Ырайынан: Жапар, Куту.

Боогачынын Абдылдасынан: Денсоолук, Амангелди, Жылкыбек, Зайырбек.

Денсоолуктан: Зарылбек, Майрамбек, Тойчубек, Жылдызбек, Каныбек. Амангелдиден. Байыш, Калык, Эрлан, Мирлан. Жылкыбектен: Нурлан. Зайырбектен Азамат. Боогачынын Коёнаалысынан: Айтбек андан Асылбек, Алыбек, Байбек, Мелис. Боогачынын Асанбегинен Темир андан Эрик.

**Сатыбалдынын Боштайынан** Таабий, Молдаалы, Асыл.

Таабийден: Кадыр, Калдарбек. Кадырдан Талантбек. Калдарбектен 10 бала бар.

Боштайдын Молдаалысынан: Огойбек, Кыргыз, Бакбур. Огойбектен Руслан. Кыргыздан: Калмурат.Бакбурдан: Нурлан, Улан, Арстан, Алмаз, Рустам.Боштайдын Асылынан: Үсөнбек, Төлөн, Асан, Үсөнбек. Үсөнбектен Уржан, Калыбек, Сары, Төлөндөн Тентимиш. **Сатыбалдынын Ментикесинен** Ыйманкан, андан Асан, Асандан Сагын.

**Сатыбалдынын Бапайынан** Ырыскелди, Чекир, Касымалы.

Ырыскелдиден Абдыкадыр. Абдыкадыпдан Акен. Андан Кушбек.

Бапайдын Чекиринен Калык, Шарапат. Калыктан Берикбай, Алма, Таалай. Шарапаттан Карыпбек, Канатбек.

**Айандын Черигинен** Сыдык, андан Молдокан. Молдокандан Кампачы, андан Жаныбек, Жайчыбек, Туту. Садыктын экинчи аялынан Жолоочу, Жолдош, Абдырасул, Акмат. Акматтан Жолчубек, Бактыбек, Абдыкерим, Таалайбек. Жолчубектен Талантбек. Бактыбектен Кубанычбек. Абдыкеримден Адилет. Таалайбектен Улан, Нооруз, Ынтымак, Ырыс.

**Аймандын Калчасынан** Миңжашар, Шамен, бектур. Миңжашардан Акмат андан Асанакун андан Максат. Шаменден Жумабек андан Саркыт, Расул. Саркыттан Абдыш

адан Матчус, Токтогул, Муктар.

Аймандын Солтобайынан Ыбырай.

**Шопоктун Адыл уулунун тукумдары**:

Шооруk, Адыраман, Базар, Каракесек, Томпой деген беш уул.

Шооруктан: Кошубай, Ороз. Кошубайдан: Жаманак, Таңызкожо, Мукамбет, Аалы.

Жаманактан: Абды, Өмүр. Абдыдан: Максүт, Жапар, Бердигул, Кадыркул. Максүттөн: Сүйөркул, Зарылбек. Жапардан: Оңолбек, Эмилбек, Жыргалбек. Бердигулдан: Эрмек. Кадыркулдан: Бакыт, Алтынбек. Өмүрдөн Саламат, андан Жолдош. Кошубайдын Таңыскожосунан Сагын, Качкын. Сагындан: Канат, Куттубек, Анарбек, Эргеш, Төрөгул. Качкындан: Кылычбек, Иличбек.

Кошубайдын Мукамбетнен: Жумакадыр, Кадырбек, Ишенбек, Бейшембай, Иляс. Жумакадырдан: Шайлообек, Саяк, Серен. Шайлообектен. Чыңгыз. Саяктан: Нурсултан, Нурдин. Серенден Жоомарт.

Кадырбектен: Дүйшөн, Кутчу, Кусейин, Төлөсүн, Жөлөсүн. Дүйшөндөн: Эсен. Ишенбектен: Дайырбек, Урмат, Шекербек, Ноёз. Бейшенбайдан: Замир, Мелис, Эмил.

Ыдырыстан: Жаныбек, Каныбек. Илястан: Болот, Акылбек, Азамат.

Кошубайдын Аалысынан: Токтомуш, Түкөш.

Тукештен: Кубан, Аскербек, Конокбек, Самат, Чыныбек, Таалайбек, Нурбек.

**Шооруктун Ороз уулунан** Мамбеталы, Усубалы. Мамбеталыдан: Ыбырай, Жылтыр. Ыбырайдан: Кыдык. Жылтырдан: Сагын, Карыпбек. Сагындан Канат. Усубалыдан Кубат андан Чынгыз

**Шоңконун Балбак уулунун тукумдары**.

Балбактан Абадан, Чынгыш деген эки уул. Абадандан: Алтыбасар, Баки, Маамбек, Жоду. Алтыбасардан. Садыбакас, Жакыпбек, Осмон. Садыбакастан: Кабыл, Үсөнбек, Асанбек. Асанбектен Жаныбек.

Осмондон Барыктабас, Жолдош, Кул, Кенжебек.

Абадандын Бакисинен: Темирбек, Чоко, Самий, Калыя. Темирбектен: Ыдырыс, Амантур, Жамангул, Жумагул. Самийден: Сатыбек. Калыядан: Сүйүнбек, Ырысбек, Жыргалбек.

Абадандын Маамбегинен: Мустапа, Кемел, Жамашбек, Жанбала. Мустападан: Кедеймат, Табылды. Жамашбектен: Рыскелди, Калыбек, нурбек, Качкын. Маамбектин Жанбаласынан Камчыбек.

**Балбактын Чынгышынан**: Элчибай, Жоомарт. Жоомарттан: Султанбай, Кудуш, Тынымсейит. Султанбайдан Кудайберген, андан Табылды. Кудуштан Аттокур. Тынымсейиттен: Табылды, Кабылды, Эрмек, Элдияр, Жарты.

**Шоңконун Сүйөр уулунун тукумдары**.

Сүйөрдөн Шүкүркан. Шүкүркандан: Эсенгул, Боркөтөн. Шүкүркандын Эсенгулунан: Ыманалы, султан, Абак, Апыш. Ыманалыдан: Мазен, Зыя, Жакып.

Мазенден : Доктурбек, Өзүбек, Казыбек, Кыжыбек, тынчыбек. Зыядан Аскарбек, Өмүрбек. Аскарбектен: Таалайбек, Марат, Мурат. Өмүрбектен: Нурлан, Тилек, Алтынбек.

Эсенгулдун Султанынан: Болот, Кудайберген.

Эсенгулдун Апышынан Акжолтой.

Шүкүркандын Боркөтөнүнөн: Урдөөлөт, Рысменде.

Урдөөлөттөн: Эдилбай, Бурганак, Данияр. Рысмендеден: Асирдин. Булар Ак Суу районунда турушат.

**Автор жөнүндө маалымат**

Кадыр Абакиров Тоң районундагы Темир –Канат айлынын Иймек кыштоосунда малчынын үйүндө төрөлгөн. Балалыгы, окуучулук кези ушул айылда өткөн. Атасы кой багып, жайында жайлоодо, кышкысын кыштоодо күн өткөрүп көчүп жүргөн. Малчы Ат-Жайлоо, Чоң-Таш, Арпа-Тектир, Тешик-Көл, Жылуу-Суу, Кара-Каман жайлоолорунда көчүп мал багып жашаган. Автордун балалыгы жайлоодо жүрүп жаратылыштын ыйыктыгын эртелей сезген. Анын болгон чыгармаларында ушул ыйык жерлер ар бир сабында кездешет. Автор өзү өткөргөн балалык кезин кубануу менен сөз кылат. Анын балалыгы жаратылыш менен биригип калган. Чыгармачылыкка үчүнчү класстан баштап кирише баштаган. Анын биринчи ыры « Көгүчкөн» деген ыр эле. Мектепте окуп жүргөндө «Эмгекчил» газетасына ар кандай кабарларды жаза баштаган. Анын биринчи китеби 1980-жылы жарык көргөн. Республикалык газета, журналдарга чыгармала-

ры жарыяланган.

Ал акын, жазуучу, сатирик, санжырачы, педагог болуп эсептелет. Анын ыры, аңгемелери, поэмалары бар. Андан сырткары «Педагогдун асыл ойлору» деген эки томдуктун автору. Автор ошондой эле обондуу ырларды жараткан. Мындан сырткары ар кандай сыйлыктын ээси. Акын өзүнүн туулган жери жөнүндө санжыралап төрт китеп жазып чыкты. Азыркы учурда 10 томдуу чыгармаларын даярдап жатат.

Ал Чүйдө Токмок шаарында жашап, ошол жерде чыгармачылыкта эмгектенет.